ДЖОН БИВЕР

«Приманка сатаны» бестселлеринин автору

# ЖАКШЫЛЫКПЫ

*ЖЕ*

# КУДАЙБЫ?

ЭМНЕ ҮЧҮН КУДАЙ БОЛБОГОНДО ЖАКШЫЛЫК ЖЕТИШЕРЛИК БОЛБОЙТ?

Кымбаттуу досум,

Биз Кудайга келген кезибизде, Ал жашообуздагы ар бир аспектти өзгөртөт! Биз Ыйса Машайактын бийлиги астында турганыбызда жана Анын ырайымынын астында күн сайын жашап жатканыбызда мол өмүргө ээбиз.

“Жакшылыкпы же Кудайбы?” – бул, жөн гана китептен өйдөрөөк турган нерсе. Бул бүткүл дүйнөгө тараган ыйыктыктын кыймылына кошулууга адамдарды жандандырган кабар. Силер жетекчилерге, жыйындагы коомчулукка, үй-бүлөңөргө, досторуңарга жана айланаңардагы адамдарга бул кабарды айтуу аркылуу, ошол кыймылга кошула аласыңар. Эки жылдын гана ичинде Азияда жашаган бүт адамдарга жетүү үчүн, кичинекей эле мектепте, аз гана адамдарды окуткан бир гана киши – апостол Пабыл эле жетиштүү болгон! Алар Кудайдын катышуусун алып жүрүүчүлөр болуп калышты (Элч. Ишт. 19:1-10ду окугула). Эгерде биз Ага болгон жалпы умтулуубузда бириге турган болсок, анда Кудай биз аркылуу эмнелерди кылууга күчү жетмек?

Ушул кабарды сени менен жана бүткүл дүйнөдөгү жетекчилер менен бөлүшүүгө Теңир менин жүрөгүмдү козгоду. Мен сага бул кабарды кимди таанысаң, ошонун баарына бөлүш деп айткым келет. Бул кабарды жана менин бүт сүйүүм менен колдоомду кабыл ал деп суранам. Бул кабар сага жана сен ким үчүн кам көрүп жатсаң, ошолорго кантип таасир эткенин уккум келет.

Сенин Машайактагы бир тууганың



Джон Бивер

JohnBevere@ymail.com

MESSENGER INTERNATIONAL
MessengerInternational.org

# ЖАКШЫЛЫКПЫ

*же*

# КУДАЙБЫ?

## “Жакшылыкпы же Кудайбы?” деген китеп жөнүндө

“Жакшылыкпы же Кудайбы?” – бул силерге чакырык таштаган Ыйык Жазуу боюнча болгон эң сонун саякат жана ал силердеги жакшы жашоо жөнүндөгү түшүнүккө карата көз карашыңарды өзгөртөт.

— Марк Баттерсон, “Je Circle Maker” бестселлеринин автору, “New York Times” басмасынын пикири боюнча.

“Жакшылыкпы же Кудайбы?” – бул бул көрөгөчтүктүн таң калarлык сабагы. Ал силерди Теңирди жана силердин жашооңордогу Анын жеткилең эркин издөөгө чакырат.

— Джойс Майер, Ыйык Китепти окутуучу жана бестселлерлердин автору.

“Джон Бивер – урматтуу устат, лидер жана автор. Андан тышкары, Падышачылыкты куруудагы соратник жана эң сонун дос. Ал ар бир адамдын жөн эле жакшы жашап калбастан, ишеними көбөйүп, Ыйсада алар үчүн эмне бар болгон болсо, ошого карай тайманбастан барганын көрсөм деген каалоого толгон адам. Джондун окуусу, анын жеке аян -ачылыштары Кудайдын эркине жана силердин келечегиңер үчүн Анын эң мыкты пландарына карата болгон жаңы көз караштарды силерге берет”.

— Брайан Хьюстон, “Хиллсонг” жыйынынын ага кайтаруучусу.

“Кудайга болгон сүйүүсүнүн айынан көптөгөн чексиз иштерди аткарган адамдардын таржымалы тууралуу окуганымда, ушунчалык алардын арасында болгум келгендигин түшүнөм. “Жакшылыкпы же Кудайбы?” бардык адамдардын жүрөктөрү менен акылдарында майда – барат бир арзан нерсени алгандан көрө, Кудайда болгон эң жакшы гана нерсени алуу сезими болуп өтөөрү тууралуу айтат. Эгерде силерде Кудайды билүү жана Ага жигердүүлүк менен кызмат кылуу эңсөөсү кайнап турган болсо, анда мен ушул китепти окуп чыкканга силерди чакыраар элем”.

— Джон Максвелл, бестселлерлердин автору жана спикер.

"Джон Бивердин "Жакшылыкпы же Кудайбы?" деген китеби силерди Кудай силер үчүн даярдап койгондон аз нерсеге эч качан макул болбогонго чакырат. Джон эгерде биз Кудайды издесек, Аны табаарыбызды эсибизге салуу менен, ушунчалык сонун ишти аткарып койду".

— Джентезин Франклин, "Free Chapel"жыйынынын ага кайтаруучусу, "New York Times" басмасынын ою боюнча бестселлерге айланып кеткен "Пост" деп аталган китептин автору.

"Жакшылыкпы же Кудайбы?" силердин жан дүйнөңөрдүн тереңине чейин титиретет. Эгерде силер ишиңерден баш көтөргүңөр келбесе, анда бул китеп силер үчүн эмес. Бирок да, эгерде силер өз келечегиңерди биротоло өзгөрткүңөр келсе, анда бул китепти өзүңөргө сиңиргиле. Ал силердин жашооңорду өзгөртөт!"

— Кристин Кейн, "A21 Компаниясынын" түзүүчүсү, "Неудержимый" бестселлеринин автору.

"Өзүнө тартып турат. Түшүнүктүү. Зарыл. "Жакшылыкпы же Кудайбы?" китеби бизге эң бир маанилүү чындыкты эскертип турат, ал чындык биздин максатыбыз жакшы болуу гана эмес экендиги жөнүндө. Бул китеп адамдарга эң биринчи планда бул дүйнөнүн баш айланткан жашоосун Ыйсадан гана чыгып турган жашоого алмаштырууусуна жардам берет".

— Луи Гиглио, "Passion City Church" жыйынынын кайтаруучусу, Атланта, Джорджия жана "Passion" коференциясынын негиздөөчүсү.

"Караңгылыкта жагылган ширеңке сыяктуу Джон Бивер да Кудай менен бирге болууга карата болгон жолду жаркыратат окурмандарда Аны менен гана болгон жеке, ынак мамилер аркылуу гана басаңдай турган суусоону ойготот" .

— "TDJ Enterprises" уюмунун директору епископ Т. Д. Джейкс, жана "New York Times" басмасынын пикири боюнча бестселлерлердин автору.

"Бизди Кудайдын кең пейилдиги курчап турат, бирок чындап эле биз аны түшүнө алабызбы? "Жакшылыкпы же Кудайбы?" де-

ген китебинде Джон Бивер жакшы болуу деген эмне жана жакшылыктын Кудайга кандай тиешеси бар экендигин изилдейт. Бул маанилүү китепти окуп чыгуу менен силер эң жакшыны, силер үчүн Кудайда бар болгон нерсени издөөгө жана аны башкалар менен бөлүшүүгө карата чакырыкты жана ойготууну сезе аласыңар".

— Крейг Гречел, "LifeChurch.tv" жыйынынын ага кайтаруучусу жана "Отныне", "Пять обязательств для идеального брака" деген китептердин автору.

"Джон Бивер кайрадан Машайактын Денесине өзгөчө, жашоону өзгөртө турган чакырык аракетин таштады. Өзүнүн "Жакшылыкпы же Кудайбы?" деген китебинде ал адамдарга Кудай менен болгон өз ара мамиледен кантип максималдык жооп алса болорлугун жана жашоонуну бардык жактарында кантип жогорку стандарттарга жетишсе болоорун көрсөтүп берген".

— Мэтью Барнетт, Лос-Анжнджелес, Калифорниядагы "Angelus Temple"жыйынынын ага кайтаруучусу, "Центр мечты" борборунун уюштуруучуларынын бири.

Бул "Жакшылыкпы же Кудайбы?" деген китебинде Джон Бивер бизди Кудайдын жакшылыгын түшүнүүдө Анын стандарттарынын ордуна биздин өз стандарттарыбызды орнотуп алгандыгыбыз тууралуу кайрадан ой жүгүртүп чыгууга мажбурлайт. Библиялык терең акылмандуулуктарды жана өзүнүн жеке алсыздыктарын мисал келтирүү менен Джон, окурмандарды жакшылыкты элестетүүнүн жасалма көз карашынан баш тартууга жана өз жүрөктөрүн биздин Асмандагы Атабыздын жеткилең ыйыктыгына баш ийдирүүгө шыктандырат. "Жакшылыкпы же Кудайбы?" деген китепти Кудайда ал үчүн эң мыкты нерседен башканы каалоо менен макулдаша албаган ар бир Машайактын жолун жолдоочу адам окуп чыгышы керек".

— Крис Ходжес, "Church of the Highlands" жыйынынын ага пастору жана "Свежий воздух" жана "Четыре чашки" деген китептердин автору.

ДЖОН БИВЕР

# ЖАКШЫЛЫКПЫ

*ЖЕ*

# КУДАЙБЫ?

ЭМНЕ ҮЧҮН КУДАЙ БОЛБОГОНДО ЖАКШЫЛЫК ЖЕТИШЕРЛИК БОЛБОЙТ?

Good or God? by John Bevere, Kyrgyz
© 2017 Messenger International
www.MessengerInternational.org
Originally published in English as Good or God?
Additional resources in Kyrgyz by John Bevere
are available for free download at: www.CloudLibrary.org
To contact the author: JohnBevere@ymail.com

“Жакшылыкпы же Кудайбы?” Джон Бивер, кыргыз тилинде.
© 2017 Messenger International
www.MessengerInternational.org
Биринчи жолу англис тилинде «Good or God?»
деген ат менен басылып чыккан.
Джон Бивердин кыргыз тилиндеги кошумча ресурстарын:
www.CloudLibrary.org сайтынан  бекер жүктөп алса болот.
Автордун байланыша турган электрондук дареги: JohnBevere@ymail.com

*Мен бул китепти уулубуз Арден*
*Кристофер Биверге арнайм.*

*Сен сергек, күчтүү, назик, акылдуусуң.*
*Азап тартып жаткандарга абдан сезимтал*
*экендигине таң калам.*
*Уулум, мен сени менен ушунчалык сыймыктанам*
*жана сени түбөлүккө сүйөм.*

# МАЗМУНУ

Ыраазычылык ........ 13
Китеп жөнүндө ........ 15
Киришүү ........ 17
1. Жакшылык деген эмне? ........ 19
2. Бул кандайча болгон? ........ 31
3. Жакшынын универсалдуу стандарты ........ 47
4. Пайдубал – негиз ........ 63
5. Каалоонун болушу эле жетиштүүбү? ........ 81
6. Биздин ички навигаторубуз ........ 97
7. Бизге кызганчаак ........ 115
8. Достук ........ 131
9. Адамдар качкан чындык ........ 151
10. Күйүүчү май ........ 169
11. Жакшыбы же пайдалуубу? ........ 191
12. Ыйык жашоонун коучинги ........ 205
13. Биздин мотивациябыз ........ 221
14. Биздин параметрлер ........ 241
15. Айырмалоо ........ 261
16. Чоң сүрөт ........ 279
Окуу жана талкуулоо үчүн Суроолор ........ 285

# ЫРААЗЫЧЫЛЫК

Менин аялыма, балдарыма, неберелериме: силердин ар бириңер – Кудайдан берилген белексиңер, силер менин жашоомду ченемсиз байыттыңар. Мен силерди кылымдар бою сүйөм.

Messenger International кызматынын командасына, башкаруу мүчөлөрүнө, кызматтагы өнөктөштөргө ырахмат айтам, Лиза экөөбүздү колдогонуңар үчүн, силерге ыраазыбыз. Биз дүйнө жүзүнүн элдерине Ыйса Машайактын даңктуу Жакшы Кабарын жеткирүүдөгү жолдо баарын бөлүшкөн силерден артык ишенимдүү жана чыныгы досторду таба алмак эмеспиз.

Брюс, Джейлинн, Винсент, Эллисон жана Лоранддарга: өзүңөрдүн редакторлук жөндөмүңөр менен бул китепти жылмалап, калыбына келтирүүдөгү кужурмөн эмгегиңер үчүн ырахмат силерге. Мен силердеги Кудайдан берилген жөндөмдүүлүгүңөргө таң кала тамшанам.

Алланга бул китептин жасалгасын, мукабасын ушунчалык так жана таасирдүү бере алганы үчүн ыраазымын.

Эддисон, Колин, Эстер, Том, Мет, Арден, Аллан, Джейлин, жана Давидге ыразымын, бул китептин бардык этаптарында окуп чыгып жана акылдуулук жана сергектик менен кыйын суроолорго баалуу кеңештериңерди бергениңер үчун, ырахмат.

Том, Эстер, Аддисон, Остин, Джон, силерге китептин маркетингинде жана басылып чыгарылышында сергек акылмандуулук менен салым кошконуңар үчүн силерге ыраазымын.

Робго жана Ванессага, ушул эмгекти дүйнө элдерине таратуудагы талбаган эмгектери үчүн ыраазычылык билдирем.

Биздин Атабыз, Теңирибиз Ыйса Машайакка жана Ыйык Рухка, биздин күнөөлөрүбүздөн биротоло бошоткондугу жана бизди Өз балдары кылып алгандыгы үчүн жана ушул эмгекти Өзүнүн сүйүктүү элине бергендиги үчүн ырахмат айтам. Бардык даңк силерге болсун.

# КИТЕП ЖӨНҮНДӨ

“Жакшылыкпы же Кудайбы?”, бул китебин башка китептер сыяктуу эле башынан аягына чейин окуп чыкса болот. Муну интерактивдүү окуу куралы катары пайдалангысы келгендер үчүн китептин аягында кошумча тиркеме киргизип койдум. Материалды жекече же топ менен окуп-үйрөнсө болот. Ал алты жумалык курска ылайыкташтырылган, бирок силер өзүңөрдүн керектөөңөргө жараша ыңгайлаштырып алсаңар болот.

Ар бир жума өз ичине буларды камтыйт:

- Жекече ой жүгүртүү үчүн же тайпалык талкуу үчүн суроолор.
- Жума сайын сыйынуу жана Китепти окууда Кудай менен жекече убакыт өткөрүү.
- **Ой жүгүртүү:** бир жума бою ой жүгүрө турган аят
- Колдонуу: алган билимди өзүңдүн күнүмдүк турмушуңда колдонуунун жөнөкөй ыкмасы.
- Жума ичинде окуп чыга турган бөлүмдөр талкуулоо үчүн суроолордон мурда көргөзүлгөн.

Эгерде силер бул китепти “Кудайбы же жакшылыкпы?” курсунун бир бөлүгү катары окуп жаткан болсоңор, анда китептин аягында жайгашкан окуу сабагын жумасына бир жолу угуп жана көрүп, талкуулоо үчун суроолорго жооп берсеңер болот. Андан кийин ылайык келген бөлүмдү кийинки жолугушуу болоор алдында тайпанын ар бир мүчөсү окуп чыкса болот. Бир жумада бир бөлүмдү окуп чыгууга болот.

Ырахаттангыла!

# КИРИШҮҮ

Мен жакында эле Америкалык абдан белгилүү жана кадырлуу бир лидер менен телефон аркылуу сүйлөшүп калдым. Биз коштошуп жатканбыз, анан ал капысынан эле минтип айтып калды: “Джон, бир мүнөткө коё турчу. Мен сага бир нерсе айтышым керек. Сен акыркы жыйырма жылда өтө көп сандагы китептерди жаздың, эми азыр болсо, сен дагы бирөөнү жазууга милдеттүүсүң. Жыйындар үчүн пайгамбарчылык кат, ал болуп көрбөгөндөй актуалдуу болот; бул сага асмандан берилген тапшырма”.

Ал сөзүн аяктай электе эле, Кудайдын жанымда экенин сезип, Аны кадырлоонун айынан тизелей чөгөлөп калдым. Телефон менен ушинтип сүйлөшүүдөн кийин бир нече апталар бою китеп жазууга болгон умтулуу улам көбүрөөк жалындап баратты.

Бул каттын мааниси бир жөнөкөй гана маселеге камтылган болчу: эгерде жакшылык бар болгон болсо, анда дагы бирдеменин кереги барбы? деген суроо эле бул.

Азыркы мезгилде жакшылык деген сөз менен Кудай деген синоним сөздөргө окшошуп калгандай. Биздин оюбузча, эгерде коомчулук бир нерсени жакшы деп эсептей турган болсо, анда ошого Кудай да токтоосуз түрдө ырайым кылуусу керек дейбиз.Марттык, момундук жана адилеттик – бул жакшы. Бой көтөрүүчүлүк, өзүмчүлдүк жана таш боордук – бул жаман.Айырмачылыгы ачык-айкын эле көрүнүп тургандай. Эгерде жакшылык ушунчалык эле ачык көрүнүп турса, анда эмне үчүн Ыйык Китепте кайсы жерде жакшылык, кайсы жерде жамандык экендигин айырмалай билүүгө үйрөнүш керек деп айтылып жатат (Эвр. 5:14тү карагыла)?

Апостол Пабыл минтип жазган:

“Бул дүйнөгө ылайыкташпагыла, тескерисинче, Кудайдын жакшы, Өзүнө жаккан жана жеткилең эрки эмне экендигин таанып билүү үчүн, акыл-оюңарды жаңылантып туруу аркылуу толугу менен өзгөрүлгүлө” (Рим. 12:2). Акылыбыз жаңыланмайынча, биздин жашообуз үчүн чынында эмне жакшы экендигин айырмалай албайбыз. Акылыбыздын жаңыланышы менен таптакыр өзгөрмөйүнчө, биз Машайактагы жашоодо жетүүгө боло турган жана Кудайга толгон керемет жашоодон куру калабыз.

Али дүйнө жарала электе эле Кудай силердин жашооңордун планын түзүп койгон. Бул план өз ичине ачык-айкын максаттарды камтыган, чеги жок кубанычтуу жана улуу ырахатка ээ болгон, Анын эрки менен биргеликте силер үчүн чексиз жана толугу менен жакшы план. Бирок Кудайдын мыктысына тоскоолдук кылган жасалма жакшы нерселер да бар.

Тилекке каршы, биздин көпчүлүгүбүз ошол жасалма нерселерге эле канааттанып калабыз. Билбестиктен (балким билип туруп эле) бизге жакшыдай сезилген дүйнө-мүлктүн артынан кууп жүрүп, Кудайды четке кагып коёбуз.

Алгачкы жыйындын кызматчылары бизди алданып калуу тууралуу бир нече жолу эскертишкен (алданып калуу, бул демек, биз чындыкка ылайык жашап жатабыз деп ишенип калуу, андай болбосо дагы). Ыйса Өзү да биздин учурда калп ушунчалык чеберчилик менен токулгандыктан, ал тургай тандалгандар да анын жеми болуп калаары тууралуу эскерткен. Анан ушундай эскертүүлөргө жеңил ойлуулук менен караганга болобу? Биз жакшылыкты жамандыктан өз туюмубуз аркылуу эле ажырата алууга жөндөмдүүбүз деп, аларга кол шилтеп коё алабызбы?

Кудай бизден Өзүндөгү эң жакшы нерселерди жашырбагандыгы эң жакшы жаңылык эмеспи. Ал көзгө чаң түшүрбөйт. Ал ким издесе, ал табарын айткан. Эгерде биз өзүбүздү чындыкты издөөгө арнай турган болсок, анда ага каршы келген нерселер бизди капысынан тартып кете албайт. Биз чындыктын Булагына карайбызбы же Кудай жөнүндө, Анын жакшынакай эрки жөнүндө үстүртөдөн гана билип коюу менен эле чектелип калабызбы, маселенин баары мына ушунда жатат. Бул китепти окуп чыгуу менен, силер эч качан майда нерселерге макул болуп калбастан, Кудайда силер үчүн болгон эң жакшы нерселерди самап каласыңар деп ишенем.

Окуп баштаардан мурда, келгиле, чогуу сыйынып алалы:

*“Ата, Ыйса Машайактын ысымынан суранам, менин жашоомо Сенин эркиңди кабыл алышым үчүн жана угуп, көрүп, туюу үчүн менин жүрөгүмдү, көздөрүмдү жана кулактарымды ача көр. Ыйык Рух, ушул китепти окуп жатканымда мени Ыйса Машайактын жолдоруна так жана бекем үйрөтө көр. Мен Сага өз Устатым катары карайм. Ушул китептеги ар бир сүйлөм аркылуу мага сүйлө. Ылайым , менин жашоом кылымдарга өзгөрсүн. Оомийин”.*

1

# ЖАКШЫЛЫК ДЕГЕН ЭМНЕ?

Бир гана Кудай жакшы.
— Марк 10:18. (Жаңы орус котормосу)

Ааламдагы бардык нерсе Кудайдын
табияты менен ылайыкташканда
гана жакшы, ал эми, аны менен
ылайыкташпаган учурда, баары жаман.
— А. У. Тозер

Жакшылык же жамандык. Биз баарыбыз эле мунун айырмасын билебиз, туурабы? Бул дүйнөгө төрөлгөнүбүздө эле жакшы менен жаманды айырмалай ала тургандай болуп төрөлөбүз да.

Бардык эле адамдар ичинде жакшы болушат деген сөздү коомчулукта көп угуп калып жүрөм. Ушул туурабы? Адамдын жакшылыктарын чагылдырып көргөзгөн көркөм жана документалдуу фильмдер, теле көрсөтүүлөр биздин жүрөгүбүзгө жагат. Мен жакшылыкты жамандык жеңип алган бир дагы белгилүү таржымалдарды, роман жана фильмдерди билбейм. Биз баарыбыз жакшы балдар кандай гана кыйынчылыктардан өтөөрүн көрүп чоңойгонбуз. Бардык ниети жамандар ага каршы топтолуп каршы чыгышып, жеңилип кала тургандай абал алкымдап турса дагы, сюжеттин эң акырына чейин чыңалуулар коштоп турса дагы, биздин каармандар капысынан жеңишке жана адилеттикке жетишет. Биз ушундай болуп бүтүшүн күтүп жана аларга кол чаап калабыз. Дайыма жакшылык жеңип чыгаарын биз билгенбиз, анткени Кудай дайыма жакшылыктар тарапта, туурабы?

“Акыркы жылдарда телеканалдардын продюссерлери реалити-шоуну көргөзүп, кайра жаралууну демонстрациялашты. Бардыгы үй -бүлөдөгү толтура жаңжалдар кантип жөнгө салынгандыгын көргөзгөн телешоудон башталган. Биз баарыбыз кедейлерге жана муктаж болгондорго жардам берген филантроптордун кең пейилдигине таң калып, экрандын алдына чапталып калгандай болуп отурганбыз. Биз катышуучулардын жашоолору өзгөргөн учурдагы эстен тангандай абалдарын, алар бири-бири менен чечилишип-түшүнүшүп жаткан учурларын, бактысыз адамдар өзүлөрүнүн жаңырган үйүн сырттан карап турган учурларын тамшана карап, шилекейибиз чубурган, ыйлаган учурларыбыз болгон. Андан кийин башка шоу башталчу. Анда “жолу жокторго”, толуп кетүүдөн азап чеккендерге белгилүү бир салмакты таштоого жардам беришип, андан кийин өз каармандарынын табит менен кийинүүгө, чачын жасалгалашына жана бетин боёп-сулуулоосуна жардам берген көрсөтүүлөр башталчу.

Көп өтпөй бул трендди белгилүүлөр колго алышты. Мурда өзүлөрүнүн вокалдык жана бийлөө жөндөмдөрүн эл алдына алып чыгууга мүмкүнчүлүгү жокторду атагы чыккан, беделдүү артисттер чыгууга жол салып берип башташты. Бизге таптакыр эле тааныш болбогон кандидаттарды карап туруп, алардын бир сааттын ичинде эле жылдыз болууга, сенсация жаратууга мүмкүнчүлүктөрү ачылгандыгын көрүп, кол чаба сүйүндүк. Кандай гана жакшылык, кандай гана кең пейилдик, кандай гана эрктин бекемдиги! Кең пейилдикти даңктаган, күнөөсүздөрдү же замандын курмандыгы болуп жүргөндөрдү коргогон ар кандай эле программа көз ирмемде эле популярдуулукка жетип жатты. Бул тизмеге полицейскийлер жана өзгөчө коркунучтуу кылмышкерлерди кармагандар тууралуу көрсөтүүлөр да кирди. Бул программалар да көрөрмандардын санынын көптүгү менен эң бир белгилүүлөр болуп калышты.

Ошентип, бизге ырахат берген бардык нерселердин борборунда көбүнчө эле адамдардын жакшылыктары туруп жатты.

Сатуу жана маркетингдин негиздери бизди продукцияны тез жана ийгиликтүү сатууга жана ал эң жакшы көрүнүп, жыттанып,

угулуп, кармаганга да, даамдаганга да жакшы болуш керектигин үйрөттү. Ал позитивдүү эмоцияны чакырып, сатып алуучуга да бакыт тартуулаш керек. Жакшы буюм кандай болгон күндө да, өз ээсин таба тургандыгын билебиз. Акыр аягында айта турган болсок, ким эле жаман буюмга ээ болгусу келсин. Жаман нерсени акыл-эси ордунда болбогондор гана таңуулашы мүмкүн.

"Ал жакшы эркек" же "ал жакшы аял" деген сөздү уксак, адатта биз аны таза адам сыяктуу кабыл алабыз. Бирөөгө бат тартылган киши кыраакылыкты оңой эле жоготуп коёт да, анан жакшы, кең пейил деген адамдардын кылган иштерин ишенимдүү, үмүттүү нерсе катары кабыл ала баштайт. Бирок, мындай баа берүү дайыма эле так боло бербейт да.

Биз жакшыны жаман деп, жаманды жакшы деп алдана албайбыз да, туурабы? Алардын айырмасы ар бир эле адамга белгилүү эмеспи? Биз жакшыны жаман деп, жаманды жакшы деп жаңылышмак эмеспиз анда. Туурабы?

Ыйса Машайакка кайрылган бай жигиттин таржымалын эстеп көрсөңөр. Ал абдан чынчыл, адептүү адам болгон. Ал эч качан бузуктук кылган эмес, киши өлтүргөн эмес, калп айтып же уурдаган эмес, бизнесте да эч кимди алдаган эмес. Ата-энесине да урмат-сый менен мамиле кылган. Ал өз коомунун үлгүлүү атуулу болгон, албетте башка көпчүлүктү таңыркаткандай да болсо керек. Ал Ыйсага да урмат менен кайрылып, Аны "Жакшы Устат" деп айткан.

Бир лидер экинчисине кайрылган, бир жакшы адам экинчи бир жакшы адамга кайрылган. Ал биринчи эле жолу жекече кездешип жаткан белгилүү Устат менен жалпылыкты издеген. Балким, ал өзүнчө: "Эгерде мен бул Пайгамбарды өзүмө имерип алсам, Аны жакшылыкка чакырсам, анан Ал дагы менин суранычыма жакшылык менен караар" деп ойлогондур. Ошентсе да, Ыйса жигиттин суроосуна жооп берерден мурда Өзү ага суроо менен кайрылат: "Эмнеге жакшы дейсиң? – Бир гана Кудай жакшы" (Мрк. 10:18, жаңы орусча котормо).

Аны жакшы деп айткан адамды эмне үчүн Ыйса оңдоп койду? Же Ыйса жакшы эмес беле? Албетте, жакшы эле! Ал эмне үчүн ушул

сөздөрдү айтты? "Жакшы" деген сөз туура эмес, стандартка ылайык келбеген пикир беле? Башкача айтканда, жакшылыкты баалоонун адамдык стандарты Кудайдыкынан айырмаланышы мүмкүн беле?

Эгерде биз ошол жаш жигиттин ордунда болуп калып жана Ыйсага "жакшы Устат" катары кайрылганыбызда кандай жооп алмакпыз? Мен өзүм үчүн жооп бере алам. Мен көп жылдан бери Кудайдын баласымын. Библияны толугу менен канча жолу окуп чыккам, бир нече сааттар бою Жазууну талкуулайм, күндө сыйынам, өз убактымдын баарын кызматка берем, бирок, ошого карабастан, ошол жаш, бай жигиттей эле жоопту алмакмын. Ыйса мага дагы так эле ошондой жоопту айтмак: "Джон, эмне үчүн сен Мени жакшы деп жатасың?" деп. Мен муну кайдан билем. Кудайдын Руху мага да, ушул жаш жигитке Ыйса кайрылган сыяктуу кайрылган.

## Эстен тандыргандай таң калтырган жаңылык

Түшүндүрүп берүүгө мага уруксаат эткиле. Бир жолу 1990-жылы мен Швецияга конференцияга учуп калдым. Түнкү рейс болчу, мен Стокгольмга таңында конушум керек эле. Учуп жеткенден кийин жүктөрүмдү алдым дагы, паспорттук көзөмөлдөн өтүп чыгарым менен эле, мени камкордук менен күтүп турган бир тууганды көрдүм. Биз аэропорттон чыгып жетише электе эле ал мага жылдын, мүмкүн ондогон жылдардын жаңылыгына айланган жаңылыкты айтып баштады.

Ал мага: "Джон, ушул түнү сен самолетто экениңде абдан кайгылуу болгон бир окуя болуп өттү, балким, сен али аны билбейттирсиң", - деди.

"Эмне болду?"- деп сурадым мен тынчсызданып, ошол эле кезде кызыгып.

Ал мен Швецияга келгенге чейин бир нече саат мурда укмуштай кайгылуу авто кырсык болгондугун, анын натыйжасында, планетанын эң бир сүйүктүү кишиси курман болгондугун айтты. Ал аял жаңылыктын негизги темасы болуп жатты. Биз аялым Лиза экөөбүз анын кайрымдуулук иштерине суктанып жана ал жөнүн-

дөгү жаңылыктарды кызыгуу менен гезит-журналдардан окучубуз. Мен жазылгандарды окуп гана тим болбостон, анын жашоосун чагылдырган сүрөттөрүн да кызыгып көрүп жаттым. Чынын айтканда, мен бул аялдын күйөрманы болчумун. Ар бир жолу ал тууралуу репортаждар болгондо, бардык жумушумду таштап, ал тууралуу көрүп, угуп жаттым.

Бул аялдын өлүмү менин жан-дүйнөмдүн түпкүрүнө чейин титиретти. Ал жаш болчу, кичинекей балдары бар болчу, ошол эле кезде ал көрүнүктүү саясий ишмер, анан да абдан татынакай жана акылдуу болчу. Өзүнүн таасирдүүлүгүнөн пайдаланып ал жетимдер үчүн көп жакшы иштерди кылган, согуштук карама-каршылыктар курчап турган өлкөлөрдө жөө аскерлердин минага дуушар болушуна байланыштуу көп чараларды көрүп, аракеттерди жасаган. Менин жүрөгүмдү ээлеш үчүн мына ушулар эле жетиштүү болчу, бирок, менин ага болгон тамшануум бүтүп калган жок. Ал өзүнө кызыккандарга дайыма сүйүү менен мамиле кылган, чыныгы сүйкүмдүү жылмаюуларын тартуулаган же болбосо, башкача жылуу мамилелерин арнаган.

Ушундай адамдын жашоосу бүткөндүгүнө ишене албай жаттым. Кантип эле ал өлдү? Кантип ошондой болушу мүмкүн?

Мени отелге жеткирип келишти. Номерге кирер менен дароо телевизорду койдум. Кырсык болгон жердеги жаңылыктарды бардык каналдардан берип жатты. Бирок, бардыгында швед тилинде сүйлөп жаткандыктан мен бир дагы сөзүн түшүнө алган жокмун, ошондуктан "CNN" и "BBC Sky News" каналын тапмайынча, улам каналдарга которуп издей бердим. Чемоданымды да ачпай, керебетимдин четинде отуруп алдым, болуп өткөн окуяга такыр ишене албай койдум.

Жаңылыктардан өлгөн аялдын резиденциясынын жанына келген миңдеген адамдардын кайгырып тургандыгын көргөзүп жатты. Ар кандай курактагы адамдар чогулушуптур, дарбазанын алдына гүлдөрдү коюп жатышты, жаштары агып ыйлап жатышты. Көпчүлүгү топтолуп же кучакташып алышып сыйынып жатышты. Дүйнө эстен тангандай абалда болуп жатты.

Кийинки төрт күн бою бул кырсык бардык басылмалардын биринчи бетин ээлеп турду. Бардык массалык маалымат каражаттарында жерге берүү, үй-бүлөсүнүн кайгысы, изилдөөлөр, авто кырсык тууралуу репортаж берилип жатты. Дүйнөлүк державалардын лидерлери, мамлекет башчылар, жүздөгөн белгилүүлөр аны эскерүүгө келип жатышты. Бул телекөрсөтүүлөрдүн тарыхында рекорддук санга жетип жатты.

Стокгольмго келген ошол күнү мен мейманканадагы өз номеримде кайгырып турдум, араңдан зорго барып кечки кызматка даярданууга өзүмдү мажбурладым. Мээм жообу жок суроолорго жооп табууга аракеттенип жатты, ушул кокустукка алып келген акыл жетпегендей болгон кырдаал менен күрөшүп жаттым. Болуп жаткан кайгыга карабастан, башкача бир ой үстүнө чыккысы келип жатканын баамдадым.

Мен андан кутулууга аракеттендим, бирок, майнап чыкпады. Акыры, эмоциям менен рухумдун ортосундагы тирешүүдөн кийин, мен ордуман турдум да, тизелей чөгөлөп, сыйына баштадым: “Атаке, мен ушул аялдын өлгөнү үчүн кайгырып жатам. Бирок, жүрөгүмдө башка бирдемелер кийлигишип жатканын сезип жатам. Эмне болуп жатат?”

Андан кийинки көз ирмемде мен ичимдин тереңинен муну уктум: “Аян китебинин 18 -бөлүмүн оку” дегенди. Мурда мен Жазуунун акыркы китебин ушунчалык терең окуп-изилдеген эмес элем, ал жакта эмне тууралуу айтылганын такыр эстей албай турдум. Анан аны ачып, окуп баштаганда 7-аятка жеткенде мен таң калдым:

> “Ал өзүн канчалык даңктаса, канчалык сайран курса, ага ошончолук азап, ошончолук кайгы тарттыргыла. Анткени, ал өз ичинен: “Мен тактыда отурган ханышамын, мен жесир эмесмин. Мен кайгы тартпайм!” – деп айтып жатат. Ошон үчүн, ага бир күндүн ичинде алааматтар - өлүм, кайгы жана ачарчылык келет. Ал өрттөлөт, анткени, аны соттогон Кудай-Теңир күчтүү.Аны менен бирге бузуктук кылып жыргалчылык көргөн жер үстүндөгү падышалар анын өртүнөн чыккан түтүндү көрүшкөндө, аны жоктоп, боздоп ыйлашат” (Аян. 18:7-9, жаңы орусча котормо).

Мен бул сөздөрдү окуп чыккандан кийин башкача бир эмоция каптап кетти. Бул үзүндүдө жазылган аял менен, эфирдеги өлүмгө дуушар болгон аялдын ортосунда ачык параллелдер көрүнүп турду. Менин үстүмдөн челектеги муздуу сууну жаба куйгандай боло түштүм, дүрбөлөң, удургуу, эс-мас болуу. Ушундай кең пейилдүү, жакшы иштерди кылган, белгилүү аял менен Жазуудагы бул сөздөрдүн кандай байланышы бар?

Апастол Жакан бул үзүндүдө кандайдыр бир адамдар тууралуу айтып жаткан жоктугун белгилей кетүү керек. Бул жерде биздин күнөөкөр табиятыбызга кирип кеткен рух мөөрлөнүп турат.Ошентсе да, болгон кырдаал менен чоң дал келүүлөр болуп, анан Кудайдын Руху менин акыл-эсимде бир нерсени өзгөртүү үчүн мага Жазуудагы ушул жерлерди көргөздү. Качандыр бир учурда силер туш болгон жеке кырдаалыңар тууралуу, Кудай Жазуудагы так бир көрүнүш аркылуу сүйлөштү беле? Бул учурда так ошондой болду.

Мен жакшылыкты кантип өлчөөрүмдү Кудайдын Руху ачык эле көргөзүп берди. Ыйса да жаш бай жигит менен ошого окшош эле сүйлөшкөн эмеспи. Мага муну Кудай ачып бергенин түшүнүп, конок үйүндөгү номеримде үнүмдү катуу чыгарып, Аны менен талашып жаттым: “Теңир, бул сөздөрдүн ага кандайча тиешеси бар? Ал ар кандай кайрымдуулук иштер менен алектенип, минага каршы жүрүштөрдүн курмандыктарына, жетимдерге жана башкаларла жардам бербеди беле, анан...”

“Ал бүткүл дүйнө жүзүнө өзүнүн бийликке баш ийбестигин жана бузуктугун көргөзгөн,- деп айтты Теңир. – Ал Мага баш ийген эмес”,- деди Теңир.

Уккандарыма ишенбестен, баягыдай эле талашууну улантып жаттым: “Анын адамдарга кылган ушунчалык көп жакшылыктары?”

Ошондо Кудайдын Руху мага минтип айтканын уктум: “Уулум, Обо жакшылыкты жана жамандыкты билдирүүчү жемишке жаман жагынан эмес, жакшы жагынан келген”.

Жүрөгүмдө даана угулган бул сөздөр мени жыгып салгандай болду. Мен уккандарыма бекемдөө табуу үчүн, Башталыш Китебинин 3-бөлүмүн ачтым. Анан чын эле, ал жактан төмөнкүлөрдү окудум:

> "Аял дарактын жемишинин жегенге жакшы экенин, көзгө сүйкүм экенин көрдү. Ал билим бергендиктен, аялды өзүнө тартып турду. Аял анын жемишинен алып жеди. Анан күйөөсүнө да берди, ал да жеди" (Башт. 3:6).

"Жакшы", "көзгө сүйкүм" жана "тартып турду" деген сөздөрдү окугандан кийин тилим байланып калды. Анан Кудайдын Руху дагы мындай деди: "Мага баш ийбеген жана Менден болбогон жакшылыктар да бар".

Мен уккандарымдын жана окугандарымдын үстүнөн ой жүгүртө баштадым. Кудайдын Сөзү бардык жашыруун нерселерди ачыкка чыгарып жана мени оңдоду. Менин жакшы деген түшүнүгүм Кудайдын стандартынан башкача экендиги көрүнүп калды.

Кудай менин жүрөгүмө дагы мындай деп сүйлөдү. Ал мага "жакшы" адамдар, айрыкча жыныстык байланыш жактан адептүү, таза жүргөн, туура эмес сөздөргө жазылган муңдуу музыкаларды укпаган, шайтандын иштери ачык эле жарыяланып турган рок-жылдыздардын концерттерине катышпаган, массалык өлтүрүүлөргө, талап-тоноолорго жана башка жамандыктарга катышпаган машайакчылар деле алданып калышат. Көптөгөн адамдар туурадай, жакшыдай, акылмандуулуктай болуп сезилген нерселерге же жүрүм-турумга кызыгышып, алданып калышат. Бирок, алар Кудайдын акылмандуулугуна каршы келип жатпайбы. Ыйык Жазуу минтип айтат:

> "Адамга түз көрүнгөн жолдор бар, бирок алардын акыры – өлүмгө алып баруучу жол" (Накыл. 14:12).

Келгиле, ушул аяттын аяк жагын талкуулап көрөбүз, "акыры – өлүмгө алып баруучу жол". Көптөгөн машайакчылар буга тиешелүү түрдө көңүл бурушпайт, анткени алар: "Мен куткарылганмын, айыкканмын, мен асманга барам жана өлүмдү көрбөйм" деп ойлошот. Алардын оюнча, бул бир гана ишенбегендерге тиешелүүдөй. Антсе да, келгиле дагы бир жолу Жазуу эмне дегендигин карап көрөлү:

“Өлүмгө алып баруучу жол” дегенди карап көрөлү. Жазууда өмүргө алып баруучу жана өлүмгө алып баруучу жолдор жөнүндө көп айтылат. Кудай Өз элине (Ага тиешелүү эместерге эмес) кайрылып жатат: “Бул элге айт: Теңир мындай дейт: “Мына, Мен силерге өмүрдүн жолун жана өлүмдүн жолун сунуш кылып жатам...” (Жер. 21:8).

Жол деген биз жашап жаткан акылмандуулукту түшүндүрөт. Силер Жазууда бул сөздү көп кезиктирет болушуңар керек. Бул жерде Ыйса баса белгилеп жатат:

“Тар дарбаза аркылуу киргиле. Анткени кең дарбаза менен кенен жол өлүмгө алып барат, ал жолдо бара жаткандар көп. Ал эми, тар дарбаза менен тар жол өмүргө алып барат, ал жолду тапкандар аз” (Мат. 7:13-14). Бул жерде Ыйса түбөлүктүүлүк жөнүндө гана айтып жатабы?

Кудай өмүр дарагын Эдем багынан ортосуна отургузган. Ал жашоого карата Кудайдын жолун, Анын акылмандыгын берип турган. Бактын ортосундагы дагы бир дарак жакшылыкты жана жамандыкты ажырата билүүчү дарак деп аталган. Бул дарак өлүмгө алып баруучу жолду билгизген: адамдын Кудайсыз болгон акылмандуулугу. Адам менен Обо бул дарактын жемишинен жешкен кезде өзүлөрүнө башкача жашоонун шегин туудуруп гана тим калбастан, ал дарактын жемиши токтоосуз түрдө аларга таасирин тийгизген. Ушул ойлонбогон кадамды жасай электеринде алар эмне кылгылары келсе, эч нерседен чектөө дегенди билишкен эмес, бар тараптан жемиштүү, саламаттыкта, ийгиликтүү болушкан. Бирок, тыюу салынган жемишти жешээр замат, алар үчүн жашоо оорлой баштаган. Алардын энчисине эми мурда шектенип да койбогон оор эмгек, оору, муктаждык жана кыйынчылыктар тийди. Алар өлүмгө алып барчу жолго түшүп алышты.

Анткен менен, Кудай - Куткаруучу. Ал ошондо эле адам жоготуп койгон нерсени кайрадан калыбына келтирүүнү пландаштырып койгон болчу. Ал өмүргө алып баруучу жолду калыбына келтирүү үчүн келишим түзгөн. Анын акылмандыгы кайрадан ыра-

хат, тынчтык, молчулук жана башка кубанычтарга толгон чыныгы бакытты, өмүрдү жаратты:

> "Акылмандыкты издеп тапкан, акылга ээ болгон адам бактылуу! Анткени акылга ээ болуу күмүшкө ээ болуудан артык, анын жемиши алтындан артык. Ал асыл таштардан кымбат. Сен каалагандардын ичинен ага эч нерсе тең келбейт. Анын оң колунда – узун өмүр, сол колунда – байлык менен атак-даңк. Анын жолу – жагымдуу жол, анын бардык жолу – бейпилдик. Ага ээ болгондор үчүн ал – өмүр дарагы, аны сактагандар – бактылуу адамдар!" (Накыл. 3:13-18).

Эгерде биз Кудайдын акылмандуулугун кабыл ала турган болсок, анда жашообуз жемиштүү, ийгиликтүү, узак, жан дүйнө тынчтыгына жана татыктуулукка толгон жашоо болот. Дарактан биз бир нерсени алабыз. Жазуудагы ушул аяттарга ылайык, эгерде биз өмүрдүн жолун (акылмандуулукту) ээрчий турган болсок, анда биздин жараткан нерселерибиздин даамын таткандар үчүн биз – өмүр дарагы болуп калабыз. Же тескерисинче. Эгерде биз адамдын акылмандуулугу менен жашай турган болсок, анда зыянкеч даракътай болуп калабыз жана биздин жемиштер аны жегендер үчүн кыйынчылык, стресс, тукумсуздук, оору, өзүмчүлдүк, жана башка руханий өлүмгө алып баруучу азыктарды алып келет.

Накыл сөздөр китебине кайрылып келели да, кайрадан окуп көрөлү: "Адамга түз көрүнгөн жолдор бар, бирок алардын акыры – өлүмгө алып баруучу жол" (Накыл 14:12). Эгерде биз бул аяттын 1-бөлүгүн карай турган болсок, анда аны ар кандай эле адам – ишенген адам да, ишенбеген адам да оңой эле кабыл ала тургандай. Адам үчүн түз көрүнгөн жол, башкача айтканда, көптү убада кылгандай, акылдуудай, стратегиялуудай, жакшыдай, ыңгайлуудай, пайдалуудай жана башка сонун жактары бардай сезилет. Бирок, эскертүү өтө эле ачык-айкын айтып турат: жакшы сезилген нерсе чын-чынына келгенде зыяндуу жана натыйжасыз болуп калышы да мүмкүн – андай жол өлүмгө алып барат.

Эврейлерге жазылган Каттын автору ишенгендерди эсине келтире турган нерсени жазган:

> "Бул тууралуу көп эле нерсени айтышыбыз керек эле, бирок силердин түшүнүшүңөр кыйын, анткени силер угууга жөндөмсүз болуп калдыңар. Убакыт боюнча алып караганда, силер окутуучу болуп калышыңар керек эле, бирок силерге кайрадан Кудай Сөзүндөгү окутуунун алгачкы негиздерин үйрөтүш керек болуп калды. Силерге күчтүү тамак эмес, сүт керек. Күчтүү тамак болсо акыл-сезими жаман-жакшыны айырмалай билүүгө көнүккөн жеткилең адамдар үчүн" (Эвр. 5:11,12,14 жаңы орусча котормо).

Айырмалай билүү – бул негизги фактор экендиги түшүнүктүү. Ал чыныгы жакшылык деген эмне жана чындыгы жамандык экендигин аныктайт. Башкача айтканда, биз өзүбүздүн табийгый акыл-эсибиз, ой жүгүртүүбүз жана сезимдерибиз менен чыныгы жакшыны айырмалай алууга дайыма эле жөндөмдүү боло бербейбиз.

Силер: "Эврейлерге жазылган Каттын автору алар айырмалай алсын үчүн сезимди көнүктүрүүгө-машыктырууга болот деп айтпады беле?" деп сураарсыңар. Айткан, бирок ал кайсы сезим тууралуу айткан? Байкаган болсоңор, бул аяттардын башында автор укканга жалкоолук кылган машайакчыларга жазып жаткандыгын айтат. Кайсыл угуу тууралуу айтып жатат ал? Кантип эле ошол эврейлердин баарына угуучу аппарат керек эле? Андай эмес чыгаар. Ал жүрөк менен угуу жөндөмдүүлүгү тууралуу айтып жатат. Ыйса дайыма минтип окуткан: "Кимдин кулагы бар болсо, ал уксун!" (Мат. 11:15). Бул окутууну угуп жаткан бардыгынын физикалык түрдөгү кулактары бар болчу, бирок алардын бардыгы эле алар үчүн эмне эң жакшы болорун эскертип турган Кудайдын Сөзүн угуп жана түшүнө ала тургандай жөндөмдүү жүрөккө ээ болушкан эмес.

Кийинчерээк биз руханий айырмалоого дагы да тереңирээк чумкуп көрөбүз, анткен менен жакшы менен жаманды дайыма үстүртөдөн гана айырмалап калышыбыз мүмкүн. Мен Стокгольмдагы номердеги туш болгон кырдаалга чейин, жакшы менен жаман күндүзгү күндөй айкын деп ойлогом. Бирок, башка мисалды да карап көрөлү: Ыйсанын командасындагы негизги мүчөлөрдүн

бири Петр, Аны коргоорун айтып, Ал узак жашашы керектигин айткан эле. Ал өз Кожоюнуна жакшы кеңеш берип жаткандай сезилген. Бирок, Ыйса аны дароо кагып токтотуп, анын айтып жатканы Кудайдыкынан таптакыр алыс нерсе экендигин эскерткен (Мат. 16:21-23). Бул мен келтире турган мисал, жакшылыкты жамандыктан ажыратканга карата келтире турган Библиядагы көптөгөн мисалдардын бирөөсү гана.

Сулайман минтип сыйынган: “Сенин элиңди башкарууга, жаман-жакшыны ажырата билүүгө Өз кулуңа акылдуу жүрөк бер, анткени Сенин көп сандуу элиңди ким башкара алат?” (1 Пад. 3:9). Жакшыны жамандан айырмалап алганга жөндөмдүү болгон, Кудайга арналган, машыккан жүрөк болушу керек. Обо бардык жагынан жеткилең болчу. Ошентсе да, ал жакшы, пайдалуу, жагымдуу деп эсептеген нерсе чындыгында, иш жөзүнө келгенде ал үчүн зыяндуу жана жаман нерсе болуп калды. Ал алданып калган, ошондуктан, азап чегип калды.

Мунун бардыгы бизди ушул китепте жазылган максатка карай жетелейт: Ыйык Рухтун жардамы менен, Жазуу аркылуу, биз үчүн жашоодо эмне жакшы, акыр аягында бизге эмне зыянын тийгизээрин билип алууга алып келет. Эгерде Обо ыйыктыкка курчалып жашап туруп, жеткилеңдикте болуп туруп, алданып калган болсо, анан биз жеткилең акылга ээ болбой туруп, ушул бузулган, булганган дүйнөдө жашап туруп, бизге кайсыны жакшы деп, анан да кайсыл нерсе бизди кыйратаарын айырмалоо канчалык жеңил болбостугу түшүнүктүү эмеспи.

2

# БУЛ КАНДАЙЧА БОЛГОН?

Сүйүктүү бир туугандарым, алданбагыла!
Ар кандай жакшы нерсе, ар кандай жеткилең белек
жогорудан, жарыктын Атасынан келет. Анда эч кандай
өзгөрүлүү жок, өзгөрүлүүнүн көлөкөсү да жок.
— Жакып 1:16,17 (NLT, англис тилинен которулган)

(Машайакчы) биз жакшы болгонуктан,
Кудай бизди сүйүп жатат деп ойлобойт, Кудай
бизди сүйгөндүктөн жакшы кылат...
— К. Л. Льюис

Ошол күнү мен Швецияда конок үйүндөгү өз номеримде айран-таң калып, тынчсызданган эмоцияда отурдум. Ал жерде белгилүү аялдын кайгылуу өлүмүнө карата Кудайдан берилген жооп мени дирилдетип турду, бирок ошого карабастан, тынчтык таба албай жаттым. Удургуу мени ээлеп алды, башымда көптөгөн суроолор жайнайт. Канча жылдардан бери мен кызматта жүрөм, бардык континенттердин (Антарктиканы кошпогондо) ишенгендерин окутуп жүргөм, анан эле менин түркөйлүгүм – чындыгында эмне жакшы экендигин билбестигим ачылып калды.

Мени мындай суроо толкундатып жатты: “Мен жакшы деген дагы кайсы нерселер Кудайдын алдында жакшы эмес болду экен?” Анан дагы ушундай эле маанилүү болгон дагы бир суроо: “Ушул түркөйлүктүн акыр-аягы эмне болор экен?” деген.

Бул суроолорго жооп берерден мурда бардыгы башталган жакка – Эдем багына барган туура болоттур. Бул логикалуу кадам болмок, анткени, Кудайдын Руху менин көңүлүмдү конок үйүндө так

ошол жакка бурган. Көптөгөн ишенгендер сыяктуу эле, мени да: “Кантип жылан Обону Кудайды укпай коюуга мажбурлады?” деген суроо таштабай жатты.

Келгиле, ойлонуп көрөлү. Обо абдан жакшы шартта жашаган. Аны эч качан, эч ким – атасы да, күйөөсү да, тууганы да, жетекчиси да таарынткан эмес. Ал жеткилең дүйнөдө жашаган. Бардык жагынан камсыз болгон, оору дегенди, муктаждык дегенди билген эмес, анын үстүнө ал өзүнүн Жаратуучусу менен гармонияда жашаган. Кудайдын болушу жер атмосферасын толтуруп турган, Ал Өзү дагы көп учурда Адам жана Обо менен бак аралап сейилдечү. Кантип анан бул жылан аялды, анан эркекти дагы Кудайдан жүз бурууга мажбурлады экен?

Эгерде ушул сырды ачып ала турган болсок, анда душман кантип бүгүнкү күндө биз менен да ошону эле кылууга жөндөмдүү экендиги тууралуу пайдалуу маалымат алып алабыз. Эгерде биз анын тактикасын билип ала турган болсок, анда оңой менен анын жеми болуп бербейбиз, ал бизди оңой-олтоң эле алдап, анан Жаратуучубуздан баш тарттырып кете албайт.

## Таң калаарлык бак

Алгач Кудай жеткилең дүйнөнү жараткан. Дүйнө көркөм, таза жана материалдык булактарга, жан дүйнө ырахатына бай болгон. Кудай жаныбарлардын, дарактар менен чөптөрдүн бир нече түрүн жаратып гана жөн койгон эмес. Кудай миллиондон ашык тирүү жандыктарды, эки жүз элүү миң чөптүн түрүн, жүз миңден ашык дарактардын түрүн жана көптөгөн катуу заттарды, топуракты жана башка жаратылыш ресурстарын жараткан жана пландаштырган. Жер шедевр болгон. Миңдеген жылдар өткөндөн кийин окумуштуулар аны изилдешип жана анын татаал түзүлүшүнө тан беришет. Алар али дүйнөнү тааныша элек жана качандыр бир кезде аны жеткилең түрдө араңдан зорго таанып-биле алышаар бекен.

Кудай аны өзүнүн эң жакшы көргөнү – адам үчүн жараткан. Планетанын ушунчалык кооз экендигине карабай, биздин Жаратуучу ошону менен эле токтоп калган эмес. Ал Өзү отургузган, жаратып эле койгон эмес, жер үстүнө таң каларлыктай бак отургузган.

Мен жаратылышты жана бактарды жакшы көрөм. Бирок, моюнга ала турган нерсе аларда иштегенди такыр жактырбайм. Муну силерге Лиза бекемдеп бере алат. Ал жүзүн бырыштырып туруп, анан силерге мен бакта кандай гана аргасыздык менен иштээримди айтып берет. Анткен жакшы каралган бак ичинде, жүзүмзарда, токойдо сейилдегенди жашы көрөм. Мен түркүн түстөрдү, жыттарды, топуракты, ар түрдүү дарактар менен чөптөрдү тамшана жакшы көрөм.

Жакында эле мен Германиядагы Констанц деп аталган шаардагы эң бир ири көл болгон Боденск көлүнүн жээгинде, сабак бердим. Боденск көлүнө эриген мөңгүлөрдөн жана Алпий тоолорундагы эриген карлардан суулар келет. Биз Лиза экөөбүз ал жакта жакын досубуз, ал дагы пастор, Фреймуттун (немецтердеги өтө белгилүү ат) жана анын аялы Джоаннанын үйүндө болдук.

Сапар учурунда биздин бир нече бош күндөрүбүз болду, анан досторубуз бизге кантип убакытты жагымдуу өткөрсө боло турган бир нече варианттарды сунуш кылышты. Биз Констанцта алаксый турган көп нерселер бар экендигин билчүбүз, антсе да ошонун баарынын арасында мен баарынан көп каалаган нерсе жок болчу.

Констанцтагы көлдө Гүлдөрдүн аралы деп аталган жер бар. Анын расмий аты – Майнау, бирок гүлдөрдүн аралы деген ага көбүрөөк ылайык келет, анткени бүт арал бакка толгон. Мен аны бүт кыдырып чыккым келген, бирок ал үчүн бир күн толук кетмек.

Мен ошол аралга баралы деп сунуштаганымда Лиза, Фрейтмут, Джоанна тамашалап жатат деп ойлошту. Анткени эс алуунун активдүү түрүн, спортту сүйгөн жигит чоң бакты аралап чыгууну, зериктиргендей нерсени тандап алат деп ойлошкон жок да. Анан бир нече жолу аралга баралы деп кайталаганымда гана менин досторум: “Биз сени тамашалап жатат деп ойлосок, чын эле ошол жакка баргың келип атабы?”- дешти.

“Ооба!”-деп жооп бердим мен. Ошентип, башка баарысы анчалык деле жигерденбегендиктерине карабай, биз аралда сейилдөөнү пландаштырдык.

Күнүбүз абдан сонун өттү. Биз көпүрө менен аралга чейин бардык, төлөп кирдик да, сейилди баштадык. Тез эле бул чоң бактын

сулуулугуна жана ар түрдүүлүгүнө аралашып кеттим. Дагы жакшы, мен жалгыз эмес болчумун. Менин досторумду тамашалары менен күлкүлөрү бул шедеврдин ортосуна келгенибизде дароо toктоду.

Бул чоң бактын ар бир чарчы метри көз үчүн майрам эле. Ар бир өсүмдүктү эң жакшы көрүү үчүн, идеалдуу формага келтирилген кооз клумбалар тептегиз кыркылган эле. Жаныбарлардын, балдардын, үйдүн келбети түшүрүлгөн гүлдөрдөн жасалган чооң карта жаткан. Бар тарапта ар кандай формадагы көлмөлөр.

Биз баарыбыз бул бактын сулуулугу жана чыгармачылык менен жасалгалангандыгынан ырахаттанып жүрдүк. Анын баарын толугу менен көрүп чыгуу үчүн жарым күн кетмек. Биз болсо, болгону жарымысын гана көрүп чыгууга үлгүрдүк. Ошол куну мен көп жолу минтип ойлондум: "Эгерде көздүн майрамы болсун үчүн, адамдар ушундай кооздукка жана жана жыпар жыттарга толгон аралды ойлоп чыгышкан болсо, анда Кудай жасаган бак кандай болду экен?" Эдем багы ландшафттар жана багбанчылык боюнча чебер, тажрыйбалуу адамдар тарабынан түзүлгөн эмес, ал Жаратуучу, Теңирдин Өзү тарабынан түзүлгөн эле да.

Кудай ушунчалык сонун бакты жараткан дагы, ага Адамды жайгаштырган жана анын алдына бардык жаныбарларды алып келген. Теңир дүйнө жүзүндөгү бардык 1,25 миллион жаныбардын ар бирин Адам кантип атаар экендигин көрүп тургусу келген. Ал адам кандай гана акыл-эске ээ болушу керек болчу. Адам алардын баарына ат коюп эле тим болбостон, анын баарын эстеп калышы да керек болчу, анын кол алдында Гугл же Айпады болгон эмес. Адам ченемсиз акылман эле.

Кантсе да, Кудай жаныбарларды Адамга ат койсун деп эле алып келген эмес. Ал Адам өзүнө кайсы жаныбарды өнөктөш кылып алаарлыгын көргүсү келген.

Адам бардык куштар менен жаныбарларга ат койгон, бирок, ошончонун ичинен бир дагы бирөөсү ага жардамчы болууга жараган эмес. Андан кийин Кудай Теңир адамды терең уйкуга чөмүлтүп, анан ал уктап жатканда анын бир кабыргасын сөгүп алып,

андан дене жасаган. Ал адамдын кабыргасынан аял жасап, аны Адамга алып келген.

> "Ошондо адам мындай деди: "Бул-менин сөөгүмдөн чыккан сөөк, этимден чыккан эт. Ал "аял" деп аталат, анткени эркектен алынды" (Башт. 2:23, Орусча жаңы котормо).

Эркек үчүн аял идеалдуу жардамчы болуп калат. Алар бири-бирин толуктап турган. Ал экөөнө тең планета үчүн кам көрүү, айрыкча бакка кам көрүү тапшырмасы берилген.

Обо Адамдан алынып жаратылганга чейин эле Кудай Адамга ачык-айкын тапшырма берген: "Эйден багын иштетсин жана сактасын деп, Кудай-Теңир адамды ошол бакка жайгаштырды. Анан Кудай - Теңир адамга мындай деп осуят кылды: "Бактагы ар кандай дарактын жемишинен жесең болот, бирок, жакшылык менен жамандыкты таанытып билдире турган дарактын жемишинен жебе, анткени андан даам таткан күнү өлүп каласың" (Башт. 2:15-17 орусча жаңы котормо).

Кийинки окуя качан болгондугунун убакты-саатын так айта албайбыз. Балким, бир нече жума, балким, жыл, же ондогон жылдар, балким, андан да көп убакыт өткөндүр. Бирок, эң бир митайым жылаан келип, Обо менен сүйлөшүп жана аны Кудайдын парызын аткарууга карата шектенүүгө түрткөн күн келген.

Жылан кантип сүйлөй алсын? Менин оюмча күнөө пайда болгонго чейин бардык эле жаныбарлар адам менен сүйлөшө алган болушу керек. Ошондуктан да, биз Обо менен жылаан сүйлөшүп жатканда Обонун коркуп кеткенин же сактанып калганын көрө албайбыз. Жаныбарлардын сүйлөгөнү мыйзам ченемдүү эле нерсе болуп, муундан муунга өткөн өңдөнөт, анткени Билам деле эшек аны менен сүйлөшкөндө таң калган эмес (Санд. 22:21-35ти карап көргүлө). Ал эч кандай таң калбастан, тынчсызданбастан туруп эле, өзүнүн эшеги менен сүйлөшкөн).

## Кантип ал максатына жетти эле?

Келгиле, эми кайрадан биздин изилдөөбүздүн максаты болгон - Эйден багында болуп өткөн окуяга кайрылып келели. Биз шайтан

ээлеп алган жылаан кантип Обону ушунчалык жакшы шартта жашап жаткан кезинде Кудайдан баш тартууга мажбурлаганын түшүнгүбүз келип жатты эле. Келгиле, анын аракеттерин изилдеп көрөлү.

Ал аялдан минтип сурады:

> "Ал аялдан: "Кудай чын эле: "Бейиштеги эч бир дарактын жемишинен жебегиле", – деп айтты беле?" – деп сурады" (Башт. 3:1).

Ушул суроо менен жылаан өзүнүн эң алгачкы стратегиялык кадамын жасаган. Ага Обону Кудайлык акылмандуулуктан алыстатып кетүүсү керек болчу. Анын чеберчилик менен ойлоп тапкан бул суроосу аялды көз ирмемде көптөгөн жемиштүү дарактар жөнүндө унуттуруп, анын көңүлүн жалгыз гана тыюу салынган даракка буруп койгон.

Кудай Адам менен Обого: "Бактагы ар кайсы дарактын жемишинен жесең болот, бирок...". Кудай кең пейил, ошондуктан Ал минтип баса белгилеген: "Ар кайсы дарактын жемишинен жесең болот" деп. Дүйнө жүзү боюнча бизге мөмө-жемиштердин миңдеген түрлөрү белгилүү. Менин оюмча, бактын ичинде алардын баарынан болсо керек. Жылан канчалык акылдуу болгон. Обо ушул миңдеген мөмө-жемиштин баарынан жесе болмок, бирок, шайтандын азгырыктуу суроосун уккандан кийин, ошол тыюу салынган жалгыз дарактан көзүн ала албай калган.

Убакыт өзгөрүлгөн жок. Кудай биздин ар бирибизге ушунчалык көптөгөн тартууларды берип жатат, биздин ар бирибиз асмандагы бардык баталарга жете алабыз (Эф. 1:3). Алардын баарын санап чыгыш үчүн, дагы бир китеп жазууга туура келет! Андан тышкары, Ыйса Машайакта болгондордун бүт баарысы толугу менен бизге тиешелүү (1 Кор. 3:21-23). Ошентсе да, душман деген ошол эле стратегияны, бактагы ыкманы колдонууда. Ал бизден Кудайдын жоомарттыгын жашырып, биздин "болбойт" деген нерсени гана көрүшүбүздү каалап жатат. Эмне үчүн Кудай бизден бир нерсени катып коюшу керек? Бул маанилүү суроону биз бир нече барактардан кийин карап көрөбүз, ал эми, азыр болсо ал суроого жөн гана, биздин жыргалчылыгыбыз үчүн деп жооп айтып туралы. Бизге

эмне баарынан жакшы болоорун Ал бизден да жакшы билет. Обо ага Кудай айткан чындыкты эстеп, кечиктирбестен эле жооп берет:

> “Аял жыланга мындай деп жооп берди: “Дарактардын жемиштеринен жесек болот. Кудай: “Өлүп калбашыңар үчүн, бейиштин ортосундагы бир гана дарактын жемишинен жебегиле, ага тийбегиле”, – деген” (Башт. 3:2,3).

Кызык, Обо берген жоопто эмне так эмес айтылды экен? Кудай даракка тийүүгө болбойт деп айткан жок да. Макул, бул маанисиз эле деп коёлу, бирок сыр ачкычы ушул жерде жаткандай, эмне үчүн жылаан Адамды эмес, Обону бутага алды болду экен?

Парызды айтып жаткан кезде Обо жарала элек болчу. Ошондуктан, ал парызды Обо Адам сыяктуу болуп, Кудайдын өз оозунан уккан эмес. Андан мурдагы күндөрү Адам менен Обо чоң бакты айлана сейилдеп жүрүшүп, анан ошол жакшылык менен жамандыкты билдирүүчү дарактын жанынан өтүшкөндө Адам ошол даракты көргөзүп туруп, Обого Кудайдын айткан парызы тууралуу айтып берген болуш керек деп эсептейм. Мындай билдирүүнү мен өткөрүлүп берилген билим деп атай алам. Башка жагынан алып караганда, бул парыз Адам үчүн ачык билим болуп эсептелген. Айырмасы эмнеде? Ачык билим деген – бул, бизге Кудай Өзү түздөн түз айткан кез.

Бир жолу Ыйса Өзүнүн шакирттеринен минтип сураган эле: “Ыйса Филиптин шаары Кейсареяга келгенде, шакирттеринен: “Адамдар Мени, Адам Уулун, ким деп эсептешет?” - деп сурады (Мат. 16:13). Шакирттер кезек менен башкалардан уккан аттарды атай башташкан: тирилип келген Жакан Чөмүлдүрүүчү, Илияс, Жеремия, же дагы бир пайгамбарлардын бирөөсү – бул Ыйсанын шакирттеринин башкалардан алган маалыматтары болчу.

Ыйса алардын башкалар аркылуу берилген билимдерин угар замат, аларга төмөнкү суроону берди: “А силер Мени ким деп эсептейсиңер?” (15-аят).

Шакирттер тилин жутуп алгандай болуп туруп калышкан. Эгерде Ыйса аларга биринчи суроону бербеген болсо, алар башка адамдар берген комментарийдин таасири астында болгон бойдон

калышмак, анан алардын жооптору башкалар аркылуу берилген билим болуп калмак. Ыйса аларга Кудай жекече ачып берген нерсени түшүндүрүү үчүн, бул билимди Өзүнүн эки суроосу аркылуу экинчи колдон алып койду. "Сен тирүү Кудайдын Уулу Машайаксың", деген жооп (16-аят) Петрден гана болгон.

Ыйса Петрдин далысына колун коюп туруп, аны шыктандыруу үчүн: "Бактылуусуң сен, Жунус уулу Шымон! Муну сага адам эмес, Асмандагы Атам ачып берди" (17-аят) деп жылмайганын элестетип турам. Петр интернеттин кайсыдыр бир жеринен уккан же кандайдыр бир журналдан кокусунан окуп калган нерсени кайталап жаткан жери жок. Ал Кудайдан түптүз алган чындыкты бөлүштү.

Андан кийин Ыйса ушундай ачык билимдин үстүнө жыйын курулары жана эч кандай тозоктун күчү аны токтото албастыгы тууралуу айткан. Тескерисинче, тозоктун күчтөрү кимдир бирөөлөр аркылуу берилген билимге ээ болгондорду оңой эле алдап кете алат.

Биз ачык билимди ар кандай ыкмалар менен алабыз: Жазууну окуп жаткан кезибизде, акырын сыйынып жаткан кезибизде, пастордун насааты мезгилинде, же Петр чатырда көргөндөй көрүнүш көргөн кезибизде (Элч. Ишт. 10:9 -16) же, жөн гана Ыйык Рух биздин жүрөгүбүзгө ачып берген Кудайдын Сөзү менен кездешкенибизде. Кээде жүрөгүбүздөгү акырын гана айтылган үн аркылуу билебиз. Кээде муну биздин рухубузга келген аян-ачылыш аркылуу билебиз. Анда силердин жүрөгүңөр өзгөчө согуп, Жазууну окуп жатканыңарда Кудайдын жаныңарда экендигин сезе баштайсыңар. Бирок, эң негизгиси – силердин Кудайды билгениңер, Кудайды укканыңар, анан ушул ачык билимди жүрөгүңөрдөн алып салбагыла.

Башка жагынан алып караганда, бирөө аркылуу берилген билим кимдир бирөөнүн Кудайдан укканынын же окуганынын негизинде айтылат. Билим так болушу мүмкүн, бирок, эгерде аны жүрөгүңөргө Рух ачып бербесе, аны оңой эле башкача кылып салууга болот.

Мисалы, кээде мен минтип: "Билесиңби Джон, акча – бул бардык жамандыктын тамыры экен" деп, өз билимдери менен мактанып жаткандарын угуп калам. Муну адамдар болгону кайсы бир кызматчынын 1 Тиметей 6:10дон алып айтканын: "Анткени бүт

жамандыктын тамыры – акча жандуулук. Акчага кызыгып, кээ бирөөлөр ишенимден четтеп, өздөрүн өздөрү көптөгөн азап-кайгыга салышты" угуп калышкандыр (орусча жаңы котормо).

Акча деген болгону каражат, андан башка эч нерсе эмес. Каражатты туура колдонсо да болот, туура эмес колдонсо да болот. Курал – бул каражат. Каракчынын колунда ал жаман жакка пайдаланылат. Анткен менен, полициянын колундагы курал аялды зордуктаганы же өлтүргөнү жаткан кылмышкерди токтото ала турган нерсе. Бул бир эле түрдөгү каражат, ал өз алдынча турган кезде жакшы да, жаман да эмес. Ушул эле сыяктуу, акча дагы болгону курал, ал бардык жамандыктын тамыры эмес. Ал эми, акчага болгон сүйүү - мына ушул, ар кандай жамандыктын тамыры болот.

Адамдар өзүлөрүнө ачылган эмес, бирөө аркылуу берилген билим менен ушунчалык туура эмес - адашкан комментарийлерди беришет. Мен өз тажрыйбамдан улам айта алам, билимдин жоктугуна караганда да, бирөө аркылуу берилген билим опурталдуураак болуп саналат.

Жемишке тийүүгө болбойт деген Обонун сөзү, ал парызды сүрөттөп берүү максатында гана колдонулган сөз, бул ага айтып берилгенди гана билгендигин тушүндүрөт. Кудай дайыма бакта болгон. Ал күн сайын эле Адам жана Обо менен сейилдеген болуш керек (Башт.3:8). Кудай өзүнө айтып берген парызды Адам аялына айтып бергендигинде эч кандай деле жаман нерсе жок. Бирок, ал ошол парыздын өзүнүн Жаратканынын оозунан жекече кайталанып айтылышын угууга аракеттенбегендиги туура эмес болушу ыктымал.

Кудайды издегендер, Аны тереңирээк таанууга жана түшүнүүгө аракеттенгендер гана, Андан билим ала алышат. Бероядa жашаган ишенүүчүлөрү Пабыл аларга асмандан жиберилгенди алып келгенде эмне кылышканын карап көрсөңөр:

> "Жүйүттөр Тесалоникалык жүйүттөргө караганда акылдуу эле. Алар Кудайдын сөзүн чын жүрөктөн кабыл алышты жана: "Чын эле ушундайбы?" – дешип, күн сайын Ыйык Жазууну изилдешти" (Элч. Ишт. 17:11. Орусча жаңы котормо).

Бероялыктар Пабылды дыкаттык менен угуп турушуп, анан өзүлөрү Жазууну изилдеп көрүшкөн. Алардын акылы Рухтун үнүнө ачык болчу. Алардын Руху менен акылынын ортосундагы каналдар аян -ачылыштарды кабыл алууга ачык болчу.

Бүгүнкү күндөгү көптөгөн ишенгендерден айырмаланып, бероялыктар маалыматты бир жактан Твиттерден же Фейсбуктан көчүрүп же алып алышкан эмес. Өзүнүн кимге окшоштугун шакирттери менен талкуулаган Ыйса, Ал жөнүңдө ошол кездеги массалык маалымат каражаттары эмне деп жаткандыгына кызыккан эмес. Ал: “Силерге Кудай эмнени ачып берди?” деп сураган. Балким, Ыйса менен болгон саякаттарынын биринде Петр кимдир бирөөнүн: “Ыйса Машайак болушу керек” деп айтканын уккандыр. Ошол учурда анын жүрөгүн жана акылын билим толтуруп, Ыйык Рух аны каптагандыр. Мына сага! Алиге чейин мен түшүнбөптүрмүн, бирок, азыр мен Анын Машайак экендигин билемин!” Качан биздин жүрөгүбүзгө Кудай Өзүнүн чындыгын ачып берген кезде, көбүнчө бизди ушундай сезимдер каптайт.

Же балким, Петрде башкача болгондур. Аян-ачылыш анын жүрөгүнө жатаар алдында же күндүзү бир шаардан экинчи шаарга бараткан учурда келгендир, же болбосо, Ыйса оттун жанында шакирттери менен сүйлөшүп отурганын карап турган маалда келгендир. Балким, Петр ал тургай, өзү билбей турган маалда эле, Кудай Байыркы Осуяттагы бир жерди (Ышайа 9:6,7), Машайактын келээри жөнүндөгү пайгамбарчылыкты анын эсине салган кезде келгендир бул аян.

Балким, Ыйса кайсыдыр бир адамды айыктырып жаткан кезде Петрдин көзү ачылгандыр. Же капысынан эле анын бала чагындагы бир раввин Байыркы Осуяттан Мессиянын келээри жөнүндө окуп жатканын капысынан эске түшүргөндүр “Бул Ышайа пайгамбар аркылуу айтылган төмөнкү сөздүн аткарылышы үчүн болду: “Ал биздин кеселдерибизди Өзүнө алды, ооруларыбызды алып кетти” (Мат. 8:17, муну Ышайа 53:4 бекемдейт).

Ыйсанын ким экендиги тууралуу аян-ачылыш Петрге ар кандай жолдор менен келиши мүмкүн эле,бирок, негизгиси аны ага Кудайдын Өзү ачып бергендигинде.

Менин оюмча, Обо менен башкача болгон деп, тайманбай туруп эле айтууга болот, ал башкалар аркылуу алган билим эле жетиштүү деп эсептеген. Балким, Адам ага бир маалымат жолу аркылуу билдирүү жибергендир: "Салам кымбаттуум. Мен сенин жакшылыкты жана жамандыкты билдире турган даракка кантип карап калганыңды көрдүм. Ага тийбе! Ал жемишти жей турган болсок, биз өлүп калаарыбыз жөнүндө Кудай айткан".

## Экинчи тепкич

Эми жылаан Обонун көңүлүн буруп, аны жалгыз гана тыюу салынган даракка кароого мажбурлап койгондон кийин, ал өзүнүн арам оюндагы кийинки кадамды жасайт. Бул кадам Кудай айткан нерсеге толугу менен карама-каршы келет эле. Ошенткен менен, анын сөзү абдан бекем жана азгырыктуу айтылган.

> "Ошондо жылан аялга: "Жок, өлбөйсүңөр, бирок Кудай силердин анын жемишинен жеген күнү көзүңөр ачылып, жакшылык менен жамандыкты билген Кудайдай болуп каларыңарды билет", – деди (Башт. 3:4,5).

Анын сөзүнүн үстүнөн ой жүгүртүп көрсөңөр: "анткени Кудай билет". Башкача айтканда, Адам менен Ободон бир нерсени, жөн эле нерсени эмес, алардын жашоосун жакшырта турган, аларды жаңы деңгээлге көтөрө турган нерсени Кудай жашырып жаткандыгын кабарлап жатат. Ал даракта кандайдыр бир жакшы нерсе бардай кылып, жылаан өзүнүн айткандары акылдуу жана ишендирээрлик түрдө болгондой кылып баарын ойлонуп койгон. Анын планы ишке ашты.

> "Аял дарактын жемишинин жегенге жакшы экенин, көзгө сүйкүм экенин көрдү. Ал билим бергендиктен, аялды өзүнө тартып турду. Аял анын жемишинен алып жеди. Анан күйөөсүнө да берди, ал да жеди" (Башт. 3:6).

Обо дарактын кооз, жагымдуу, жакшы жана аны дагы да акылдуу кылууга жөндөмдүү экендигин көрдү. Мунун баары ага азгырыктуу жана керектүү көрүндү.

Обо даракты карап турган кезде анын башына мындай ойлор келди: "Коё турчу, бул даракта кандайдыр бир жагымдуу жана жакшы нерсе бар окшойт, а Кудай болсо ага жакындоого бизге тыюу салып койду. Биз күйөөм экөөбүз мындан да жакшы жашай алмакпыз да. Эгерде бизден бир нерсени жашырып койбогондо, биз бактылуураак жана акылдуураак болмокпуз. Мен Жаратканыбыз бизди абдан сүйгөн жана мээримдүү деп жүрсөм, чындыгында Ал бизди алдап аткан го. Ал бирдемени бизден жашырып аткан окшойт".

Ар бир секунд сайын анын ойлору тыюу салынган жемиштен ооз тийүүгө күчөп баратты. Ал ушул даракта кандайдыр бир жакшы нерсе бар окшойт деп ойлогон сайын, анын каалоосу ошончолук акталып жатты.

Душман Обонун көз алдында Кудайдын мүнөзүн тескерисинен көрсөтүүнү максат кылып койду. Эгерде анын колунан келсе, ал аны Кудайдан баш тартып кетүүгө да мажбурламак. Эмне үчүн? Анткени, Кудайдын падышачылыгы Анын мүнөзү менен бекемделип жана алар менен кубатталып турат.

Дөөт падыша минтип жазган: "Адилеттик жана чындык-Өз тактыңдын негизи. Ырайым менен чындык Сенин алдыңда жүрөт" (Заб. 88:15). Дөөт падыша болуп туруп, бул көрүнүштөр узак башкаруунун негизи болуп каларын билген. Эгерде падыша ишенимдүү, адилет, акылдуу боло турган болсо, анда анын падышачылыгынын акыры болбойт. Эгерде ал адилетсиз жана ак пейил болбой турган болсо, анда анын падышачылыгы түбөлүккө уланбайт.

Кудайдын мүнөзү жеткилең, бирок, баары бир жылан Обону тескери жакка ишендире алган. Ал анын алдында болбогон чындыкты көрсөтүүгө аракеттенген. Тыюу салынган даракты ал жагымдуу жана жакшы кылып көрсөтүп койду. Анын сөзү боюнча ал адамды акылдуу кылат экен, бирок, тышкы көрүнүш алдамчы болот. Ошондуктан да, минтип жазылып турат да: "Анткени биз көрүнгөн нерсеге эмес, көрүнбөгөн нерсеге назар салабыз. Көрүнгөн нерсе убактылуу, көрүнбөгөн нерсе болсо түбөлүктүү" (2 Кор. 4:18, TEV карагыла). Көрүнбөгөн нерсе – бул Кудайдын Сөзү. Анын Сөзү адилет жана так.

## Алданып калбагыла

Душман Обонун көз алдында Кудайдын мүнөзүн өзгөртүп, анын өз Жаратуучусунан жүз үйрүп кетишине мажбурлаганга жетишкен. Кээде мен дагы өз сыйынууларыма каалаган учурда жооп ала албай калган кезимде ушундай ойлор менен аябай салгылашам. Ушундай учурларда мен өзүмө Кудайга ишенимдүү болууну эскертем. Кыйынчылыктардан өтүп жатып, мен дайыма өзүмө кеп Кудайда эмес, Ал эч нерсени бизден аябайт, Ал кең пейил жана мээримдүү Ата деп айтам.

Жылаан Обону Кудай андан бир жакшы нерсени жашырып жатат дегенге ишенүүгө мажбурлаган. Эгерде душман ошол идеалдуу учурда ушуну кыла алган болсо – эч качан эч ким таарынтпаган, зордуктабаган, пайдаланбаган аялды алдай алган болсо, анда азыркы таарыныч, зордук, жамандык менен, алдамчылык толгон күнөөкөр дүйнөдө муну ишке ашыруу ага кандай гана оңой. Ошондуктан Жакып бизге олуттуу түрдө эскертип жатат да:

> "Сүйүктүү бир туугандарым, алданбагыла!" (Жкп. 1:16).

Алдамчылыктын жалгыз гана көйгөйү, анын алдамчы экендигинде деп кайталап айтканды жактырам! Алданып жаткан адам бүткүл жүрөгү менен өзүнүн туура экендигине, адашпай жаткандыгына жана чындык ал тарапта экендигине ишенет. Бул кандай гана коркунучтуу!

Обо алданып калды, ошондуктан күнөөгө чалынды. Жакып биздин кайра эле ошол жерден жыгыла беришибизди каалабайт. Келгиле, бул үзүндүнү толугу менен карап көрөлү:

> "Сүйүктүү бир туугандарым, алданбагыла! Ар кандай жакшы нерсе, ар кандай жеткилең белек жогорудан, жарыктын Атасынан келет. Анда эч кандай өзгөрүлүү жок, өзгөрүлүүнүн көлөкөсү да жок" (Жкп. 1:16,17).

Жакып жакшы тартуулардын көпчүлүгү Кудайдан келет деп айтып жаткан жери жок. Адамдардын көпчүлүгү мына ушинтип

ойлошот. Жок, ал бул жерде ар кандай жакшы жана жеткилең белек Кудайдан келет деп айтып жатат. Бул жерде: "Кудайдын эрки болмоюнча, силер үчүн эч кандай жакшы нерсе жок" деп жазса да болот эле да. Кийинки сүйлөмдү кунт коюп окуп көргүлөчү. Тигил же бул буюмдун канчалык жакшы көрүнгөнү, силерди канчалык бактылуу же руханий кылганы, канча кубаныч алып келгени, канча байлык жана ийгилик алып келгени, канчалык жагымдуу экени, белгилүү экени жана канчалык ылайыктуу ж.б. экендиги маанилүү эмес. Эгерде ал Кудайдын акылмандуулугуна (же Кудайдын Сөзүнө) каршы келсе, анда акыр-аягында ал силерди жок кылат жана жашооңорго кайгы алып келет.

Обо өзүнүн туура кылып жатканына, жакшы нерсени тандап жатканына, анын жана күйөөсүнүн жашоосун жакшырта турган нерсени тандап жатканына ишенген. Бирок, андай болбой чыкты. Эгерде силер азыр, бир нече миңдеген жылдар өткөндөн кийин Кудайдан акылдуураак болуп жана көптү билип калдык десеңер, анда Обо сыяктуу эле алданып жатасыңар жана бир кезде ачуу кайгыны оруп аласыңар.

Силер мени жаман жана тар ойлоп жатат деп айтышыңар мүмкүн, бирок андай эмес. Мен болгону силерди эскертип жатам. Бул китепте силердин жашооңор, кызматыңар, бизнес, өз ара мамилеңер жана турмуштагы башка жактарыңар үчүн эмне жакшы болооруну тууралуу кеңештер толтура. Ошентсе да, Ыйса Машайактын каттарын толук насааттоо үчүн мен эскертип жана окутушум керек. Пабыл муну минтип бекемдейт:

> "Ар бир адамга акыл айтып, ар бир адамды акылмандык менен үйрөтүп, ар бир адамды Машайак аркылуу Кудай алдына жеткилең кылып алып келүү үчүн, Машайак жөнүндө жар салып жатабыз" (Кол. 1:28).

Эскертип жана нускап турмайынча бизди жеткилеңдикке жетелөөгө болбойт. Мен аны ушундайча көрөм. Ар дайым биз кандайдыр бир электрондук буюм сатып алганыбызда 1, 2-беттеринде

дайыма аны колдонуунун көрсөтмөлөрү жазылган болот: “Көңүл бургула: колдоноордон мурда окуп чыккыла” деген. Анан өндүрүшчүнүн бул буюм менен мындай кылыш керек, же андай кылбаш керек деген бир нече эскертүүлөрү саналат. Силер пайдаланганы жаткан буюмга карата кандай мамиле кылаарыңар тууралуу силерге эскертүү берилди. Аны пайдаланууда эскертүүлөрдү эске алып, аларды сактай турган болсоңор, ал силерге бир нече жыл кызмат кылып берет. Бирок, эгерде өндүрүшчү силерге эч кандай эскертүү бербеген болсо, анда өзүңөргө же ошол буюмга зыян келтирип алышыңар мүмкүн. Ошондойдо кантип колдонууну эскертпегендиктери жөнүндө кампанияга нараазылык каттарыңарды жазып, кызматчыларга арызданасыңар.

Пабыл бизге Жаңы Осуяттын эскертүүлөрүнө көңүл бурушубузду эскертип жатат. Эгерде биз аларды сактай турган болсок, алдыбызда Жаратуучубуз менен жуурулушкан ийгиликтүү жылдар күтүп турат. Бирок, аларды сактабай же аларга маани бербей коё турган болсок, анда биз Адам менен Ободой болуп азап тартып калабыз. Анан биз ар кайсы жактарга бул жашоо кандай гана адилетсиз, калыс эмес, кайгы-капага, кыйынчылыкка жана сыноолорго толгон деп жаза баштайбыз. Ага карабастан, Кудай ачыктан ачык эле жазып жатат:

> “Бул мыйзам китебинде жазылгандар оозуңдан түшпөсүн, анда жазылгандардын бардыгын так аткарыш үчүн, алар жөнүндө күнү-түнү ой жүгүрт, ошондо сен өз жолдоруңда ийгиликке жетишесиң жана акылмандуулук менен иш кыласың” (Жашыя 1:8, NLT, англ. тилинен которулду).

Эгерде биз Анын насааттарында жазылгандардын баарын аткара турган болсок, анда Кудай бизге ийгиликтүү жана гүлдөгөн жашоону кепилдик кылат. Анткен менен бул китепте, ыңгайлуу мотивациялык окутуу жок. Анда эскертүүлөр бар.

Тилекке каршы, азыркы учурда кызматчылар менен окутуучулар бул маанилүү эскертүүлөрдөн качышат. Жазуунун бул бөлүктөрү жаман сыяктуу кабыл алышат. Биз кафедрадан андай каттардын окулушун каалабайбыз, анткени, алардын кызыктыраарлык жактары жок,

алар келген адамдарга же конференциянын конокторуна жакпай калышы мүмкүн. Ошондуктан, биз ишенгендердин арасынан ушунчалык көп кулагандарды көрүп жатабыз, эгерде аларга эскертилген болсо, же аларды туура окуткан болсо, мындай болмок эмес.

Мен азыр силерди чындыкка ишенүүгө жана аны кабыл алууга чакырам, Кудайдын Сөзүнөн башка силерге эч кандай жакшы нерсе жок. Эгерде силер буга ишене турган болсоңор, анда келгиле, жакшы нерсе менен Кудайдын ортосунда кандай айырмачылыктар бар экендигин карап көрөлү.

3

# ЖАКШЫНЫН УНИВЕРСАЛДУУ СТАНДАРТЫ

Кудайдын ар кандай сөзү таза...
— Накыл 30:5

Чындык сөздү бекем билүү менен
каталыктан сактанса болот...
— Метью Генри

Бул китепте мен жакшы дегендин үч жагы жөнүндө ой жүгүртөм. Биринчи жагы – биздин Кудай менен болгон негизги мамилебиз, экинчиси – биздин мүнөзүбүз, жүрүм-турумубуз, үчүнчүсү – биздин пландарыбыз жана стратегиябыз. Эгерде алгачкы экөөсү күчтүү болсо, анда биздин эмгегибиз натыйжалуу болуп, узакка созулат. Эгерде алардын бирөөсү эле солкулдай турган болсо, анда биздин турмушта тоскоолдуктар кездешет.

Мен өзүбүздүн биринчи үйүбүздү кантип курганыбызды билем, ал кечээ эле болгондой сезилет. Биз Лиза экөөбүз толугу менен курулуш иштерине кирип кеткенбиз. Эң башынан баштап эле биз күн сайын келип, курулуштун жүрүшүнө көз салып кетчүбүз.

Пайдубалдын курулушу анча деле көп кызыктырган эмес, ошондуктан, биз ага баарынан аз көңүл бурганбыз. Ошол эле кезде биздин бир досторубуз да өзүлөрүнүн үйлөрүн курушкан, бирок, алардыкы биздикинен бир топ коозураак эле. Алар көчкөндөн бир нече жыл өткөндөн кийин, ал үйдүн полунан чатырына чейин чооң жаракалар кеткен. Бир жолу кечки тамак учурунда биз алар-

дыкында болуп калдык. Алар нараазы болуу менен, көйгөйдүн баары пайдубалдын сапатсыздыгы менен байланыштуу деп айтышты. Алардын усталары стандартты бузуп коюшкандыктан, тамды оңдоого кеткен бардык аркеттер текке кеткен. Көйгөйдү жоюу үчүн көптөгөн убакыт жана каражат керек болгон. Биздин досторубуздун таржымалы, фундаментти туура, сапаттуу, жакшы куруу канчалык маанилүү экендигин көргөздү. Бул процесс анчалык кызыктуу эмес экендигине карабай, ал абдан маанилүү жана үйдүн көпкө турушунда негизги ролду ойнойт.

Фундамент курулуп бүтөөр менен дубал көтөрүлө баштайт. Ушул этапка жеткенде биздин курулушка барышыбыз кызыктуураак боло баштады. Биз ал жакта узагыраак кармала баштадык. Анткени, эми үйдүн ичинде сейилдөөгө болоор эле. Чийилген бөлмө качан окшошуп чыга келет деп чыдамсыздык менен күтчүбүз.

Эң бир кызыктуу жагы, курулуштун бүтөөр маалы да болду. Эми биз ого бетер көп убакыт сарптай баштадык. Дубал көтөрүлгөндөн кийин биз ички жасалга, полду кагуу, дубалдарды түздөө, акыр аягында шамдалдардын, люстралардын кантип тагылышына чейин карап жаттык. Бул биздин биринчи үйүбүз эле, аны биз кандай кылып иретке келтирип, жасалгаласак өз эркибиз болчу. Биздин ар бир күнүбүз майрамдагыдай башталып жатты.

Муну менен мен эмнени айткым келет? Эгерде курулуштун алгачкы эки этабы (пайдубалы жана дубалды тургузуу) талаптагыдай аткарылбаса, анда дароо эле, же биздин досторубуздукундай болуп, бир нече жылдан кийин баардык азап башталмак.

Ошол сыяктуу эле, бул китептин да акыркы бөлүгү – жашоо-турмуштагы пландар жана стратегиялар – абдан даамдуу бөлүгү болот. Ал биздин кызматыбыздагы, бизнесибиздеги жана жашообуздун башка сферасындагы чечимдерди кабыл алышыбызга байланыштуу болот.

Анан алдыбызда тандоо туруп калат, биздин оюбузча ал жакшыдай эле көрүнөт, бирок, көбүнчө эле андай болбой калат. Ушул жолдорду тандайбыз деп атып, биз максималдуу түрдө өз потенциалыбызды уурдатабыз. Чындыкты өзгөртүүгө болбойт: “...Таза жүргөндөрдү Ал жакшылыктан ажыратпайт” (Забур. 83:12). Ал силерге дайыма Өзүндө болгон эң сонун жыргалчылыкты гана каалайт.

Бул темага кийинчерээк кайрылалы, бирок, азыр үйдү курган сыяктуу пайдубалды куруп, анан дубалды тургузалы.

## “Жакшы” деген эмнени билдирет?

Келгиле, “жакшы” деген эмне экендигин карап көрөлү. Иврит тилинде бул сөз “тов” деп айтылат, ал эми сөздүк боюнча толук алып караганда, ал муну түшүндүрөт (The Complete: Word Study Dictionary): “кубаныч алып келүүчү, ылайыктуу, жакшы, туура”. “Библиялык сөздөрдүн жаңы эл аралык энциклопедиясы” дагы да тереңирээк аныктама берет:

> “Бул жөн гана жакшы деген сөздү кеңири мааниде түшүндүрүү. Ал демек, кандайдыр бир кооз, өзүнө тартып турган, пайдалуу, жагымдуу, каалай турган, адепке жаткан нерсе.
>
> Мына ушул сөздөрдүн баарын “жакшы” деген баа берүүчү сөз бириктирип турат. Эмне жакшы жана эмне жаман экендигин аныктоо үчүн бир нерсенин сапат жана аракетин экинчи бир нерсе менен салыштырып көрүү керек.
>
> Кудай дагы баа берет. Чындыгында адам аны Кудай өзүнүн бейнесине окшоштуруп жараткандыктан гана ошондой баа берүү жөндөмдүүлүгүнө ээ. Бирок, күнөө адамдын көз карашын бузуп салган. Андыктан, бир гана Кудай эле туура бааны бере алат. Байыркы Осуяттын авторлору Кудай жакшылыкты өлчөөчү жана аны бизге берүүчү гана болуп калбастан, бизге эмне пайдалуу экендигин жана эмне адептүүлүккө жатаарын жалгыз гана Ал эмне билерине көздөрү жеткен. Кудай Өз Сөзүндө жакшыны баалоону биз менен бөлүшкөндүгүнө байланыштуу, биз тигил көрүнүш же бул иш-аракет сапаттуу же пайдалуу деп биле алабыз.

Бул жерде маанилүү сөз - баа. Адам менен Обо Кудайдын кеңешинин жетегинде болбой туруп эле, эмне жакшы жана пайдалуу экендигин баалоого киришишкен. Алар көргөндөрүнө Кудайдын стандарты менен эмес, өзүлөрүнүн стандарты менен эле баа берип киришкен. Мына адамдын Кудай менен болгон каршылашуусунун тамыры ошол жактан келип чыккан. Ал ар кандай түрдө, ар кандай абалда болот, бирок, дайыма бир гана нерседе биригет: “Менин жашоом үчүн эмне туура экендигин билем, мага кеңешчилердин кереги жок” дегенде.

Бирок, Кудай мындай деп айтат: "Адамга түз көрүнгөн жолдор бар, бирок алардын аягы – өлүмгө алып баруучу жол" (Накыл 16:25).

Биринчи бөлүмдө да мен ошол эле сөздөрдү мисалга келтиргем, бирок, анда Накыл Сөздөрдөгү он төртүнчү бөлүмдүн он экинчи аятын алгам. Ыйык Жазуудагы ар кандай кайталоолор ойлонулуп жасалган. Кээ бир маселелер Кудай үчүн бир топ салмактуу экендигин дайыма эстөө керек (Мат. 23:23). Качан биз тигил же бул сөздөр кайталанып жаткандыгын баамдасак, анда биз ага өзгөчө көңүл бурушубуз керек. Андайда олуттуу эскертүүлөр болуп жаткан болот.

Жакшылык менен жамандыктын ортосундагы чектер кандай гана жеңил алынып калаарын Кудай билет. Эгерде бакта ошондой болуп жаткан болсо, анда азыр ошондой болуп калышы мүмкүн экендигине көптөгөн канча өбөлгөлөр бар. Кудай эскертип жатат: ар кандай жолдор бар-жүрүм, турум образы, ой жүгүртүү, ишендирүү образы, бизге ылайыктуудай көрүнгөн адаттар жана салттар. Алар бизге ылайыктуудай, жакшыдай көрүнгөнү менен, кези келгенде бизге канчалаган сыноолорду алып келиши мүмкүн. Натыйжалар бир нече айдан же жылдан кийин, же такыр эле Сот күнүндө гана көрүнүшү мүмкүн. Пабыл минтип айтат:

"Кээ бир адамдардын күнөөлөрү сотко чейин эле белгилүү болот, ал эми кээ бирөөлөрдүн күнөөлөрү кийин билинет" (1 Тим. 5:24). Силерге кандай билбейм, бирок, бул аяттын экинчи бөлүгү мени титиретет. Бул Кудайдан корко баштадым дегендик эмес, бирок, мен Андан алыс болуп калбасам экен деген коркунуч.

Кептин баары мына мында: мен чын эле Кудайдын жеткилең акылмандуулугуна, Анда менин жашоом үчүн эң сонун нерселер бар экендигине ишенемби? Ушул суроого бекем ишенген -солкулдагыс жооп бар экендигине ар бир адам өз жүрөгүндө терең ишениши керек. Же Кудайдын акылмандуулугу ар кандай кырдаалда жеткилең, же анда кандайдыр бир жетишпестиктер бар болгондуктан, жакшысы Андан көз каранды болбогон өзүбүздүн жеке чечимдерибизди ойлоп чыгышыбыз керек.

Ошентип, биз жакшы дегендин кайсы стандартына ишенишибиз керек? Бизди өмүр жолуна эмне алып барат? Апостол Пабыл бизге мындай дейт:

> "Ыйык Жазуунун бардыгы Кудайдын Рухунун жетеги менен жазылган жана үйрөтүү үчүн, ашкерелөө үчүн, оңдоо үчүн, адилеттүү болууга тарбиялоо үчүн пайдалуу" (2 Тим. 3:16).

Келгиле, Пабылдын айткандарынан эң бир маанилүү сөзүн издеп көрөлү.

*Ыйык Жазуунун бардыгы*н. Анын кандайдыр бир бөлүгү эле эмес. Бизге жаккан же биз макул болгон үзүндүлөрүн эле эмес, же биздин жашоо образыбызга жана ишенимибизге ылайык келген гана жерлерин эмес. Ыйык Жазуунун бардыгын. Өзүңөргө карата чынчыл болгула: силер Кудайдын акылмандуулугун кээ бир жерлерде туура деп кабыл аласыңар, ал эми, көптөгөн жактарда ал эскирип калгандай же, мааниге ээ эместей болобу?

Обо өзүнүн Жаратуучусун билчү, Анын кереметтүү катышуусунан жана жакшылыктарынан ырахаттанып жүрчү. Ага курчап турган чөйрөнүн байлыгы, гармония, бейпилдик, таза саламаттык, дарактардын Кожоюнунан даамдуу тамактар берилген болчу. Бирок, ал өзүн Кудайдын акылмандуулугу туура эмес деп ишендирээри менен, өлүмдүн жолуна тушүп алган. Эгерде, Обо ушунчалык идеалдуу шартта жашап туруп алданып калган болсо, анда биз ушунча күнөөнүн арасында жашап жатып, коргоого кантип ээ болобуз? Биздин жалгыз гана калканычыбыз – Ыйык Жазуу.

Жазуу бизди үйрөтүүдө, ашкерелөөдө, оңдоодо жана акыйкаттыкка багыттоодо пайдалуу. Кандайдыр бир нерселер жакшыдай көрүнүшкө ээ болгону менен, чын-чынына келгенде жаман болуп чыгышы мүмкүн. Жакшыдай, туурадай болуп көрүнгөн концепциялар, бекемдөөлөр, ой-пикир, сапат, чечимдер жана ойлор бар, бирок, иш жүзүндө баары башкача. Ушул жашыруун коркунучтарды эске алган Кудай биздин жашообуз үчүн инструкцияны - Библияны берген. Биз билбей калып чындыктан алыстап кетпешибиз үчүн жана өлүмдүн жолуна түшүп калбашыбыз үчүн берген.

Биз өзүбүзгө суроо берип көрсөк болот (жана ага чынчылдык менен жооп берип көрсөк болот) – мен Жазууну туруктуулук менен окуймунбу? Аны изилдейминби? Өз жашоом үчүн Кудайдын акылмандыгын издеп убакыт өткөрөмүнбү? Мен күнөөгө булганган планетада жашап жатам, азгырык менен күрөшүп жатам. Анан

ушунун баарында кантип мен Жазуусуз чындыкты Ободон жакшы билип, жашоодо туура жолго түшө алам?

*Ыйык Жазуунун бардыгы* Кудайдын Рухунун жетеги менен жазылган. Бул сөздө жашыруун маани же башка нерсе жок. Же баары, же эч нерсе эмес. Эгерде бардык Жазуу Кудайдын Рухунун жетеги менен жазылган эмес болсо, анда биздин көрсөтмөбүз туура эмес.

Келгиле, Библияга тиешелүү болгондун баарын жакшылап карап көрөлү. Ал ар кандай тилдерде 1500 жылдын аралыгында, ар кайсы континенттерде жашаган (Африка, Азия жана Европа), кырктан ашык авторлор тарабынан жазылган алтымыш алты китептен турат.

Библиянын бардык авторлору кылган иштери, көз караштары, теги жагынан ар түрдүү. Алардын ичинде балыкчылар, койчулар, аскер кызматчылары, падышалар, падышанын шарап куюучулары, дарыгерлер, салык жыйноочулар, чатыр тигүүчүлөр жана башкалар бар эле. Кээ бирөөсү түрмөдө отуруп жазышса, кээ бири короодо отуруп жазган.

Бул адамдардын көпчүлүгү ар кайсы темага жазышкан, бирок, ошого карабастан, таң каларлык, шартсыз, кокусунан болбогон биримдик бар. Бир гана тема кызыл сызык менен өтөт: адамзат күнөө менен булганып калгандыктан, өз Жаратуучусунан ажырап калган жана Аны менен болгон мамилени калыбына келтирүүгө жөндөмсүз, Кудайдын жообу болсо – Мессия, Теңир Ыйса Машайак. Бул ой бүткүл китеп боюнча – Башталыштан Аянга чейин ажырагыс болуп өрүлгөн.

Библиянын авторлору бирге отуруп, бул иштерди, жазылган каттарды талкуулай алышмак эмес. Бул таң каларлыктай! Бир дагы адам, бир дагы команда бул процесске байкоо жүргүзгөн эмес жана өз алдыларына мындай тапшырманы койгон да эмес. Муну Кудай Өзү кылган. Ыйык Жазуу абдан узак убакыт бою жазылгандыктан, авторлордун көпчүлүгү бири-бирин билишкен да эмес, анан да ар кайсы жерлерде жашашкан. 1500 жыл бою жазылган жыйнак, китепти түзгөн. (Өзүңөр ойлоп көрсөңөр, бир жарым миң жыл. Бул өтө узак убакыт, Британия империясынын пайда болуу убактысынан да ашып түшкөн мезгил. Таң калтыра турган сан!)

Эми көптөгөн муундар алмашкандан кийин, мени таң калтырганы, биздин Библия – бирин бири билбеген көптөгөн авторлор тарабынан жазылган китеп экендиги, ал авторлор эмгектери бир бүтүн китепке кирерин билишкен да эместиги. Алардын ролдору ар кай-

сы муундагы, ар кандай маданияттагы ар түрдүү адамдар бир романдын ар кандай бөлүмдөрүн жазгандай, бирок, алардын бирөөсү да сюжетти да толук билишкен эмес, ал тургай, бул романдын негизги темасын да билишкен эмес. Бул китептин ырааттуулугу да анын Кудайдан экендигин далилдеп турат. Симфониядагыдай болуп, Библиянын ар кайсы бөлүгү гармонияга өзүнүн нотасын кошуп турат, дирижеру - жалгыз Кудай.

Мына ушуну билүү эле Жазуунун Кудайдын Руху менен жазылгандыгын далилдеп турат. Келгиле, дагы бир далилди киргизели: бардык авторлор так жазышкан.Байыркы Осуяттагы Мессиянын келери жөнүндөгү пайгамбарчылык жүз жылдар аралыгында, Ыйса төрөлөрдөн миңдеген жылдар мурда жазылган. Кудай Сөзүн изилдеген окумуштуулардын көпчүлүгү мындай пайгамбарчылыктар Байыркы Осуятта үч жүздөн ашык жолу айтылат дешет. Ыйса Машайак дүйнөгө келер замат Өз Атасына айткан: "Ошондо Мен мындай дедим: "Мына, түрмөк китепте Мен жөнүндө жазылгандай, Мен Сенин эркиңди аткаруу үчүн бара жатам, Кудайым" (Эвр. 10:7). Адамдарга Ыйса минтип айткан: "Силер Ыйык Жазууну изилдеп жатасыңар, анткени ал аркылуу түбөлүк өмүргө ээ болобуз деп ойлойсуңар. Ыйык Жазуу болсо Мен жөнүндө күбөлөндүрөт" (Жкн. 5:39).

Бардык пайгамбарчылык тексттердин Ыйсага толушу Жазуунун Кудайдын Руху менен жазылгандыгын таң каларлыктай далилдеп турат. Көбүнчө, бул фактыны танган адамдар Мессия тууралуу пайгамбарчылыктарга ылайык келген башка да тарыхый инсандар бар деп айтышат. Анткен менен, айтылгандардын бардыгы аткарылган бир да адамды табуу мүмкүн эмес.

Муну күбөлөндүрүп айтып берүүгө мага уруксат бергиле. Кийинки бир нече беттер өзүнүн мааниси боюнча бир топ илимий жана техникалык болуп көрүнөт, бирок, бул маалымат ой жүгүртүү үчүн бир топ маанилүү жана кызыгарлыктай.

## Жазуунун тактыгы

Өткөн кылымдын орто ченинде профессор, илимдин доктору Питер Стоунер "Илим сүйлөйт" деген ат менен китеп чыгарган**.** Бул эмгегинде ал Машайактын пайгамбарчылыктарын божомол-

догуч теориясынын негизинде талкуулайт. Анын айткандарына карата илимдин доктору, Х. Хэрольд Харцлер, анын “Илим сүйлөйт” деген баш сөзүнө минтип жазган:

> “Илим сүйлөйт” китебинин кол жазмасын Америкалык илимий ассоциация жана ошол эле топтун аткаруу комитети кунт коюп окуп чыкты жана профессор Стоунер ишенимдүү образда колдонгон нерселерди бүт бойдон ишенимдүү, так, негиздүү деп тапт**.**

Стоунер өз эмгегин сунуштап эле тим калбастан, анда он эки топтун алты жүз студенти чыгарган чечимди да келтирген. Алынган маалыматтар ишенимдүүрөөк болушу үчүн, өзүндөгү бар материалды абдан дыкаттык менен изилдеп чыгып, анан гана аларды майда-чүйдөсүнө чейин редакциялап чыккан. Алардын баштапкы баасы Ыйса Машайак тууралуу төмөнкү сегиз пайгамбарчылыкты камтыган:

1. Машайак Бейтлехемде төрөлүшү керек болчу (Михейдеги пайгамбарчылык 5:2 Матай 2:1-7де; Жакан 7:42де; Лука 2:4-7де ишке ашкан).
2. Машайактан мурун элчи келет (Ышайа 40:3 жана Малахия 3:1 Матай 3:1-3т; 11:10; Жкн. 1:23 тө аткарылат).
3. Машайак Иерусалимге кодик минип кириши керек эле (Захария 9:9 Лука 19:28-37; Матай 21:1-11де аткарылат).
4. Машайакты досу сатып кетиш керек болчу ( Забур 40:10догу жана 54:13-15теги пайгамбарчылык Мат 10:4; 26: 47-50; Жкн. 13:21-27де аткарылат).
5. Ыйса отуз күмүшкө сатылышы керек болчу (Захария 11:12деги пайгамбарчылык Мат. 26:15; 27:3тө аткарылат).
6. Машайакты сатып жиберген үчүн алынган акча Теңирдин үйүндөгү карапачыга ташталышы керек болчу (Захария 11:13төгү пайгамбарчылык Мат. 27:5-7де аткарылат).
7. Айыптоочулардын алдында Машайак унчукпашы керек болчу (Ышайа 53:7 деги пайгамбарчылык Мат 27:12; Марк 14:60,61; 15:3-5те аткарылат).
8. Машайак айкашкан жыгачта каракчы катары кадалышы керек болчу (Забур 21:17де; Захария 12:10 жана Ышайа 53:5,12деги пайгамбарчылык Мат. 27:38; Лука 23:33; Жкн. 19:18; Марк 15:24-27де аткарылат).

Улантаардан мурда, силерге болушу мүмкүн болгон жөнөкөй теориядан айта кетейин. Элестетип көргүлө, силерде тогуз сары жана бир ак түстөгү теннистик шар бар. Силер аны бир себетке саласыңар да жакшылап аралаштырасыңар. Анан биз бир кишинин көзүн таңабыз дагы корзинадан бир шарды алып чыгуусун айтабыз. Анын ак түстөгү шарды алып чыгышына ондон бир мүмкүнчүлүк бар. Бул жөн гана мүмкүн болушу ыктымал болгон нерсе. Мына ушундан улам, Питер Стоунер саналып кеткен сегиз пайгамбарчылык тууралуу мындай корутунду чыгарган:

> “...Мүмкүнчүлүк, мындан бир топ мезгил мурда жашап кеткен адам жана бардык сегиз пайгамбарчылык тең аткарылган адам, 1=100.000.000.000.000.000 бараба.”

Статистика абдан таң калтыра тургандай, бирок, муну математик же окумуштуу гана бардык маанисинде түшүнө алат. Стоунер укмуш бир мисалды келтирет. Эгерде бизде 1=100.000.000.000.000.000 күмүш доллар алууга мүмкүнчүлүгүбүз болсо, анда аларды кайда коёрубузду билбей калмакпыз. Аларды батыра турган имарат же кампа дүйнө жүзү боюнча табылбай калмак. Алар бүткүл Техас штатын жерден эки футка жаба алмак (60см). Бул өтө көп сандагы монеталар.

Бизге ушунча монеталарга ээ болгонубузду элестетип көрсөңөр. Келгиле анда, бир күмүш долларыбызды белгилеп коёбуз да, анан аны бүт Техастын аймагындагы монеталар менен аралаштырып көрөбүз. Анан бир кишинин көзүн таңабыз дагы, аны вертолетко отургузуп, аны менен чогуу бүт штаттын үстүнөн учабыз, анан ага кайсы жерге конорду айт дейбиз. Биз конорубуз менен ал вертолеттон чыгат да, көзү таңылган бойдон туруп ошол белги коюлган монетаны таап чыгат. Мессия тууралуу алдын ала айтылгандар капысынан дал келген дегендик, сегиз алдын ала айтылган пайгамбарчылыкты капыстан дал келди дегендик – бул, демек, бир мезгилде, пайгамбарлар маалынан азыркы күнгө чейин жер бетинде жашаган адамдардын арасынан бир адамды табуу дегендикке жатат.

Стоунер мындай жыйынтыкка келет:

“Бардык сегиз пайгамбарчылыктын бир адамга дал келиши, бул пайгамбарчылыктардын жазылышын Кудай шыктандырган деген

абсолюттуу болушу үчүн, 100.000 триллиондон бир гана мүмкүнчүлүк дал келбеди дегенди

Бул өтө таң каларлык факты. Антсе да, Стоунер алгачкы сегиз алдын ала айтуулар менен гана токтолуп калбайт. Ал Ыйсанын жашоосун алдын ала айткан Байыркы Осуяттагы дагы сегиз пайгамбарчылыкты алат (баары он алты гана).

> Ал эми, бир адамда гана ошол он алтынын аткарылышы 1ден 10дун 45 – деңгээли дегенди.

Бул сан эмнени билдирет? Бул демек, бирдиктен кийин 45 ноль турат дегендик. Ал мындайча көрүнөт:

1.000.000.000.000.000.000.000.000.000.000.000.000.000.000.000.

Стоунер мындай болушу мүмкүндүгүн көрсөтүп жатат, мен болсо аны кайрадан башкача айтып, салыштырып көрөйүн. Эгерде биз ушунча сандагы күмүш долларларды алган болсок, анда аларды жайгаштыруу үчүн жер абдан тардык кылып калмак. Алардын баарын бир катуу шар кылып бириктирүүгө туура келмек. Анан ал шар же сфера дагы жер менен күндүн аралыгындагы диаметрден алтымыш эсе көп болмок, б.а. 5,5 миллиард миль!

Ал сфера канчалык эбегейсиз экендигин элестетүүгө жардам берип көрүүгө уруксат бергиле. Мен Кудай Сөзүн окутуу үчүн башка өлкөлөргө көп учам. Биз азыр планетанын бир четинен экинчи четине токтолбостон учуп бара алгандыгыбыз таң калыштуу. Апостолдорго азыркы кылым абдан эле жакмак. Ошентсе да, эгерде биз өзүбүздүн күмүш долларыбыздан жасалган шарыбызды айлана учууну кааласак да, эч качан аны ишке ашыра алмак эмеспиз. Анткени, бир дагы адам анчалык узак жашабайт. Бизге күмүш доллардан жасалган шарды айланып токтолбостон учуп чыгуу үчүн төрт жүз жылдан ашыгыраак убакыт керек болмок! Эгерде биз пилигримдер Массачусетс штатындагы Плимутеге түшкөн күнү б.з. 1620-жылы учуп жөнөгөн болсок, анда алиге чейин тыйындан турган тармакты айланып учуп жүргөн болмокпуз.

Келтирилген бул мисал, Техас штатын жаап калган эки кабат күмүш монеталардын мисалынан айырмаланарын эске алуу керек. Бул жаңы шар толугу менен күмүш монеталардан турат.

Эми элестетип көргүлө, ошончолук салмактагы шарда, биз бир гана шарды алып белгилеп коюп, анан көзү таңылган адамга ошол белгиленген монетаны тап дегенибизди. Силер кандайча ойлойсуңар, ал белгиленген монетаны сууруп чыга алабы? Эми түшүндүңөрбү, Ыйса төрөлгөнгө чейинки Ал жөнүндө айтылган пайгамбарчылыктардын 16 сынын бир гана адамда аткарылышы кандай экенин?

Мына дагы бир мисал! Стоунер ушуну менен эле токтоп калган эмес. Ал эми 48 пайгамбарчылыкты тандап алып көргөн. Анын далилдери таң каларлык элести берет, келгиле окуп көрөлү, ал эмне деп жазганын:

> "Бул бекемдөөнү адамдык түшүнүктүн чегинен алып чыгуу үчүн, келгиле, бир эле адамда аткарылган, башында биз сегиз деп карап көргөн пайгамбарчылыктан кырк сегиз пайгамбарчылыкты карап көрөлү. Ошол эле ыктымалдык теориясынын принциптерин колдонуу менен, биз бир эле адамда кырк сегиз пайгамбарчылыктын баарынын түгөл аткарылышы, бул бир ондук 157-даражага барабар болгондугу.

Бул 1 деген сан, анан анын артында 157 ноль турат. Бул нөлдөрдү жазуунун кереги да жок. Стоунер кайрадан эле жаңы иллюстрацияны келтирүү менен, бул сан кандай экенин эстеттирип койду. Бул жолку күмүш доллар өтө эле эбегейсиз. Кичирээк өлчөмдөгү обьектиге карап көрөлү.

Электрон – бул, бизге белгилүү болгон эң бир кичинекей обьект. Электрон ушунчалык кичине болгондуктан, эгерде аларды 1 дюйм узундукка жайгаштырып, анан аларды минутасына 250 электрон ылдамдыкта санап чыгуу үчүн, он тогуз миллион жыл керектелмек. Бул абдан эле аз сан. Бул болгону бир дюймадагы бир гана сызык экендигин унутпагыла. Бул жолу мен силерди бир квадрат дюймду эсептөөгө кеткен убакыттын санын жана эсептин натыйжасын айтып кыйнабайын. Бул үчүн өтө көп убакыт кетет.

Муну унутпай эсибизде сактап турабыз да, эми 10 дун 157-даражасындагы электрондорду камтыган шар канчалык эбегейсиз экендигин сурап көрөлү. Кыскасын айтканда, бул шардын радиусу адамдар космосто көрө ала турган эң алыс аралыктан да бир топ чоң. Ал бизден он үч миллиард жарык жылда жете тургандай алыстыкта турат. (Жарык жыл – бул, саатына эмес, секундасына,

300миң километр ылдамдык менен өтө турган ылдамдык!). Эгерде, бизде он үч миллиард электрондук радиусу менен жарык жыл боло турган болсо да, биз баары бир 10 дун 157-даражасын батыра албак эмеспиз. Анын көлөмү муну бир топ жогорулатат.

Анда көзү таңылган адам ушул электрондордун арасына кирип, анан бир гана белги коюлган электронду таап чыгышы – бул, тарыхта Байыркы Осуяттын ар түрдүү авторлору тарабынан жазылган Машайак жөнүндөгү кырк сегиз пайгамбарчылыктын бир гана адамда аткарылышына барабар.

Каалайсыңарбы, мен ар кандай үч жүз пайгамбарчылыктын аткарылышы мүмкүн болгон теорияны сунуштап, улантып көрөйүн? Менимче силер: “Жок, айланайын, жок!” дейт болушуңар керек. Менин оюмча, силер да ушинтип ойлойсуңар, анткени, биздин чектелген акыл-эсибиз ошончо санды кабыл алууга алсыз, мүмкүн да эмес.

Ошентип, жыйынтык чыгарабыз. Ар кандай тилдерде сүйлөгөн, ар кайсы өлкөдө жашаган, ар түрдүү адамдар аркылуу жазылган, үч жүздөн ашык пайгамбарчылык бир гана Адамда аткарылган! Анан кантип Жазуунун чыныгы Автору Кудай Өзү дегенди танууга болот? Анын оозунан чыккан бул сөздөр мындан да көбүрөөк мааниге ээ боло алабы?

Кудайдын ар бир сөзү ишенимдүү (Накыл. 30:5ти карагыла).Так Ал Өзү, минтип айтып жатат: “... Менин сөзүм жакында аткарылышы үчүн, Мен Өз сөзүмө көз салып турам” (Жер. 1:12). Ушул себептен минтип жазылган: “Өзү айтканындай, Өз эли Ысрайылга тынчтык берген Теңир даңкталсын! Анын Өз кулу Муса аркылуу айткан жакшы сөздөрүнүн бири да аткарылбай калган жок” (1 Пад. 8:56).

Кудайдын Сөзү эрте менен чыккан күндөй ишенимдүү, Ыйса бул жөнүндө минтип айткан: “Асман менен жер жок болуп кетет, Менин сөздөрүм болсо жок болбойт” (Мат. 24:35). Биздин Жаратуучубуз Ал Кудай экендиги, Анын эрки Жазуу арылуу ачылаары жөнүндө өчүрүлгүс из калтырган.

## Абдан жашыруун

Апостол Пабылдын Тиметейге жазылган Экинчи катындагы сөздү кайталайлы (3:16): “Ыйык Жазуунун бардыгы Кудайдын Ру-

хунун жетеги менен жазылган жана үйрөтүү үчүн, ашкерелөө үчүн, оңдоо үчүн, адилеттүү болууга тарбиялоо үчүн пайдалуу". Бул сөздөрдө эч кандай деле татаалдык жоктой, бардыгы эле жөнөкөйдөй туюлат. Жазуу – бул, Кудайдын Сөзү, ага жакшы менен жаманды баалап, аныктоодо универсалдуу стандарт катары ишенсе болот. Эгерде силер өзүңөрдүн же досторуңардын, же эксперттердин, же коомдун акылмандуулугу Кудайдын акылмандуулугунан жогору деп ойлосоңор, анда мейли, ойлонуп көргүлө, анткени, Жазуу минтип айтат:

> "Кудайды издеген акылдуу адам барбы же жокпу, көрүш үчүн, Кудай асмандан адам баласын карады. Бардыгы жолдон чыгышты, бардыгы бирдей жараксыз болуп калышты. Жакшылык кылган адам жок, бирөө да жок" (Заб. 52:3,4 жаңы орусча котормо).

Биз ушул бөлүмдө талкуулап кеткендей, Кудай бизге Жазуунун тактыгы тууралуу эс-акыл чак келбегендей далилдерди берген. Забурчу бул аяттарда Кудайдын Сөзүнө туура келбеген акылмандуулук, ал жакшыдай сезилгени менен, чындыгында жийиркеничтүү жана адамдын жашоосуна зыян келтирет деп белгилеп кеткен.

Келгиле, Пабыл Тиметейге эмне дегендигин кунт коюп окуп чыгалы:

> "Сен болсо эмнени үйрөнсөң, сага эмне ишенип тапшырылса, ошону сактагын, анткени кимден үйрөнгөнүңдү билесиң. Анын үстүнө, Машайак Ыйсага болгон ишеним аркылуу куткарылууга боло тургандыгын түшүндүрүүчү Ыйык Жазууну сен бала чагыңдан эле билесиң. Ыйык Жазуунун бардыгы Кудайдын Рухунун жетеги менен жазылган жана үйрөтүү үчүн, ашкерелөө үчүн, оңдоо үчүн, адилеттүү болууга тарбиялоо үчүн пайдалуу. Ал аркылуу Кудайдын адамы жеткилең жана бардык жакшы ишке даяр болот" (2 Тим. 3:14-17).

Биз эмнеге үйрөнгөн болсок, ошого ишенимдүү бойдон калышыбыз керек. Пабыл адамдардын, психологдордун, социологдордун ойлору, же кандайдыр бир дүйнөлүк акылмандуулук жөнүндө айтып жаткан жок, ал Ыйык Жазуу тууралуу айтып жатат. Апостол өзүнүн руханий уулун андагы сөздөргө ишенимдүү бойдон калууга чакырып жатат. Ал аларды өз жүрөгүндө дайыма биринчи орунга коюу

кандай маанилүү экендигин айтып жатат. Эгерде Адам менен Обо ушундай кылышканда, биз таптакыр башкача дүйнөдө жашамакпыз.

Мындай бир нерсени элестетип көрсөңөр. Силер саякатка жөнөдүңөр, бирок, мина толгон талааны кесип өтүшүңөр керек. Ал жакта жарылып кете турган заттар эле көмүлүп калбастан, сыйгалак кум, өлтүрө турган капкандар коюлган, уулуу чөптөр, жана чуңкурлар толтура.

Бул картага силер кандайча карайт элеңер? Аны энергетикалык батончик жана суу куюлган бөтөлкө менен чогуу сумкаңарга салып коюп, бирок, жүрүштүн кыйындыгынан улам, аны унутуп коймоксуңарбы? Силер аны качан гана мүмкүнчүлүк болгондо пайдаланмаксыңарбы? Аны анда-санда гана окумаксыңарбы? Аны башында эле абдан иликтеп окумаксыңар, анан гана бардык маалыматты эске сактап алгандан кийин, аны ишенимдүү жерге катмаксыңарбы? Ушул аракеттердин кээ бирлери силердин жүрүм-турумуңарды эске салып атабы? Эгер ошондой болсо, анда силер бул талааны абдан жарадар болуп, же табытта оролуп калтырмаксыңар.

Анда мен болушу керек болгон чындыкты айтып көрөйүнчү. Акылдуу адам ал картаны алып туруп, абдан дыкаттык менен окуп-үйрөнүп, анын үстүнөн ой жүгүртүп бүткөндөн кийин гана аны абайлап гана, керектүү учурда алууга жеңил болгон, сумканын коопсуз жерине салып коймок. Саякаттын жүрүшүндө ал картага улам-улам карап жана картадагы белгилерге карата жолду тандамак. Эгерде силер ошондой жолго чыгаардын алдында турсаңар, анда ушундай кылмак белеңер?

Биз баарыбыз эле күн сайын ушундай жол менен жүрөбүз, ал эми Библия-биздин картабыз. Ушуну эске алуу менен, Кудай бизге Жазуу аркылуу эмне деп жатканын эске салалы. Мен бир нече аяттарды келтирип көрөйүн. Суранарым, аларды барактап гана карап койбогула, бирок, ар бир сөзүнө маани берип окуп чыккыла. Бул библиялык аяттар силерди өлүм коркунучу толуп турган мина талаасынан – дүйнөдөн саякаттап баратканда тирүү калууга жана зыян тартпай чыгууга эскертип жана жандандырып турат. “Абдан” жана “кунт коюп” деген сөздөргө өзгөчө көңүл бургула.

> "Байкагыла, Кудай-Теңириңер кандай буйрук кылса, так ошондой кылгыла. Андан оңго да, солго да бурулбагыла" (Мыйзам. 5:32, NLT англ. тилинен которулган).

Жазылып тургандай, биз Кудайдын кээ бир эле парыздарын эмес, баарын аткарышыбыз керек. Биз алардын баарын өзүбүзгө кабыл алып жана аларды майда-чүйдөсүнө чейин аткарышыбыз керек. Ал бизди ушунчалык сүйөт, ошондуктан, биздин жарым жолдо азап чегип же өлүп калышыбызды каалабайт. Мына дагы бир аятты карап көрөлү:

> "Ошентип, кулак сал,... жана муну так аткар, сага жакшы болуш үчүн... (Мыйзам. 6:3. NLT англ. тилинен которулган).

Биз баарын угуп жана так атакарууга аракеттенсек, баары жакшы болот. Кудай Өзү бул убадаларды берип жана Өз Сөзүн аткарууга кепилдик берет! Ошол эле нусканы биз Мыйзам Кайталоодон табабыз (8:1, 12:28, 32 жана 28:13). Кудайдын парыздарын жакшылап карап чыгуу менен, аларды аткара турган болсок, биз жашоодон толук ырахат алып, натыйжалуу болуп, эмгегибиздин үзүрүн көрүп, коомдо дагы жогорку орундарды ээлеп, эч качан артта же төмөндө болбойбуз. Кудайдын Сөзүн дыкаттык менен окуп жана аткаруу канчалык маанилүү экендигин түшүнүп жатасыңарбы?

Силер: "Болдучу, Джон бул нускоолор Байыркы Келишим мезгилиндеги, мыйзам астында жашаган адамдар үчүн берилген. Биз эми Жаңы Келишим боюнча, ырайым менен жашап жатабыз. Эмне Ыйса бизди ушул ашыкча жүктөн бошотуп койгон жок беле?" деп айтышыңар мүмкүн. Ыйса бизди албетте мыйзамдан куткарган, бирок, Кудайдын Сөзүн так аткаруудан бошотуп койгон жок. Ал биздин жашообузда эң маанилүү нерсе болуп кала берет. Байыркы Келишимде эмне деп жазылганын карап көргүлө:

> "Муса ата-бабаларыбызга мындай деген: "Кудай-Теңириңер силерге бир туугандарыңардын ичинен мен сыяктуу бир Пайгамбарды [Ыйсаны] чыгарат. Анын силерге айткандарынын баарын уккула (Элч. Ишт. 3:22, NLT англ. тилин. которулган).

Бул жерде кандайдыр бир үзүндүлөр гана эмес, бизге Ыйса эмнени айтып жатса, ошонун баарын аткарышыбыз керектиги тууралуу айтылып жатат. Апостол Жакып эмне дегендигин окуп көрөлү:

> "Жеткилең мыйзамга, эркиндиктин мыйзамына, дитин коюп, ошол мыйзам боюнча жашаган адам унутчаак угуучу эмес, аткаруучу болуп, өз иш-аракетинде Кудай тарабынан баталанат" (Жкп. 1:25, NLT англ. тилин. которулган).

Мына дагы бир насаат:

> "Сага ишенип тапшырылганды ичибизде жашаган Ыйык Рухтун жардамы менен так сакта" (2 Тим. 1:14, NLT англ. тилин. которулган).

> "Ошондуктан ишенимден тайбаш үчүн, уккан сөзүбүзгө өзгөчө маани беришибиз керек" (Эвр. 2:1, орусча жаңы котормо).

Жашоодо биз бул ишенимдүү окутуудан билбей туруп, кыйгачтап, бурулуп кетебиз. Ал тургай, анын кандай болуп жаткандыгын байкабай да калабыз. Бала кезимде мен кайыкка отуруп алып, балык улаганга чыкканымда, өзүмдүн шашмалыгымдын айынан эртерээк балыкты кармагым келгендиктен, якорду таштаганды да унутуп калчумун. Мен балык кармаганга кызыкчумун, анан жарым саат өткөндөн кийин, айланамды караганда гана, иңир кирип жер көрүнбөй калганын байкачумун. Мен этиетсиздигимден улам, аны көзгө илинбей калганда гана жээктен байкалбай гана сүзүп кетчүмүн.

Анын кадала карап тургандыгына карабастан, биз кээде чындыктан да алыстап кетебиз. Мындай абал биз Жазууну окубай калган, анын үстүнөн ой жүгүртүп жана аны аткарбай калган кездерде болот. Эгерде биз тигил же бул нерсеге көңүл койбосок, анда акыр-аягында алар биздин алдыбызда туруп эле, өңү өчүп жок болот. Биз чындыктан оңой эле жүз буруп кетебиз, ал эми, айланадагы адамдардын жана коомчулуктун үнү Кудайдын эркин алмаштырып коёт. Биз анан чындыкка өзүбүздүн бузулган баа берүүбүз менен карап, өзүбүз үчүн жакшы деп сезилген нерселерди кабыл ала баштайбыз.

Өткөн бөлүмдө биз өтө маанилүү чындыкты бекемдегенбиз: Кудайдын эрки болмоюнча, биз үчүн эч кандай жакшы нерсе жок экендигин. Силер Жазуу аркылуу Кудайдын эрки ачылат дегенге макулсуңарбы? Эгерде, ооба деп жооп бере турган болсоңор, анда пайдубал курууга убакты келди.

4

# ПАЙДУБАЛ – НЕГИЗ

...адилеттүү адам – түбөлүктүү негизде турат.
— Накыл 10:25.

Эгерде силер Жакшы Кабардын силерге
жаккан жерине ишенип, силерге жакпаган жерине
ишенбей аткан болсоңор, анда силер Жакшы Кабарга эмес,
өзүңөргө өзүңөр ишенип жатасыңар.
— Ыйык Августин.

Бул китептин үч аспекти жөнүндө эсиңерге салайын.: биринчиси – негиз тууралуу, экинчиси – жашоону бекемдеген нерсе тууралуу, үчүнчүсү жашоонун курулушу тууралуу. Мына ушул үч аспекти бүткүл китептин аягына чейин биздин көңүлүбүздө болот.

Негиз - бул, Кудай менен болгон туура мамилени куруудагы эң башкы мааниге ээ болгон нерсе болуп саналат. Эгерде силер көптөн бери ишенген адам болсоңор анда, мындан аркы айтыла турган нерселерге да өтө дыкаттык менен көңүл бургула деп айтаар элем.Мен силердин өз пайдубалыңарды бекемдөөгө эле эмес, силер лидер болуп коюлган, силер таасир эткен, аларды Ааламдын Жаратуучусу менен мамилелешүүгө чакырган адамдарга жардам берүүңөр үчүн да, колуман келген бардык аракттерди жасайм.

Ыйык Жазууда айтылган:

> “Бир да адил адам жок. Түшүнгөн бир да адам жок, эч ким Кудайды издебейт. Бардыгы жолдон чыгышты, бирөө да жарактуу эмес. Жакшылык кылган адам жок, бирөө да жок” (Рим. 3:10-12).

Жакшылык кылган адам жок, бирөө да жок. Качандыр бир мезгилде жер үстүндө жашаган бир дагы адам, же кайсыдыр бир мезгилде жер бетинде жашай турган бир дагы адам, Ыйса Машайактан башка бирөө дагы эч качан Кудайдын аныктамасына ылайык келген жакшылыкты кыла албайт. Эмне үчүн? Анткени, ар бир адам кул болуп төрөлөт. Ооба, биз силер менен кул болуп төрөлгөнбүз. Силер:

- Мен кимдин кулумун? - деп сурайсыңар.

- Күнөөнүн кулусуңар.

Жогорудан төрөлгөн адамдарга Пабыл минтип жазат: "...силер мурун күнөөнүн кулу болсоңор да, ..." (Рим. 6:17).

Кудайды укпай коёр замат Адам менен Обо өлүп калышкан. Эгерде тыюу салынган мөмөдөн жей турган болушса, аларды кандай тагдыр күтүп тургандыгы эскертилген болчу. Бул өлүм алардын физикалык өлүмүнө чейин эле болуп өткөн. Ушинтип атып мындай суроо пайда болот: Адам менен Обо мөмөнү жеген күнү кантип өлүшкөн? Өлүм алардын жашоосунун негизги бөлүгүн түзгөн бөлүктөрүнө келген. Алар Кудайдан, жашоо Берүүчүдөн бөлүнүп калууну баштан кечиришкен. Натыйжада, Анын табиятына ылайык келбеген жашоону мурастап калышкан. Ушунун натыйжасында, алардын укум-тукумдары да аларга тиешелүү болгон мурастар менен төрөлүштү жана азырга чейин ошол мурасты мурастап келишүүдө. Башталыш китебинен биз ушул чындыкка болгон бекемдөөнү табабыз: "Адам жүз отуз жашка чыкканда, анын руху, бейнеси боюнча так өзүнө окшош уул төрөлдү... (5:3, The Message, англ. тилинен которулган).

Ошол күндөн бери адамдар жакшылык деген эмне экендигин биле албай келишет, анткени, алардын ички компастары жана адеп-ахлактары кыйроого дуушар болгон. Ошол күндөн баштап адамзат күнөөнүн жетегинде гана жүргөндүктөн, жер үстүндө Кудайдын Өзүнөн башка эч ким ага эмне жакшы, эмне жаман экендигин көрсөтүп бере албайт. Кудайдын кийлигишүүсү болмоюнча, адам жакшы деген эмне, жаман деген эмне экендигин ажыратып биле албайт. Жер үстүндөгү жаңы бшкаруучу жана мыйзам чыгаруучу жылаан болуп кубулган шайтан болуп калган, ал тил албастыктын атасы.

Кудай жерди адамдын ээлигине берген, ал жерде үстөмдүк кылып башкарсын деп берген, бирок, ал өз бийлигин шайтанга берип койгон. Миң жыл өткөндөн кийин шайтан Ыйсаны тоонун чокусуна алып барып, ал жактан баарын көргөзүп, тайманбастан гана туруп: “Сага ушул падышачылыктардын баарынын үстүнөн болгон бийликти жана алардын атак-даңкын берем. Анткени ал мага берилген, мен аны кимге кааласам, ошого берем” деп айтып жатат (Лука 4:6). Анын минтип айтуусуна негиз бар болчу, анткени, чынында эле ал Эйден багында алгачкы адамдардын өзүлөрүнөн ошол бийликти алып алган эле.

Кудай Өзүнүн улуулугу менен бизди куткаруу үчүн жерге келе албайт болчу, анткени, жер адамдарга берилген эле. Алар бул бийликти жоготуп алышкандыктан, аны кайра адам гана кайтара алат болчу. Кудай Өзүнүн планы менен келди, анткени, Ал баарын, Адам күнөөгө чалына электе эле анын тандоосун да алдын ала эле билген болчу. Ал Адам кейпинде келип, адамдарды күнөөнүн кулчулугунан кун төлөп куткарып алууну чечет. Кудай, Өзүнүн аялдан төрөлгөн, Ага өзүнүн абсолюттук түрдөгү адамдык табиятын берген, бирок, Кудайдын Рухунан бойго бүткөн, Ага Өзүнүн абсолюттук түрдөгү Кудайлык табиятын берген Уулу Ыйса Машайакты жиберди. Ошондуктан да, Ыйса биз мурастап төрөлүп жаткан каргыштын кулчулугунан эркин болгон.

Ал жерде жеткилең жашоо менен жашаган. Ал эч качан күнөө кылган эмес, эч качан тил албай койгон эмес. Качандыр бир кезден бери жашаган адамдардын арасынан жалгыз гана күнөө кылбай төрөлгөн адам болгон. Ал адамдардын эркиндиги үчүн Өз өмүрүн берген. Айкашка чейин жашаган, ошол кезде жашаган жана андан кийин жашаган ар бир эркектин жана ар бир аялдын айыпталуусун Ал айкашкан жыгачта Өзүнө алган. Биздин күнөөнүн кулчулугунан бошонушубуз үчүн Ал Өзүнүн падышалык канын төккөн.

Ыйса өлүп жана көмүлгөн. Ал жерде жашап жүргөндө Кудай алдында жеткилең жашоодо жашагандыктан, үч күндөн кийин Аны Кудайдын Руху өлгөндөн тирилткен. Эми Ал:

> "Эгерде сен өз оозуң менен Ыйсаны Теңирим деп ачык таанысаң, Кудайдын Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилткенине чын жүрөгүң менен ишенсең, анда куткарыласың. Себеби адам чын жүрөгү менен ишенүү аркылуу акталат, оозу менен ачык таануу аркылуу куткарылат" (Рим. 10:9-10) деп айткан Кудуреттүү Кудайдын оң жагына отургузулду.

Биз Ыйса Машайакты өзүбүздүн Теңирибиз деп кабыл алганда кереметтүү нерсе болду. Биздин күнөөкөр табиятыбыз жана өлүмүбүз капысынан эле эрип жок болуп кетти, анын ордуна Ыйсанын табиятына окшогон таптакыр башка адам төрөлдү. Биздин физикалык денебиз эмес, рухубуз (нагыз табиятыбыз) жогорудан төрөлдү. Физикалык денебиз мурдагыдай эле денелик каалоолорго толгон, бирок, бир нече убакыт өткөндөн кийин ал жашоосун токтотот. Жаңы жашоо Кудайдын ырайым белегинин натыйжасында гана келет жана ал биздин жакшы жүрүм-турумубуз жана жакшы иштерибиз менен эч кандай байланышпайт. Чекит.

Жогоруда келтирилген библиялык аяттардан улам, бул нерсени, Ыйсаны Куткаруучум эмес, Теңирим деп айтуу керектигин белгилеп кетсек болот. Ушул жерде фундаменталдык адашуу катылып жатат, ал көбүнчө Батыш жыйындарында кездешип калат. "Теңир" деген сөз грек тилинен куриос деген сөз болуп, аны которгондо "кожоюн, ээси, жогорку бийлик" дегенди түшүндүрөт.

Ыйсаны Куткаруучум гана деп коюу, жаңы жашоо үчүн жетишерлик болбойт. Түшүнөм, биз адатта күнөөкөрлөрдү тобого чакырып жатканыбызда бул абдан кескин жана башкача угулат, бирок Жазуу так ушинтип айтып жатпайбы.

Куткаруучу деген сөз Библияда 36 жолу кезигет, Теңир деген сөз болсо – 7800 жолу кездешет. Оюңар кандай, Кудай эмнеге басым жасап жатат? Теңир деген – биздин жашоодогу Анын позициясы, Куткаруучу деген болсо, Ал биз үчүн кылган нерсе. Эгерде биз Падыша жана Теңир катары Анын позициясын кабыл ала албасак, анда Анын иштерине ортоктош боло албайбыз.

Биз кул болуп төрөлгөнбүз. Күнөө бизге үстөмдүк кылып турган. Ошентсе да, биз эркин эрк менен төрөлгөнбүз, ошондуктан биз ко-

жоюнду алмаштыруу жөнүндө бекем чечим кабыл алып жана билдире алабыз. Куткарылуу бардык адамзатка берилген, бирок, ар бир адам аны Кудайдын шарттарында өз алдынча кабыл алышы керек.

## Аралдагы түрмө лагери

Силерге бул чындыкты ачып көргөзүп берүү үчүн, ойлоп чыгарылган бир таржымалды пайдаланайын.

Элестетип көргүлө, силердин үй-бүлөңөр бүт бойдон аралдагы түрмө лагеринде, каардуу кожоюндун бийлиги алдында турат дейли. Бул арал бир кезде силердин чоң атаңарга алыскы өлкөдөгү эң бир кең пейил падыша тарабынан берилген эле. Антсе да, силердин чоң атаңар абдан одоно каталык кетирип, аны сактап кала албай калган. Каардуу кожоюн жана анын малайлары алдамчылык жол менен келип аралды басып алат да, чоң атаңарды жана анын бүткүл укум-тукумун кулга айлантып алат. Каардуу кожоюн жана анын малайлары түрмө лагерин куруп, силердин үй-бүлөңөрдүн баарын ага камап салат.

Аралдагы жашоо акырындык менен жүрүп отуруп каардуу кожоюндун жана анын малайларынын табиятына ылайык болуп, коррупцияга жана бузукулукка булгана баштайт. Натыйжада, кең пейил падыша аралды айыптайт. Ошенткен менен, силердин үй-бүлөңөргө карата болгон сүйүүсү менен, ал аралды жок кылардан мурун келип туруп каардуу кожоюн жана анын малайлары менен салгылашат да, жеңип чыгат.

Падыша түрмөнүн эшиктерин ачып туруп: "Эгерде каардуу башкаруучунун үстөмдүгүнөн баш тартып жана мага ишенимдүү болууга убада бере турган болсоңор, бүт камактагылар, эми эркинсиңер",- дейт.

Кең пейил падышанын ырайымы менен бүт тукумуңар көптөн күткөн эркиндикке жетишет. Ошентсе да, ал кең пейил падыша силерди өзүн ээрчигиле деп мажбурлабайт. Ар бир түрмөдөгү адам эркиндикке карай кадамды өзү таштašы керек. (Эгерде ошондой эркиндикти берүүнүн ордуна, падыша ага баш ийүүлөрүн талап кылган болсо, анда ал болгону тирандыктын дагы бир формасы

гана болуп калмак.) Эгерде силер эркиндикти тандасаңар, анда түрмөдөн чыгып, жакшы падышанын артынан ээрчип, анын кораблине отуруп жана анын улуу падышачылыгынын мыйзамдары менен жашап, ага берилгендердин бири болуп калышыңар зарыл. Силерге мүмкүнчүлүк берилген, бирок, жаңы падышанын шартына өзүңөр ыктыярдуу түрдө макул болушуңар керек.

Жакшы падыша силердин үй-бүлөңөрдүн куткаруучусу. Анын куткаруучу ишинен пайдаланыш үчүн, силердин үй-бүлө мүчөлөрүңөрдүн ар бири өзүн бүт бойдон ага баш ийдирүүгө макул болушу зарыл, бул демек, анын падышачылыгынын мыйзамдарына өзүн баш ийдирүү болуп саналат. Анын улуулугуна баш ийбей туруп, силердин бирөөңөр да падышанын куткаруусуна ээ болуп, аралды таштап кете албайсыңар.

Эгерде жакшы башкаруучуну ээрчүүнү каалабасаңар, жөн гана мурдагы лагерде кала бересиңер. Ошентсе да, падышанын кужурмөн кораблдери каргышка калган аралды падыша кетер менен жок кылууга дап-даяр болуп, жакын жерде турат. Күрөштө жакшы падыша жеңип чыгып жана силердин баарыңарга түрмөдөн чыгуу эркиндигин берип, түрмө эшиктерин ачып койгондугуна карабастан, ошол аралда эле кала берем деп чечкен туугандарыңардын баарын каардуу кожоюндун жана анын каракчыларынын башына келчү нерсе күтүп турат.

Мени укчу, урматтуу окурман, Кудай тозокту сен үчүн да, же бир башка адамдар үчүн да түзгөн эмес. Ал тозокту шайтан жана анын аскерлери үчүн даярдаган. Ыйса Ага баш ийбегендерди сот күнүндө эмне күтүп тургандыгын эскерткен.

> “Анан сол жагындагыларга мындай дейт: “Каргышка калгандар, Менин жанымдан кеткиле! Шайтан менен анын жиндери үчүн даярдалган түбөлүк отко түшкүлө” (Мат. 25:41).

Тозок – бул чындап эле бар жер. Ыйса асман тууралуу айткандай эле, ал тууралуу да көп жолу айткан. Ал тозок тууралуу эскертүүнү жан ачый турган нерсе деп эсептеген эмес, ал жакта чеги жок кыйноолор бар. Ал - Анын сүйүү Падышачылыгынан баш тартып кеткендердин түбөлүктүү үйү.

Ыйсанын сөзүнө караганда бул жер адамдар үчүн даярдалган эмес, бирок, тилекке каршы, биздин бабабыз Адамдын тил албастыгынын натыйжасында айыптоочу өкүмгө дуушар болгонбуз. Эми, эгерде жаңы кожоюнду тандабай турган болсок, анда шайтандын тагдыры – биздин да тагдырыбыз. Ыйса бүткүл адмзатты Кудайдын каарынан куткаргандыгына карабай, көптөгөн адамдар шайтан тарабынан айыпталат, анткени, жерде жашап жүргөн кезинде алар анын табияты менен ажырашпай коюшкандыктан, б.а. алар жамандык өкүм сүргөн аралды таштабай коюшкандыктан улам.

Силер минтип сурайттырсыңар: "Эмне үчүн Кудай Өз Падышачылыгына, адамдардын баарын эле алар кандай болсо, ошол бойдон эле киргизип койбойт?"- деп. Ыйсанынын кожоюндугуна баш ийбеген адамдар булганган, жаман руханий табиятка ээ. Алар жерди таштап кетишкен кезде да, бул падышачылыкка кирүүгө уруксаат бере турган болсо, анда алар көптөгөн күнөөсүз адамдарга зыян келтирип коюшары мүмкүн.

Так ошондуктан да, Кудай Адам менен Обону өмүр дарагынан алыскы жакка жөнөтүп салган.

> "Анан Кудай-Теңир мындай деди: "Мына, Адам Биздей болуп жакшылык менен жамандыкты билип калды. Эми ал колун сунуп, өмүр дарагынын жемишинен да жеп алып, түбөлүккө жашап калбасын". Ошентип, Кудай-Теңир аны өзү жаратылган топуракты иштетсин деп, Эйден багынан кууп чыкты" (Башт. 3:22-23).

Биз биротоло өлүк табиятты мурастап калбашыбыз үчүн, Кудайдын сүйүүсү аларды коргоп калган.

## Үстөмдүк

Батыш жыйындары Ыйсанын Теңир катары позициясына караганда, Анын бизди куткаруу ишин көбүрөөк баса белгилегендиктеринен улам, биздин негизибизде Анын бийлик позициясына карата баш ийүүбүз жетишерлик эмес. Пабыл эмне дегендигин угуп көрөлү:

> "Теңирибиз Машайак Ыйсаны кандай кабыл алсаңар, Анын ичинде ошондой жашай бергиле. Өзүңөргө үйрөтүлгөндөй,

Анын ичинде тамырлагыла, бекемделгиле...” (Кол. 2:6,7, жаңы орусча котормо).

Пабыл: “Ыйса Машайакты Куткаруучу катары кабыл алганыңарда” деп айтып жаткан жок. Биздин өмүрүбүз ага баш ийүүдө болушу керек. Жашообуз Анын куткарган эрдигинде эмес, Анын башкаруусунда болушу керек. Бул демек, биз Ага башкы, жалгыз Башкаруучубуз катары баш ийишибиз керек, мына ошондо Анын куткаруу түшүмдөрүн көрөбүз. Иш жүзүндө болсо бул нерсе анын себебин түшүнөбүзбү же түшүнбөйбүзбү, ага карабастан, Анын Сөзүнө, акылмандуулугуна, кеңешине, нускоосуна, оңдоосуна жана жетектөөсүнө баш ийишибизден көрүнүп турушу керек. Биз эми эмне жакшы, эмне жаман экендигине карата өзүбүздүн жеке баабызды берген дарактын түшүмүнөн жебейбиз. Биз эми Анда жашап калабыз – Анын жашоосу биздин жашообуз болуп калат.

Биз Лиза экөөбүз отуз жылдан ашык убакыттан бери никеде жашап келебиз. Ушул убакыттар бою мен улуу ашпозчунун жашоосунан пайда көрүп келем. Лиза бардык тамакты абдан даамдуу жасайт. Менин досторумдун кээ бирлери андан аялдарына кээ бир даамдарды үйрөтүп коюусун суранып кайрылып калышат.

Мен кээде Лизаны “кичинекей ашпозчум” деп коём. Биздин отуз жылдык никедеги жашообузда мен аны он жолудай эле ушинтип атадым, бирок, аялым деп миңдеген жолу айттым. Эмне үчүн? Анткени, бул менин жашоомдогу анын позициясы. Ал эми “мыкты ашпозчу” деген ат болсо, анын күйөөсү болгондуктан, менин андан алган пайдам тууралуу гана айтып турат.

Лиза мага тамак жасап бергени үчүн эле, мен ага тиешелүү болуп калбаймын. Биз үйлөнгөнгө чейин эле ал менин туулган күнүмдүн урматына мага эң мыкты тамакты жасап берген. Бирок, ал нерсе бизди узак, бекем мамилеге бириктирген эмес. Калган башка кыздардын баарын унутуп, ага өзүмдө болгон жалгыз гана жүрөгүмдү тартуулап, аны аялым деп атап, түзгөн келишим бизди нике түйүнүнө байлаган.

Биздин Ыйса менен болгон мамилебиз да ушуга окшош. Анын куткаруусуна ээ болушубуз үчүн, биз Анын үстөмдүгүнө-башкаруусуна

жана падышачылыгына моюн сунушубуз керек. Биз анын жетекчилигинин жеткилеңдигине, мүнөзүнө, сүйүүсүнө, ишенүү менен, толугу менен өз жашообузду Ага беребиз. Биз үчүн эмне жакшы экендигин Ал билет. Ал биздин чыныгы боштондукта жашашыбызды ушунчалык каалап турганы менен, анын бизге карата жеткилең сүйүүсү болгону менен, Ал падышалардын Падышасы, теңирлердин Теңири. Ал эч качан биринчиде эмне тургандыгына карабай, экинчи боло албайт.

Мен Америкадагы жана башка жактагы жыйындарда кызматчылардын адамдарга, Теңирди, издеп жаткандарга, Ыйса Машайактын башкаруусун эмес, Анын куткаруусун гана сунушташканын көргөм. "Силерден талап кылынган нерсе бир гана - Ыйсаны өзүңөрдүн Куткаруучуңар десеңер эле, анан Кудайдын балдары болуп каласыңар", - деп айтышат кызматчылар. Же бобосо: "Бүгүн Ыйсаны Өзүңөрдүн Куткаруучуңар катары кабыл алгыла" деп айтышат. Же дагы: "Келгиле, чогуубуз менен мындай сыйынуу менен сыйыналычы: Ыйса, менин жүрөгүмө кир, бүгүн мени куткар. Ырахмат, Сен мени Кудайдын баласы кылганың үчүн. Оомийин" деп коюшат. Ушинтип Кудайдын үйүнө чакырууларда дүйнөдөгү көнүп калган жашоону таштап, Ыйсаны ээрчип, Аны угуп жүрүү үчүн, эми мурдагы өз жолдорунан баш тартуу керектиги тууралуу эч нерсе айтылбай да калат.

Бул кат жакшыдай эле сезилет, анда Жаңы Келишимдеги кээ бир өзүнчө аяттар да бар. Ошентсе да, Жаңы Келишим бизди чын эле ошого чакырып жатабы? Кудайдын акылмандуулугу ушундабы? Же биз каттагы куткарылуу тууралуу чындыкты өзгөртүп алдыкпы, адамдарга ыңгайлаштырып алдыкпы? Биз өз баабыздын дарагынан азыктаны жаткан жокпузбу?

## Өзүнөн баш тартуу

Келгиле, Ыйса эмне деп жаткандыгын карап көрөлү. Көптөгөн адамдарга кайрылган Анын сөзү жөнөкөй жана ачык-так айтылат.

> "Ошондон кийин Ыйса эл менен бирге шакирттерин да жанына чакырып, мындай деди: "Ким Менин артымдан жүргүсү келсе,

> ал өзүнөн баш тартсын жана күн сайын өзүнүн айкаш жыгачын алып, Менин артымдан ээрчисин. Ким өз жанын сактап калгысы келсе, ал андан түбөлүккө ажырайт. Ал эми ким Мен үчүн жана Жакшы Кабар үчүн өз жанынан ажыраса, ал аны сактап калат" (Мк. 8:34-35).

Эгерде биз аны ээрчигибиз келсе, анда өзүбүздөн баш тартышыбыз керек. Чекит.

Бул эмнени билдирет? Эки мырзага кызмат кылуу мүмкүн эмес, алардын ар бири силерди ар кандай аракеттерге чакыра турган болсо, анда алардын бирөөсүнө гана ишенимдүү боло аласыңар да. Биздин али куткарыла элек денебиз бирди каалап, Кудайдын Сөзү башканы айтып жатса, эгерде биз алиге чейин жогорку Теңирибиз катары Ыйсаны ээрчүү тууралуу чечим кабыл ала элек болсок, анда оңой эле көз каранды эмес жолду тандап кетишибиз мүмкүн, Ыйсага мурдагыдай эле Куткаруучубуз деп карап жүрө беришибиз мүмкүн. Ушинтип айтып туруп эле, адашып калышыбыз мүмкүнбү?

Ошондуктан да, Ыйса минтип айткан чыгар: "Эмнеге силер Мени: "Теңир! Теңир!" деп чакырасыңар да, айтканымды кылбайсыңар?" (Лука 6:46). Башкача айтканда, текке кеткен, маанисиз жашоо эле Теңир болуп калып атат. Эгерде биз "Теңир" деп айтуу менен, ага талаптагыдай маани бербей турган болсок, анда Ыйса бизге Аны "Улуу Устат" деген жакшы деп айтып жатат. Жок эле дегенде биз Анын окуусунан бир нерсе алган болобуз жана өзүбүздү Ага тиешелүү сезбей туруп эле, Теңирим деп айтуу менен алдабаган болобуз.

Марктан Жакшы Кабар 8:34,35те жазылып тургандай, Жаңы Осуяттын көптөгөн башка аяттарында өзүнөн баш тартуу – бул күнөөкөр дүйнөдөгү "аралдан" баш тартып, жөн гана Анын артынан ээрчүү дегендикке жатпайт. Эгерде биз келе турган каардан куткарылгыбыз келсе, бул – сөзсүз аткарыла турган шарт болуп саналат. Муну түшүнүү батыштын адамдарына абдан кыйын болоорун баамдадым. Менин оюмча, мунун себеби, падышачылыктын принциптерин биз-адамдар, демократиялык көз караш менен кароого аракеттенгенибизде. Америкада жана башка батыш өлкөлөрүндө демократия өкүм сүрүүдө, бирок, Кудайга карата болгон мамиледе биз аны колдоно тур-

ган болсок, анда жеңилебиз, талкаланабыз. Ал улуттук монарх эмес (мисалы, Улуу Британиянын ханышасындай), Ал - чыныгы Падыша.

Демократия – деген бул, "элдин бийлиги; түздөн – түз эл аркылуу же болбосо, ошол эл шайлаган өкүлдөр аркылуу бийлик жүргүзөө турган саясий түзүлүш". Биз ушундай менталитет менен-биз. Ал бизге, биздин акыл-оюбузга салынган. Ошондуктан, бизге бирдеме жакпай кала турган болсо, жеке укугубуз жана эркиндигибиздин көз карашы менен, аны өзгөртүп же аны менен талашып, каршы пикирибизди айткыбыз келет.

Башкаруунун мындай түрү Америка Кошмо Штаттарында ийгиликтүү ишке ашырылат, анткени, ал плюреалисттик коомдо жашаган, өлө турган адамдар үчүн түзүлгөн, бирок, бул Кудай үчүн жат нерсе. Батыш коомчулугу бизди канчалык ийрейтип бараткан-ына карабастан, тилекке жараша, Кудай – диктатор. Ал абдан кең пейил жана жоомарт, бирок дайыма акыркы сөз Анда бойдон калат. Эгерде биз Кудай менен бараткан жолубузда демократиялык категориялар менен ойлоно турган болсок, анда анткорлук мамиледен ашыкча эч нерсеге жетпейбиз.

Чыныгы монархтын алдында жашоо башкача. Теңир жана падыша – бул жогорку бийликтин маанисиндеги синонимдер. Эгерде биз чындап эле Кудайдын артынан ээрчигибиз келсе, анда Анын падышачылыгында демократиялык принциптерди колдоно албайбыз. Анда биз жакшылык менен жамандыкты таанып-билүүчү дарактын жемишинен жеп алган Адам менен Ободон эч кандай айырмаланбай калабыз. Биз мурдагыдай эле парадды башкарып жаткан болобуз жана биз үчүн баарынан жакшы эмне экендигин өзүбүз чечип калган болобуз.

## Өз айкашыңды ал

Ыйса бизге өз айкашыбызды алууну буйруйт. Бул эмне дегендик? Бул өзүнөн баш тартуу эмес, болбосо, эмне үчүн Ыйса аны кайталамак эле? Биз буга жоопту Пабылдын Галаттыктарга жазган катынан табабыз:

> "Себеби мен Кудай үчүн жашайын деп, мыйзам аркылуу мыйзам үчүн өлгөм. Мен Машайак менен кошо айкаш жыгачка кадалгам. Азыр мен жашап жаткан жокмун, менин ичимде Машайак жашап жатат. Ал эми азыркы денедеги жашоомду айта турган болсом, мени сүйгөн жана менин ордума Өзүн курмандык кылган Кудай Уулуна болгон ишеним менен жашап жатам" (Гал. 2:19-20).

Пабыл физикалык кадалуу тууралуу айтып жаткан жок, эмесе, ал өлгөн болмок да, бул катты жаза алмак эмес. Ал Теңирди ээрчүү жөнүндөгү бир нече жылдар мурда кабыл алынган өзүнүн чечими жөнүндө айтып жатат. Пабыл өз айкашын алган болчу. Анын маанисинин сыры Пабылдын: "Эми мен эмес, бирок мендеги Машайак жашап жатат" деген сөзүндө жатат. Ар бир Кудайдын чыныгы баласынын билдүрүүсү ушундай болушу керек. Биз көз каранды болбоону жана өз баабыз менен баалаган жакшылык жана жамандыктын дарагынан жегенди токтотушубуз керек. Эми биз анда жашап жатабыз, эми жашообуздун баары андан. Биз Кудайдын күчүндө жана тил алчаактыкта жашашыбыз үчүн, кулчулуктан бошотуп, эркиндикке жеткирген айкаштан гана көз карандыбыз.

Айкаш бизге таптакыр жаңыча жашоо образын берет. Пабыл башка бир катында жазгандай: "Машайак Атасынын даңкы менен өлгөндөрдүн арасынан кандай тирилтилсе, биз да жаңыча жашашыбыз үчүн, өлүмгө чөмүлдүрүлүүбүз аркылуу Аны менен бирге көмүлгөнбүз" (Рим. 6:4). Бул жаңыча жашоо бизге мурда калтыра албай жүргөн нерселерди калтырууга жардам берет. Бизге эми күнөө үстөмдүк кыла албайт, бирок, биз өзүбүзгө ушундай жашоо образын тандашыбыз керек. Анын эркине өзүбүздү толук баш ийдирүүнү биз өзүбүз чечебиз.

Пабыл сөзүн мындайча улантат: "Машайак Ыйсага тиешелүү болгондор өздөрүнүн күнөөкөр табиятын кумардануулары жана күнөөлүү каалоолору менен бирге айкаш жыгачка кадашкан" (Галат. 5:24). Анан дагы: "Мен болсо Теңирибиз Ыйса Машайактын айкаш жыгачынан башка эч нерсе менен мактангым келбейт. Мен бул дүйнө үчүн, бул дүйнө мен үчүн айкаш жыгачка кадалган"

(Гал. 6:14). Айкаш жыгач бизге күнөөкөр денебизден эркин болууга жана дүйнөнүн күчтүү таасирине багынбоого күч берет.

Жаштыгымда, Ыйса менен жолукканга чейин мен көптөгөн туура эмес иштерди кылгам жана аларды такыр токтотуп коё алчу эмесмин. Мен кайра-кайра эле өз текебердигимди жана кумарларымды көргөзгөн үчүн өкүнчүмүн, бирок, такыр эле аларды токтотуп коё алчу эмесмин. Башка адамдарды таарынтып койчумун. Ушундай кылык-жоруктардан бошоноюн деп канчалык аракеттенбейин, ошончолук көңүлүм калчу, майнап чыкчу эмес. Мен күнөөгө байланып калган, анын менин үстүмөн үстөмдүк кылышына каршы тура албаган, үмүтсүз жанга айланып калгам. Анан Ыйса менен бириккенден кийин гана эркиндикте жашай баштадым.

> “Анткени күнөөкөр табиятыбыз жок болушу үчүн, мындан ары күнөөнүн кулдары болбошубуз үчүн, эски табиятыбыз Машайак менен бирге айкаш жыгачка керилгенин билебиз. Анткени өлгөн адам күнөөнүн бийлигинен бошотулган” (Рим. 6:6,7).

Бул аятты кыя өткөрүп жибербейсиңер деп ишенем. Ушул сөздөрдү ичкиле, анткени аларда силердин эркиндигиңердин күчү бар. Чындык дагы да таң каларлык. Айкашка кароо бизге күнөөлөрдөн көбүрөөк эркин болууну жана Ага тил алчаак болууну берет.

“Себеби айкаш жыгач жөнүндөгү сөз – өлүмгө бара жаткандар үчүн акылсыздык, ал эми куткарыла турган биз үчүн Кудайдын күчү” (1 Кор. 1:18). Мурда биз өз күчүбүз менен ишке ашыралбаган болсок, эми Анын жолунда баратып аткара алабыз. Эми биз Кудайга жага алабыз. Эми биз Ыйсаны ээрчий алабыз.

Ошентип, биз өзүбүздөн баш тартмайынча (өз жолдорубузду унутуп, Анын Кудайлык бийлигин кабыл алуу) жана өз айкашыбызды алмайынча (күнөөдөн жана дүйнөлүк иштерден сактануу үчүн, Машайактын күчүнө толуу) Ыйсаны ээрчүү мүмкүн эмес дедик. Биз Анын бизде болгон жана биз аркылуу аракеттенген кудуретине ишенип жашайбыз. Биз андан тамактанабыз. Бизге Кудайдын эң бир даңктуу куткаруу пакети берилген.

## Салтанаттуу эскертүү

Ыйса Анын кетүүсүнөн кийин куткарылууну убада кылган, бирок Анын үстөмдүгүнө баш ийүүнү талап кылбаган Жакшы Кабар бардык жерде насаатталып жана кабыл алынаары тууралуу эскерткен. Апостолдор бул нерсе Ыйсанын жерге кайрылып келерине жакын калганда, б.а. биздин күндөрдө болот деп айткан. Ыйсаны өз жашооңдун Теңири деп кабыл алуу сөзсүз-милдеттүү нерсе эмес, деп айтылган бул еретикалык (Кудайга каршы, кудайсыз) кат өтө кеңири түрдө таралат деп айткан. Аны атап коюу эле жетишерлик деп айтышат. Адамдар Аны Теңир деп айтышат, бирок өзүлөрүнөн баш тартып, айкаштарын алышпайт жана Аны ээрчишпейт. Ыйсанын бул сөзүн көңүл коюп окусаңар:

> "Мени "Теңир! Теңир!" дегендин баары эле Асман Падышачылыгына кирбейт, асмандагы Атамдын каалоосун аткаргандар гана кирет" (Мат. 7:21).

Ыйса так Анын Өзүн Теңир дегендер тууралуу айтып жатат, Мухаммедди, Джофа Смитти, Будданы, Кришнаны, Конфуцийди же жана башка пайгамбарларды атоочулар жөнүндө айтып жаткан жок. Жок, бул адамдар Ыйсаны тайманбастан эле туруп өзүлөрүнүн Теңири деп аташат.

Эмне үчүн Ыйса бул аятта Теңир дегенди эки жолу колдонуп жатат? Жазууда бул же тигил сөз бекер жеринен кайталанбастыгын билебиз. Автор маанисине басым жасап жатат. Ошентсе да, бул жерде кайталанган сөз анын маанисин гана түшүндүрүп калбайт, бул жерде эмоционалдык абал да көрсөтүлөт: "Падыша болсо жүзүн жаап алып, өкүрүп жатты: "Уулум Абышалом! Абышалом, уулум, уулум менин!" (2 Шем. 19:4). Дөөт "уулум менин" деген сөздү эки кайталады деп ойлобойм. Дөөт канчалык кайгырып жаткандыгын окурман сезсин деген максатта ушул таржымалды жазып жаткан адам эки жолу кайталап жазды болуш керек.

Аян китебинде да ошондой кайталоолор бар: "Анан мен асмандын ортосунда учуп келе жаткан бүркүттү көрдүм жана анын катуу

үн менен мындай дегенин уктум: “Жер үстүндө жашап жаткандарга кайгы, кайгы! Үч periште тарта турган калган сурнайлардын үнү чыкканда, алардын башына кайгы түшөт” (Аян 8:13). Башка котормолордо болсо, периште катуу үн менен кыйкырды деп турат. Бул жерде да автор эмоциналдык абалды билсин деп кайталап жатат.

Устат адамдар Ага көргөзө турган терең сезимдер тууралуу айтып жатат. Алар Ыйса Машайакты Кудайдын Уулу деп гана калып калышкан жок, алардын ишенимдери кызганычка жана чаңкоого толгон. Бул адамдар Ага кубаныч менен кайрылышып, өз ишенимдери тууралуу күйүп-жанып күбөлүк айтышып жана кызматтарда ыйлашат. Алар Машайакка чын жүрөктөн берилип эле калышпастан, Анын кызматына катышышат:

> “Ошол күнү миңдеген адамдар Мага сыймыктанып келишип: “Устат, биз Кабарды насааттадык, биз жиндерди куудук; бизге Кудайдан берилген иш тууралуу айланадагылардын бардыгы айтып жатышты” (Мат. 7:22, The Message, англ. тилинен которулган).

Мен бул жерде The Message котормосун колдонуп жатам, анткени ал котормодо адамдар жөн гана байкоочу болушпагандыгы баарынан жакшы көрсөтүлөт. Алар жыйындын иштерине түздөн-түз катышышкан жана колдошкон. Алар өз ишенимдери жөнүндө катуу үн менен жарыялашкан: “Биз Каттарды насааттадык” дешип. Алар адамдардын жашоосун жакшы жагына өзгөртүү үчүн эмгектенишкен.

Библиянын башкача айтууда The Message миң деген сөз колдонулат. Ошентсе да, көптөгөн котормолордо көп деген сөз колдонулат, грек тилинен которгондо po*lus деген* – бул, демек “көп сандагы же сумма” дегенди билдире. Бул сөз көбүнчө “баарынан көп” деген да маанини берет. Кандай болгон күндө да, Ыйса бул жерде аз эмес, көп сандагы адамдар тууралуу айтып жатат. Жалпы сандын көп бөлүгү тууралуу айтылып жатат.

Келгиле, жыйынтык чыгаралы. Ыйса Жакшы Кабар окутуусуна ишенген адамдар тууралуу айтып жатат. Алар Аны Теңир деп аташат, Кабарды жарыялашат, машайакчылык кызмат менен активдүү алектенишет. Аларды карап туруп чыныгы машайакчылар экен-

дигин оңой эле биле аласың. Аларды эмне бөлүп турат? Алар чыныгы ишенгендерден эмнеси менен айырмаланышат? Ыйса бизге минтип айтып жатат:

> "Ошондо Мен аларга: "Мен силерди эч качан таанычу эмесмин. Менин жанымдан кеткиле, мыйзамсыз иш кылуучулар", - деп айтамын" (Мат. 7:23).

Бул жердеги эң негизги сөздөр – мыйсамсыз иштерди кылуучулар. Тейердин "Жаңы Осуяттын грек-англис сөздүгүндө" минтип айтылат: мыйзамсыздык деген – бул мыйзамды бузгандык же аны билбегендик. "Библиялык сөздөрдүн энциклопедиясында" бул түшүнүк anomia деген сөздүн кошулушу менен дагы да кеңеет, ал "адеп ахлактын принциптерине каршы келген же кудайлык нерселерди ачыктан ачык бузуучу аракеттер" дегенди түшүндүрөт. Жөнөкөй сөз менен айтканда, - мыйзамды бузган адам, Кудайдын Сөзүнүн кадырына баш ийбеген адам дегенди билдирет.

Мындай эркектер менен аялдар дайыма Кудайдын Сөзүн четке кагышат, ага этиеттик менен мамиле жасашпайт. Эгерде алар чындап эле куткарылышкан болсо, анда күнөө тууралуу ойлордон жийиркенип гана калбастан, дайыма эле чалына берген күнөөлөрүнөн арылганга ар кандай ыкмалар менен аракеттенишмек. Алар өзүлөрүнүн денесин ар кандай күнөөлөрү жана кумарлары менен кошо кадап, такыбаа жүрүм-турумга аракеттенип жана өз жашоолоруна түшүм алып келгенге аракеттенишмек.

Ыйса бир кезде аларга айта турган сөзүн: "Мен силерди эч качан билген эмесмин" деген сөзүн белгилеп кетүү керек. Билген деген сөз, гректин ginosko деген сөзүнөн которгондо "жакындан билүү" дегенди түшүндүрөт. Бул адамдар Ыйса менен эч качан жакын мамиледе болушкан эмес. Аны Теңир, Устат деп айтышканы менен, бул алардын кайрылуудагы гана сөзү. Анткени, алар Ал айтканды аткарып жатышкан жок да. Аны менен чыныгы мамиледе болуу – бул, демек Анын айткандарын аткаруу.

> "Осуяттарын аткарганыбыздан улам, Аны таанып билгенибизди билебиз. Ким: "Мен Кудайды таанып билдим", – десе, бирок,

Анын осуяттарын аткарбаса, ал жалганчы, анын ичинде чындык жок" (1 Жкн. 2:3,4).

Ушул эле сөздү Жакып да айтат: "Бирок кимдир бирөө минтип айтышы мүмкүн: "Сенин ишенимиң бар, ал эми менин иштерим бар. Мага ишсиз ишениминди көрсөт, мен болсо сага иштерим аркылуу ишенимимди көрсөтөйүн" (Жкп. 2:18). Бул Ыйсанын сөзүнө толугу менен дал келет: "Демек, аларды жемиштеринен билип аласыңар" (Мат. 7:20, The Message, англ. тилинен которулган). Ыйса айтып жаткан иштер машайакчылык кызмат менен, Жакшы Кабарды насааттоо менен же жыйынга келүү менен эч кандай байланышы жок, анткени падышачылыкка кирбегендер деле аларды кылышат.

Тим Келлер Ыйсанын сөзүн мындай деп сүрөттөйт:

"Бул сөздөр өтө курч угулат. Бул адамдар интеллектуалдык жактан шыктандырган, эмоционалдык жактан сыйлап жана социалдык жактан куткарылуу тартуулоочу ишенимге ээ. Биз баарыбыз эле ушундай ишенимге ээ болгонду каалайбыз. Биз интеллектуалдуу шыктанууларды, эмоционалдык жактан толууну, социалдык жактан пайдалуу болууну каалайбыз, бирок Кудайды каалабайбыз... анткени, эгерде чынында эле биздин жашообузда Кудай бар болсо, анда өз эркибизди толугу менен Ага баш ийдиришибиз керек. Ошентип, биз Кудайды пайдалангысы келген адам менен Кудайга кызмат кылгысы келген адамдын айырмасын билип алабыз.

Кудайды колдонуу – демек, Аны өз пайдаң үчүн издөө, ал тургай, эптеп эле Асманга "өткөзүү (пропуск)" алуу максатында болсо да. Кудайга кызмат кылуу деген болсо – демек, бул жерде кыймылдаткыч күч Ага карата болгон сүйүү болгондугунда болот. Эгерде биз Аны сүйсөк, Анын парыздарын аткарабыз.

Азыркы күндө көбүнчө адамдар Ыйсаны Теңирим деп атагандарды, Анын окутуусуна ишенгендерди, эмоционалдык жактан толо күч-кубатка ээ болгондорду жана машайакчылык кызматка активдүү катышкандарды Кудайдын баласы деп айтышат. Ошого карабастан, Ыйсанын сөзүнөн биз баамдагандай, чыныгы ишенүүчү болуш үчүн бул сапаттар эле жетиштүү болбойт. Чыныгы ишенген

адамдан бул сапаттардын баарын таба аласыңар, аларга ээ болбой туруп, кантип ишенген адам болмок эле. Ошентсе да, аларга ээ болуп коюу эле, демек Кудайдын чыныгы баласы болуу дегендик эмес. Эң негизгиси - өзүнөн баш тартып, айкашы алып жана Анын артынан ээрчүү керек. Эң негизгиси - Асмандагы Атабыздын сөзүнө тил алчаак болушубуз керек.

Бул тема Ыйсанын белгилүү тоодогу насаатында аягына чыккан, анын аягына Ал Өзү таң каларлык мындай сөздөр менен чекит койгон.

> "Ким Менин ушул сөздөрүмдү укса жана аткарса, ал үйүн таштын үстүнө курган акылдуу адамга окшош. Шамал согуп, жамгыр төгүп, өзөндөр ташып, ал үйдү каптады. Бирок, үй кулаган жок, анткени ал үй таштын үстүнө курулган эле. Демек, ким Менин ушул сөздөрүмдү укса, бирок аткарбаса, ал үйүн кумдун үстүнө курган акылсыз адамга окшош. Шамал согуп, жамгыр төгүп, өзөндөр ташып, ал үйдү каптады. Ошондо үй кулап, чоң кыйроого учурады" (Мат. 7:24-27).

Бул үлгүлүү аңгемеде "демек" деген сөз менен калганын байланыштырып, асманга кирээрге уруксат берилбей кала турган көптөгөн адамдарга Ал эскертип жатат.

Эгерде карап көрө турган болсок, накыл сөздө айтылып жаткан бул эки группадагы адамдардын ортосунда анчалык деле чоң эмес ажырым бардай сезилет. Тигилер деле, булар деле Кудайдын Сөзүн угушат, бирок биринчилери "аткарышат", экинчилери "аткарышпайт". Эки үй тең бир эле материалдан – окутуудан жасалган. Биринчи үй Ыйса Машайактын жетекчилиги менен курулган, экинчи үй жакшы менен жаманга карата адамдык баа берүү менен – ошол эле Адам менен Обо кайрылган философиялык "даракка" кайрылуу менен курулган.

Ошол бакта болгон күнөөгө чалынуу азыркы күнгө чейин улам-улам кайталанып жаткандыгы өкүнүчтүү. Ал башкача көрүнүшкө ээ, бирок тамыры баягы эле. Кайра эле бардыгы бул жерден бириге: *кантип эле биз туура жашаганды өзүбүз эле эң жакшы билебиз деп ойлойбуз же муну бизге караганда Кудай мыкты билет деп ишенебизби?*

5

# КААЛООНУН БОЛУШУ ЭЛЕ ЖЕТИШТҮҮБҮ?

Эми бул ишти башында кандай даярдыкка жана
каалоого ээ болсоңор, ошондой каалоо жана даярдык
менен аягына чыгаргыла....
— 2 Корунттуктарга 8:11 (кеңири котормо)

Руханий акылмандуулуктун алтын
эрежеси – интеллектиде эмес, тил алчаактыкта.
— Освальд Чемберс

Элестетип көрсөңөр: жаш жигит кыз менен жолугушуп жүрөт дейли. Ал кишини өзүнө тартып турат, күч-кубаты ашып турат, жыйнактуу, тамакты даамдуу жасайт, балдарга да жакшы мамиле кылат, эң негизгиси анын мүнөзү керемет. Жигит аны сүйөт жана бүт өмүрүн аны менен чогуу өткөргүсү келет. Анан бир кереметтүү күнү жаш жигит абдан даярданып, кыздын алдында тизелеп туруп, анча чоң эмес кутучадан бриллиант бастырылган жаркырап турган шакекти алып чыгып, сунушун айтат.

Аны таң калтырып, кыздын жүзү жылмаюуга толуп, кубанычтан кыйкырып, көзүнөн жаш шорголоп, анан бир аз өзүнө келгенден кийин, жигерденген үн менен: “Макул! Макул! Макул! Акылымдан ажырап кетем го! Ишене да албай турам. Бул менин жашоомдогу эң бактылуу күн. Мен сени ушунчалык катуу сүйөм! Ооба, мен сага күйөөгө чыгам!”- дейт.

Бакыттан башы айланган алар бир-биринин кучагына бой урушат, анан кыз анын көздөрүнө карап туруп ушунчалык чын жүрө-

гүнөн мындай убадаларды берет: “Биз абдан бактылуу болобуз. Мен эң жакшы аял болом, үйдө жайлуулуктарды түзөм, сонун кожейке болом, сен үчүн жана балдарыбыз үчүн даамдуу тамактарды жасайм, сергек жашоону кечирем, дайыма келишимдүү кийинип жана сага сүйүү сунам”,- деп айтат.

Жаш жигит анда: “Мына сага! Кандай гана жакшы! Мен жер үстүндөгү эң бир бактылуу жигит болсом керек” деп ойлойт.

Андан кийин ал жигитти сактанууга түрткөн дагы бир сөздөрдү айтат: “Албетте мага жаккан башка жигиттер деле бар. Бирок, мен мезгил-мезгили менен аларга да жолугушуп турам.”

Жаш жигит таң кала: “Андай болбойт” дейт.

“Эмне үчүн, кымбаттуум?”

Жигит алапайын таппай калат. Кубанычтуу окуялардын баары талкаланат. Тамшануу жоголот. Анын оюна булар келет: “Бул тамашалап жатат? Мындай иштерди да тамашалаган болчу беле, айрыкча мен сунуш киргизгенден кийин?”

Ыңгайсызданган жымжырттыктан кийин, ал бактылуу ирмемдерди кайтаргысы келип, ага муну сунуш кылат: “Макул анда, башка дос балдарым үчүн бир жылда бир эле күн бөлүнсүн. Мен сага бүт бойдон 364 күнүмдү тартуулайм. Болгону бир күн гана өзүмдү аларга берем”.

Жаш жигит угуп аткан кулагына ишене албайт. Анын тамашалабай эле, чындыкты айтып жатканы көрүнүп турат. Жигит кайрадан: “Болбойт, бул да болбойт” дейт.

Ал эмне кылаарын билбей кетет, бирок жигитти ушунчалык сүйгөндүктөн, ага дагы да пайдалуураак болгонду сунуштап көрөт: “Макул, жылына 4 саат гана болобу анда? Болгону жылына төрт гана саатты мен башка эркектер менен өткөрөм”.

“Жок!” деп күйөө биринчи жолкуга караганда да тырышчаактык менен жооп берет.

Кыз да ого бетер жалынат: “Жыйырма мүнөт болобу? Бир гана жолу башка эркек менен төшөктө болууга мага уруксат бер!”

“Жок!”

Эптеп туңгуюктан бир жол табуу үчүн колукту күйөөдөн сурана баштайт: “Кымбаттуум, мен сени аябай сүйөм. Мен сени башкалар-

дын баарынан өйдө баалайм. Бирок, менде ушундай муктаждык-талап бар. Мен бир гана эркекке тиешелүү боло албайм. Мен сага чындап ишенимдүү болгум келет, башка эркектер менен мамиледе болбостон, бирок кел, жашоого реалдуу карайлы. Дүйнөдө ушунчалык көп жакшы жигиттер бар, алардын мамилеси мага абдан жагат. Эмнеге анан алардан баш тартышым керек? Эмне үчүн сени менен болуп, анан ошол эле кезде алар менен да кичине болуп койгонго болбосун?"

Жигит ушунчалык көңүлү калгандыктан, эми ага жооп бере албай да калды, болгону башын чайкап гана отуруп калды. Бир нече секунддар өткөндөн кийин кыз кайра ага мындай дейт: "Мен сени менен чынчыл болгум келсе, сен эмнеге мынчалык көптү сурайсың. Мен жашоодон толук ырахат алгым келет" .

Жигитке ушул эле жетиштүү болот да, минтип айтат: Бул мүмкүн эмес. Биз үйлөнбөйбүз, эми жолугушпайбыз дагы".

Алар эки жакка тарап кетишет.

Келгиле, ушул кырдаалды карап көрөлү. Жаш жигит эң сонун мүнөзү бар, эң жакшы кызды табат. Кыз тиричиликке тың, жигитти сүйөт, көп убактысын, жакшы нерселеринин көпчүлүгүн аны менен бөлүшкүсү келет. Ал жигиттин күйөөгө чык мага" деген сунушуна жогорку кубаныч менен макул болду. Баары сонун эле баратат. Ал болгону эле жылына жыйырма минута башка жигиттер менен болгусу келет. Жигит ушул вариантты тандаса болбойт беле?"

Жооп көрүнүп эле турат: кыз ага өзүнүн бүткүл өмүрүн жана жүрөгүн арнаганга али даяр эмес. Кыз эмне туура экендигин билет, ал тургай өзү да ошону каалайт, бирок башка эркектер менен ушунчалык тыгыз байланышып калган.

Бир дагы акыл-эси ордунда болгон жигит мындай кызга үйлөнүүнү каалабайт. Анан ушундай жүрүм-туруму бар колуктуга Ыйса келеби? Келгиле, Анын сөзүн дагы бир жолу окуп чыгалы:

> "Ошондон кийин Ыйса эл менен бирге шакирттерин да жанына чакырып, мындай деди: "Ким Менин артымдан жүргүсү келсе, ал өзүнөн баш тартсын жана күн сайын өзүнүн айкаш жыгачын алып, Менин артымдан ээрчисин. Ким өз жанын сактап калгысы келсе, ал андан түбөлүккө ажырайт. Ал эми ким Мен үчүн жана Жакшы Кабар үчүн өз жанынан ажыраса, ал аны сактап калат" (Марк 8:34,35).

Көңүл бурсаңар, бир эле жолу өз жашообузду сактап калууга болгон аракет, баарына татып кетет. Ыйса: "Ким өз жанын сактап калса, ал сактап кала алат" деген жери жок. Колуктусу бүт өзүн толугу менен күйөөсүнө бергиси келген, сүйүшкөн эки жаштын таржымалындай, бул жерде да өз жашоосун сактап калууга болгон бир эле калоонун болушу баарын бузуп салат.

Ааламдагы эң бир керемет Инсан менен мамиледе болуш үчүн, Ага толук бойдон өзүн берүү керек, демек Ага бар тараптан баш ийүү керек. Кызык, Библия Кудай менен болгон өз ара мамилени күйөөсү менен аялынын ортосундагы мамиле менен салыштырат. Пабыл минтип жазат:

> "Ошондуктан адам ата-энесин таштап, аялы менен биригет. Ошентип, экөө бир дене болот. Бул сыр аябай терең, менин айтканым Машайакка жана Жыйынга тиешелүү. Силерге тиешелүүсү болсо бул: күйөөсү аялын өзүн сүйгөндөй сүйсүн, аял болсо күйөөсүн урматтасын" (Эф. 5:31-33).

Пабыл бул насаатты жубайлык мамиледегилер үчүн айткан, ошого карабастан, ал биздин Ыйса менен болгон мамилебизге да тиешелүү. Бир дагы эркек ага бүт бойдон өзүн берем деп айтып, бирок аны аткарбаган аялга үйлөнбөйт. Ыйса башкача деп ойлойсуңарбы же? Жакып минтип жазган:

> "О, ишенимсиздер жана Кудайды алмаштыргандар! Бул дүйнө менен болгон достук Кудайга каршы кастык экенин билбейсиңерби? Бул дүйнө менен дос болууну каалаган адам Кудайдын душманы болуп калат" (Жкп. 4:4 жаңы орусча котормо).

Ушул пунктту эки жолу белгилөө менен, ал ошого акцент жасап жатат. Бул майда-барат нерсе эмес, бул Кудай менен болгон мамиледеги эң бир маанилүү бөлүк.

Чыккынчы – бул, бир адам менен келишим түзүп алып, анан башка адам менен мамилелешип, келишимди бузган адам. Мындай адам эки кишинин ортосунда түзүлгөн келишимге өзүн арнаган эмес.

Теңир Ыйса Машайак менен келишим түзүү менен, биз өзүбүздү курчап турган чөйрөдөн чыгып, Аны ээрчүүгө милдетте-

небиз. Бизден талап кылынганы - Ага болгон тил алчаактыкка толугу менен макул болуу. Бул демек, Анын эркин кабыл алуу жана өз эркибизге караганда, Анын эркин аткарууга күчтүүрөөк аракеттенүү. Өз жашообуздун ордуна биз, Анын жашоосун кабыл алабыз. Эркек менен аялдын ортосундагы нике так ушинтип түзүлөт.

## Мен өз каалаганымдай жашагым келет

Көптөгөн адамдар эгерде өзүлөрүнүн мурдагы абалдарын сактап калышкан болсо, куткарылуу артыкчылыгын кубаныч менен эле кабыл алышмак. Кудайдын артынан ээрчиш үчүн, көп нерселерди калтырууга туура келерин көпчүлүгү эле билишет, бирок ошол бааны төлөгүлөрү келишпейт. Алар Кудай алдында да, өзүлөрүнүн алдында да чынчыл болуп жатышат.

Бир кезде менин кошунам бар эле (аны Кевин деп атап коёюн). Ал ушундай адамдардын катарына кирер эле. Ал бүткүл дүйнөлүк рестлинг федерациясынын жылдызы, спортсмен болчу. Ал үй-бүлөсү менен биздин көчөдө, бизден 3 үй ар жакта жашар эле. Алар биздин районго көчүп келишкенде, анын аялы бизден оолак жүрүүнү ага эскерткен экен. “Булар - Ыйсанын фанаттары” деп.

Эки айдан кийин ал аял катуу приступтун айынан көз жашын көлдөтүп, Лизанын кучагында турду. Бул окуя менин аялыма Ыйса тууралуу аларга айтып берүүгө жол ачты. Спортсмендин аялы куткарылууга жетти. Андан көп өтпөй эле, алардын эки уулу да өзүлөрүн Ыйсага арнашты.

Биз ал үй-бүлөө менен мамилелешкенди уланта бердик, акыр-аягында Кевин менен жакшы достордон болуп калдык. Биз алар менен көп убакытты бирге өткөрүп, уулдарыбыз менен бирге баскетбол, көчө хоккейин жана гольф ойноп жүрдүк.

Бир жолу Кудай мага Кевиндин жашоосунда боло турган бир нече окуяны көргөздү. Кечки он болуп калган, бирок мен ошол нерсени кийинкиге калтырбай, алар менен сүйлөшүүнү чечтим. Кевин эшикти ачканда, мен алдыдагы тогуз айдын ичинде аны кандай үч окуя күтүп тургандыгын айттым.

Анан баары ошондой эле болду окшойт. Анан мен: "Эми Кевин сөзсүз түрдө жашоосун Ыйсага арнайт болуш керек" деп ойлодум. Бирок, анын жашоосунда, мурдагыдай эле эч кандай өзгөрүү болгон жок.

Бир нече ай өткөндөн кийин Кудай анын жашоосунда боло турган дагы бир нерсени көргөздү. Мен бул тууралуу аны менен кайрадан сүйлөштүм. Бул жолу мен түз эле: "Кевин, Кудай сенин жашооңдо боло турган үч нерсе тууралуу айтты. Ал сага кантип кайрылып жаткандыгын көрүп турасың. Эмнеге сен өз жашооңду Ыйсага арнабайсың?" дедим.

Кевиндин бою 6 фут, 4 дюйма, салмагы 249 фут болгон, денесиндеги майы болгону 4% гана болгон. Өзүнүн сырткы кебетеси менен ал ар кимдин эле жүрөгүн түшүрмөк. Ал мени башыман бутума чейин карап туруп, минтип айтты: "Анткени мен билемин, ал үчүн кандай баа төлөнүш керектигин. Мен билем, Ыйсага өмүрдү тапшырып жана Ага баш ийүү керектигин, бирок мен өз жашоо образымдан баш тартууга даяр эмесмин".

Андан кийин ал минтип кошумчалады: "Джон, биздин уюмда абдан белгилүү бир спотртсмен бар. Ал жогорудан төрөлгөн машайакчымын дейт, ал сен интервью берген телеберүү аркылуу Кудайдын сөзүн насааттайт. Ошол эле кезде, ал баңги заттарын кабыл алат жана жыныстык байланыш жактан башаламан жашоодо жашайт. Айтчы, ал менден эмнеси менен айырмаланат? Мен ага окшоп эки жүздүү болгум келбейт. Мен беткап кийип алып, калп жашагандан көрө, жашоонун бардык жыргалчылыгын көрүп, мурдагыдай эле жүрө бергим келет".

Анын таржымалы биринчи жолку жаңылык болуп жатпаса да, досумдун сөзү менин жүрөгүмдү абдан оорутту. Дүйнөдө жыйынга барып, Ыйсаны өз Теңирим деп айткан адамдар көп эле бар, бирок алар өз жашоолорун Кудайга толугу менен арнашкан жок. Алар куткарылганбы анан?

Жыйында Кудайдын баласы болбой туруп, жаңы адамдар төрөлүшөбү? Ыйса мурдагы лидерлерге минтип айткан: "Мыйзам окутуучулар жана фарисейлер, эки жүздүүлөр, силерге кайгы! Ишениминңерди бир адам болсо да кабыл алышы үчүн, жер-сууну

айланып чыгасыңар. Кабыл алгандан кийин, аны өзүңөрдөн эки эсе ашып түшкөн оттуу көл уулуна айландырасыңар" (Мат. 23:15, The Message, англ. тилинен которулган). Мен батыш жыйынынын лидерлери тозоктун балдары дегим келген жок. Антсе да, сурагым келет: биз кандайларды көтөрүп жатабыз?

Эгерде биз Кудайды издеген адамдарды Ал үчүн өз жашоолорун таштоого чакырбасак, анда жаңы кайрылган адамдар алардын жашоосунда баары жайында экен, эч нерсени өзгөртүүнүн кереги жок, аларга ушундай жашоодо деле түбөлүк жашоо убада кылынган деп жүрө беришет. Жаңы кайрылган адам белгилүү болгон "күнөөкөрдүн сыйынуусун" кайталагандан кийин, ошол эле ирмемде анын абийири таптаза болуп калды. Теориялык жактан алып караганда, эми аны эч нерсе Кудайдан бөлүп коё албайт. Мындайлар ишенгендердин коомуна тиешелүү болуп, алар менен тыгыз байланышта болот. Алар жакшылыкка умтула баштагандай көрүнөт да, социалдык жактан адилетсиздикке кабылгандардын, жакырлардын, кедейлердин тагдыры үчүн кам көрүүгө катыша башташат жана волонтёрдук долбоорлорго катыша башташат. Андан тышкары, алар шыктандырган окутууларды жана асман жөнүндөгү убадаларды уга башташат – көпчүлүгү ээ болгон кызыктыруучу пакеттер пайда болот.

Бирок жаңыдан кайрылган бул кишилер чын эле куткарылышканбы же алар адашып жүрүшөбү, анан ошондуктан да, бардык чындыкты уккулары келбей жатышабы? Бул Матайдан Жакшы Кабарда, 7-бапта Ыйса айткан: "Менден алыс кеткиле, Мен силерди эч качан билген эмесмин" дегенди эске салган адашкандарбы?

## Биздин каттарыбыз Ыйсанын каттарына окшошобу?

Ыйса күнөөкөрлөргө ушундай мамиле кылабы? Келгиле анда, жаш, бай жигиттин таржымалына карап көрөлү. Ал тууралуу жаш, бай лидер болгон деп көп айтылат.

Бир нече жыл мурда мен АКШдагы ири жыйындардын эки жүзгө жакын лидерлери чогулган конференцияда насаат айтып калдым. Мен аларга: "Келгиле, жаш, таасирлүү, бай жигит Ый-

сага келгенин элестетип көрөлү. Ал “роллс-ройс” лимузининен, “Армани”нин кымбат костюмун кийип, “колунда жаркыраган “Ролекс” саатын тагып түшсүн дейли. Ал өзүн кармап, жеңил гана бой көтөрүү менен: “Жакшы Устат, куткарылышым үчүн мен эмне кылуум керек?” деп сурасын.

“Кандай деп ойлойсуңар, бул ушул сыяктуу көрүнүшү мүмкүнбү?” – деп сурадым пасторлордон. Тилекке каршы, алардын көпчүлүгү макулдугун айтып, кол көтөрүштү.

“Бирок, Жазуу таптакыр башкача айтып жатпайбы болгон окуяны”, дедим да, окуй баштадым:

> “Ыйса жолго чыкканда, бирөө чуркап келип, Анын алдына тизелеп жыгылды да: “Жакшы Устат! Түбөлүк өмүргө ээ болуу үчүн, эмне кылышым керек?” – деп сурады..” (Мк.10:17).

Көптөгөн адамдардын көз алдында ал адам Ыйсага чуркап келип, анын алдына тизелеп жыгыла, Андан куткарылуусу үчүн эмне кылаарды жалдырап суранды деп турат. Анда бой көтөрүүнүн көлөкөсү да жок.

Анан мен бул көрүнүштү кантип жакшылап көргөзүү керек деп ойлондум. Лидерлердин бирин сахнанын бир жагына, менин карама-каршы жагыма туруусун өтүндүм да, болушунча тездик менен ага чуркап бардым. Жарым метрдей аралык калганда тизелей чөгөлөдүм да, анын пиджагына жармашып, катуу үн менен: “Мен куткарылышым үчүн эмне кылышым керек? Түбөлүк жашоону мурасташым үчүн мен эмне кылышым керек?” дедим.

Ушул күнгө чейин мен өз жашоомдо дагы, кызматымда дагы бир дагы адамды, байды да, кедейди да чуркап келип, тизе бүгө кыйкырып: “Мен жогорудан төрөлүшүм үчүн эмне кылышым керек?” дегенин көргөн жокмун. Ал жаш жигит чын ниеттен, жана ушунчалык жигердүү айткандыгы талашсыз.

> “Ыйса ага: “Мени эмнеге жакшы дейсиң? Кудайдан башка эч ким жакшы эмес” (Мк. 10:18) деди.

Мен буга чейин айтканымдай, ал жигит Ыйсага “Жакшы Устат” деп, сый көрсөтүү менен, Андан жагымдуу жооп алам деп үмүттөн-

гөндүр. Куткарылууну бул адамдын көз карашы менен бааланган жакшы менен жамандын деңгээлине "түшүрүүгө" мүмкүн эмес.

Башка жагынан алып караганда, ал абдан чынчыл болгон. Ал Ыйсаны Теңир же Падыша деп атаган жок. Эгерде ал Аны ошентип атай турган болсо, анда Ыйса андан сурай турган нерсени так ошондой кылып аткарууга туура келерин ал түшүнгөн. Бүгүнкү күндө көптөгөн адамдардын мүнөзү ушундайбы? Адамдар Ыйсаны Теңирим деп атай алышат, Библияга ишенерин да айта алышат. Бирок, ошол эле кезде өз жашоолорун Жазууда Теңир алардан талап кылгандай, баарын туура аткаруу менен карабай, өзүлөрүнүн жакшылык менен жамандыкты жеке баалоолору аркылуу көрүшөт. Алар Библиядагы окутууларга жылмайып, баш ийкешет, бирок алардын максаттарына ылайык келбесе, анда жашоолоруна да ылайыксыздай сезишет. Алар угушканы менен, Рух аларга эмне деп атканын кабыл алышпайт. Алар көбүнчө жиберилген сөздөр алардын өзүлөрүнө караганда бир топ "жаманыраак", башка адамдарга көбүрөөк ылайык келгендей көрүшөт.

Ыйсанын түбөлүк өмүрдү ушунчалык каалаган адамга эмне деп жооп бергенин уксаңар:

> "Ойноштук кылба. Киши өлтүрбө. Бирөөгө жалаа жаппа. Уурдаба. Таарынтпа. Ата-энеңди сыйла" деген осуяттарды билесиң", – деди. Ал Ыйсага: "Устат, мен мунун бардыгын жаш чагымдан бери аткарып жүрөм", – деп жооп берди" (Мк. 10:19,20).

Ыйса он Осуяттын адамдардын ортосундагы өз ара мамилелерине байланышкан алтоосун айтат. Бай адам ынтызарлык менен ал эрежелердин баарын жаш чагынан сактап келе жаткандыгын айтты. Мен ага чындап ишенем. Бул стандарттарга ылайык, ал жигит абдан кең пейил, чынчыл, адептүү болгон. Ал жигит өзүнүн жакшы жактарына ишенген жана ошол жактары аны Кудайдын ырайымына жеткирет деп ойлогон.

Ошентсе да, Ыйса билип туруп эле алгачкы төрт парызды, Кудай менен адамдардын ортосундагы мамилелер жөнүндөгү парызды айтпай кетет. Ал парыздардын бирөөсү кудуреттүү Кудайдын алдында башка кудайларың, буркандарың болбосун деп жатат. Башкача айтканда, биздин жашообузда Аны сүйүүгө, ага тамшана

таң калууга, Ага баш ийүүгө тоскоол болгон эч нерсе болбошу керек. Жаш, бай жигит бул парыздарды аткарган эмес, ошол учурда аны жасоону каалаган эмес. Ыйса анын жашоосунда бирдеменидир көрсөткүсү келген, ал нерсе ага туура жолго түшкөнгө жана жашоосун туура аяктаганга жардам бермек.

> **"**Ыйса аны карап, жакшы көрө мындай деди: "Сага бир нерсе жетишпейт. Бар да, колуңда болгондун бардыгын сатып, жакырларга таратып бер, ошондо асманда казынаң болот. Анан кел да, айкаш жыгачыңды алып, Мени ээрчип жүр" (Мк. 10:21).

Бул жерде Ыйса аны сүйдү деген жерине көңүл бургула! Бирок, Ал жаш жигитке Өзүнүн сүйүүсүн кантип билдирди. Ал бул изилдөөчүгө эскертти. Ыйса анын акчалары бир күнү аны Ыйсага тил алчаак болгондон жана Анын бийлигин таануудан буруп кетерин билген. Ыйса ал жаш жигитти жолду жакшылап баштап эле койбостон, бүт жолдун баарын аягына чейин жакшы басып өтүүсүн каалаган.

Акча ага жолтоо болоорун билген. Башка адамдар үчүн жигит же кыз, спорт, шопинг, бизнес, философия, билим, тамакка же секске тартылуу болушу мүмкүн эле. Чалына турган таш балким Ыйсага караганда кымбатыраак сезилген кандайдыр бир буюм, же дагы башка бирдеме болушу мүмкүн.

Ыйса Машайак бул жаш жигитке Өз кабары менен кошо башка сүйүүлөрүн да кошуп туруп, сүйүү көргөздү беле? Жаш жигитти таарынтып койбош үчүн, чындыкты бурмалап, жөнөкөйлөштүрдү беле Ал? Эмне үчүн Ал убагы келгенде акчага болгон кызыгуусун өзү таштаар деп, жигиттин жөн гана тобо кылуу сыйынуусу менен сыйынып коюусун суранган жок? Анткени, ал жигит куткарылуу алууну көздөгөн эң мыкты талапкер эмес беле? Ыйса болгону торду ыргытып койсо эле, абдан жигерденип кызмат кыла турган, бай адамды түшүрүп алмак да!

Бирок, Ыйса жаш жигитти чын жүрөгү менен сүйдү. Ал абдан күчтүү, сонун адамды жоготуп коюу коркунучу турганына карабай, ага абдан күчтүү сөздү, чындыкты айтты. Ыйса анын көзүнө тике карап туруп, ага эмне жетишпестигин ачык айтты. Падышалардын Падышасын угууга болгон даярдык, анын баасын кантип төлөөгө

көз каранды эмес. Жаш жигитке жигердүүлүк эмес, так ушул даярдык керек болуп жаткан.

Менин оюмча бул жигит Ыйсаны милдеттүү түрдө угуш керек болгон Теңири катары эмес, жанын Куткаруучу катары гана кабыл алмак. Эгерде Ыйсанын берген кеңеши ага жакшы көрүнгөндө, ал балким, Аны ээрчимек. Анткен менен, Ыйсанын кеңеши ага жакшы сезилбегендиктен, ал Андан кетип калды.

Силер Кудайды ушунчалык жигердүүлүк менен издеп жаткан адамга анын түбөлүк өмүргө ээ болушу үчүн эмне керектигин түптүз айта алат белеңер? Эгерде силер ошол адамды сүйсөңөр, анда ал силерди четке кагып коёт деп коркпостон, аны менен чынчыл болушуңар керек.

Көптөгөн майшайакчы кызматчылар угуп жаткан адамга жаман көрүнүп албайын деп, түз айта албайт. Алар кабыл алууга суусап турушат. Чынын айтсам, мен өзүм да мурда ушундай болчумун. Мен адамдардын баарына жакчумун, анткени дайыма аларга жаккан нерсени сүйлөчүмүн. Мен талашты, четке кагылып калууну каалачу эмесмин, баары ыраазы бойдон кала беришин каалачумун. Анан Кудай мага ишенимимдин бекем эместигин жана өзүмчүлдүгүмдү көргөздү. Ал мага менин жашоомду көргөздү. Кептин баары мен мамилелешип жаткан адамдарда эмес, менде экен.

Адамдарга компромисске барып, калпты айткандан көрө, чынчыл болгон жакшыраак. Аларга азыртан баштап эле чындыкты угууга мүмкүнчүлүк берген жакшы. Эмесе, алар баары бир качандыр бир кезде Устаттын: “Менден алыс кеткиле. Мен эч качан силерди билген эмесмин, силер алдангансыңар!” деген сөзүн угуп, эстен танбаштары керек.

Эми карагылачы, Ыйсанын айтканына Кудайды жигердүү издеп жүргөн жигит кантип жооп бергенин:

> “Ошондо ал бул сөзгө капа болуп, көңүлү чөккөн бойдон кетип калды, анткени анын мал-мүлкү көп эле. Ыйса тегерегин карап, шакирттерине: “Байлардын Кудай Падышачылыгына кириши кандай кыйын!” – деди” (Мк. 10:22,23).

Ал адам терең кайгыруу менен кетти!

"Ыйса, кантип ушинттиң? Ал киши Сага ушунчалык жанданып келип, Сенин сөздөрүңдү уккандан кийин кайгырып кетти! Сени издеген адамдарга жакшы сөздөрдү айтыш керектигин билбейсиңби? Сенин айткандарың адамдарга кайгы алып келбестен, аларды көтөрмөлөп жана аларга жакшы маанай тартуулаш керектигин билбейсиңби. Пастор Ыйса, эгерде Сен Сени жанталаша издеп жүргөн адамдардын баарына, айрыкча бай, таасирдүү аял, эркектерге ушинте бере турган болсоң, анда Сенин жыйыныңда адамдар аз калат да. Баргын да ага, сөзүңдү бир аз жумшарт, андан кийин ал албетте чындыкты толугу менен кабыл алат!".

Балким, бүгүнкү күндө Ыйса Өзүнүн батыштагы жыйындарынын лидерлик командасынан ушундай сөздөрдү угуп жаткандыр! Ыйсаны килемге чакырып, Анын отставкасын талап кылгылары келип жатышкандыр.

Кантип Ал ушундай потенциалдуу ишкерди таарынтсын, ал бир колун кыбыратып коюу менен эле жыйындагы бардык чыгымдарды бир жыл мурда төлөп сала тургандай адам да. Ал жыйындын имараты үчүн да бир нече миллион долларды төлөп салмак. Балким, Ал адамдарга кантип оң таасир эткенди да унутуп калган го. Ал сөздөрүн жумшартып, адамдардын өзүлөрүнө берген баасын жана көңүлүн көтөрүп шыктандырган насааттарды айтышы керек да.

Бул батыштагы жыйындарда болуп жүргөн нерселерге окшойбу? Биз адамдын Кудайга кайрылышы жана аны Машайакты жолдоочу кылуу үчүн мүмкүн болгондун баарын жасап жатып, тузакка түшүп калгандайбыз. Биз жыйындарыбыз өсүшү үчүн ишенүүчүлөрдү Твиттер аркылуу тартабыз, Фейсбуктун баракчаларынан санаалаштардын тобун кеңейтебиз, өз баракчаларыбыз аркылуу адамдарды тартабыз. Бул биздин акылмандуулук Анын акылмандуулугунан кем эмес деп Кудайга айткандай эле нерсе. Биз кайра эле жакшылыкты Кудайдын үстүнө коюп алгандай болобуз.

Адамдарды Ыйсага чакыруу туура, бирок, аны чындык менен кылган зарыл. Кудай бизди Анын жолуна көз каранды болбогонду каалаган адамдар менен Жаңы Осуят келишимин кеңейткиле деп

чакырбагандыгын мойнубузга алышыбыз керек. Куткарылуу деген биздин жакшы менен жаманды айырмалай билүүчү дарагыбызда турган жери жок да. Ал өмүр дарагында экендигин Ыйык Жазуу айтып турат. Күйөөгө чыга турган кыз башка эркектер менен болгон мамилесин токтотууга тийиш болгон сыяктуу эле, бул жерде да башка сүйүктүүлөрдү, буркандарды, баарын калтыруу керек. Биз Ыйсаны жөн гана Куткаруучубуз деп эмес, Теңирибиз деп кабыл алышыбыз керек. Бул – өмүр дарагы!

Эми, ал жаш, бай жигит кеткенден кийин Ыйса эмне кылгандыгын карап көрөлү:

Ыйса тегерегин карап, шакирттерине:

> “Байлардын Кудай Падышачылыгына кириши кандай кыйын!” – деди. Шакирттер Анын сөздөрүнө аябай таң калышты. Бирок, Ыйса кайрадан аларга: “Байлардын Кудай Падышачылыгына кириши кандай кыйын!” – деди. Шакирттер Анын сөздөрүнө аябай таң калышты. Бирок Ыйса кайрадан аларга: “Балдар, байлыгына ишенгендердин Кудай Падышачылыгына кириши кандай кыйын” (Мк. 10:23,24).

Бир жолу мен ушул окуяны ойлоп отурганда, Ыйык Рух менин көңүлүмдү абдан маанилүү нерсеге бурду. Мен коомдо кадыр – баркка ээ болгон ал бай жигиттин терең кайгыруу менен капаланып, башын жерге салып Ыйсадан акырындап кетип баратканын элестеттим. Мен анан капысынан Устат анын артынан чуркап барып, далысынан бек кармай: “Досум, бир мүнөткө коё турчу. Мен сага Сулаймандын Накыл сөздөрүндөгү сөздү эскертейин (Накыл. 19:17): “Жакырга жакшылык кылган адам Теңирге насыя берет, кылган жакшылыгын Теңир кайтарымсыз калтырбайт”. Мен сага эмнең болсо ошонун баарын сат да, жакырларга таратып бер, бирок Накыл сөздөрдө айтылгандай, баарын бере турган болсоң, Теңир сага кайтарып берет. Кайрып берип эле тим калбастан, Ал сага бергендериңди жүз эсе кылып көбөйтүп берет!” деген жок.

Бул жаш жигит балким жакшы бизнесмендир. Ошондуктан, Ыйса ага ушундай сөздөр менен кайрылганда, ал адам балким кызыгып: “Чын элеби?” деп айтса керектир эле.

Анда Ыйса: “Ооба! Эми билдиңби, Мен сенин абалыңдын жакшырышына, каржы түшүмдөрүңдүн көбөйүшүнө кандай кам көргөндүгүмдү? Сен эми шаар боюнча эле эмес, бүткүл өлкө боюнча эң бай адам болосуң” деп жооп берсе керектир эле. Ушундай сөздөрдү угуу менен, ал жигит сөзсүз Ыйсанын артынан ээрчип калса керектир эле.

Эгерде биз өзүбүздө болгондорду бере баштай турган болсок, анда үрөн фермерге көп эсе көбөйүп келгендей эле, бизге да кайра көбөйүп келери жөнүндө Кудайдын Сөзүндө айтылган. Бул чындык жаш жигит ары кетер менен дароо эле аткарылган, анткени Петр минтип эле айтып салган:

“Петр Ага: “Мына, биз баарын таштап, Сени ээрчип жүрөбүз”, – деп айта баштады. Ошондо Ыйса мындай деди: “Силерге чындыкты айтып коёюн, Мен үчүн жана Жакшы Кабар үчүн үй-жайын, же ага-инилерин, же эже-карындаштарын, же энесин, же атасын, же аялын, же балдарын, же жерин таштаган адам азыр, бул дүйнөдө, куугунтук учурунда да жүз эсе көп үй-жайга, ага-иниге, эже-карындашка, ата-энеге, балдарга жана жерге, ал эми келечекте түбөлүк өмүргө ээ болбой койбойт” (Мк. 10:28-30).

Ушул мезгилде Ыйса аларга, Аны менен калгандарга карап туруп, минтип айткан: “Силер бул дүйнөдө, куугунтук учурунда да жүз эсе көп үй-жайга, ага-иниге, эже-карындашка, ата-энеге, балдарга жана жерге, ал эми келечекте түбөлүк өмүргө ээ болбой койбойсуңар”.

Эмне үчүн Ыйса ушул сөздөрдү же Сулаймандын сөздөрүнөн алынган бул сөздөрдү абдан куткарылгысы келип, түбөлүк өмүргө ээ болгусу келип жаткан бай жигитке айткан жок? Эмне үчүн бул маалыматты кармап калды? Жооп жөнөкөй эле: “Ыйса эч качан батаны, сыйлыкты, жакшылыкты, Падышачылыктын пайдасын адамдарды тартуу үчүн колдонгон эмес. Ал Петр, Жакып, Жаканды ж.б. чакырып алып, аларга жөн гана минтип айтты: “Мени ээрчигиле”. Ал: “Мени ээрчисеңер, анан силерге бата, тынчтык, гүлдөө, жакшы жашоо жана башкаларды берем” деген эмес. Же Ал: “Мени ээрчисеңер, анан силер үчүн эмнелерди кыла алаарымды көрөсүңөр” деген эмес. Ал: “Мен бар бар болгон үчүн, Мени ээрчигиле. Мен Ыйса Машайакмын, силердин Жаратуучуңармын, Устатыңармын, ааламдын Падышасымын” деген.

Эгерде Петр, Жакып, Жакан жана Андрей Ыйсанын атынан акча үчүн ээрчишкен болсо, анда алар эч качан өз бизнестерин таштамак эмес. Алар таштаган күн, алардын бүткүл балыкчылык карьерсында болуп көрбөгөндөй ийгиликтүү күн болгон эле! Ыйсанын касиети менен алар жээкке эки кайык толтура балык алып чыгышкан эле! Алар "жүз эсе көп" деген убада тууралуу билишкен эмес. Алар бул тууралуу биринчи жолу угушкан. Бирок алар, Ыйсанын өмүр сөзү экендигин так билишкен, ошон үчүн да баарын калтырышкан. Алар үчүн аныктоочу фактор акча болгон эмес.

Ыйсанын артынан ээрчүү үчүн Кудай адамдардан жеткилеңдикти талап кылбайт. Ал болгону Аны укканга, даярдыкты каалоону сурайт! Балким, бул жаш жетекчи Петрден таланттуураак болгондур. Ошентсе да, Петр Теңир андан эмнени сураса, баарын кылууга даяр болчу. Ошол кездегидей эле, азыр да Ыйса баарын калтырып Аны ээрчүүнү бизден күтүп жатат.

## Менин планым жана Анын планы

1979-жылы, Ыйсаны кабыл алган кезимде, ошол замат эле Кудай менин кызматым тууралуу айткан. Мен Пердью Университетинде механик – инженердик факультетте окучумун, отличниктердин катарында болчумун, университеттин атынан теннистик турнирлерге катышчумун жана Гарвардда MBA программасы боюнча окуумду улантып жаткам. Мен эң сонун кызга үйлөнүп алып, анан корпоративдик соодада же менеджменттикте иштесем деп пландаштырып жаткам. Мага кызмат менен алектенген такыр эле жакчу эмес. Мен билген бардык кызматчылар эле мага, башка иштер менен алектенүүгө жөндөмсүз адамдардай болуп сезилчү. Алар бир кызыктай үйлөрдө жашашып, балдары да бир башкача болчу. Мен калкынын саны 3000 болгон жерде чоңойдум. Ошондуктан, машайакчылык кызмат тууралуу түшүнүгүм да чектелүү эле. Ал мезгилде мен мыкты кызматкерлер менен жолугуша элек болчумун, акырында карап көрсөм, андайлар өтө көп экен.

Бирок, бир жолку кызмат учурунда мага Ыйык Рух мындай деп айтты: "Джон, Мен сени Менин кызматым үчүн жараткам. Сен буга байланыштуу эмне кыласың?"

Мен болсо минтип ойлодум: "Туугандарымдын баары менден баш тартып кетишет, анткени алар католиктер. Башка кызматчылар сыяктуу эле, мен дагы эң начар жашап, жакырчылыкты баштан кечиремби?". Бирок, Кудайга болгон тил алчаактык мага баарынан маанилүү болчу, ошондуктан мен башымды жерге салып, сыйындым: "Ооба, Теңирим. Мен сага тил алчаак болом жана ал эмнеге турганына карабастан, мен окута баштайм. Мен Сен кайда жиберсең, ошол жакка барам, Сен мага эмне деп буюрсаң, ошону айтам".

Чынында бул сыйынуудан кийин эч нерсе деле болгон жок, мага ошол учурда баары кандай болоорун Кудай көргөзгөн жок. Ал жөн гана мен баарын калтырып, Анын артынан ээрчий аламбы же жокпу, ошону билгиси келиптир.

Эгерде Петрдин, Пабылдын жана башка Элчилердин иштериндеги шакирттердин иштерин изилдеп көрө турган болсок, Ыйса жаш бай жигитке кандай деген болсо, алар дагы элдерди дал эле ошондой деп окутушкан. Азыр биз ал жолдон тайып кеткендейбиз, Америкадагы руханий төмөндөөнүн негизги себеби да мына ушунда. Ошондуктан да, көптөгөн адамдар иш жүзүндө андай болбосо деле, Ыйсага таандыкпыз деп айтышат. Биз Ыйсаны Теңирибиз деп таанышыбыз керек, ошондо бекем пайдубалга ээ болобуз. Дагы эле башка дарактын мөмөсүнөн жеп жатабыз. Биз жашообузда жакшы деп эсептеген нерселер, жашообуздагы мыкты нерселерди уурдап кетип атат.

Биз үчүн Кудайда болгон улуу баталарды колдон чыгарып жиберип атабыз, анткени чыныгы библиялык кабарды биз рыноктук нерселерге алмаштырып жиберүүдөбүз. Келгиле, чынчыл бололу, эгерде ошол бай, жаш жигит азыркы жыйындардын бирине келсе, ал дароо "куткарылмак", анан абдан кыска убакытта эле ардактуу мүчө да болуп калмак, балким ал жыйындын кеңешине да чакырылмак.

Көбүнчө эле жыйындар Теңирге баш ийүүдөн башкачараак жакшы кабарларды сунуш кылышат. Келгиле, бир кезде "Менден алыс кеткин" дегенди көптөгөн адамдар угуп калбасын үчүн, адамдар алданбасын үчүн, жыйындын күчү, чыныгы Кудайдын батасында жүрүү үчүн, такталбаган, "жакшы" кабарды таштайбыз да, чыныгы өмүр дарагына – куткаруунун библиялык кабарына кайтып келебиз.

6

# БИЗДИН ИЧКИ НАВИГАТОРУБУЗ

Теңир мени тартып жаткан максатты
мен көз алдымдан кетирбейм...
— Филипиликтерге. 3:14
(The Message, англ. тилинен которулган).

Кудайды сүйүп калуу – бул эң бир
улуу романтика; Аны издөө – эң бир укмуш окуя;
Аны табуу – адамдын эң бир улуу
жетишкендиги.
— Ыйык Августин.

Биздин негизибиз – бул, Ыйса Машайактын башкаруусу. Жашообуздун бардык жагы ушул бекем негизге курулушу керек, ошондо алар узакка чейин турат. Антпесе, ал акыры барып талкаланат да, анан жок болот.

Үй куруунун кийинки этабы – бул каркастардын (дубалдын склети, же уук-кереге сыяктуу) коюлушу, алардын баары толугу менен пайдубалга коюлат. Курулуштун бул бөлүгү, бардык бөлүктөрдү бириктирип турат. Пол, дубалдар, шып-чатыр, бөлмөлөрдүн ортосун бөлүүлөр, электр өткөргүчтөр, ички жасалга, терезе, түтүктөр жана башка үйдүн бардык бөлүктөрүн. Эгерде, бекем каркас болбосо, анда үйдөгү нерселерди орнотуу, бекитүү мүмкүн эмес. Катуу куюлган пайдубалга, бекем каркаска ээ болуу менен, бекем, бышык үйдү – жашоо-турмушту курууга болот.

## Силердин ички навигаторуңар

Ишенимдеги ийгиликтүү жашоонун экинчи аспектин элестетип көрүү үчүн, эми үй курулушунан башка аналогиялык иллютрацияга өтөлү.

Келгиле, мындай деген суроодон баштайлы: силердин акыркы максатыңар эмне? Б.а. силердин кайсы каалооңор калган бардыгынан ашып түшөт? Чынчылдык менен жооп бере аласыңарбы? Эгерде ооба, дей турган болсоңор, анда силер болгуңар келбеген жерде болбойсуңар.

Буга төмөнкүдөй түрдө карасак болот. Эгерде, силер смартфондогу навигатордо акыркы бара турган жер деп аэропортту көргөзгөн болсоңор, бирок ошол эле учурда соода борборуна баргыңар келип турган болсо, анан качан навигаторуңар: силер каалаган жерге жеттиңер дегенде карасаңар эле, кийим-кече саткан дүкөндүн ордуна, авиалинияларды көргөзгөн аэропорттун терминалында болуп калганыңарды көрөсүңөр.

Көргөн көзүнө ишенбеген адам анан нараазы боло баштайт: “Эмне болуп кетти? Кантип мен бул жерде болуп калдым?” Баары жөнөкөй эле. Навигатор ага айтылган акыркы пунктка алып келди.

Апостол Пабыл дагы өз навигаторунда акыркы пункту көргөзгөн: “Максатыма – Кудайдын Машайак Ыйса аркылуу бере турган жогорку сыйлыгына умтулуп жатам” (Флп. 3:14). Ал эмнеге бараткан, анын навигаторундагы акыркы максат эмне экендигин түшүнгөн. Ал тургай, жолунда кездешкен тоскоолдуктарга, каршылыктарга жана көптөгөн кыйынчылыктарга карабастан, ал алдыга умтулган жана андан башка пункттарга кызыккан эмес, көңүл да бурган эмес.

Силердин навигаторуңарда кайсы пункт көргөзүлгөн? Көп досторубуз болсун дегенби? Белгилүү болоюн дегенби? Бизге жаккан жашоо образынан ырахат алуу дегенби? Өз ишкердүүлүк жаатыбызда мыкты болуу дегенби? Ден соолукта болуп, бактылуу бололу дегенби?

Силер балким, айтаттырсыңар: “Мен ушунун баарын каалайм” деп. Көпчүлүгүбуз ушунун баарын каалайбыз, бирок кайсы каалоо ушулардын баарын басып өтөт? Өзүбүз үчүн аны аныктап алышы-

быз керек, анткени ал пункт биздин навигаторубуздагы белгиленген акыркы чекит, жеткибиз келген максат болуп калат. Кадайдыр бир этапка чейин ар кандай максаттарыбыз үчүн бир гана жол менен барышыбыз мүмкүн, бирок сөзсүз түрдө бардык жолдор айрыла турган жана бизге бирөөнү гана тандай турган учур келет.

Ошентип, силердин акыркы максатыңар, бара турган жериңер кайсы? Эгерде силердин негизги максатыңар – жакшы, тартиптүү, адеп-ахлактуу, саламаттыгы чың, акча жагынан жетиштүү адам болуу болсо, анда жогоруда айткан бай жигиттин ордунда болуп калууга тобокел кылып жаткан болосуңар, анткени ал ушунун баарына ээ болгон, бирок ага эң маанилүү нерсе жетишкен эмес.

Эгерде силердин түпкү максатыңар -көптөгөн досторго ээ болуу болсо, анда Мусанын агасы Арондун ордунда болуп калышыңар мүмкүн, анткени ал тоонун ылдый жагында турганда өз коому үчүн өтө көп иштерди аткарган, ал тургай элдин көңүлүнүн борборунда болгон, бирок акырындык менен Кудайдан жүрөгү алыстай берген. Силер тараптан жасалган алтын музоо балким, досторуңар менен тааныштарыңардын баарына жагышы мүмкүн, бирок тилекке каршы, ал силерди да, аларды да эң жакшы нерседен алыстатып кетет.

Эгерде силер белгилүү ишмер же артист, лидер болсоңор же Твиттерде, Фейсбукта көп колдоочуларга ээ болсоңор, ошонун баарына машайакчылык жаатта да жете аласыңар. Бирок, акыр-аягында силер Озийдей болуп калышыңар мүмкүн. Ал анткени Ысрайылдагы эң белгилүү киши болгон, бирок жалгызчылыкта өлгөн (2 Жылн. 26ны карагыла).

Балким, силердин ички навигаторуңар ишенимдүү жана тагыраак болушу мүмкүн. Балким, силер муктаж болгондор менен жакырларга марттык менен себеттирсиңер. Бүгүнкү күнү ушул максат көпчүлүктү тартып турат, ушундай болушу да керек. Биз “Messenge Internotional” кызматынын жакырларга, муктаж болгондорго жана социалдык адилетсиздикке кабылгандарга кантип жардам берип жаткандыгы тууралуу айтып жатканда адамдар абдан жандануу менен угушат. Пабыл корунттук жыйындагыларга

жазганында, жакырларга колунда болгондун баарын бере алаарын, бирок, анын да пайдасы жок экендигин айтат (1 Кор. 13:3).

Балким, силер өз коомуңарда эң бир март берешен адам болгуңар келеттир – ал кадырлуу максат. Иерусалим жыйындарында Анания жана Сапфир деген жубайлар тууралуу баарынын эле ою жакшы болгон. Бир күнү алар баалуу жер тилкелерин сатуудан түшкөн акчадан чоң курмандык алып келишкен. Алар Кудай үйүнүн курулушуна өзүлөрү арнаган нерсени баарына көргөзгүлөрү келген. Алар кол чабууларды күтүшкөн эле, анын ордуна сотко кабылышты (Элч. Ишт. 5ти карагыла). Алардын акыры кайгылуу болгон.

Мен да өзүмдү жакшы, такыбаа адаммын деп эсептеген күндөрүм болгон. Бир жарым жыл бою күн сайын эрте мененки беште туруп алып, жетиге чейин сыйынчумун. Ушул эки саатын эң жакшы ирмемдеринде мен Кудайга мындай сыйынуулар менен кайрылчумун: “Теңир, көптөгөн адамдарды куткарууда, Сенин Падышачлыгыңа алып келүүдө, ооруларды айыктырууда, туткундагыларды бошотууда Сенин Сөзүңдү окутууда мени колдончу” деп. Күн өткөн сайын мен ушуларды туруктуулук менен, көшөкөрлүк менен суранып жүргөм.

Айлар өтүп жатты, анан бир күнү Кудай мага минтип айтты: “Уулум, сенин сыйынууларың максаттан кыя өтүп кетүүдө”.

Менин эсим оогондой болдум. Жаратуучубузга, менин бул сурануууларымдан башка дагы кандай татыктуу, жагымдуу сурануулар болушу мүмкүн эле? Мен Теңир айткан нерсени туура түшүндүмбү деп ойлоп калдым. Мына ушул руханий эң сонун сыйынуулардын бүт баары максаттан кыя өтүп жаттыбы?

Ошол көз ирмемде Кудайдын Руху мага минтип айтты: “Жүйүт да баарын калтырып, Мени ээрчиген. Ал тандалган он экинин бирөөсү болгон. Ал Кудай Падышачылыгы тууралуу насааттаган адам болгон. Ал ооруларды айыктырган, жакырлар үчүн кам көргөн жана адамдарды боштондукка чыгарган. Бирок, азыр Жүйүт тозокто”.

Мен эсимди жогото, дүрбөлөңгө түштүм. Мен эмнеге сыйынган болсом, Жүйүт ошонун баарына жеткенин, бирок биротоло жогол-

гонун түшүндүм. Эгерде ал өз навигаторун көңүл коё караган болсо, балким, анын акыры мынчалык кайгылуу болбойт беле.

Мен билбестигимдин айынан Жүйүттүн категориясындагы адам болуп калышым мүмкүн экен, бирок чын жүрөктөн минтип сурадым: “Менин негизги максатым эмне болушу керек?”

## Башка бир бай жигит

Бул жолу Теңир мага Ыйсанын алдына чуркап келген бай жигит тууралуу эмес, Египетте бекзада болуп чоңойгон жигит тууралуу айтты. Ал кезде Мисир жер жүзүндөгү эң бир кудуреттүү өлкө болгон.

Мусанын жашоосун көз алдыңарга элестетип көргүлөчү. Ал акчадан, тамак – аштан, кийимден жана материалдык нерселерден, билимден муктаждык дегенди билбей чоңойгон. Ал коомдо жогорку абалды ээлеп, бардык жакшы нерселердин ээси болгон. Дүйнө жүзү боюнча Мусада болбогон нерсе менен мактана турган бир да адам болгон эмес. Ал эң мыкты кийимдерди кийген, каалаган учурунда дүкөндөрдү кыдырып кете алган, чыгымдарда чектөө дегенди билген эмес, анан анда ошол мезгилдеги бардык оюнчуктардын да түрү болсо керек. Анын арабалары да азыркы мезгилдеги “мазератти”, “ламборджини”, же “феррари” же жана башка “харлей-девидсондун” туш келген модели менен тең болсо керектир. Эгерде айдоочусу менен сейилдеп келүүнү кааласа, ага ошол замат баары даяр болчу.

Мусага ванна, туалетти, кийим-кечесин, идиш-аякты жууганга, бөлмөнү иретке келтиргенге, чөптөрдү оргонго, тегиздегенге жана башка иштерди кылууга туура келген эмес. Аткени, булардын баарын кыла турган малайлары бар болчу.

Хан сарайдагы ашпозчулар болсо, ал каалаган кайсы тамакты болсо да даярдап беришкен. Ал жер жүзүндөгү эң мыкты жемиштерди жей алган.

Анын кыла турган ишинин баары эле ырахаттануу болчу. Каалasaң аскер башчысы бол, каалаcaң имараттардын проектисин түз, каалаcaң абдан укмуш шаан-шөкөттөрдү өткөр. Эгерде ал кааласа, ар кандай жарыштар жана турнирлерден ырахаттанып, кечин-

де көңүл ачуунун башка түрлөрү менен алектенсе да болгон. Ал өз күндөрүн каалаганындай пландаштыра алган.

Ал ушунчалык суктанарлык күйөө боло алган. Ал өз көзүнө урунган каалаган кызына үйлөнсө болмок, ал тургай башка өлкөлөрдөн да аялдарды алып келүүнү талап кыла алган. Эгерде Муса каалай турган болсо, көптөгөн аялдардан турган гаремге ээ болуп, көптөгөн аялдары жана көңүлдөштөрү болмок. Эгерде ал марттык кылгысы келсе, эң кымбат белектерди сатып ала алган. Ал өз досторун коргоо үчүн атайын тапшырык алган топту, полицияны, аскерди пайдаланса болмок. Ал кедейлерге жардам берип же аларга такыр карабай да коё алмак. Ал өлкөдөгү көңүл ачуучу жайларга кызыгып, өзүнө эң мыкты художниктерди жана актёрлоду тартса да болмок. Падышанын тагынан башка эч нерседен ага тыюу салынчу эмес. Анын жашоосу көптөгөн адамдар үчүн аткарылбаган утопия сыяктуу болчу, бирок аны мунун баары да канааттандыра алган эмес. Эврейлерге жазылган Катта:

> “Муса эр жеткенде, Мисирдеги падышанын үйүндөгү артыкчылыктардан баш тарткан. Ал күнөөнүн убактылуу жыргалчылыгынан Кудайдын эли менен кошо азап чегүүнү артык көргөн” (Эвр. 11:24,25, The Message, англ. тилинен которулган).

Муса бай жана кудуреттүү Мисирден ала тургандардын баарын калтырууну чечти. Эмне үчүн ал булардан баш тартты? Ал фараондун үйүндө калып эле Кудайга кызмат кылуудан канааттана албайт беле? Жок. Мусанын ички жол көргөзгүчү анын чыныгы каалоосун ал жашап турган жерде аткарууга мүмкүн эместигин айтып турду. Анткени, Эврейлерге жазган Каттын автору ал тууралуу мындай деп жазган:

> “Машайак үчүн кордук көрүүнү ал Мисирдин байлыгынан артык байлык эсептеген, себеби келечектеги сыйлыкты караган” (Эвр. 11:26, NLT, англ. тилинен которулган).

Эмне болгон улуу сыйлык? Качан мен ушул суроону бергенимде, көбүнчө эле аудиториядан – убадаланган жер деген жоопту угам. Эгерде ушундай болсо, анда биз өзүбүздөн сурап көрөлүчү. Бал ме-

нен сүт аккан жерде Мисирде болбогон эмне болушу мүмкүн? Ал эпохада Мисир жаратылыш ресурстары жана айыл чарбасы менен даңкталып турган. Жаңы жерде Муса Мисирдегиден да мыкты жана кооз сарайларды сала алмакпы? Түптүз эле айтса болот – жок.

Андай болсо, Муса кандай сыйлыкты издеди? Падышанын сарайында турганда ал муну так билбесе да, кандайдыр бир өйдөрөөк нерсе бар экенин билген. Ал өз жолу менен эле бараткан, кийинчерээк гана эмнени издеп атканын тапты.

Буга башка жагынан карап көрөлү: Силер жылуу аба ырайын, көл жээгин каалап, суук менен карды жек көрөсүңөрбү? Азыр кыш ортосунда Вермонттун ортосунда болуп калдыңар дейли. Ал жакта аба ырайы 20 градус суук, анан силер өзүңөр каалагандай күндү каалап атасыңар. Машинага отуруп алып, түштүктөгү Interstate 95 трассасы бонча жылуу жакка жылып баратасыңар. Силер кайда бараткаsuccessыңарды так билбейсиңер, бирок ал жакта кар, суукка караганда бир топ жагымдуулук бар экенин билесиңер. Саякат мезгилинде заправкалап алуучу станцияда силерге Палм-Бич во Флоридада деген сүрөтү бар флайер түшүп калат. Силер жылмаюу менен өзүңөргө минтип айтасыңар: “Мына, мага эмне керек!” Силер ошол замат навигатордон флайер турган даректи тересиңер. Эми силер көл жээгине, өз кыялыңарга жөнөйсүңөр.

Муса менен да ушул сыяктуу эле болгон. Ал мындан башка да чоңураак бирдеме бар экенин билип, сарайды таштап кеткен, бирок өз сыйлыгын ал кырк жылдан кийин гана чөлдө, бадалдардын арасында Кудай менен жолугушкандан кийин, Аны менен болууну баштан өткөргөндөн кийин гана тапкан. Ошондон кийин гана Мусанын ички навигатору, так коюлган. Кудайдын келиши анын сыйлыгы болгон, ал эми далилдерди ал кечирээк, ысрайылдыктарды Мисирден алып чыккандан кийин гана көргөн.

## Кудайдын сунушунан баш тартуу

Мусанын жашоосунда кыйын жана абдан азаптуу мезгил башталды. Ал Ысрайыл эли менен чогуу өтүп бараткан какыраган чөлдө ушунчалык көп азап-тозоктор болгондуктан, көбүнчө алар

Кудайдын кийлигишүүсү менен гана алардан бошонушкан. Бирок, аларга Кудайдын батасы кармалып аткандай сезилчү. Ага кошумча болуп, адамдардын колдоо денгээли дайыма төмөн болгон. Ушул тынчы жок күндөрдө Кудай Мусага минтип айткан:

> “Сен бул жерден Мисир жеринен алып чыккан элиң менен кошо Мен Ыбрайымга, Ыскакка жана Жакыпка “Сенин тукумуңа берем” деп убада кылган жерге жөнө. Алдыңа периштемди жиберип, ал жерден канаандыктарды, аморлуктарды, хеттиктерди, периздиктерди, хибиликтерди, жебустуктарды кууп чыгам. Ал силерди сүт менен бал аккан жерге алып барат. Силерди жолдо кырып салбашым үчүн, Өзүм силер менен барбайм, анткени силер тоң моюн элсиңер” (Чыг. 33:1-3).

Ошол күндөрдө Муса жана бүткүл Ысрайыл эли кандай абалда калгандыгын элестетип көгүлөчү. Айланада кооз өрөөндөр да, арыктар да, токойлор да, мөмөлүү дарактар да, таза суулар да, түшүмдүү жерлер да, малдар үчүн жашыл шибер жайлоолор да болгон эмес. Алар базарга барып кийим-кече, тамак-аш сатып алган күндөрөн бери канча мезгил өттү. Аларды күн сайын окшош тамактар: бир кызыктай нан күтүп турчу, ал жерде жумасына алты жолу пайда болуп калар эле, анан мезгили-мезгили менен эт болор эле. Алардын абалында болуп көргүлөчү, бир нече айлар бою ошол эле нандан башка эч нерсе жебей көргүлөчү. Ошондо аларды түшүнө алсаңар керек.

Жашоо кыйын. Мисирде кулчулукта болуу өтө жаман эле, бирок чөлдө тентип жүрүү да андан артыкча эмес. Ошентсе да, адамдар жүрөктөрүндө өз жерлерине – Ханаанга болгон үмүттү, ишенимди сакташкан. Кудай аларга көптөгөн жылдар бою бай түшүмдүү жерди айтып келди, ал жакта аларды молчулук күтүп жаткандыгын айтты. Ал мезгилде алар мисир шаарларын куруу үчүн оор иштерден башканы билишкен эмес, ал үчүн алар бир гана жазаны алышкан. Жакында алар өзүлөрүнүн менчик үйлөрүн жана айылдарын курушмак. Бул алар өз балдарына жана балдарынын балдарына өткөрүп бере турган жаңы таң калаарлык маданият болот.

Акыры, Кудай алардын лидери Мусага ысрайыл элин Мисирден алып чыгып кетүүгө тапшырма берет. Аларды күчтүү периште ко-

штоп жана коргоп жүрөөрүн айткан. Бул жоокер периште душмандардын баарын жок кылууну каалаган. Ошентсе да, бир кичинекей жетишпестик, Теңир Өзү алар менен чогуу барбайт.

Элестетип көргүлөчү, бул сөздөрдү угуу кандай болоорун. Силердин бабаларыңар канча жылдардан бери күтүп келген нерсени эми Кудай Өзү сунуш кылып жатат. Төрт жүз отуз жыл алардын өзүлөрүнүн үйлөрү болгон эмес. Эптеп күн көрүшкөн, жокчулукка чыдашкан, эми болсо, Кудай ушундай бир сунушту айтып жатат. Албетте, Муса тоого шашып барып, бардык элге кубанычтуу кабарды айтат. Адамдар аны улуу лидер деп таанышып, рейтинги кескин жогорулайт. Баары кубанып, көптөн берки убадага жетүү үчүн жолго камдана башташат.

Окуянын жүрүшү так ушундайча уланмак, бул негизги максатка жетүүдөгү “алгылыктуу” жакшылык болмок. Анткен менен Кудайдын сунушуна Мусанын жооп бергенин окуйбуз.

> “Эгерде биз менен Сен Өзүң барбасаң, анда бизди бул жерден алып чыкпа” (Чыг. 33:15).

Келгиле, эстеп көрөлү, бул жактан деген – бул кайсыл жактан? Муктаждык, бактысыздык, эзүү, кыйынчылыктар жана сыноолор болгон жерден – чөлдөн. Мусанын жообу адамдарды таң калтырмак, аларды Муса акылынан айныганбы деп ойлоого мажбурламак. Муса болсо минтип түшүндүрдү: “Эгерде Сенин биз менен болушуң менен Сенин батаңды тандай турган болсок, анда мен Сенин болушуңду тандамакмын. Муктаждыктар менен кыйынчылыктардын ичинде болсом дагы, ал мага эң сонун чөйрөдөгү Сенин батаңдан артыгыраак.”

Муса сергек ой жүгүртүүнү токтотту беле? Анын ой жүгүртүүсү чөлдө жүргөндө токтоп калды беле? Жок. Анын ички навигатору эң мыктыга карай багытталган болчу. Ал Мусаны ал тургай, жакшы нерсени Кудай сунуштаган кезде дагы, ыңгайсыз абалдарда да, сергек ой жүгүртүүгө багыттап турган.

Мусанын эң бир катылуу-жашыруун максаты, анын сыйлыгы – Кудайды жакындан таанып-билүү эле. Ал эми кимдир бирөөнү таануу үчүн убакытты бирге өткөрүүлөр талап кылынат. Мусанын эң

жогорку сыйлыгы ушул болгон. Ал үчүн эч нерсе жогорку баалуулук болгон эмес, аны эч нерсе, ал тургай, Кудайдын Өзүнүн сунушу да өзүнө мынчалык тарткан эмес. Билесиңерби, Кудай үчүн бул канчалык жагымдуу.

Силер сурайттырсыңар: "Эмне үчүн Кудайга Анын сунушунан баш тартып койгон жагымдуу болду? Мен бул суроого өз жеке жашоомдон алынган мисал менен жооп берейин.

Биз Лиза экөөбүз бир сапарда болдук жана бир нече күндөрдү чогуу өткөргүбүз келди. Жакын жерде гольф ойной турган керемет талаа бар эле. Мен талаада гольф ойногонду ушунчаык жактырам. Досторум ошол талаада бир партия ойноону сунуш кылышты. А менде болсо Лиза менен боло турган убактым ушунчалык аз болчу. Менин жакшынакай аялым жөн гана туруп: "Джон, бар ойной бер" деп койду. Мен ага: "Жок, кымбаттуум, мен сени менен эле болууну каалайм" деп койдум.

Биз ушунчалык сонун күндөрдү өткөрдүк. Лизанын тан калуусунда чек жок эле, анткени ал мага гольф ойноо жана досторум менен чогуу баарлашуу кандай гана жагаарын билет болчу. Мага Лиза өзү айтты да, ал чын жүрөктөн айтып жатты жана ал башкача сүйлөп же мен анын сунушуна макул болуп кетсем да таарынмак эмес. Анткен менен, жүрөгүнүн терең бир жеринде ал менин аны менен убакыт өткөрүшүмдү каалаган бойдон калмак да.

Мусанын реакциясында да биз ошол эле принципти көрүп турабыз. Кудай Мусага варианттарды тартуулады, бирок ал баш тартты. Ал Мусаны жана бүт Ысрайыл элин эч кандай коопсуздуксуз эле убадаланган жерге да алып келип эле коймок. Анткен менен, алар бул жолду Кудайсыз басып өтүшмөк. Менин оюмча Кудай чын жүрөгүнөн ушундай вариантты сунуштаган, бирок ичинде байкалбагандай жашыруун каалоо – Муса чөлдөн эртерээк чыгуунун жана бай жердеги жеңил жашоонун ордуна, Анын Өзү менен кошо болуусун каалагандыгын эңсемек.

Кудайдын сунушунан баш тартуу менен Муса биринчиден, көңүл ачууларга караганда, Анын баталарынан ырахаттангандан көрө, Кудайдын Өзү менен болууну бир топ баалуураак көрдү.

Экинчиден, Муса Кудайдын чынчылдыгын билет. Ал кечеңдеп жатканы менен баары бир Кудай аларды эртеби же кечпи ошол жакка алып бараарын билген. Ал Кудай Өз сөзүнө тураарын билген. Эгерде Муса өзүнүн ички навигаторун-жол көрсөткүчүн туура орнотпогон болсо, анда кыйын кырдаалдарда башка жолду тандап кетип калышы мүмкүн эле.

## Навигаторду программалаштыруу

Мусаны өз ички навигаторун минтип орнотууга эмне түрткү берди эле? Анткени, ал учурда башка ысрайылдыктар такыр башкача ойдо жүрүшкөн эле да. Эгерде анын мурдагы чечимине жана бүткүл жүрүм-турумуна карап көрө турган болсок, анда биз бул суроого жооп таба алабыз.

Мен көбүнчө аудиторияга мындай суроо берип калам: "Ысрайылды Мисирден чыгарып жатканда Муса кайсы багытты бететеген?"

Ар дайым эле залдын бир бөлүгү: "Баталуу, убадаланган жерге карай" деп жооп беришет.

Ушундайбы? Муса фараонго жекеме-жеке келип жолуккан сайын, ага Кудайдын сөзүн айтып жатты: "Менин элимди коё бер, алар чөлгө барып, Мага ийбадат кылышсын" (Чыг. 7:16 о. э. Чыг. 5:1; 8:1,20; 9:1,13; 10:3). Муса фараонго Ысрайылдын кайда баратканын жети жолу келгенинде тең чөлдөгү табынуу менен байланыштырган. Бир да жолу ал баталуу жерди эскерген эмес.

Муса элди Кудай менен жолугуштуруу үчүн, Ага Синай тоосунда табынуу үчүн алып барышы керек болчу. Ал Мисирден чыгар менен эле баталуу жерге алып бармак эмес, анткени элди алгач ошол бата Берүүчү менен жолугуштуруу керек болчу. Эгерде антпесе, бата Кудай менен боло турган жолугушууга караганда маанилүүрөөк болуп калмак дагы, туура эмес багыт алып калмак.

Тилекке каршы, бүгүнкү күндө батаны баарынан жогору койгон кызматчылар бар. Мен дагы 1980-990 -жылдарда Анын Ким экендигине караганда, Ыйса биз ойлогонубуздан да көбүрөөктү кылып бере алат биз үчүн дегенди көп укчумун. Ушундай окутуулар на-

вигаторлорун Кудай менен бир болууга эмес, Кудайдын баталарына гана багыттаган шакирттердин тобун пайда кылган. Бул деген эсеп-чот менен күйөөгө чыккан аялдан айырмасы жок болуп калат. Балким, ал күйөөсүн жакшы көрөр бирок, ниети туура эмес.

Ысрайыл менен Мусанын ортосунда таң каларлык айырмачылык бар. Ысрайылдыктардын Мисирдеги жашоосу, таттуу болгон эмес. Алар кепелерде жашашып, болбогон тамактарды жешип, эски кийимдерди кийишкен. Бүткүл өмүрү бою алар башкалардын мурасы үчүн эмгектенишкен. Алардын жонунда кожоюндун камчысынан калган жарааттар билинип турчу, балдарын фараондун желдеттери өлтүрүп да салышчу.

Ысрайыл эли Мисирдеги кулчулуктан кереметтүү түрдө бошонуп чыгышкан, бирок чөлдө бир аз эле болгон учурда кайра Мисирди эңсеп кетишкен. Адамдар: “...Андан көрө Мисирге кайтканыбыз оң эмеспи?” (Чыг. 14:3), “...Чөлдө өлгөнчө, мисирликтерге кул болгонубуз жакшы эмес беле?...” (Чыг. 14:12).

Эми Мусанын жашоосун элестетип көргүлө, ал мурда өскөн жыргалдуу жашоо менен кийинки жашоосун салыштырып. Ал дагы ал жактан кетти жана кыйын шарттарда жашады, бирок бир да жолу нараазыланып же артка кайтуу тууралуу ойлогон жок. Эмне үчүн? Жооп жөнөкөй эле. Муса күйүп жаткан бадалдын жанында Кудай менен сүйлөшкөн. Ал Жаратуучуунун Өзүнүн оозунан сөз угуу бактысына ээ болгон. Ысрайылдыктарда да ошондой эле мүмкүнчүлүк болгон, бирок алар андан пайдаланышкан эмес. Мага түшүндүрүп берүүгө уруксаат бергиле.

## “Силерди Өзүнө алып келди”

Эл Мисирден чыгаар менен Муса аларды Синай тоосуна, өзү Кудай менен жолуккан жерге алып келген. Алар ал жерге келишкенде Кудай Мусага минтип айткын деген:

> “Менин мисирликтерге эмне кылганымды көрдүңөр, Мен силерди бүркүт балапанын канатына көтөргөндөй көтөрүп жүрүп, Өзүмө алып келдим” (Чыг. 19:4).

Анын сөзүнө карап көргүлөчү: "силерди Өзүмө алып келдим". Бул билдирүү тууралуу ойлонуп көргүлөчү. Качан бул сөздөрдүн чыныгы маанисин түшүнгөн кезде дирилдеп кетесиң. Ааламды жараткан Кудай Өзү негизги максатты, аларды Мисирдеги кулчулуктан Өзүнө алып келүү үчүн алып чыкканын ачык айкын эле айтып жатат. Ал алар менен жакын жана жекече мамиледе болууну каалаган.

Кудай мамилелешкиси келген Кудай экендигин эстен чыгарбоо керек, Ал аталык жүрөккө ээ жана дайыма ушундай болот. Ата же эне өзүнүн жаңы төрөлгөн наристесине кандай үзүлө түшүп мамиле кылса, Ал дагы Өз балдарына дайыма суусап турат.

Кудай Мусага бадалдын арасынан жолуккан. Ал ага Анын жанында болуу артыкчылыгын берген. Мына ушунун өзү эле Мусанын табитин кызыктырып-ачып салган, ал эми, ушунчалык жыргалчылыкка баткан Мисирге кайрылгысы да келбей калган. Ушул жолугушуу ага ушунчалык таасир эткендиктен, анын ички навигатору бекем орноп, багытын таап алган.

Ал Ысрайыл эли да ал болгон жерде болсо деп абдан каалаган, андан да таң калыштуусу муну Кудай Өзү каалаган. Ал Муса менен бадалдын арасында жолугушкандай эле элдер да Кудай менен, Кудай да элдер менен ошентип жолукса экен деп каалаган.

Элестетип көргүлө, үч киши бар: Иордан, Авигея, жана Сусана. Иордан бири-бири менен тааныш болбогон Авигеяны да, Сусанды да тааныйт. Демек, аларды бири-бири менен тааныштыра алат. Муса Кудай менен жолугуп, Аны менен убакыт өткөргөн. Ошондой эле Ысрайыл менен да убакыт өткөргөн. Ошондуктан, так ошол Муса гана мындай жолугушууну уюштура алмак. Кудай Мусага башында кандай болорун айткан:

> "Силер Мен үчүн ыйык кызмат кылуучулардын падышачылыгы жана ыйык эл болосуңар". Сенин Ысрайыл уулдарына айта турган сөзүң ушул" (Чыг. 19:6).

Алар Ал үчүн өзгөчө болчу, Ал алардын баарынын Ага өз атынан же башка адамдардын атынан келишсе да, ыйыктоочулар

болуп калышын каалаган. Ал аларга жакын достукту сунуш кылган. Кандай гана артыкчылык! Андан кийин Кудай минтип айткан:

> “Элге бар. Ушул эки күндө адамдар ыйык Кудай менен жолугууга даярданышсын, алар кийимдерин жууп тазалашсын, үчүнчү күнгө даяр болушсун, анткени үчүнчү күнү Теңир бүт элдин көз алдында Синай тоосуна түшүп келет (Чыг. 19:10,11, The Message, англ. тилинен которулган).

Кудай чын эле үчүнчү күн болгондо тоого түшүп келди, бирок адамдар өзүлөрүнүн жообу менен Анын көңүлүн чөгөрүштү. Ага жакындоонун ордуна, алар Андан алысташты. Алар Мусага: “Биз менен сен сүйлөш, сени угалы, биз менен Кудай сүйлөшпөсүн, болбосо өлүп калабыз”, – дешти” (Чыг. 20:19).

Ысрайылдыктар Кудайдын алардын жанында болушуна туруштук бере алышмак эмес, анткени алардын жүрөгүндө дагы эле Мисир турган. Алар баштагыдай эле Ага караганда өз кызыкчылыктарын көбүрөөк сүйүшкөн. Аларда аны жакындан билүүгө карата артыкчылыктары болгон эмес. Кудайдын болушу алардын ички навигаторлорунун кандай орношкондугун көрсөтүп койгон, алар болсо анын багытын алмаштыргылары келген эмес.

Дагы бир жолу карап көрсөңөр, Кудай алардан кийимдерин тазалоо менен бирге дагы эмне кылууну талап кылууда? Эмне үчүн мындай кылган? Кудай физикалык тазалыкты биринчи орунга коёбу? Бул суроого жооп берүү үчүн биз, Байыркы Осуят мезгилинде сырткы иш-аракеттер адамдардын руханий абалын чагылдырып тургандыгын эске салабыз. Алардын кийимдеринен мисирдик булганычтар али жуулуп кете элек болчу. Кудайдын ыйыктыгында чогуу болуш үчүн, алгач аны жууп-тазалаш керек болчу.

Мисир деген күнөөдөн кирдеп бүткөн дүйнөнү символдоштурат. Адамдар өз денесинин каалоосун аткарып, көзгө көрүнгүсү келип, даража, кадыр-барк жана даңкка умтулуп жашашат – мунун баары тиричиликтеги текеберчилик (1 Жкн. 2:16ны карагыла). Кудайды таанып-билүү алардын артыкчылыгына жатпайт. Аларды баарынан да түйшөлткөнү - мен эмнени ала алам деген суроо.

## Кудай алтын издөөчүлөрдү издеп жаткан жок

Көбүнчө сапарда жүргөнүмдө мен бай эркектердин жанында абдан татынакай, өзүлөрүнөн 15-20-25 жашка кичүү аялдардын жүргөнүн көрүп калам. Көбүнчө мындай түгөйлөрдө эркектер алардын атасындай болуп турушат. Эмне үчүн ал ага үйлөндү же аны менен жашап жатат?

Ушундай көрүнгөн түгөйлөрдүн экөө тең бири-бирин бериле сүйгөн учурлары аз эле болот. Кеп башкада – мындай кыздарды алтын издөөчүлөр деп айтса болот. Бул кыздар жанындагы эркектин өзүнө эмес, ал түзүп берген жашоо – шартка кызыккандар. Ал аялдар бай кишинин кадырына жана байлыгына ээ болгусу келет. Эркек дагы кыздын өзүнө эмес, анын өзүмчүл талаптарына көбүрөөк көңүл бөлөт. Ал элдин баарына али жаш, күч-кубатка толуп турган, жакшы секс менен алектенген адам болуп көрүнгүсү келет.

Башкача айтканда, алардын ар бири жакын адамдарына чын дилден кам көргөндүн ордуна өз өзүмчүлдүктөрүн издешет. Кандайдыр бир деңгээлде алар экөө тең беркисинин эмне кылып жатканын билишет, бирок өз денелеринин канааттанышы жана текеберчиликтеринин көтөрүлүшү үчүн чыдашат. Аларды узакка созулган мамиле кызыктырбайт, аларды кызыктырганы өзүмчүлдүк ырахат.

Жакында биз аялым экөөбүз үйгө эмеректерди жана аксессуарларды алалы деп дүкөнгө бардык. Биз менен дүкөнчүдөн башка ал жерде дагы бир жуп-улгайган эркек менен жаш келин бар эле. Алгач мен аларды атасы менен кызы го деп ойлондум, бирок алардын дүкөнчү менен сүйлөшүүлөрүнөн кийин жубайлар экендигин түшүндүм. Алар жакында эле кирген үйлөрүнө бир нерсе сатып алып жатышты.

Биз алар менен дүкөндө жыйырма мүнөттөй чогуу болуп калдык, бул убакытта жакшы эле көз салууга жетиштик. Мен аладын кантип баарлашып жатканын байкадым – үстүртөн эле. Алардын жалпы кызыкчылыгы аз экендиги көрүнүп турду. Алардын жашоосунда сүйүү менен кубанычтын жетишпегендиги көрүнүп турду. Келин анын

көзүнө тике карабайт, жүзү муңайым. Ал абдан чапташкан кийимдерди кийип, аябай боёнуп алыптыр. Эркек өзүн аябай тыңдай, баарын билгендей алып жүрдү. Дүкөнчү менен сүйлөшүп жатканда ал акча ал үчүн маанисиз экендигин баса белгилеп жатты.

Ал түгөйлөргө карап туруп, Лиза экөөбүздүн мамилебиз такыр башка экенин моюндадым. Мен ал үчүн абдан кам көрөм, анын сулуулугу үчүн гана эмес, бирок ал чынында эле сулуу. Лиза дагы чын жүрөгү менен мага кам көрөт. Биз жакшы достордонбуз, бирге убакыт өткөрүү бизге жагат. Мен дүкөндө жолуктурган түгөйлөрдү аяп койдум, анткени аларга сүйүү жетишпей тургандыгы ачык эле көрүнүп турду. Мен муну аларды айыптайын деп жазып жаткан жокмун, мен алардын ортосундагы мамиле өзгөрүп, бири-биринен ырахаттанып жашоого өсүп жетет деген ишенимдемин. Бирок, көбүнчө мындай болбой калат, анткени алар туура эмес пайдубалды тандап алышкан.

Ысрайылдыктар Мисирден булганыч мамилелерди ала келишкен, ал эми Кудай алар менен үстүртөдөн гана мамилелеш болууну каалабайт эле. Ал алар менен узак мамилени каалаган. Ага алтын издөөчүлөрдүн кереги жок эле. Ысрайылдыктардын жүрөктөрүндө али да калдыктары калып калган дүйнөлүк ниеттер чыныгы мамилелешүүгө туура келбейт эле, анткени алар абдан эле өзүмчүл мотивдер болчу. Ысрайыл ошол булганычтан тазалануу менен гана Кудайды таанып-билмек.

Анткен менен, Ысрайылдыктар Кудай менен чыныгы мамилени издеген Мусадай болуп, өз каалоолорунан баш тарта алышкан эмес. Ысрайылдыктар Кудайдан өзүлөрү үчүн пайданы гана каалашкан. Баары жөнөкөй гана болгон.

## Бүгүн кандай?

Биз Жаңы Осуят мезгилинде жашап жатабыз. Бүгүн бирдеме өзгөрдүбү? Адамдар дүйнөдөн келген булганычтарды сактап калуу менен, Кудай менен мамилелешүүдөбү? Ыйса Машайактын ырайымы дүйнөдөн келген булганыч нерселерден тазаланууга болгон

зарылдыкты жууп коё алабы? Ыйык Жазууда ушул зарылдыкты көргөзгөн көптөгөн аяттар бар, бирок көбүнчө унчукпай келебиз.

"Кудайдын ыйбадатканасы менен буркандардын ортосунда кандай байланыш бар? Анткени силер тирүү Кудайдын ийбадатканасысыңар. Кудай мындай деген:

> "Алардын арасына жайгашып, алардын арасында жүрөм, алардын Кудайы болом, алар Менин элим болушат". "Ошон үчүн ишенбегендердин чөйрөсүнөн бөлүнгүлө, – дейт Теңир, – арам нерселерге жолобогула, ошондо Мен силерди кабыл алам". "Мен силерге Ата болом, силер болсо Менин уулдарым, кыздарым болосуңар", – дейт кудуреттүү Теңир. Сүйүктүү бир туугандарым, Кудай бизге ушундай убадаларды бергендиктен, денебизди жана рухубузду булгаган ар кандай ыпыластыктан арылалы, Кудайдан коркуу менен, ыйыктыкка умтулалы" (2 Кор. 6:16-7:1, NLT, англ. тилинен которулган).

Ушул көп эмес сөздө ушунчалык көп нерселер камтылган. Биринчиден, "Кудай кантип айтканына" көңүл бургула. Кудай бул сөздөрдү эң биринчи кайсы текстте айткан болчу? Пабыл тоодо Мусага кайрылып Кудай айткан сөздү жана Анын бирге болгондугун айтат:

> "Ысрайыл уулдарынын арасында жашап, алардын Кудайы болом. Ошондо алар Менин өздөрүнүн Кудай-Теңири экенимди билишет. Алардын арасында болуу үчүн, Мен аларды Мисир жеринен алып чыккам. Мен алардын Кудай-Теңиримин" (Чыг. 29:45, 46).

Кудай Чыгуу китебинин 19-бөлүмүндө айтканын - Өзү каалаган чыныгы мамиле тууралуу кайра кайталап айтып жатат. Буга Кудай суусап турган, бирок Ысрайыл ал тууралуу унутуп койгон. Кээ бир гана адамдар, мисалы Муса, Дөөт, Даниил, Ышайа жана башка кээ бир адамдар гана Кудай менен эң жакын мамиледе боло алышкан, анткени, алар өзүмчүлдүктү канааттандырган дүйнөлүк нерселерден баш тартууну каалашкан. Эми Пабыл бизге, Ыйса Машайактын каны менен жуулгандарга жана Кудайдын ырайымы менен куткарылгандарга ошол эле сөз менен кайрылып жатат.

Биз кайрадан эле бизге минтип айтылгандарды угуп жатабыз: "Аларда жайгашам да, алардын арасында жашайм. Мен алардын Кудайы болом, алар менин элим болушат... Ыплас нерселерге жолобогула, ошондо Мен силерди кабыл алам". Бул сөздөр Кудай Ысрайылга айткан сөзүнөн эч нерсеси менен айырмаланбайт, бирок Ал азыр жаңы элге – бизге кайрылып жатат. Анын биз менен жакын мамиледе болсом деген каалоосу дагы эле өзгөрүлгөн жок, бирок биздин кийимибизде дүйнөнүн ыпластыктары болуп турганда ал каалоо ишке ашпайт. Ал биз менен жакын мамиледе болот, бирок бир гана шарт менен. Ал бизге кайрадан эле алтын издөөчүлөргө карата болгон өзүнүн келишкис мамилеси тууралуу айтып жатат.

Кудай биздин жашыруун ойлорубузду көрүп турат. Ал бизге дененин эле киринен эмес, жүрөктөгү жана рухтагы кирлерден да арылышыбызды буюруп жатат. Ал биздин кийимдерибизде Мисирден келе жаткан кирлер (жеке кызыкчылыгыбыз үчүн жашап жатабызбы) барбы, же Мусага окшоп, Анын каалоосун баарынан жогору коюп жатабызбы, баарын көрүп турат. Ошондуктан, Муса Ысрайыл элине Аны менен жолугаардан мурда, жакын мамилени баштаардан мурда өз кийимдерин тазалоо тууралуу айткандай, Пабыл да бизге айтып жатат: "Келгиле, денебизди жана рухубузду булгаган ар кандай ыпыластыктан арылалы, Кудайдан коркуу менен, ыйыктыкка умтулалы". Өзүбүздү дүйнөлүк жана ар кандай таза эмес нерселерден тазалоо менен, биз өзүбүздүн ички навигаторубузду тууралап коёбуз, ал биздин жолдон чыгып кетишибизге жол бербейт, эч кандай компромисске, жакшыга мыктыны алмаштырып коюубузга жол бербейт.

Бизди Кудай менен болгон жакын мамилеге алып баруучу ички навигаторубуздун эң туура багытта сакталып турушу үчүн, "ыйыктык" деген сөз эң маанилүү болуп эсептелет. Эмки бөлүмдөрдө биз ушул таң каларлык чындыкты ачабыз.

7

# БИЗГЕ КЫЗГАНЧААК

“Мени кимге окшоштуруп, кимге салыштырып
жатасыңар?” – дейт Ыйык Кудай. Башыңарды көтөрүп,
асманды карагыла, жылдыздарды ким жаратты?
... Ал алардын бардыгын өз аты менен атайт:
Анын кудурети күчтүү болгондуктан, күч-кубаты
зор болгондуктан, эч нерсе жоголуп кетпейт.
— Ышайа 40:25, 26 (NLT, англ. тилинен которулган).

Оо, ишенүүчү, Теңир сенин сүйүүңө өтө кызганчаак.
Ал эмне, сени тандап албады беле? Эгерде сен, анын ордуна
башка бирөөнү тандап кетсең, Ал ага чыдап тура албайт.
— Чарльз Сперджен

Кудай менен болгондон өткөн пайда жана канааттануу жок. Ойлонуп көргүлө: бул белгилүү окумуштуунун, белгилүү художниктин, шоу-бизнестеги жылдыздардын же дүйнөдөгү күчтүү лидердин компаниясында болуу эмес, бирок көрүнгөн жана көрүнбөгөн нерсенин баарын Жараткандын жанында болуу. Адамдык акыл өлчөмүн билбегендей чоң ааламды Ал ойлоп чыккан, ошондуктан да ар кандай материалдык нерселердеги ар бир курулуш кирпичтери жана буюмдардагы татаал атомдук түзүлүштөр өзүнчө роль ойношот. Атомдор ушунчалык ичинекей бөлүкчө болгондуктан, алардан турган бир дюйм узундуктагы кесиндини ала турган болсок, ал кесиндиде миллиардаган атомдор жайгашат, мен бул тууралуу мурдагы бөлүмдөрдө да айткам. Көптөгөн терендеп изилдөөлөрдөн кийин да окумуштуулар алардын табиятын аягына чейин түшүнүп жетише элек.

Кудайсыз эч кандай пайдалуу акылмандуулук, билим же аян болушу мүмкүн эмес, Кудайга эч нерсени үйрөнүүнүн кереги жок, анткени Ал чынында эле баарын билет жана анын баарын алдын ала эле билчү. Анын алдында дайыма кудуреттүү периштелер жүрөт жана алар беттерин жаап алышып, Анын Ким экендиги жөнүндөгү туруктуу аянга тамшануу менен даңкташат. Мурдагы муундардын арасынан чыккан эң бир акылдуу эркектер жана аялдар Аны менен бирге болуудан ырахаттанышкан.

Адамга ушундай Инсан менен бирге болууга мүмкүнчүлүк берилгендигин ойлогон кезде денең дүркүрөйт. Анан да биздин Аны менен болушубузду бизге караганда да, Ал көбүрөөк каалагандыгы андан бешбетер таң калтырат. Апостол Жакып мындай дейт:

> “Же силер Ыйык Жазуудагы “Кудай ичибизге салган Рух кызганчаактык менен сүйөт” деген сөз жөн эле айтылган деп ойлойсуңарбы?” (Жкп. 4:5).

Кызганганга чейин сүйсө, демек бир нерсени абдан каалап жатат. Ушунчалык кереметтүү Инсан мени менен жолугушууга суусап турса, анда мен дагы Дөөткө окшоп: “Кудайым, Сенин ойлоруң мен үчүн кандай баалуу, алардын саны кандай көп! Мен аларды санай турган болсом, алар кумдан да көп. Мен ойгонгондо да, Сени мененмин” (Заб. 138:17,18) деп айтышым керек да. Дөөт биз тууралуу - жалпы адамдар тууралуу эмес, жеке ар бирибиз тууралуу Кудайдын өзүнчө ою бар экендиги жөнүндө айткан, Анын биз жөнүндөгү ою бүт Жер планетасындагы кумдардын бүртүгүнөн да ашып түшөт! Бирок, жердеги бардык кумдарды элестеткиле, көл жээгиндеги, чөлдөрдөгү, гольф ойноочу талаалардагы, балдар ойногон жерлердеги кумдардын баарын элестеткиле. Бул кумдардын эсеп жеткис саны – ойлордун эсеп жеткис саны.

Силерге дагы бир мисалды айтайын. Мен өз аялымды өтө катуу сүйөм. Биз отуз жылдан ашык чогуу жашап жатабыз. Менде ал тууралуу сан жетпеген ойлорум бар. Ошентсе да, ал тууралуу отуз жыл ичиндеги ойлорумдун бүт баарын кумга айландырсам да, бүт

кийимдин бир каробкасына да ал кум толбой калмак (окумуштуулардын айтканы боюнча бир куб фут жээкте 1,8 миллиард кум бүртүгү болот экен).

Келгиле, дагы да тереңирээк ойлонуп көрөбүз. Силер баарын апырта берген адам менен жолугуп көрдүңөр беле? Мисалы, балыкчы. Ал: “Мен мо-омундай балык кармадым” деп, кулачын жая анын өлчөмүн көргөзөт. Эгерде силер ал балыкты көргөн болсоңор, ал айткандан бир топ эле кичирээк экенин билесиңер.

Же болбосо, өзүнүн көз карашын билдирүү үчүн статистикалык маалыматты жок жерден эле алып айткан адам дейли. Ал тайманбастан туруп эле: “Эркектердин токсон тогуз пайызы мелодрамаларды жактырышпайт” деп айтат. Ал эч качан социалдык сурамжылоолорго кызыккан эмес. Учурдагы статистиканы текшерген эмес, бирок өзүнүн кинонун ошол жанрына карата жек көрүүсүн билдирүү үчүн ушундай сөздөрдү колдонот.

Же болбосо: “Мен сен үчүн сыйынам” деген адамды алып көрөлү. Балким, ал бир гана жолу сыйынгандыр, болгондо да каалоосу менен эмес. Менин оюмча ар бир эле адам мезгил-мезгили менен апыртып айтса керек, бирок келгиле өзүбүз менен чынчыл бололу: апыртуу – бул, калп. Таң калтырган чындык мына-мында жатат - Кудай эч качан калп айта албайт! (Сан. 23:19 жана Тит. 1:2 ни карагыла). Эгерде Ал алдай турган болсо, анда калптын атасына –шайтанга баш ийип калган болбойбу, бирок эч качан мындай болушу мүмкүн да эмес.

Эгерде Кудай Анын силер үчүн ою жер планетасындагы кум бүртүгүнөн да көп деп айтып жаткан болсо, анда буга ишенүү гана керек.

Анын силер жөнүндө канчалык көп ойлонорун түшүнүп жатасыңарбы? Өзүңөрдүн жашооңордогу ойлонуп жүргөн кезиңерди элестеткиле. Силер анын жанында болууну каалабаган адам тууралуу көп ойлоносуңарбы? Ал да ушундай! Бизде болгон Кудайдын Руху биз менен болууга дайыма чаңкап турат. Б. а. Кудай силерди эң кымбат досу катары абдан жакындан билгиси келет.

## Кудайдын кызганычы

Келгиле, Жакыптын сөзүн эстейли: "Же силер эмне, Жазуу бекер эле айтып жатат деп ойлойсунарбы: "бизде жашап жаткан рух кызгангандай сүйөт." Бул жерде эң маанилүү сөз – кызганганча деген сөз. Бул эмнени түшүндүрөрүн көргөзүп берүүгө уруксат эткиле. Эгерде менин башка бир жактагы адам менен мамилем бар болуп, аялымдан алыс болсом, анда ал мени менен сырдашып, жүрөктөгү каалоолорун ортого салып умтулуу, максаттарын айтат беле? Жок! Бул аяттын контекстине карап көрөлү, анда минтип айтылат:

> "Бузуктук кылуучулар, бул дүйнө менен болгон достук Кудайга каршы кастык экенин билбейсиңерби? Бул дүйнө менен дос болууну каалаган адам Кудайдын душманы болуп калат" (Жкп. 4:4).

Башкача айтканда, "Эгерде силер дүйнө менен достукту издесеңер, анда бузукусуңар!"

Жакып өз катын бир гана машайакчыларга жазган, анткени "менин бир туугандарым" деп он беш жолу кайталайт. Анын каты албетте Кудай менен мамилеси бар, Ыйса Машайакты өз жашоосуна кабыл алган адамдарга арналган. Дүйнө менен тамашалашып жатып, биз Кудайга каршы бузуктук кылган болобуз.

Башка аял тууралуу айткандарымды улантуу менен, мен айтып коё турган дагы бир нерсе Лиза менин башка жакта мамилем бар экендигин билсе, анда сырларын айтышмак тургай, кыжырданып жана кызганмак – ал абдан туура болмок. Мен өзүмдү ага, жалгыз гана ага арнадым. Эгерде анын көзүнө чөп сала турган болсом, анда мен алдаган болмокмун.

Жакып Рухтун кызганычы тууралуу өз сөзүн мындайча айтат: "Же силер Жазуу бекер айтат дейсиңерби?.." Ал айтып жаткан ошол аятты эле эмес, башка дагы көптөгөн аяттар тууралуу айтып жатат. Кудай Өзү жөнүндө бир нече жолу айткан:

> "Кудай-Теңириң Менмин. кызганчаак Кудаймын." (Чыг. 20:5).

> "... Анын ысымы – "Кызганчаак". Ал – кызганчаак Кудай" (Чыг. 34:14).

> Анткени Кудай-Теңириң – жалмап салуучу от, кызганчаак Кудай (Мыйзам. 4:24).

Кудайдын кызганчаактыгы тууралуу Жазууда көп жазылган, ошолордун бардыгы биздин Аны менен болгон өз ара мамилебиз тууралуу айтылат.

Улантаардан мурда тактап алалы: Кудай бизге кызганбайт, Ал бизди кызганат. Мында чооң айырмачылык бар. Ал бизге ийгилик каалайт, бизде баары сонун болсо дейт. Ал биздин молчулукта жашашыбызды каалайт, Анын биз үчүн болгон эрки биздин өсүп-өнүгүшүбүз (Нунд. уулу Жаш. 1:8; Накыл. 4:8; Мат. 25:29; Жкн. 15:8). Анын кызганчактыгы бизге жакын болгусу келгендиги менен байланыштуу. Ал башкалар менен, т.а. дүйнө менен бизди бөлүшкүсү келбейт. Жакып болгону ишенгендерге Кудай ишенимсиздикке кандай карарын эскертип жатат. Эгерде биз Ага карата бузукулук кылсак, Анын каары кызганычка алып келет. Бул майда нерсе эмес.

Бирок, каар – бул, келишимге карата ишенимсиздиктен улам пайда болгон жалгыз гана эмоция эмес. Мен алданып калган эркектердин же аялдардын кандай абалда калгандарын, көңүл калууларын, жоготууларын, ичиндеги кайгы жана каарларын кантип айтып берип жаткандарын абадан көп жолу уккам. Аларды өз жашоосун арнаган адамдары четке кагып, жана чыккынчылык кылышкан. Алардын жан дүйнөсүн тереңине чейин жарааттар менен көңүл калуу аралап кетет. Мен ташталган аял ушунчалык көңүл калуу менен минтип сурап жатканын уккам: “Мен өзүмдүн эң жакшы жылдарымды арнап жана балдарды төрөп берген күйөөм, кантип мени таштап кетет?”

Элестеткилечи, Кудай кандай сезимде болот? Ага ишенимсиз болгон кезде, Анын жан дүйнөсү кандай абалда болоорун элестеткилечи. Пабыл минтип жазат: “Мен силерди Кудайдын кызганычы менен кызганып жатам, анткени силерди бир Күйөөгө – Машайакка никелеп койгом. Анын алдына таза бойдон барышыңарды каалагандыктан кызганып жатам” (2 Кор. 11:2).

Пабыл бизге Кудайдын атынан сүйлөп жатат, качан биз Анын ордуна башка нерсени койгонубузда Ал кандай сезимде болорун

айтып жатат. Жеремия да ошону эле айтып жатат: “Мен өз кайгымдан качан сооронам? Менин жүрөгүм кыйналып турат” (Жер. 8:18). Биз дайыма Анын бейнесиндей болуп жаралганыбызды эстешибиз керек, анткени биз Кудай сезгендей сезебиз!

Кудай биз үчүн Өз жашоосун бергендиги үчүн Ал бизди кызганат. Ал биз менен түбөлүктүү мамиледе болуш үчүн бардыгын берген. Анын жүрөгү жана жан дүйнөсү биз ишенимдүү болбогон кезде абдан кайгырат жана каарданат. Карасаңар, Ал эмне деп жаткандыгын:

> “Кыз өз жасалгасын, колукту өз курун унутат бекен? Менин элим болсо Мени унутуп салды, унуткан күндөрүнө эсеп жок. Сүйүүгө аракет кылып жетүү үчүн, өзүңө жол тапканга кандай чеберсиң? Атүгүл, ошол үчүн өз жолдоруңду кылмышка ылайыкташтырдың. “...Менин элим Мени унутту,- күндөрдүн эсеби жок. Сүйүүгө аракет кылып жүрүү үчүн, өзүңө жол тапканга кандай чеберсиң! Керек болсо сойкулар да сенден үйрөнө турган нерселер бар! ... Ушунун баарына карабастан, сен: “Мен күнөөлүү эмесмин...” дейсиң” (Жер. 2: 32, 33, 35. Орусча жаңы котормо).

Биз Ага карата бузукулук кылып жатып көбүнчө эле өзүбүздүн ишенимсиздигибиздин канчалык оор экендигин билбейбиз. Чындык биздин көзүбүздү ача алат. Анын кайгырган жан дүйнөсүнө жана жараланган жүрөгүнө биздин жүрөгүбүз мерез болуп жатат. Кудай минтип сурап жатат: “Алар жийиркеничтүү иштерди кылгандан уялышабы? Жок, такыр уялышпайт, кызарып да коюшпайт...” (Жер. 6:15). Жеремия жана башка пайгамбарлар Ысрайылдын ишенимсиздиги тууралуу эмне дешкен болсо, Пабыл менен Жакып дагы Жаңы Осуятта ошону эле айтып жатышат.

Жакыптын маанилүү бекемдөөсүн изилдөөнү улантып жатып, гректин philos жана phila “дос” жана деген сөзүн карап көрөлү, анда дос жана достук деген эмнени билдирери тууралуу айтылган. Philos деген сөздүн мааниси сүйгөн жана бириктирген дегенди түшүндүрөт; phila деген сөз болсо, “дос” же “достошуу” дегенди

түшүндүрөт. У.Э. Вайн, "Байыркы жана Жаңы Осуяттын сөздөрүн чечмелөө" деген сөздүктүн түзүүчүсү phila деген сөзгө аныктама берип, минтип жазат: "Ал сөз сүйүү дегенди билдиргендей эле, сүйүктүү болуу дегенди да билдирет" дейт. Ыйсанын сөзүнүн жарыгына салып ал тууралуу ойлонуп көргүлө:

> "Эгерде силер бул дүйнөгө таандык болсоңор, анда дүйнө өзүнүкүн сүймөк. Силер бул дүйнөнүкү эмессиңер. Мен силерди бул дүйнөдөн тандап алдым, ошондуктан бул дүйнө силерди жек көрөт" (Жкн. 15:19, орус тилиндеги жаңы котормо).

Силер эми мурда тиешелүү болгон дүйнөгө тиешелүү болбой калдыңар. Эми силер Кудайга тиешелүүсүңөр. Силер өзүңөрдү Ыйсага берген кезде силердин денеңерде жашаган адам өлгөн. Таптакыр жаңы жаралуу пайда болду. Силер Кудай менен келишимде болгон адам катары жогорудан төрөлдүңөр.

Ыйса минтип айткан: адамдын Кудайга тиешелүү болушундагы негизги белгиси – бул, дүйнөнү жек көрүү. Өзүңөргө чындап суроо берип көргүлөчү: "Мени дүйнө жек көрөбү?" Силерге тааныш болгон машайакчыларды дүйнө жек көрөбү? Эгерде жообуңар "ооба" болсо, анда кантип мындай шартта жашап, иштеп жана пайда алып келсе болот? Дүйнөгө кантип жетсе болот? Эгерде дүйнө бизди сүйсө, анда биз ага көбүрөөк таасир эте алмак белек? Ушундай оор суроолорго, жооп берүү керек, аны биз кийинки бөлүмдөрдө беребиз.

Апостол Жакан Ыйсанын сөзүнүн башка жагын ачып берет. Ал бизге тайманбастан туруп эле минтип айтат: "Бул дүйнөнү жана бул дүйнөдөгүнү сүйбөгүлө. Ким бул дүйнөнү сүйсө, ал адамда Атага болгон сүйүү жок" (1 Жкн. 2:15).

Ыйса, Жакып жана Жакан Кудай менен мамиледе болгон, бирок дүйнөнү сүйгөн же тескерисинче абалдагы адамдар тууралуу сүйлөп жатып, күчтүү сөздөрдү колдонушкан. Алар биздин дүйнөгө болгон сүйүүбүз жана достугубуз жана дүйнөнүн бизге болгон сүйүүсү бузукулукка, жек көрүүгө, душмандыкка жана бизде Кудайга болгон сүйүүнүн жетишпестигине тете деп айтышат. Дүйнө менен

болгон достук тууралуу бул олуттуу сөздөрдү комментарийлөөдөн мурда, биз дүйнө деген эмне экендигин аныктап алышыбыз керек.

Грек тилинде дүйнө деген сөз – kosmos. Ал “азыркы заманда болуп жаткан нерселер, ошондой эле болушу керек болгон нерселер, б.а. Машайактын Падышачылыгына карама-каршы нерселер дегенди түшүндүрөт, анан ошондуктан да ал тез эле өтүп кете турган, пайдасыз ж.б....туура эмес каалоолор деген түшүнүккө ээ Келгиле анда, бул сөздөрдүн ар бирин талдап чыгалы.

Тез өткөн деген сөз тез өтүп кетүүчү деген сөздөн түзүлгөн, ал “узакка созулбаган, туруктуу эмес, болбой турган” дегенди түшүндүрөт. Эгерде биз убакыттын өтүшү менен өнүгүп бара жаткан коомго карай турган болсок, анда биз анын дайыма өзгөрүп тургандыгын байкамакпыз. Ал өзгөрүүлөр көбүнчө пайдалуу, алар прогресс, өнүгүү жана өсүү болуп жатат дегенди түшүндүрөт. Ошенткен менен, адеп-ахлактагы жана жүрүм-турум эрежелериндеги өзгөрүүлөр бизди Кудай алдындагы чыныгы жакшы нерселерден алыстатып кетет.

Биздин коомдо кечээки эле ыплас, кабыл алынбаган, жат нерселер, бүгүнкү *к*үндө адеп-ахлактуу, жалпыга жаккан нерсе катары кабыл алынып калды. Келгиле, мисал келтирип көрөлү. Он үч жашка чейинки балдар ата-энеси менен гана кире ала турган фильмдерди карап көрөлү. Кассанын алдында акыркы киного кирүүнү каалагандар толтура. Бирок, блокбсстерде көптөгөн зордук-зомбулуктар жана бузукулуктар көрсөтүлө баштайт. Ал жерде сексуалдык жийиркеничтер, бачабаздыктар көп эле фильмдердер бар. Актерлор экрандан жаман жүрүм -турумдарды, карактоону, киши өлтүрүүнү жана сыйкырчылыктарды демонстрациялашат. Сюжет боюнча терс каармандар гана эмес, оң каармандар да ушундай жоруктарды жасап жаткандыктары көргөзүлөт. Кудайдын атын кошуп аып, анан сөгүнгөн жерлер да көп кездешет.

Көптөгөн фильмдерде буларга капысынан күбө болбой эле, ошондой болорун күтүп көрөбүз. Эгерде ошол эле кинону 1950-жылдары көргөзгөн болсо, анда ал мезгилдеги адамдардын эси ооп калмак! Америкалыктар мынчалык көп сөгүнүүлөргө, жылаңачтанууга, ачык көрүнгөн ыпластыкка нараазы болушмак.

Адамдар коомдук нараазылыктарга чыгышмак: “Эмне үчүн фильмде үйлөнө элек эки адам чогуу жашап жатышат, анан калса алар төшөктө чогуу болушкандыктары кантип болсун! Эмне үчүн бул кадимки жашоо образындай болуп көргөзүлүп жатат? Кандай гана уятсыздык!” Көрүүчүлөр мындай фильмге каршы чыгышмак.

Ошентип, эмне болду анан? Эмне Кудай жакшы, кадимкидей эле жүрүм-турумдун жаңы стандарттарын жарыялады беле? Баары эле боло бербейт деген чек ара жылып кетти беле? Же биз акылдуураак болуп калдыкпы? Элүүүнчү жылдагылар эскиче көз караштa болушуп, азыр өнүгүү мезгили келдиби?

Эгерде чыныгы статистикага карап көрө турган болсок, анда биз фильмдердеги кескин өзгөрүлүүлөр, коомдогу адеп-ахлактык стандарттардын эле чагылышы экендигин көрө алабыз. Жакында эле эле болгон сурамжылоонун натыйжасы боюнча, үйлөнө электе эле эркектер менен жашаган кыздардын саны 1982-жылдагы көрсөткүчкө караганда үч эсеге көбөйүп кетке US News & World Report басмасынын маалыматы боюнча, 2006-2010-жылга чейинки мезгилдеги, 15 жаштан 44 жашка чейинки аялдардын жарымысы (48%) никеге чейин эле өнөктөшү менен жашап алышкандыгы дайын болду. Бул 2002-жылга караганда 11% көп, ал эми 1995-жылга караганда 41% га кө Мен маданиятыбыздагы өткөөл көрсөткүчтөрдүн санын уланта бермекмин, бирок китептин мааниси мында эмес.

Дүйнө ошондой эле, адамдардын жашоосу эч кандай баага татыбайт деген көз караштты таңуулайт. Коомдо чынында эле баалуу өзгөрүүлөр жана өнүгүүлөр бар. Илимдеги, технологиядагы, коммуникациядагы, медицинадагы жана башка сферадагы жетишкендиктер адамзаттын өнүгүп-өсүшү, көбөйүшү үчүн жөндөмдүүлүктөрүн байытууга аракеттенет. Бул Кудайдын биринчи парызына ылайык келет: “тукумдагыла жана көбөйгүлө” деген (Башт. 1:22).

Адеп-ахлактагы (моралдагы) өзгөрүүлөр кандайдыр бир баалуулуктарды алып жүрөбү? Же алардын негизинде сараңдык, кумарлар жана статуска болгон чаңкоо жатабы? Биз никеде турган эки аялга же эки эркекке ишенип, тарбияласын деп берген балдарыбыз алардан кандай жакшы нерсени ала алышат? Балдарга

кам көрүүнүн мындай жолу назик энеси, эр жүрөк атасы болгон үй-бүлөгө карганда бала үчүн жакшыраакпы? Же болбосо, бул өзгөрүүлөр туура эмес каалоолорду канааттандыруу үчүн жасалдыбы (биздин аныктообуздагы kosmos деген сөздүн акыркы чегиби)?

Өзүн никеге арнабай, көңүлдөш болуп гана жашап турган эркек менен аял баланы коргоону камсыздай алышабы? Же мындай союз ата-эненин өзүмчүл каалоолорун канаатандыруу максатында эле кармалып турабы? Товарды өндүрүүчү же сатуучу чындыкты бузуп, сатуунун деңгээлин көтөрүү үчүн эле туура эмес ыкмаларды колдонуу менен, ал клиентти байытып жатабы же өзүнүн сараңдыгын канааттандырып жатабы? Мыйзам аркылуу уруксаат берилген нашааны чегүү мээнин клеткаларынын иштөө жөндөмдүүлүгүн көбөйтөбү? Окумуштуулардын жарыяланып жаткан материалдары баңгиликтин айынан клеткалар туруктуулук менен өлүп жаткандыгын айтпай жатабы же? Ушул эл көнүп бараткан каалоолордун жок дегенде бирөөсү бизди Кудайга жакындатабы?

Жазуу бул дүйнөнүн каада – салты мыйзамсыздыктар тарабынан орнотулган деп айтып жатат бизге. Алар биздин муундун өкүлдөрү тарабынан чеберчилик менен аракеттенет (Эф. 2:2ни кара). Б.а. kosmos деген - бул, ылайланган акыл ойлоп чыккан маданият. Жакан пайгамбар бизди минтип айтуу менен ар кандай шек саноолордон арылтат: “Биз Кудайдан экенибизди, ал эми бүт дүйнө амалкөйдүн бийлиги астында экенин билебиз” (1 Жкн. 5:19). Дүйнө улам барган сайын Кудайдын жүрөгүнөн жана бийлигинен алыстап баратат. Бирок, белгилүү бир деңгээлдеги бул алыстоо ачыктан ачык жамандык же Кудайдын Сөзүнө карама-каршылык болуп эсептелбейт, дүйнөдө болуп жаткан бул нерселер жалпынын жыргалчылыгы үчүн же прогресс үчүн деген беткап кийип алган. Бирок, тилекке каршы, дүйнө өз атуулдарын Кудайдын жүрөгүнөн алыстатып кетүү менен, жутуп бараткандыгы чындык.

“Библиялык сөздөрдүн жаңы эл аралык энциклопедиясында” дагы да тереңирээк аныктама берилет – “Ой жүгүртүүнүн дүйнөлүк образы деген – бул, кээ бир адамдарды кыжырданткан сабактар ме-

нен алектенүү эмес. Бул көз караштарды, баалуулуктарды жана өз маданиятындагы мамилелерди Кудайдын Сөзүнө салып талдабай эле, ойлонбой эле кабыл ала берүү дегендик . Б.а. дүйнөлүк ой жүгүртүү образына ээ болуу менен, биз эмнени жакшы деп, эмнени жаман деп стандарт орнотуучу булакка айланып калабыз. Коомго эталон койгон көз караштар, баалуулуктар жана мамилелер дененин каалоосуна, көздүн кумарына, даражага болгон умтулууга, белгилүү болуп, кадыр-барктын көтөрүлүшүнө тамырлайт.

> "Бул дүйнөнү жана бул дүйнө сунуш кылганды сүйбөгүлө. Ким бул дүйнөнү сүйсө, ал адамда Атага болгон сүйүү жок. Анткени, бул дүйнөдө болгон нерсенин баары: дене кумары, көз кумары жана турмуш-тиричиликтеги текебердик. Булар Атадан эмес, бул дүйнөнүкү" (1 Жкн. 2:15,16. NLT. англ. тилинен которулган).

"Дүйнө сунуш гана кылат" деген сөзгө көңүл бургула. Аларда дүйнөнүн таасирин кантип табуу боюнча кыскача эле айтылган, же болбосо, Жакыптын айтканына ылайык, силерди оп тартып кеткиси келген бузукуларды кантип табууга болот.

Суранам, мени ук, Машайактын жолун жолдоочу: дүйнө сени жутуп кетүүнү издеп атат. Дүйнөдө сунуш кылынган мамилелер көбүнчө эле чебер сөздөр менен, кошомат, логика, мүмкүнчүлүктөр, күч, таасир жана жеке пайданы же канааттанууну убада кылуу менен коштолот. Ал жылаан Обону азгырган азгырыктан эч нерсеси менен айырмаланбайт. Ал өзүнө жагып калган эркекке көз салган бузуку аялга окшош. Ал адамды өз желесине чырмап алат да, ага өзүнүн керектигине аны ишендирүүгө мажбурлайт. Бул желе-тузак, эч нерсени оюна албаган курмандыкты чырмап алат да, аял андан өз каалаганын алат.

Дүйнөнүн тузагы да адамдарды, Машайакты ээрчигендерди да өз кучагына тартат. Максаты өз каалосуна жетүү, ишенгендерди Кудайдан, Анын жашоосунан жана баталарынан алыстатып кетүү. Накыл Сөздөрдүн автору дүйнөнун кучагы – бул, өлүмдүн түнөгү, анын жолдору түпкүрдөгү караңгылыкка алып барат. Ал көптөгөн күчтүү эркек, аялдарды өзүнүн чырмаган күчү менен жаралантып же өлтүрүп койгондугун ал эскертип жатат (Накыл. 7:21-27ни карагыла).

## Эмне дүйнө эмес?

Дүйнөнүн аныктоосу бир нерсенин ниетине эмес, формасына басым жасайт. Мен чыныгы ишенимдегилердин талкууларын угуп калганымда алардын легализмдин арасында болуп калгандарын көргөндө же ошол чөйрөдө өскөндүгүн көргөндө жүрөгүм чындап эле кейийт. Легализм тууралуу көп айтышат, бул терминди көп колдонушат, ошондуктан сөздү улантардан мурда, ага аныктама берип алалы. Легализмдин сөздүк боюнча аныктамасы – "Мыйзамды же айтылган нерсени олуттуу түрдө жактоочулук... айрыкча акыркысы рухту жактоочулук. Белгилүү бир мыйзамга баш ийүүдөн чыккан жүрүм-турумду айыптоо".

Көпчүлүгүбүз машайакчылыктагы жансыз формалардын фонунда пайда болгон кандай гана тири шумдук таржымалдарды угуп жүрөбүз. Пасторлор кафедрага туруп алышып, сөзсүз түрдө бекем сактай турган эрежелерди айтып, Библияны булгалап киришет. Алар дүйнөгө окшошуп жүргөн аялдарды айыптай башташат, алардын жүрүм-турумун, шым кийгенин, модалуу кийим кийгенин, кымбат жасалгаларды тагынганын, макияжын, пирсингди, чачтарын кыска кырктырганын, боёгондорун жактырышпайт. Мындай демагогиялуу насааттарда эркектер да куру калбайт: алардын модалуу кийими жана жүрүм-туруму, узун чачтары сынга алынат.

Насаатчылар муну менен эле токтоп калышпайт. Эгерде күнөөкөрлөрдүн арасында жүргөн кишини көрүп калышса, анда айыптоолор токтолбостон кетет. Кино-театрларга же болбосо кандайдыр бир көңүл ачуучу жайларга барган адамдар да сынга алынат. Белгилүү бир чектен чыкпай жүргөндөр болсо аларды жактырбаган жүз менен карашат. Күнөөкөр адамдарга карата ар кандай ыкма менен жетүүгө болгон чыгармачыл аракет, аларды ишенимден четтегендер деп айтууга алып барат. Тыюу салынгандардын ичинен – бий, коомдук иш-чараларга катышуу, дүйнөлүк музыканын бардык түрлөрү, телевизор көрүү, жыйында түстүү лампаларды жана түтүндөрдү колдонуу, анан дагы бул ким "Ыйсаны ээрчип жана дүйнөдөн бош болгусу келгендер үчүн" келтирилген тизменин толугу эмес.

Мен легалисттердин максатынын бир нечесин гана атадым, бирок легализмдин дагы да жашыруун, опурталдуураак түрлөрү да бар. Аларды көп учурда толугу менен же анча-мынча бөлүктөрүн критерий катары таңуулашат. Анан адамдар куткарылууга жетиши үчүн, рухта өсүшү үчүн ошого ылайык келиши керек дешет, же б.а. адамды сырткы көрүнүшү боюнча соттошот. Мисал катары бир нече сааттык сыйынууну, орозону жана Библиядан белгилүү бир жерлерди окууну көргөзүшөт. Албетте, булардын баары пайдалуу нерселер, бирок аларды руханий жогорулоонун формасы катарында кабыл алуунун кереги жок.

Биз кечиримди кабыл ала албагандыктан, өзүбүздү жазалоо азгырыгына жол беребиз же башкача түрдө кылган нерселерибиз үчүн актанган учурларыбыз да болот. Ушинтүү аркылуу биз Ыйсанын канын унутуп, өз иштерибизге таяна баштайбыз.

Биз жыйында Ага көшөкөрлүк менен кызмат кылып жатабыз, ошондуктан биз үчүн Кудайга карата жол ачыгыраак деп ишенгенибизден улам да легализм көрүнүшү мүмкүн. Же болбосо, Кудай биздин сыйынууларыбызды тезирээк укчудай болобуз, анткени биз көрүнгөн эч кандай күнөөлөрдү кылып жаткан жокпуз дейбиз. Руханий идишибизди өзүбүздүн жакшы жүрүм-турумубуз жана иштерибиз менен толтуруп жаткандай болобуз. Легализм адамга адамдын жашоодон ырахат алып, эс алышына жол бербейт, анткени ал дайыма адамды “Кудайга кызмат кылуу керек”, жыйындын иштерине катышуу керек, жакырларга же муктаждарга кам көрүү керек деген милдеттер менен басып турат. Адамдын мотиви сүйүү болбой эле, Кудайдын ырайымына иштерибиз менен жетчүдөй болобуз.

Мындай түрдөгү легализмдин үлгүсү катары – фарисей болот. Ал шаардагы белгилүү күнөөкөрдү айыптап жана өз жашоосун мытардын (биздин учурда – мафиянын мүчөсү) жашоосу менен салыштырган. Фарисей өзүнүн жакшы жүрүм-туруму үчүн Кудайга ыраазычылык айткан: ал күнөө кетирген эмес, мафияларга окшоп адамдарды алдаган эмес, бузуктук кылган эмес, дайыма туруктуулук менен орозо кармап, сыйынган, синагогага марттык менен

курмандык берген. Тагдырдын тамашасы мене ал руханий лидер өзүнүн жүрүм-туруму менен мактанып, мафия мүчөсүнүн кемчилдиктерин санап жатканда күнөөкөр Синагоганын короосунда туруп алып, Кудайдын ырайымын сураган. Ыйса "идеалдуу" лидер эмес, короодогу адам акталып кеткендиги тууралуу айткан.

Ушундай түрдөгү легализм бул дүйнөнүн рухунда бекем тамырлап калган, анткени алар тигил же бул адам тарабынан орнотулган статуска, текеберчиликке, эрежелердин коштоосундагы өзүнө канааттануулларга негизделип калган. Мындайда адам Кудайдан көз каранды болбой эле, өзүнө карап калат. Бул легализм Кудайдын коштоосундагы кубанычты уурдап кетет.

Менин бир бизнесмен досум, адамдарга абдан таасирдүү. Ал легализмде өскөн, бирок андан бошонгон. Бир жолу ал мага: "Джон, дүйнөдөгү бардык кубанычтуу жана шайыр нерселер машайакчылар үчүн болбойт" деп ойлочумун. Анын жыйынындагы пастор жана лидерлер адамдын сырткы кебетесине көңүл бурушчу. Ал эми, жүрөктө катылып жаткан нерсеге маани беришкен эмес. Анын жыйыны шаарда таасирдүү эмес болчу. Тилекке каршы, ал жыйындагы лидерлер Пабылдын: "Анткени Кудайдын Падышачылыгы тамак же суусундук эмес, тескерисинче, Ыйык Рух берген адилеттик, тынчтык жана кубаныч" (Рим. 14:17) деген сөзүн түшүнүшпөгөндөй.

Рухта болуу менен, биз өтүп кетпеген улуу кубанычка ээ болобуз. Кубаныч деген күнөөдө өлүп бара жаткан адамдар үчүн куштар кылуучу нерсе, анткени ал кубаныч дүйнөдө жок. Ыйса чын жүрөктөн караган бардыгы үчүн, ал тургай коомдогу өтө күнөөкөрлөр үчүн да кызыктыргандай абалда болгон. Куткарылууга жана Машайакта өсүүгө легалдык окутуунун натыйжасында жетем деген ар кандай эле адам, узакка созулган кубанычка ээ боло албайт. Мындай адам өтө тар дүйнөдө жашайт, аткени андан башкачараак жашап же ойлогон адамдардын баары менен сүйлөшүүдөн качып турат.

Эгерде ошол бизнесмен барган жыйындагы лидерлер Пабылдын Колостуктарга жазган Катынынын үстүнөн ой жүгүртүшсө, абдан жакшы болоор эле:

> "Эгерде силер дүйнөнүн табигый негиздери үчүн Машайак менен бирге өлсөңөр, анда эмне үчүн бул дүйнөдө жашоочулар сыяктуу: "Муну кармаба", "Аны жебе", "Буга тийбе" деген сыяктуу эрежелерди сактап жатасыңар? Мунун бардыгы пайдаланылып жок боло турган нерселерге тиешелүү. Бул эрежелердин бардыгы – адамдардын буйруктары жана окутуусу. Өз алдынча динчилдик, момундук жана денени кыйноо акылмандык болуп көрүнгөнү менен, күнөөкөр табиятты гана канааттандырат. Чынында булардын эч бири азгырыктар менен жаман ойлордун үстүнөн жеңишке жеткире албайт" (Кол. 2:20-23, жаңы орусча котормо).

Кызык, Пабыл легалисттик эрежелерди динчилдикке, өзүнөн баш тартууну жана денеге карата катаал мамилени бул дүйнөлүк күчкө тиешелүү кылып атат. Бул деген сексуалдык ыпластык, киши өлтүрүү, уурулук, аракечтик, ж.б. күнөө эмес дегендикке жатпайт. Бул жашоонун дүйнөнүн мыйзамы боюнча болгон формасы. Легализмге байланып калган адамдар алар абдан жан үрөп айтып жаткан кармануулар да, дүйнө да адамдарды кулчулукта кармап турган система экендигин билишпейт.

Пабылдын "жаман ойлордун үстүнөн болгон жеңиш" деген сөзүн чечмелейли. Легализм адамдардын жүрөгүн тазалабайт, жүрөк – бул, дүйнөнүн күчтөрү жабыркатуу үчүн мээленген бута. Ошондуктан да: "Баарынан да, сактай тургандардан жүрөгүңдү сакта, анткени өмүрдүн булагы анда" (Накыл. 4:23) деп жазылып турат.

Ыйса айтып жатат: "Жакшы адам жакшы казынасынан жакшылык алып чыгат. Жаман адам жаман казынасынан жамандык алып чыгат" (Мат. 12:35). Негизгиси биз ичибизде эмнени сактап жатабыз, биз үчүн эмне баалуу? Өз жүрөгүңөрдү тазалагыла, ошондо сырткы нерселердин бардыгы, Кудай эмнени жакшы десе, ошону менен толуктукта дал келип калат.

Жыйынтык чыгарабыз: дүйнө адамдын сыртына эмес, ичине чабуул жасайт. Ал адамдын ички ниетине, акылына, каалоолоруна кирип тиет. Мына ушунун өзү согуш талаасы, ушул жерде тузак токулат. Так ушул жерде дүйнө менен болгон достук жана бузуктук башталат, ал акырындык менен адамды оп тартып кетет. Жыйынга

сейрек баргандарда да жана бир да жолу жыйынды калтырбай, активдүү кызмат кылып жүргөндөрдө да бул оңой эле болушу мүмкүн.

Дүйнө деген эмне экендиги тууралуу ачыгыраак түшүнүп алуу менен, эми биз достук деген эмне экендиги тууралуу суроого өтөлү. Дүйнө менен дос болуу дегенди кандай түшүнсөк болот? Кантип аны менен бузуктук кылат? Бул жөнүндө кийинки бөлүмдө ой жүгүртүп көрөбүз.

8

# ДОСТУК

Биздин Кудай менен болгон достугубуз Анын Уулунун
өлүмү аркылуу калыбына келтирилген.
— Римдиктерге 5:10 (NLT, англ. тилинен которулду)

Силердин жүрөгүңөр эмнеге жабышып турган болсо,
ошол силердин Кудайыңар.
— Мартин Лютер

Элдин баарында эле достор бар, достор үчүн баары кубанат. Бала чагымда менин эки жакшы досум бар болчу, Дени жана Глен. Бош убактымдын баарын алар менен чогуу өткөрчүмүн. Биз спорт менен машыгып, велосипед тээп, бир нерселерди үйрөнүп, ар кандай оюндарды ойлоп чыкчубуз, шаарга барчубуз же жөн эле отуруп сүйлөшчүбүз. Биз үчүн маанилүү болгон темалар тууралуу сүйлөшчүбүз: достор, кыздар, окуу, мектептеги иш-чаралар, спорт, келечекке карата пландар ж.б. көп нерселер. Биздин достугубуз абдан бекем жана таза болчу. Биз бири-бирибизди мыкты болуш үчүн, күчтүүрөөк, акылдуураак, өз потенциалыбызды көтөрүү үчүн шыктандырып турчубуз. Биз кыйын кырдаалдарда бири-бирибизге жардам берип, бир-бирибизди коргоп, көтөрмөлөп турчубуз. Б.а. мага баарынан да жакканы досторум менен убакыт өткөрүү болчу.

Силерде кандай? Бала чагыңардагы досторуңарды эстегиле. Алардын арасында бирге убакыт өткөрүү, мамилелер жана өз ара мамилелер, жалпы кызыкчылыктар болот. Сүйүү, ишеним, урмат-сый, юмор жана өз ара мамилелер да маанилүү. Албетте, ар

бир кырдаалда көптөгөн башка элементтерди да бөлүп кароого болот. Биздин баарыбызга, ким менен кандай кырдаалда убакыт өткөргөнүбүз абдан маанилүү.

Жазуу достук тууралуу жакшы нерселерди айтат. Менин эң бир сүйүктүү аяттарымдын бири бул: "Жыпар жыттуу майлоочу май жана түтөтүлүүчү зат жүрөктү кубантат, адамга досунун чын жүрөктөн берген кеңеши да ошондой жагымдуу" (Накыл. 27:9, The Message). Биз жалгыздап жүрүү үчүн эмес, компанияларда жүрүп, адамдарды шыктандырып, жандандыруу үчүн алардын арасында болушубуз керек. Алгачкы Кудай жараткан жаратылышка так ушул элемент жетишкен эмес. Ал: "Адамга жалгыз болуу жакшы эмес" деген" (Башт. 2:18). Биз Анын бейнесиндей болуп, достукту каалап жана достуктан ырахат алуу үчүн жаралганбыз.

Бирок, тескери жагы да бар. Ыйса, Жакып, Жакан достуктун кээ бир белгилүү түрлөрүнүн терс жактарын да сүрөттөп көргөзөт. Апостолдун сөзүн дагы бир жолу окуп чыккыла: "Бузуктук кылуучулар, бул дүйнө менен болгон достук Кудайга каршы кастык экенин билбейсиңерби? Бул дүйнө менен дос болууну каалаган адам Кудайдын душманы болуп калат" (Жкп. 4:4). Бул жөн гана терс жакты айтуу эмес, Жакып ачык жана түз эле айтып жатат! Дүйнө менен болгон достукту кандай белгилер мүнөздөйт деген суроону берип көрөлү.

## Классикалык байланыш

Мурдагы бөлүмдөрдө биз philia деген сөз эмнени билдирери тууралуу айткан болчубуз. Ал "дос болуу" же "достошуу", о.э. "сүйүү жана сүйүктүү болуу" дегенди түшүндүрөт. "Библиялык суроолордун Энциклопедиясында" минтип айтылат: "Грек дүйнөсүндө достук деген сөз кеңири өнүккөн. Philia "таанышуу" дегендин кеңири түрүндө пайдаланылган, о. э. ал сөз чыныгы байлангандык, жакын, жеке байланыш деген маанини да билдирген. Жакып колдонуп жаткан сөздүн маанисинде, достук деген сөз кеңири мааниде

колдонулуп жатат. Биз баарыбыз эле билгендей, достуктун ар кандай деңгээли бар, Жакып бул жерде бардык диапозонду камтып айтып жатат. Андан ары бул түшүнүктүн бүткүл спектри түздөн-түз ишенимсиздикке байланышкан.

Кудайга карата ойноштук кылуу жубайы бар адамдын ишенимсиздигинен аз эле айырмаланат, ошондуктан адаттагы эле сүйүү интригаларын карап көрөлү. Көпчүлүк учурда эркек киши көңүлдөшүнүн төшөгүндө биринчи таанышкан күнү эле жатып калбайт, баары ойлонуп же ойлонбой туруп эле сый көрсөтүүдөн башталат.

Алар бири-бири менен таанышканда, алгач бул эки адамдын жөн гана бири-бири менен жолугушуусу болот. Бул балким, социалдык сеттер аркылуу же жеке жолугуу болот. Таанышуу процессинде учкун пайда болот. Көбүнчө эркектин кызыкчылыгы жубайынан каалаган талабынын аткарылбай калышына байланыштуу болот. Жубайлардын бирин-бири алмаштыруусу көбүнчө дагы да жакыныраак физикалык жана эмоционалдык байланышты түзгүсү келгендикке байланыштуу болот. Алгачкы жолугушуулар жөн гана болгондой болот, бирок ар бир жолуккан сайын бири-бирине болгон кызыгуу күчөй берет. Анан тел. номерлерди жана электрондук даректерди алмашуулар болот.

Бири-бирине болгон тартылуу эркекте да, аялда да смс жазышкан сайын, электрондук каттарды жазышкан сайын, телефон чалышуулардан кийин, же "капысынан" жолугушуп калуулардан улам күчөй берет. Алардын баарлашуусунун деңгээлине карата бул тереңдей берет. Алар бири-бирине суусап турушат, бирок алардын бирөөсү муну моюнга албайт. Тартылуулар мамилелердин өөрчүшү менен коштолуп отурат. Алар достукка тиешелүү болгон чекти аттап өтүштү.

Андан кийин алар алдыга дагы бир кадам ташташат, кофе же чай ичип отуруп, жайлуу жерде баарлашат. Адатта ушул этапта бири-бирине карата сезимдер козголот.

Эми эркек дайыма ал жөнүндө ойлоп, аны менен чогуу болгонду каалай баштайт. Ал аялына да, досторуна да билгизбей, жашыруун

жолугушууну пландаштырып, кыялдана баштайт. Анын жубайына карата жүрөгү салкындап, башка аял бүткүл оюн ээлеп алат. Ал тургай, өз аялынын жанында туруп деле ою, фантазиясы менен башканын жанында. Анан эртеби-кечпи алар төшөктө бир болушат.

Баары кантип башталды эле? Алардын таанышууларындагы жарабаган ойлордон жана сүйлөшүүлөрдөн башталган. Анан кайсы учурда алардын мамилелери бузукулукка айланып кетти? Алар жеке кезиккен кезде же жеке байланыш жолдорун алмашуу учурундабы? Же болбосо, ал биринчи жолу ага тийген кезденби? Биринчи өбүшүүдөнбү? Же бул нерсе алар чечинип, төшөккө жаткан кезден башталды беле?

Чын-чынында бул жогорудагы санап өткөндөрдүн баарынан мурун башталган. Ыйса Матайдан Жакшы Кабардагы бул аятты белгилөө менен муну айкындайт: "Кантип силер төшөккө жатпаганыңар үчүн эле өз адебиңерди сактап калдым деп ойлойсуңар. Силердин жүрөгүңөр денеңерден да тезирээк азгырыкка булганып калышы мүмкүн" (Мат. 5:28, The Message, англ. тилинен которулду). Жүрөк – бул, биз жашаган жер, тышкы таасирлер болсо, болгону аны ээрчип жүрөт. Бузукулук эркек экөө таанышкан учурда аялга болгон тартылууну сезгенде эле башталган болчу.

## Дүйнө менен болгон достук

Дүйнө дагы бизди так ушундай кылып "алгачкы сүйүүбүздөн" алыстатып кетет. Бардыгы кызыкчылыктын козголушунан башталат. Кызыктыруучу нерселер: юмор, ырахат, жайлуулук, таңыркоо, интрига, ийгилик же болбосо, ар кандай өзүнө тарта турган абал. Таанышуулар мен биринчи жолу мисал келтиргенде эле, ММК же болбосо жеке таанышуулар аркылуу болушу мүмкүн. Көбүнчө бул биз менен Кудайдын ортосундагы мамилеге канааттанбагандыгыбыздын айынан болот. Биз Аны менен болгон достукка таңыркоону жоготуп коёбуз. Аны менен өткөргөн убакыт бизге кургактай жана зериккендей болуп калат. Достукка болгон талабыбыз бизди башка жакка тартып кетет.

Дүйнөгө болгон тартылуу биз ага канчалык убакыт короткон сайын, ошончолук өсө берет. Көп өтпөй биздин эмоциябыз жана оюбуз туткунда калат. Эгерде Пабылдын эки башка жыйынга айткан сөзүнө кунт коюп карап көрө турган болсок, андан биз анын дүйнө менен болгон бузукулуктан бизди кантип сактануу керектиги тууралуу эскертүүсүн табабыз:

> “Эгерде силер Машайак менен кошо тирилсеңер, анда асмандагыга *умтулгула*, анткени Машайак Кудайдын оң жагында, асманда отурат. Жердеги жөнүндө эмес, асмандагы жөнүндө *ойлогула* (Кол. 3:1, 2).

Силер анын сөздөрүн кунт коюп окудуңарбы? Эгерде антпесеңер, анда кайрадан окуп чыккыла да, курсив менен жазылган сөздөргө өзгөчө маани бергиле *изденгиле, ойлонгула*. Биз эмнени издесек, акыл-эсибиз ошону ойлонот. Улантардан мурда Пабылдын Римдиктерге айткан сөзүн карап көрөлү. Кайрадан эле *ой жүгүртөт* деген сөзгө көңүл буралы.

> “Анткени күнөөкөр табияттын каалоосу боюнча жашагандар күнөөкөр табияттын каалоосу жөнүндө, ал эми Рухтун каалоосу боюнча жашагандар Рухтун каалоосу жөнүндө *ойлошот*. Күнөөкөр табияттын каалоосу жөнүндө ойлоо өлүмгө дуушар кылат, Рухтун каалоосу жөнүндө ойлоо өмүр жана тынчтык берет. Анткени күнөөкөр табияттын каалоосу жөнүндө ойлоо – Кудайга каршы кастык, себеби ал Кудайдын мыйзамына баш ийбейт, баш ие да албайт” (Рим. 8:5-7).

Каршылашуу деген сөзгө көңүл буруп көргүлө. Жакыптын Катындагы (4:4) гректик текстте так ушул сөз колдонулат. Стронгдун сөздүгүндө ал төмөнкүдөй аныкталат: “каршылашуу... каршы чыгууга карата шылтоо”. Пабыл кайрадан эле бул дүйнө менен байланышкан ишенгендерге кайрылып жатат.

Лизага болгон сүйүүм гана эмес, анын кыжырын келтирүүгө каалоомдун жоктугу да мени бузуктук кылуудан сактап турат. Эгерде бузукулук кыла турган болсом, анда мен анын каршылыгынын бутасына айланып калмакмын. Менин жакшы көргөн адамым мага ка-

рата каршы чыкккан, ачууланган жана менден көңүлү калган адамга айланып калышын каалабайм. Ошентсе да, Пабыл жана Жакып айтып жаткан каршылашуунун алдында бул эч нерсеге турбай калмак, анткени акыл-эси ордунда болгон бир дагы машайакчы Кудай менен каршылашууну баштан кечиргиси келмек эмес (Жакып менен Пабыл ишенгендерге кайрылып жатканы эсиңерде болсун).

Жунус Кудайга каршы чыгууну чоң балыктын ичинде калуу менен баштан кечирген. Самсон болсо аны кулчулукта калып, көзүн жоготуу менен баштан кечирген. Эйлий Кудайдын каарын анын балдары жер бетинен жок кылынганда сезген да, ошол эле күнү каза болгон. Дагы башка мисалдар да бар, мисалы: Шабыл, Баал, Жойап, Александр-медник ж. б. көптөрү. Кудайдын көңүлүн калтыруу - жаман нерсе.

Эгерде дагы көбүрөөк мисалдарды билгиңер келсе, анда Аян китебинде Ыйсанын жыйындарга кайрылган сөзүн карап чыксаңар болот. Булар жогорудан төрөлгөндө ишенгендер бар жыйындар болгон. Алар Теңир менен болгон мамиледе компромисске барган жыйындар. Ал алардын шамчырагын, жарыгын өчүрүү тууралуу катуу эскерткен (Аян 2:5ти карагыла). Башка жыйынды болсо, аны менен салгылашаары тууралуу эскерткен (Аян 2:16). Үчүнчү жыйынга болсо катуу оору жана улуу кайгы болоорун эскерткен (Аян 2:22). Төртүнчүсүнө болсо, Ал ууру сыяктуу болуп келерин айткан (Аян 3:3), бешинчисине болсо, Ал Өз оозунан бүркүп салаары тууралуу эскерткен (Аян 3:16). Корутунду бирөө эле: эч ким өз башынан Кудай менен каршылашууну баштан кечиргиси келбейт!

Римдиктерге жазылган Катта (8:5, англисчесинде) “өз оюңарды даярдагыла” дейт. Бул жердеги эң негизги сөз даярдоо деген. Бул сөздүн үстүнөн ой жүгүртүп көрөлү. Элестетип көргүлө, сыртта кыш. Силердин үйүңөрдөгү жылыткыч 21 градуска чейин эле жылытууга коюлган. Сыртта болсо температура 20 градус суук. Үйдөн бирөө шашылыш чыгып, эшикти жакшы жаппай кетти. Ал үйдөн алыс кеткенден бир нече мүнөттөн кийин, катуу шамал келип эшикты чоң ачып салды. Силер үйдүн башка жагында

болчусуңар, анан үйдөгү температура кескин өзгөрүп кеткенин сезесиңер. Силер себебин издеп жүрүп, сыртка кеткен эшик чоң ачылып калганын көрөсүңөр, көрсө суук ошо жактан кирип жатыптыр. Анан дароо эшикти жабасыңар. Бирок, үйдөгү температура 15 градуска чейин түшүп кеткенин көрөсүңөр. Анан эмне болот? Температура түшөөр замат, термостат жылыткычка жылытууну күчөтүү тууралуу сигнал берет, ал күчөтүү үйдөгү температура белгиленген өлчөмгө чейин көтөрүлмөйүнчө боло берет. Буга силердин катышууңар деле талап кылынбайт, температура белгиленген 21 градуска чейин өзү эле көтөрүлөт.

Аялынын көзүнө чөп салган күйөө жөнүндөгү мисалга кайрылып келели. Бир нече жылдар мурда эркек аны жактырып-сыйлап жүргөн мезгилде ал ага тартылып жана аны каалап турчу. Ал анын катарында болуп, жакындан таанышып, акыры ага күйөөгө чыгуу тууралуу сунуш киргизгиси келген. Ал дайыма анын оюнда болчу: ал ойгонгондо, жумушка баратканда, "пробкаларда" турганда жана өзгөчө уктаганга жаткан кездерде. Б. а. эгерде ойлой турган башка маанилүү эч нерсе жок болсо, кайра эле ошол тууралуу ойлой берчү.

Ал оюнда учуп кеткен кездерде, баарлашуудан бөлүнүп калганда анын достору: "Дос, кайдасың сен?" деп калышчу.

Ал шашкалактап: "Кечиргиле, балдар, мен жаңы жумуш тууралуу" деп калчу. Ал кыз тууралуу эле ойлоп жатканын моюнга алгысы келчү эмес, анткени ал досторунун алдында күлкү болуп калуудан коркчу. Анын ойлору кызга гана бурулуп калган.

Бирок, кудалап, үйлөнүп, бир нече балдар төрөлгөндөн кийин, ал башка аял менен сүйүү байланышында жүргөн болот. Так эле мурдагыдай көрүнүштүн өнүгүшү болуп кетти, б. а. аялын мурда кандай ойлонсо, ошондой болуп акыл -эсин ээлетти. Жаңы кыз дайыма анын акылында. Ал башка бирдемени ойлобогон кездеринде, жалаң эле ошол кызды ойлой берчү. Ал тургай, аялынын жанында туруп деле, жаңы тартылуусу тууралуу ойлончу. Анын акылын жаңы кыз ээлеп калгандыктан, аны менен жолугушуулар-

ды издей берчү. Үйдөгү термостат автоматтык түрдө белгиленип коюлган температурага кайра келгендей эле, акыл да өзү каалап алган нерсеге кайрыла берет.

Ишенгендерге мунун кандай тиешеси бар? Качан биз куткарылганыбызда, сүйүүгө толобуз. Биз ойгонгондо, эрте менен тамактанып жатканыбызда, машинада баратканда, жумушта, түштөнүүдө, жумуштан кийин, жалгыз калганда жана өзгөчө уктаганга жаткан кездерде Ыйса жөнүндө ойлонобуз. Ыйык Рух менен баарлашууга суусап турабыз. Таң калган каалоо менен кезектеги Кудайга болгон кызматты күтөбүз, Ыйса тууралуу башка адамдарга айтып, башка машайакчылар менен Кудайдын жолдору тууралуу сүйлөшөбүз. Б. а. биздин ойлорубуз бизди оп тартып кетет, биз аларга тартылабыз.

Убакыт өтүп жатат. Бир кезде биз кызматты күтүп, Кудайдын биз менен болушун баштан кечирип, Ага табынып жана Анын Сөзүн укканбыз. Эми биз физикалык түрдө гана кызматта турганыбыз менен, акыл-оюбузда башка жактарда жүргөн болобуз. Адамдын акыл-ою сүйгөн спорттук командасына, дүкөндөгү арзандатууларга, боло турган окуяларга, алдыдагы ишкер келишимдерге, майрамдарга, бизди чакырган жактарга ж. б жактарга тез эле бурулуп кетет. Эмне болду? Биз оюбузда алаксып жатабызбы же акылыбыз абдан каалап, издеп жаткан жакка бурулуп жатабы? Биз ойлонбой туруп эле башка сүйүктүүлөрдү тандап кеткен жокпузбу?

## Менин таржымалым

Өз таржымалымды силер менен бөлүшкүм келет. Мен Пердью университетинде 2-курста окуп жатканымда мага машайакчы студенттердин клубунан эки бала келди. Алар мага 4 руханий мыйзамды айтып беришти. Менин көздөрүм ачылып, өмүрүмдү Ыйсага тапшырдым. Ошол замат менде Кудай деген каалоо жалындады. Ал мен үчүн ушунчалык реалдуу болуп калды, мен Ыйсаны терең сүйүп жана мага тартуулаган эркиндик үчүн Ага чексиз ыраазы болдум. Ал тууралуу уккандардын, ал тургай укпагандардын да баарына айта бердим. Бир туугандар мени кара тизмеге түшүрүүгө

аракеттеништи (клубдан чыгарып салгылары келди), анткени мен кечелердин бардыгында Ыйса тууралуу эле айта берчүмүн.

Биздин топтогу жигиттерди бардыгы бир туугандар деп аталган бир нече кыздарды билишчү. Алардын экөөсү бири-бири менен биологиялык жактан эже-сиңди болушчу. Ошол кыздар клубдагы 60 баланын дээрлик жарымысы менен жатып чыгышкан. Эгерде балдардын кимиси сексти кааласа, ошол кыздарга дайыма жетсе болоорун билишкен.

Алардын бирин биз Ыйсага алып келдик, анан ошол эле күнү ал өзүнүн бир тууганын Теңирге алып келди. Биз алардын жаман жүрүм-туруму тууралуу эч нерсе айткан жокпуз. Алар өзүлөрү эле жигиттер менен жатканды токтотушуп жана мурда жатып жүргөн балдарга күбөлүк айта башташты. Жигиттер абдан ачууланышты. Анткени мен ошол кезде кампуста студенттик клубдун имаратында библиялык сабактарды өткөн лидер болчумун.

Акыр-аягында менин бөлмөмө вице-президент келди да, минтип айтты: “Джон, биз сени катардан чыгаралы деп жатабыз”. Анан ал минтип сөзүн улантты: “Эмне үчүн сен клубдун башка машайакчыларындай боло албайсың?” Ал жекшемби күнү жыйынга барып, бирок ошол эле учурда кыздар менен жатып, кечелерде ичкилик ичип жана башка көптөгөн ыплас иштерди кадимки көрүнүш катары эсептегендер тууралуу айтып жатты.

Ал кыйын учур болчу. Клубдагы экинчи болгон адам мени клубдан чыгарабыз деп убада кылганына карабастан, анын колунан эч нерсе келген жок. Алар менин чыгышым тууралуу жетишерлик добуш ала алышкан жок. Биз көптөгөн балдарды Машайакка алып келдик жана алардын баары мени колдошту.

Мен Ыйсага жолугуп, Аны сүйгөн күндөн бир нече ай өткөндөн кийин футболдук сезон башталды. Анда мен 3 -курста окучумун, мурдагы жылдардагыдай эле менин оюнга белетим бар болчу. Мурдагы жылдары мен бир дагы оюнду калтырган эмес элем, бирок эми мен Ыйсага абдан кызыккандыктан матч учурларын Библия окуу үчүн колдондум. Студенттик коомдо тынчтык болчу, анткени баары

оюнга кетишчү. Бул сыйынып жана Кудай менен баарлашууга ылайыкталган сонун убакыт болчу. Эч ким мага: "Сага футболго барууга болбойт" деп айтышкан жок, өзүм деле футбол көрүүнү жана ойнoону күнөө деп эсептеген жокмун. Кийинки жылы мен көп эле оюндарга бардым. Бирок 3-курста экенимде Кудай менен болууну каалагандыктан мен оюндарды көрбөй калгам. Мен Аны таанууну ушунчалык каалагам. Менин акылым асмандагыга карата бурулган болчу.

Мен университетти инженер-механик деген диплом менен бүтүрүп жатканда, клубдун балдары жана башка студенттер, анын ичинде болочоктогу аялым Лиза дагы Теңирди билип калышкан. Ошол мезгилде ал кампустагы жүрүм-туруму абдан начар кыздардын бири катары эсептелчү. Менин Ыйсага карата болгон ушунчалык күчтүү сүйүүм абдан таасирдүү болчу, адамдар мени же сүйүп калышчу, же жек көрүп калышчу. Башкача болушу мүмкүн эмес эле. Эгерде силер ошол кезде Джон Биверди көргөн болсоңор, анда көп өтпөй эле анын акылы жана жүрөгү эмнеге бурулгандыгын көрмөксүңөр, андан жан дилинен умтулуу ачык эле көрүнүп турган. Мен кандайдыр бир спорттук команданын абдан кызуу кандуу фонатындай же болбосо, акылдан адаша кыз сүйгөн жигиттей элем.

Университтети бүткөндөн кийин мен Техас штатындагы Даллас шаарына көчүп кеттим. Жарым жылдан кийин Лиза ал жакка барып, көп өтпөй биз үйлөндүк. "Роквелл Интернейшнл" компаниясында инженер болуп иштечүмүн. Мен кайрадан эле Ыйсага болгон умтуулуумду жактырбаган балдарга жолуктум. Алардын оюнча мен чектен ашып кетип жаткандаймын, менин алардын обу жок тамашаларына эмне үчүн күлбөгөнүмдү, уятсыз сөздөрүнө, жумуштан кийинки шаңдуу отуруштарына эмне үчүн кошулбай атканымды түшүнө албай жатышты. Бирок, студент – машайакчылардын коомуна караганда, кесиптештеримдин арасында менин көз карашыма жана жүрүм-турумума карата жасалган мамиле анчалык катуу эмес эле.

22 айдан кийин мага биздин жыйында штаттык кызматка сунуш болду. Бул Марикадагы эң чоң жана белгилүү жыйын болчу, анын эл аралык деңгээлдеги таасири бар болчу. Жыйында ар кан-

дай кызмат менен алектенген төрт жүздөй жумушчу-кызматчылар бар эле. Ал жакка мени жумушка чакырышканда, мага бул реалдуу эместей көрүнгөн. Жыйындын жумушчуларынын арасында болуп калуу мен үчүн түбөлүк өмүргө ээ болгондон кийинки өмүрүмдөгү эң жакшы окуя деп ойлодум. Эми мен машайакчылардын арасында болгондуктан, куугунтук токтоду го деп ойлодум. Эми мага студенттик клубда же "Роквелл Интернейшнл" компаниясында иштеп жүргөндөй кыйын кырдаалдарды баштан өткөрбөйм го дегем.

Ошол мезгилде "Далластык ковбойлор" улуттук футболдук лигадагы эң жакшы команда болчу. Мен Имчиганда чоңойгондуктан, алардын берилген күйөрманы эмес элем, бирок ар бир дүйшөмбүдө элдин баары "ковбойлор" тууралуу айтып жаткандыгын укчумун. Коллегалар чай үстүндө чогулушканда өткөн оюн кандай болгондугу, башка укмуш оюндар тууралу, жеңиштер жана жеңилиүүлөр тууралуу кызуу кеп салышчу.

Кызыгып кеткендиктен, мен телевизордон "ковбойлорду" көрүп калып аттым. Алгач мен оюндун төрттөн бирин же жарымын көрчүмүн. Мага "ковбойлорду" караган жакчу, анткени алар чынында эле мыкты ойношчу. Оюнду көргөндөгү дагы бир артыкчылык жыйындын офисиндеги балдар менен ал тууралуу талкуулаганга катыша алаарым эле.

Баары билинбей, зыяны тийбей эле башталган болчу. Бирок, бир нече убакыт өткөндөн кийин "ковбойлорго" болгон кызыгуум күчөп, оюнду баштан аяк көрө баштадым. Мен телевизор менен сүйлөшүп, балдарды шыктандырып жана аларга кыйкыра баштадым. Акыры мен бир дагы оюндун, бир дагы мүнөтүн өткөрбөй калдым. Ал тургай, оюн болбогон кезде деле биз коллегалар менен эмки жылы ковбойлор өзүлөрүн кантип көргөзөрү тууралуу талкуулачубуз. Жыйында алардын оюндары тууралуу сүйлөшпөгөн кезимде деле, алар тууралуу көп ойлогонумду байкадым. Мен күчтүү фонат болуп калдым.

Эмки сезон болорун мен абдан ыклас менен күтчүмүн. Ар бир жекшемби сайын кызматтан чыгып түз үйгө барчумун да, кийи-

мимди да киторбой телевизор көрө баштачумун. Кээде мен ыңгайсыз (костюм, галстук) кийинип турганыма карабай, же ваннага барышым керек болсо да, жылбастан телевизорго жабышып калгандай отурчумун. Бир да оюнду өткөргүм келчү эмес.

Тыныгуу учурунда кийим которууга шашчумун. Эгерде Лизага жардам керек болсо мен: "Унут, кымбатым. Аренада "ковбойлор" деп калдым. Биз тыныгуу учурунда же оюндан кийин гана тамактанчубуз, эч качан оюн болуп жатканда эмес.

Эми мен алардын бүт рейтингин билчүмүн. Мен аларды дыкаттык менен карап, анан дагы кантип мыкты ойношсо болот деп ойлочумун. Жумушта оюн тууралуу талкуунун лидери болчумун. Мен оюн болгон күндөгү команданын аракети менен мактанчумун, оюн тууралуу талкуу дүйшөмбү күнү эле эмес, бүт апта бою улана берчү болду. Биздин жыйындагы кээ бир адамдардын сезондук абонементтери бар болчу, анан мен оюнга чакыруу алганымда ушунчалык секирип кетчүмүн. Окуяларды алдыга түрүп алып, эмки сезондо, бир жыл кийин эмне болорун көрөбүз. Мен буга чейин сыйынгам, ал мага анча маанилүү эместей, жөнөкөй сыйынуудай эле сезилген. Антсе да, ал менин жашоомду абдан өзгөртүп салаарын ойлобопмун. Ал сыйынуу мындай болгон: "Теңир, мен Сенден жашоомду өзгөрт деп суранам. Мен Сен үчүн бөлүнүп коюлган ыйык болгум келет. Ошондуктан, менин жүрөгүмдө Сага жакпаган бирдеме болсо, анда ач да, аны алып сал". Мен бул сыйынуу канчалык маанилүү экендигин жана ал эмнени ачып берери тууралуу түшүнүгүм жок болчу.

Футболдук сезон аягына чыгып, мыктылар тандалып атты. Абдан маанилүү оюн боло турган күн да келди. "Ковбойлор" "Филадельфиялык бүркүттөр" менен ойношту. Жеңгендер оюнду улантышып, жеңилгендер оюндан чыкмак. Мен телевизорго жармашып, диванга да отурбастан, полдо туруп турдум. Ал оюн болуп жатканда бир орунга отуруу мүмкүн эмес болчу. Ошентип, оюн бүтөрүнө болгону сегиз гана мүнөт калган. "Ковбойлор" 4 упайга артта калып жатышты, алардагы квотербек (командадагы ча-

буулчулардын лидери) команданы талаада ээрчитип баратты. Мен ары-бери басып, туура эместей жерлери болсо полду тепкилеп, жакшы ойногон жерлери үчүн кыйкыра кубанып жаттым. Чыңалуу ушунчалык күчтүү эле.

Капысынан эле, Ыйык Рух мени сыйын деди. Мени "сыйын, сыйын, сыйын" деген сезим каптады. Бул жүрөктүн түпкүрүнөн чыккан салмактуу, күчтүү сезим эле. Ал мезгилде мен бул жүк Кудайдын Руху бизди сыйынууга тарткан кезде каптаарын билип калгам.

Лиза жанымда жок болгондуктан, мен катуу үн менен: "Теңир, оюн бүтөрүнө болгону сегиз гана мүнөт калды. Мен ал бүткөндөн кийин сыйынам" дедим. Бирок, сыйынууга деп тартуу мени калтырып койгон жок.

Бир нече мүнөт өткөндөн кийин мурдагыдай эле жол издеп, мен: "Теңир, мен оюн бүткөндөн кийин беш саат сыйынам, оюндун бүтүшүнө алты эле мүнөт калды!" деп кыйкырдым.

Команда топ тээп баратты. Мен алар гол киргизип жана ушул маанилүү оюнда жеңип чыгышат деп ойлодум. Сыйынууга тартуу мени таштабай койду, тескерисинче ал күчөп баратты. Менин айлам кетти. Мен оюндан алагды болгум келбей: "Теңир, мен кечке чейин, эгер кааласаң түнү бою сыйынайын!" деп катуу кыйкырдым.

Мен оюндун калганын көрдүм. "Ковбойлор" жеңди. Стадион кыйкырыктан жаңырыкка толду, мен да жалпы кубанычка кошулдум. Ошентсе да, Кудайга берген убаданы аткаруу керек болчу. Мен дароо телевизорду өчүрдүм, да офисиме чыгып, сыйынууга килемге чөгөлөдүм. Бирок, сыйынууга болгон тартылуу жоголуп кетти. Жана эле каптаган жүк такыр жоголду, ал тургай кичине да сезилбейт, эс нерсе жок.

Мен аны кайтарууга аракеттендим, сыйынууга аракеттендим, бирок менин сөздөрүм дубалга тийген нокоттой эле болуп жатты. Мен даро эле эмне болгонун түшүндүм. Мен Далластык ковбойлордун оюнун Кудайдын суранчынан жогору койдум. Ошондо мен жүзтөмөндөп килемге жыгылып өкүндүм: "Теңирим, эгерде менден: "Сенин жашоондо эмне маанилүү: Далластык ковбойлорбу же

Кудайбы деп сурашса, мен токтолбостон туруп: "Албетте Кудай" деп жооп бермекмин. Ал эми, азыр Сага мен үчүн эмне маанилүү экендигин көргөзүп койдум. Мен Сага керек болчумун, бирок мен Сенин ордуңа оюнду тандап алдым. Кечирчи мени, суранам!"

Ошол замат жүрөгүмдө Кудайдын жообун уктум: "Уулум, мага сенин беш саат сыйынган курмандыгыңдын кереги жок, Мен сенин тил алчаактыгыңды каалайм".

## Бөлүнгөн ишенимдүүлүк

Мени мен үчүн өмүрүн Бергенге ишенимдүү боло албадым деген кайгы басты. Мен жүрөгүмдү, жанымды жана адамдык ойлорумду азыктандырган – жердик нерсени артык көрдүм. Мен футболдук командага абдан байланып калгандыгым көрүнүп турат.

Жогоруда айтылгандарга салып туруп, Жакыптын сөздөрүнө кайрадан жакшылап көңүл бургула:

> "Оо, ишенимсиздер жана Кудайды алмаштыргандар! Бул дүйнө менен болгон достук Кудайга каршы кастык экенин билбейсиңерби? Бул дүйнө менен дос болууну каалаган адам Кудайдын душманы болуп калат. Же силер Ыйык Жазуудагы "Кудай ичибизге салган Рух кызганчаактык менен сүйөт" деген сөз жөн эле айтылган деп ойлойсуңарбы? Кудайга жакындагыла, ошондо Ал силерге жакындайт. Күнөөкөрлөр, колуңарды тазалагыла. Эки ойлуулар, жүрөгүңөрдү тазалагыла!" (Жкп. 4:4,5,8, жаңы орусча котормо).

Менин берилгендигим бөлүнүп калды. Ал сөз менен эмес, чечим менен аныкталат. Көптөгөн эркектер жана аялдар өзүлөрүнүн ишенимдүүлүгүн көп айтышат, бирок Кудайдын Сөзү: "Көптөр адамды ырайымдуулугу үчүн макташат, бирок чынчыл адамды ким табат?" (Накыл. 20:6,жаңы орусча котормо) деп айтып жаткан жокпу?

Ошол мезгилде мен абдан ишенимдүү түрдө эле: "Ыйса менин жашоомдо баарынан маанилүү!" деп айта алмакмын. Бирок, өз тандоом менен мен таптакыр башка нерсени көрсөтүп жаттым. Адамдын кылган иштери сөздөн катуураак сүйлөйт.

Апостол Жакан Накыл сөздөрдөгү бул сөздөрдү мындайча түшүндүрөт: “Балдарым, сөзүбүз же тилибиз менен эмес, ишибиз менен, чын жүрөгүбүз менен сүйөлү” (1 Жкн. 3:18). Чындык “Далластык ковбойлор” менин алгачкы сүйүүмдүн ордун ээлеп алгандыгында. Менде кызганыч менен болгон Ыйык Рухту мен башка менен алмашып кеттим. Мен Жазуудагы бул аятты окуганым менен, сөзгө карата сокур болуп калдым. Кудай мага ырайым кылып, каталыгымды көргөздү.

Жакан ошондой эле дагы минтип жазат:

> “Балдарым, өзүңөрдү жүрөгүңөрдө Кудайдын ордун ээлеп ала турган бардык нерселерден сактагыла” (1 Жкн. 5:21,The Message, англ. тилинен которулду).

Бул жерде эми бизди Жакып эмес, Ыйсанын сүйүктүү шакирти Жакан айтып жатат. Анын узун жазылган катындагы акыркы сөз экендигин белгилей кетели. Ал күндөрдө апостолдор тел. чалып, смс жиберип жана фейсбук сеттеринде баарлаша алышчу эмес. Кат өз дарегине бир күндө эле жетип калчу эмес. Аларды дайым эле жаза беришкен эмес жана аларды жеткирүү үчүн көп күч жумшалчу. Ошондуктан, Ыйык Рухтун деми менен жазылган катта эң баалуу маалыматты аягына калтырарын түшүнүү кыйынга турбайт.

Жакып менен Жакан сыяктуу эле, Пабыл дагы ишенгендерге Ыйсанын ордун дүйнө ээлеп алышына жол бербөө тууралуу эскертип жазышкан.

> “Силер бир эле учурда Теңирдин да, жиндердин да чөйчөгүнөн иче албайсыңар. Силер бир эле учурда Теңирдин да, жиндердин да дасторконунан тамактана албайсыңар. Теңирдин кызганычын ойготкубуз келеби? Же биз Андан күчтүүбүзбү? **Бардыгын Кудайды даңкташ үчүн кылгыла**. Мага баарын кылууга болот, бирок баары эле пайдалуу эмес. Мага баарын кылууга болот, бирок баары эле ишенимди бекемдебейт. Ар бир адам өзүн эле эмес, өзгөнү да ойлосун” (1 Кор. 10: 21-24, The Message, англ. тилинен которулган).

Мен бул сөздөргө таң калдым. Алар ушул күндөрдө да канчалык актуалдуу. Жаңы котормодогу Пабылдын сөзү мага да абдан жагат:

“Теңирдин кызганычын ойготкубуз келеби? Же биз Андан күчтүүбүзбү? Силер: “Мага баарын кылууга болот” дейсиңер, бирок силерге баары эле пайдалуу эмес” (22,23-аяттар, NLT, англ. тилинен которулган). Кайрадан эле биз Кудайдын бизди кызганганын окуп жатабыз.

## Мындан ары эч кандай футбол болбойбу?

Эми мындай суроо пайда болот: мага такыр эле телевизор көргөнгө болбойбу? Дүйнөдөгү нерселерди такыр эле колдонбошум керекпи? Эгерде уруксат болбосо, анда кантип жер бетинде жашап, иштегенге болот?

Силерге мындайча жооп бергенге уруксаат бергиле. Аялы бар адам болгон соң, эми мен аялымдан башка аялдар менен такыр сүйлөшпөшүм керекпи? Жооп – жок. Мен дайыма башка аялдар менен кездешип калам. Мен алар менен самолётто катар отуруп калам, мен азыр да ушул китепти терип атып, катарлаш отуруп учуп баратам. Мен аялдар менен иштейм. Мен алар менен дагы башка көптөгөн коомдук жайларда жолугушам.

Жубайы бар эркек катары мен алар менен достукта болгум келет, анткени алардын көпчүлүгү эркектер тарабынан болгон туура эмес мамилелерди баштан кечиришкен. Көбүнчө эле аялдарга эркектердин кумарын кандыруу үчүн жаралган денедей карашат, аларды көбүнчө эле тең көрүшпөйт. Бул мени дүрбөлөңгө салат, анткени Кудай эркекти да, аялды да Өз бейнесине окшоштуруп жараткан. Ал эркектерге да, аялдарга да жөндөмдүүлүктөрдү берген. Ал Аны менен келишимде болгон бардык эркектер менен аялдарга Машайактын акылын берген. Ал эки жүздүү эмес. Эмне үчүн анан биз ал тургай, жыйындарда да ушундайларга жол беребиз?

Анткен менен, мен башка аялдар менен жол берилбеген мамилелерге баруугa жана романтикалык сезимдерге жүрөгүмдү ачуудан сактанам. Мен Лиза менен келишимдемин. Мен ага үйлөнгөн кезде эле планетадагы аялдардын ар бири менен коштошком, романтикалаштырып айтканда. Ошондуктан, менде башка аялдар менен байланышуунун туура ыкмалары бар.

Келгиле, ушул достукту дүйнө менен салыштырып көрөлү. Мен баштан аяк толугу менен ага карата кызыгуумду сактай албаган күндө да, мурдагыдай эле футбол көрсөм болот. Менде эми акылыма "Ковбойлор" орноп алгандай тартылуу жок ага карата. Менин негизги кызыкчылыгым Теңирибиздин каалоосун аткарууга бекитилген. Менин бүт көңүлүм жана кызыкчылыгым – үй бүлөм үчүн кам көрүп жана аларды сүйүүгө, жумушума, адамдарга жардам берүүгө, кызматка жана Кудайдын акылмандуулугун жана кеңештерин алууга багытталган.

Менин жашоомдо көңүлүмдүн борборун ээлеген башка нерселер да болду беле? Ооба, болгон! Бирок, мен Ыйык Рухтан аларды көрсөтүп бер дегенде, Ал дайыма мага жардам берген. Гольф, тамак, кинолор, ал тургай кызмат-ушуларга бөлгөн убакытты кээде кыскартууга туура келчү, мен көбүрөөк маанилүү болгон нерселерге убакыт бөлгүм келчү.

Менин жашоомдо гольф аябай эле көп убакытты ээлеп калган кезде, мага Ыйык Рух клюкаларды башка пасторго бер деп айткан. Эмнеге Ыйык Рух менден минтип суранды? Анткени, ал пастордун жашоосунда гольф негизги орунду ээлеген эмес, менде болсо башкача болгон.

Мен гольфко көңүл бурбай калгандан 1,5 жыл өткөн соң, Теңир бир гольф адиси аркылуу мага гольф ойноого керектүү нерселердин баарын белекке берди. Анын баасы бир нече миң доллар турат. Мен таң калдым. Бул профессионал гольфист сыйынган адам, анан ал: "Джон мен билем, ушундай кылуу керек" деди.

Бир нече ай өткөндөн кийин бир кезде жыйын ачууга жардам берген, азыркы мезгилде дүйнөдөгү эң чоң жыйын болгон жана Түштүк Кореяда жүргөн пастор Кудай анын жүрөгүнө өзүнүн клюшкаларынын наборун мага белекке берүүнү салгандыгын айтты. Ошол учурда мен дагы да көбүрөөк толкундандым. Мен Теңирден: "Бул клюшкаларды эмне кылайын?" деп сурадым.

"Барып гольф ойно" деген үндү уктум жүрөгүмдө.

"Бирок, Сен бир жарым жыл мурда бардык клюшкаларды берип сал деп айткансың" дедим.

Кудай мага: “Ал кезде гольф сага ашыкча болчу, эми болсо эс алуу жана ырахат гана болот” деди.

Ошондон бери мен гольф ойнойм. Кудай бул оюнду менин эс алышым үчүн, кайрадан күчкө толушум үчүн, уулдарым менен, лидерлер менен жана кызматташтарым менен бирге убакыт өткөрүү үчүн пайдаланат. Ушул китепти жазаардан 3 жыл мурда Messenger International кызматы миссионердик долбоор үчүн достор жана өнөктөштөр менен Messenger кубогу үчүн гольф ойноодон үч миллиондон ашык доллар алды. Эгерде мен гольфту толугу менен жашоомдон алып сала турган болсом, мындай болмок эмес. Теңир тил алчаактыкты талап кылып жатканда коркуунун кереги жок. Эгерде Анын суранычы силердин каалооңор менен дал келип жаткан болсо, Кудайды угуу оңойго турат, андай болбогон учурда, ал абдан оор жумушка айланып калат.

## Кудай үчүн кайгыруу

Дүйнө менен болгон достук Кудайдын Рухунун кызганычын чакыраары тууралуу Жакып ачык эле айтып жатат. Мен бул достуктун бир гана аспектин көргөзүп бердим, бирок башкалары да бар. Эмки бөлүмдө көйгөйлөрдүн тамыры тууралуу сөз кылабыз, бирок азыр эгерде кызыгууларыбыз бизди туура эмес жакка жетелеп бара жатса эмне болот, ошону талкуулап алалы. Келгиле, Жакыптын дүйнөнүн кыйраткыч мамилелерине жылбышып бара жаткан, ишенгендерге айткан кеңешин изилдеп көрөлү:

> “Күнөөкөрлөр, колуңарды тазалагыла. Эки ойлуулар, жүрөгүңөрдү тазалагыла! Анткени силердин берилгендигиңер Кудай менен дүйнөнүн ортосунан ажырап калды. Силер кылган нерселериңер үчүн жүзүңөрдөн жаш аксын. Кайгыргыла, ыйлагыла, боздогула” (Жкп. 4:8,9. The Message, англ. тилинен которулган).

Мага Кудай сыйынуунун ордуна “Ковбойлорду” тандап алганымды ачып бергенден кийин, абдан терең кайгырууда болдум. Өзүмдүн ишенимсиздигимдин айынан мен үчүн өмүрүн Бергенди кейиткенимди түшүндүм.

Жакында бир кезде аялынын көзүнө чөп салып кеткен, бирок кийин өкүнүп, тобо кылып жана мамилесин калыбына келтирген киши менен жолугуп калдым. Ал мага алты ай бою ал кантип күнөө кылып жүргөндүгүн айтып берди. Ал күчтүү эркек болчу – бир кезде ал колледждин командасында футбол ойногон, ийгиликтүү бизнесмен болгон, ыйлактагандардан эмес экендиги анык эле. Мен ушул эр жүрөк адамдын ыйлап турганын көрүп таң калдым. Ал Кудай же аялы аны кечирүүнү каалабай жатышкандыктары үчүн ыйлап жаткан жок. Чынында, анын никеси мурдагыга караганда да күчтүү болчу. Ал сүйгөн кишисине терең жараат алып келгендиги үчүн ыйлап жатты. Ал аны катуу жаралантып койгондугу үчүн кейип жатты. Анын сезиминин тереңин жана аялы үчүн кылган камкордугун көрүү кайдыгер калтырбайт болчу.

Бул кишинин жүрүшү чындыкты чагылтып турду. Чыныгы ишенген адамдар дүйнө менен мыйзамсыз мамилелерге баргандан кийин так ушундай болушу керек. Жакып жазгандай: “Кайгыргыла жана өкүнгүлө”.

Бул киши өзүнүн аялын эч жагынан күнөөлөгөн жок, чын жүрөгүнөн кейип турду. Анын чыныгы момундугу жаңылануу берди. Мен ойноштук кылган адамдар менен сүйлөшкөнүмдө, алардын ар бири ар түрдүүчө жооп беришет. Өзүлөрүнүн күнөөлөрүн ачыкка чыгаруусунда кандайдыр бир жолдор менен алар жубайынын жетишерлик көңүл бөлбөгөндүгүн, анын ойноштукка тартылуусуна аялынын да кандайдыр бир деңгээлде салымы бар экендигин айта башташат. Жазуу Кудай үчүн кайгыруу жана дүйнө үчүн кайгыруу бар экендигин айтат (2 Кор. 7:10). Дөөт падыша Кудай үчүн кайгыруу тууралуу айткан, ал өзүнүн ойноштук кылуусу жана киши өлтүрүүсү менен Кимди сүйсө, Аны кайгыртып алды. Ал минтип кыйкырган: “Мен Сага, бир гана Сага каршы күнөө кылдым, Сенин көз алдында жаман иш кылдым...” (Забур 50:6 жаңы орусча котормо). Ал Кудайды чакырып, малайлары эмне деп ойлоп калат дебестен туруп эле, Кудайга бекер өткөн күндөрү үчүн кайгырганын айткан. Ал өз кадыр-баркын сактап калууга аракеттенген

эмес, анын жүрөгү жараланып турган. Андан кийин Кудай аны калыбына келтирген. Шабыл падыша башкача болгон. Ал дагы Кудай Сөзүн угуунун ордуна дүйнөнүкүн биринчи орунга коюу – текеберчилик менен, өз каалоосун жогору коюу менен Кудайдын жүрөгүн кейиткен. Ал дагы кылган иши үчүн өкүнгөн, бирок анын кайгысы терендеп кеткен, ал кармалып, кылган иштери үчүн эл алдында, аны сыйлагандардын алдында уят болгон. Ал өз кылган иштери анын падышачылыгына кандайдыр бир таасирин тийгизерин түшүнгөн. Анын кейиши дүйнөлүк болгон. Ал Дөөткө окшоп же мурдагы футболистке окшоп тазаланган эмес. Шабыл өзүн өзү алдаган. Анын кейиши узакка созулган эмес, ал көп өтпөй эле өзүнүн чыныгы ниетин ачыкка чыгарып койгон, б.а. текеберчилик менен өз пайдасын гана көздөө. Апостол Пабыл: "Себеби Кудайга жаккан кайгы тобо кылып куткарылууга алып келет, ..." (2 Кор. 7:10). Бул Кудайга жаккандай кайгы. Анын тамыры биздин Ага болгон сүйүүбүз. Эгерде биз Анын бизге кыла алган нерселерин Анын Өзүнөн көбүрөөк сүйсөк, анда Шабылдан айырмабыз кайсы? Эмки эки бөлүмдө биз дүйнө менен болгон достук, биздин Кудай менен болгон өз ара мамилебизге кандай таасирин тийгизээрин көрөбүз. Биз Кудай менен жакшылыкты алмаштырып алышыбыз жеке ар бирибизге жана бүт жыйынга канчалык кымбатка түшөөрүн көрөбүз. Бирок, ал бaрактарды ачаардан мурда сыйынууга бир аз көңүл бургула. Өз жашооңордогу дүйнө менен мамиледе болгон керексиз нерселерди байкап -көргөнгө жардам бер деп Кудайдан сурангыла.

*Атаке, Ыйсанын ысымынан суранам Сенден, менин жолдорум жана ниетим кандай экенин изилдеп, текшерчи. Эгерде менин жашоомдо Сага болгон чырмалууну жана сүйүүнү бир нерседир алмаштырып жаткан болсо, Ыйык Рухуң менен ошону ачып берчи. Мен эч нерсени жабык калтырбайын. Мага чындап Сенин суйүктүүң болгонго жардам берчи. Мен Ыйса Машайак Теңиримдин артынан ээрчүү жана Ага кызмат кылуу үчүн өзүнөн баш тарткан адам бойдон калайынчы. Оомийин.*

# АДАМДАР КАЧКАН ЧЫНДЫК

Бардык адамдар менен тынчтыкта болууга жана
ыйык болууга умтулгула, ыйык болмоюнча,
эч ким Теңирди көрбөйт.
— Эвр. 12:14 (The Message, англ. тилинен которулган)

Ыйыктыкты зериге турган нерсе деген адамдар кандай гана
аз билишет. Качан чыныгы нерсеге жолукканыңда...
ага каршы туруuга мүмкүн да эмес.
— К.С. Льюис

Ыйыктык. Ушул сөздү айтып көрсөңөр, ал адамдарды кандай гана дүрбөлөңгө салаар экен. Алар дароо маектин темасын өзгөртүүгө шашылышат. Көптөгөн адамдар ыйыктыкты "муңайган нерсе" деп билишет, анткени ал "өзгөчө кыйын" эмес, ал жашоодо бир нерселерге жолтоо болушу мүмкүн. Көбүнчө аны куткарылууга жетүүчү нерсе же болбосо, мыйзамчылдыктын бир бөлүгү деп билишет. Эгерде "ыйыктык" жөнүндө сөз баштала турган болсо, анда көбүнчө мындай жооптор берилиши мүмкүн: "Мен эркинмин жана Кудайдын ырайымы менен жашап жатам. Мени мыйзамдын астына коюуга аракеттенбегиле."

Анткен менен, жаңы осуят мезгилиндеги ыйыктык өзүнчө, ал мыйзамчылдык же мыйзамдын иштери менен байланышкан эмес. Чындыгында, бул адам каалаган жана жактырган жашоо образы. Бирок, азыркы биздин учурда көптөгөн адамдар ыйыктык эмне экендигин түшүнүшпөйт.

## Эмне үчүн бул тууралуу сүйлөшүүгө болбосун?

Эмне үчүн Жазууда: "Бардык адамдар менен тынчтыкта болууга жана ыйык болууга умтулгула, ыйык болмоюнча, эч ким Теңир-

ди көрбөйт" (Эвр. 12:14) деп жазылып турса, анан эмнеге Кудайдын балдары ыйыктык тууралуу сөз кылуудан качышы керек? Буйрук сыяктууну сезип жатасыңарбы? Ыйык болбосоң, демек, Кудайды көрбөйсүңбү? Мен бүт көңүлүмдү койдум, силерчи?

Кошмо Штаттардын президенттерин мисалга келтирип көрөйүн. Мен өз өлкөмдүн атуулу болгондуктан, ал улуттук лидер болгондуктан, менин аны менен "мамилем" бар. Мен башка 320 миллион америкалыктардай эле, анын жеткечилигинин астындамын жана анын чечимдеринин таасири астындамын. Мен президент менен ушундай мамиледе болгондугума карабай, алиге чейин бир да жолу президент менен жолугушуп көрө элекмин. Мен элүү жаштан ашкан куракка жетип калсам дагы бир дагы президент менен жеке жолугушуп көрө элекмин.

Анткен менен, алар менен дайыма чогуу жүргөн башка америкалыктар да бар. Алар анын достору же жакын кызматчылары. Кандай болгон күндө да алар Ак үйдөгү адамды менден жакшыраак билишет.

Ушуга эле окшош, Ыйса Машайактын бийлиги астындагы миллиондогон машайакчылар бар. Алардын айткандары боюнча Ыйса алардын Падышасы. Ал аларды коргойт, камсыздайт, сүйөт жана сурагандарына жооп берет. Бирок, маселе башкада – алар Аны көрүшөбү? Башкача айтканда, алар Аны менен чогуу болушабы? Жазууга ылайык, биз Аны көрүшүбүз керек. Эврейлерге жазылган Катта жазылып тургандай: "Биз Ыйсаны көрө алабыз (2:9, AMP, анл. тилинен которулган). Пабыл бул артыкчылык тууралуу мындай дейт:

> "Биз баарыбыз жабуусуз жүзүбүз менен Теңирдин даңкын чагылдырып турабыз. Биз Ага окшошкон сайын, бир даңктан бир даңкка өтүп, өзгөрүлүп жатабыз. Бул Теңирдин Руху аркылуу болуп жатат" (2 Кор. 3:18).

"Кудайга даңк" – дегенди көбүнчө туура эмес түшүнүшөт, азыркы күндө болсо, биз аны таптакыр эле сейрек колдонобуз. Биз андан көрө "Теңирдин улуулугу" деп айтабыз. Биздин тил менен Пабыл мындай деп жазмак: "Биз баарыбыз ачык жүзүбүз менен Теңирдин улуулугун көрүп турабыз".

Ыйса дагы Аны көрө турган жана Аны менен боло турган адамдарды ажыратып карайт. Жашыруун кечеде Ал мындай сөздөрдү айткан: “Бир аз убакыттан кийин бул дүйнө Мени көрбөй калат, ал эми силер Мени көрөсүңөр. Мен жашап жаткандыктан, силер да жашайсыңар” (Жкн. 14:19).

Анын сөзүнөн биз эки так далилди көрүп турабыз. Биринчиден, машайакчылыктын эң эле реалдуу аспекти - биз Ыйсаны көрө алганыбызда. Экинчиден, биз Аны дүйнө тааный албагандай таанып-биле алабыз.

Кудайды көрүү эмнеге маанилүү? Биринчиден, президент менен болгон мисалдагыдай, биз Аны көрбөсөк, анда тааный албайбыз. Болгону, биз Ал тууралуу маалымат гана алабыз.

Экинчи себеп да ушундай эле маанилүү. Кудайды көрбөй туруп, биз Анын бейнесиндей боло албайбыз жана өзгөрө албайбыз. Ошол эле аятта Пабыл Теңирди көргөн адамдар, башкача болуп калат деп айткан, “...Биз Ага окшошкон сайын, бир даңктан бир даңкка өтүп, өзгөрүлүп жатабыз. Бул Теңирдин Руху аркылуу болуп жатат” (2 Кор. 3:18). Ишенген адамдын жашоосу үчүн алмашуу маанилүү.

Силер качандыр бир убакта Ыйсаны көргөндүгүн айткан, бирок Аны менен эч качан жолукпагандай жашаган адамды көрдүңөр беле? Эмне үчүн мындай болот? Анткени, ал адам алмашуу процессинен өткөн эмес жана Ыйсанын бейнесине алмашкан эмес. Пабыл биздин убакта кыйын болорун пайгамбарчылык кылып айткан. Баарынан да кызыгы, бул кыйын убактар анын заманында болгондой ишеними үчүн куугунтуктун айынан эмес, Ыйсаны Теңири катары билип туруп, бирок Анын сөзүн сактабагандыктын натыйжасында болоорун айткан. Алар өзүлөрүн Кудай менен мамилеси жоктой алып жүрүшөт. Алар мурдагыдай эле өзүлөрүн жана акчаларын сүйүшөт, ата-энелерин угушпайт, орой болушат, кечирим суроодон баш тартышат, атак-даңкты жана кадыр-баркты издешет, досторуна чыккынчылык кылышат, Кудайга караганда ырахатты көбүрөөк сүйүшөт ж.б. Пабыл ачык эле минтип айткан: “такыбаа болуп көрүнгөн, бирок такыбаалыктын күчүнөн баш

тарткан адамдар болушат. Ошондойлордон алыс бол" (2 Тим. 3:5). Алар четке кагып жаткан күч – бул, бизди өзгөртө ала турган ырайымдын жөндөмдүүлүгү, чыныгы машайакчылыктын негизги реалдуулугу. Кеңири тилдеги Библиянын котормосунда мындай деп айтылган: "Алардын жүрүм-туруму алардын айткандарынын түп нускасын жокко чыгарып турат" (англ. тилинен котормо).

Бул ишенүүчүлөр алданып жатат, Жазууда дал ушулар жөнүндө жазылган, "дайыма үйрөнгөнү менен, эч качан чындыкты таанып биле албаган аялдарды азгырган адамдар кирет" (2 Тим. 3:7). Мен жогоруда айтып кеткендей, калпта бир гана көйгөй бар, ал калп. Биз Кудай менен болгон мамилебиз өз ордунда деп чын жүрөктөн ойлошубуз мүмкүн, бирок бул башкача да болуп калышы мүмкүн. Ушул сыяктуу ишенүүчүлөр жыйындарга, курултайларга, конференцияларга, табынуу кечелерине, библиялык мектептерге жана ар кандай клубдарга барышат. Алар үйрөнгөндү жактырышат, бирок алардын мүнөзү жана жүрүм-туруму өзгөрбөйт.

## Жыйынтык

Жыйынтык мындай: ким ыйык жашоодо жашаса гана, ал Кудайды көрө алат – Анын алдына бара алат. Ыйса түшүнүктүү эле айткан: "Бир аз убакыттан кийин бул дүйнө Мени көрбөй калат, ал эми силер Мени көрөсүңөр. Мен жашап жаткандыктан, силер да жашайсыңар. Ким Менин осуяттарымды билсе жана аткарса, ал Мени сүйөт. Ал эми Мени сүйгөн адамды ... Мен да сүйөм жана ага Өзүмдү ачып берем" (Жкн. 14:19, 21).

"Көрүнүү" деген: көз жана акыл үчүн ачык айкын, так көргөзүү дегенди билдирет. "Толук сөздүккө ылайык, (The Complete Word Stady Dictionary) гректин emphanizo деген сөзү "ачык көрсөтүү, көз алдына элестетүү, көрсөтүү" дегенди билдирет. Анын мааниси адамдарга байланыштуу колдонулганда дагы да кеңеет, "өзүн жакындан таанууга жана түшүнүүгө" алып келген дегендик.

Ыйса Анын парыздарын аткарган адамдарга гана көрүнөрү тууралуу айткан. Аны көрө алгандар гана Анын менен болуу аркылуу

Аны жакындан таанышат. Бул артыкчылык бардык эле ишенгендерге убада кылынган эмес, бирок Анын Сөзүнө баш ийүүгө умтулгандарга жана Анын ыйыктыгын издегендерге гана тиешелүү.

1980 – жылдарда дүйнөдөгү эң чоң жыйындын пасторун тосуп алууну суранышты. Анын аты доктор Девид Йонгги Чо, ал түштүк Кореядагы Сэул шаарынан. Ал мезгилде анын жыйынында 750 миң киши бар эле. Мен аны отелден Кудайдын кызматына алып барып турушум керек эле. Мен бир нече жыл мурун эле машайакчы болсом да, бул мен үчүн чооң артыкчылык болчу.

Доктор Чо келип, өз жыйынындагы он бештей бизнесменди өзү менен алып келди. Алардын улуусу келип, жыйын боло турган күнү мага минтип айтты: “Мистер Бивер, бүгүн доктор Чону Кудайдын кызматына сиз алып барасыз да, туурабы?”

“Ооба, туура” деп жооп бердим мен.

Ал салтанаттуу түрдө минтип айтты: “Мистер Бивер, мен сизге өтө маанилүү нерсени айтып коюшум керек. Биринчиден, жыйынга бара жатканда жолдон доктор Чо менен сүйлөшпөңүз. Ал кызмат болоор алдында сүйлөшкөндү жактырбайт”. Бул жалгыз гана тапшырма болбогону менен, башкы тапшырмалардан болчу.

Ошол күнү кечинде мен отелге конокторго бардым да, аларды машинада күтүп жаттым. Алар чыгышканда, доктор Чону коштоп жүргөндөр автомобилдин эшигин ачып, доктор Чо менин катарымдагы алдыңкы орунга отурду. Анан Кудайдын Руху машинаны толтуруп турду. Бул укмуш эле. Кудайдын улуулугу менен сүйүүсү ушунчалык реалдуу жана ачык-айкын көрүнүп турду.

Мен анчалык ыйга жакын киши болбогонума карабай, жолдо бара жатканда көзүмдөн жаштар агып жатты. Жарым жолго жеткенде биз светофордо токтоп турганда мен эми өзүмдү кармай албай калдым. Мага кылба деген нерсени кылууга туура келди. Мен өз жүргүнчүмө урматтоо менен: “Доктор Чо, бул автомобилде Теңир бар” дедим.

Ал мага карап митип айтты: “Ооба, билем”.

Мен ал кишинин бул жактагы сапары учурунда аны менен көп убакыт чогуу болдум. Биз чогуу гольф ойнодук, аны ар кандай жо-

лугушууларга алып бардым, аны менен чогуу түштөндүм жана аны аэропортко алып бардым. Адамдардын арасында болобу же жокпу, доктор Чо такыбаа жан экен, анын ар бир кылганы маданияттуу, чынчыл жана токтоолукту көргөзүп турду. Мен ал күнүнө Теңир менен канча саат өткөрөрү жөнүндө ойлодум. Анын жашоосунда Теңирдин болушу эмнеге мынчалык күчтүү экендиги түшүнүктүү болду. Ал чын эле Ыйсанын Сөзүн ээрчийт экен.

Мен дагы көбүнчө ушул сыяктуу Кудайдын биздин арабызда болушун Кудайдын кызматында, сыйынууда, Кудайдын Сөзүн окуп жатканда же кандайдыр бир адаттагы иштерде сезчүмүн. Муса эмне үчүн Кудай менен болгон ушул кереметтүү абал үчүн баарын таштагандыгын эми түшүндүм. Менин жашоомдо Ал кайдадыр алыс жакта тургандай сезондор болот, бул кээде мен Анын сөздөрүн аткарбаганымдын айынан болот. Кээде бул сыноо учурунда болгондой. Сыноодон качып кутулбастыкты түшүнүп турам, бирок алгачкысын өзгөртүүгө болот.

Анын болушу биздин көрүшүбүздө эле эмес, биз ошондой эле Анын болушу Өзү менен эмнени алып жүрсө, ошонун баарын ала алганыбызда. Көрүнүү деген демек бул, көрүнбөгөн нерсени көргөндөй, угулбаган нерсени уккандай, белгисиз нерсе белгилүүдөй болгону. Бул Кудайдын биздин акылыбызга жана сезимибизге Өзүн тааныткан. Ал Аны жана Анын жолдорун жакындан таанып-билүүнү берет. Эврейлерге жазылган Каттын автору ушундай артыкчылыкты алган адамдарды мындай деп сүрөттөгөн: “Бир кезде чындыкты билген, асман белегинен даам таткан, Ыйык Рухка үлүштөш болгон” (Эвр. 6:4). Кудайдын ар бир баласына Аны көрүп жана Аны менен бирге болуу мүмкүн болгону менен, бирок ким Анын Сөзүнө тил алчаак болсо (чыныгы ыйыктыкта жүрсө), ушундай артыкчылыкка ээ болот.

Пабыл Кудайдын Мусага ачык айткан сөзүн келтирет. Бул бекемдөө- өзгөрүлгүс чындык, ал Байыркы Келишим аркылуу гана эмес, Жаңы Келишим аркылуу да өтөт. Ал Ага тиешелүү болуп калган адамдарга арналып айтылып жатат:

> "Ошон үчүн алардын арасынан чыккыла, алардан бөлүнгүлө, – дейт Теңир, – арам нерселерге жолобогула, ошондо Мен силерди кабыл алам" (2 Кор. 6:17).

Бул түшүнүктүү. Кудай бизди Өзүнүн жанына кабыл алыш үчүн, шарттарды аткаруу зарыл. Бул автоматтык түрдө боло койбойт. Ал Өзү менен бир болууну белек кылаардан мурда, биз Анын суранычын аткарышыбыз керек. Пабылдын сөздөрү Ыйсанын сөздөрү менен таптак дал келет. Бул аят The Message котормосу боюнча мындай деп айтылат:

> "Анда бузукулукту жана компромиссти таштагыла; жакшылык үчүн таштагыла" – дейт Кудай. "Силерди булгап коё тургандар менен байланышпагыла. Мен силердин баарыңарды Өзүм үчүн каалайм" (англ. тилинен которулган).

Андан кийин Пабыл бизге Кудайдын убадасы тууралуу так жооп берет:

> "...денебизди жана рухубузду булгаган ар кандай ыпыластыктан арылалы, Кудайдан коркуу менен, ыйыктыкка умтулалы" (2 Кор. 7:1, орусча жаңы котормо).

Чыныгы ыйыктыкка умтулуудагы максат - бул, Кудай менен бирге болуу даражасына татыктуу болуу.

## Атмосферабы же бирге болуубу?

Жаңы Келишимдеги апостолдордун, Ыйсанын жана Атанын бир нече сөздөрүнө карап туруп, биз Жаңы Осуяттын машайакчылыктагы бул маанилүү аспекти эмне үчүн көп жолу айтылып, жарыяланып жана көбүрөөк талкууланбайт деп сурасак болот жана бизге куткарылууну чыныгы ыйыктыксыз калтырыш үчүн, бизди Кудайды таануудан кармаган, ушул аркылуу бизди алмашуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан планды душманыбыз ойлоп тапкандыгы мүмкүнбү? Душмандын бул бузулган стратегиялык планы жекелик гана деңгээлде эмес, бирок жалпы деңгээлде да таасир этет. Кудайга кызмат кылуубузда Кудайдын биз менен болушун атмосфера менен алмаштырып алган жокпузбу?

Акыркы жыйырма жыл ичиндеги жыйындын эң чоң жетишкендиктеринин бири -табынуу кызматында суктанаарлык атмосфераны жаратуу болуп калды. Бир нече жылдар мурда кадимки эле жыйындын кызматында болсоңор, адаттагыдай эле имаратты, жөнөкөй эле ремонтту жана узакка созулган бир калыптагы кызматты көрмөксүңөр. Эч нерсеге жарабаган музыка, актуалдуу эмес, чаржайыт айтылган сөз, жумшактап айтканда заманга ылайык келбеген кийимдерибиз болгон. Биз туш келген эле музыканы коюп, бардык эле насааттар “Ыйсанын ысымынан” айтылса, анда алар каалашынча узакка чейин созула бермек. Коомчулукта бизди бир байкуштар катары эсептешкени таң калыштуу эмес. Кээ бир гана нерселерди эске албаганда, жыйырма жыл мурдагы кызматтардын абалы ушундай эле болчу.

Акылман лидерлердин арекетине ылайык бул абалды өзгөрттүк. Эми биз азыркы учурга ылайык келген, чынында эле адамды шыктандырган, эң жакшы музыкаларды ойнойбуз. Биз жыйындар үчүн ыңгайлуу, заманбап имараттарды куруп, эң мыкты жарыктар менен жана аудиосистемалар менен жабдыйбыз. Насааттар дагы кыска жана актуалдуу, балдар жана өспүрүмдөр үчүн аларга кызыктуу жана жайлуу болгон жайларды курабыз. Азыркы учурда көптөгөн жыйындарда кафелер, адамдар баарлашканга ыңгайлуу, алдын ала кылдаттык менен ойлонулуп жасалган холлдор жана жакшы китептерди тандоого мүмкүн болгон китеп дүкөндөрү бар. Биз күнөөкөрлөрдү четке какпаган кызматтарды өткөрөбүз. Б. а. биз өз жыйындарыбызда жакшы атмосфераны жараттык жана Кудайга биздин жаңы жогорку сапаттуу жаңылыктарыбыз жагымдуу экенине ишенебиз.

Бирок, биз акыркы максат тууралуу ойлондукпу? Атмосфера чындыгында эмне үчүн пайдалуу - ал Кудайдын ошол жерде болушу үчүн жасалат. Атмосфераны адам түзөт. Галлиуд, Лас-Вегас, Дисней, Брогвей ж.б. көңүл ачуунун индустриялык борборлору чеберчилик менен эмоцияларды пайда кылат. Биз алардын стандартына жете алабызбы? Жыйынга келген адамдар жок дегенде бир аз

ыраазы болуудабы же жокпу? Биздин кызматтар Кудайдын чындап болушу менен толтурулуп жатабы же биз кандайдыр бир башка жерде жасап жатышкан нерселерди машайакчылардын да арасында жасап коюп атабызбы?

Чындык мына мында: биз кайра жаралуубуз үчүн Анын болушу зарыл!

Так мына ошондуктан да, көптөгөн адамдар машайакчылыкка суктанышып, табынганды каалашат, окууларды улантышат, бирок жаңыланышпайт. Эгерде ушундай боло турган болсо, анда бул бизге кымбатка түшөт. Адамдар Ыйсанын бейнесине окшошо алышпай жүрө беришет. Бир нече жылдар мурда бизде мынчалык жакшы атмосфералар болбогону менен, бирок биздин кызматтарыбыз Кудайдын биздин арабызда кереметтүү түрдө болушу бизди канчалык толкундатканын билебиз. Мен дайыма эле аны сөз менен айтып бере албашым мүмкүн, бирок мага ал ушунчалык күчтүү таасир эткен.

Албетте, эмне үчүн атмосфера да, Кудайдын келиши да бир эле убакта боло бербейт деген суроо пайда болот. Бизге тандоонун кереги жок! Антсе да, Кудай менен бирге болуш үчүн, биз ыйыктыкка умтулушубуз керек.

Башка жагынан алып караганда, душмандын ыйыктыксыз машайакчылыкты түзүшү, али куткарыла элек көптөгөн адамдар үчүн Ыйсанын Жакшы Кабары жансыз нерседей көрүнөт. Ошондуктан, алар үчүн Ыйсанын артынан ээрчиген кызыксыздай көрүнөт, бирок чынында бул эң сонун жашоо.

## Ыйыктык деген эмне?

Чыныгы ыйыктык деген эмне? Грек тилинде бул hagios. Тэйердин грек-англис Жаңы Осуят сөздүгүндө мындай аныктама берилет: Кудай үчүн бөлүнүп коюлган, Ага гана тиешелүү болгон. Ушул түшүндүрмөнүн негизинде Кудайдын Сөздөрүн айтууга уруксат бергиле: "“Ошон үчүн алардын арасынан чыккыла, алардан бөлүнгүлө, – дейт Теңир, – арам нерселерге жолобогула. Мен силерди толугу менен Өзүм үчүн каалайм” (2 Кор. 6:17, англ. тилинен которулду).

Биз Лиза экөөбүз үйлөнгөндө ал толугу менен меники, мен болсо толугу менен аныкы болуп калгам. Ал өзүн мени менен жашоого арнаган, мен өз жашоомду аны менен болууга арнагам. Лиза менен жолугуп жана үйлөнгөнгө чейин, мен анын умтулуулары менен каалоолорун эсепке алган эмесмин. Мен жөн гана аны билчү эмесмин. Лиза ачык эмес түстөгү эмеректерди, професcиоалдык спорттун жана кинонун кээ бир жанрларын көргөндү, джаз музыкасын, оркестрдик музыканы укканды сүйбөйт. Ал “Миң арал” соусун, сырдын бир түрүн ж. б. көп нерселерди жаман көрөт. Мен болсо, бул саналгандардын баарын сүйчүмүн жана жечүмүн. Анткен менен, мен үйлөнгөндөн кийин ушунун көпчүлүгүн таштоого туура келди, анткени ага жакпастыгын билдим. Андан башка да биз чогуу ырахат ала турган көп эле нерселер бар болчу.

Андан тышкары мен башка аялдар менен болгон себепсиз байланыштардан да баш тарттым. Биздин үйлөнүүбүзгө чейин менде аялзатынан көптөгөн досторум болгон, мен алар менен көңүл ачуудан, чогуу убакыт өткөрүүдөн, ал турай кыздар менен жолугушууларга баруудан эч кандай деле жаман нерсени көрчү эмесмин. Бирок, мен Лизага “ооба” деп айткан күндөн баштап, башка аялдарга карата болгон мамилем биротоло өзгөрдү.

Акыр аягында айтаарым, мен Лизаны ушунчалык сүйүп калгандыктан, өзүм үчүн эле эмес, анын каалолору үчүн жашаган да мага абдан жагымдуу болуп калды.

Менин байкашымча көптөгөн күйөөлөр аялдарынын каалоосуна көңүл бурушпай, өзүмчүл болуп жашап келишет. Алар расмий түрдө жубайлар болуп эсептелишкени менен, чыныгы жашоодо ынак мамиледе эмес. Биз Келишимдин мамилелери боюнча никеге турган кезибизде өмүрүбүздүн калган бөлүгүнүн баарында өз жубайыбыз үчүн кызмат кылабыз деген милдеттин алдында макулдук беребиз. Жакшы никеде өзүмчүлдүккө орун аз.

Биз Ыйса менен келишим түзгөнгө чейин дүйнөдөн болчубуз жана дүйнөнү сүйчүбүз. Биз өзүбүздүн денебиздин каалоосун жана көздөрүбүздүн кумарын кандыруу үчүн жашап келгенбиз. Биз ка-

дыр – баркты, даражаны жана текебердигибиз менен өзүбүздү сүйүүгө эмне кызмат кылса, ошону издегенбиз.

Эми Ыйса менен жолугуп жана Аны менен Келишим түзгөнүбүздөн кийин, өзүбүзгө чын жүрөктөн суроо берип көрсөк болот- биз өзүбүз үчүн жашап жатабызбы же Ал үчүнбү? Расмий түрдө биз Ыйса менен мамиледе болушубуз мүмкүн, бирок Аны менен болгон жакындыкты башыбыздан өткөрө албашыбыз мүмкүн (бизге Анын болушу жетишпестиги мүмкүн), - б.а. аялы менен өзүмчүл болуп жашаган эркектей.

Пабыл минтип жазат “Жашап жаткандар эми өздөрү үчүн эмес, өздөрү үчүн өлгөн жана кайра тирилген Машайак үчүн жашашы үчүн, Машайак бардыгы үчүн өлгөн” (2 Кор. 5:15) NLT, англ. тилинен которулду). Аны менен ушундай жол аркылуу гана чыныгы мамиледе (никеде) болуу мүмкүн.

Жакып дүйнө менен болгон ойноштук деп айтып жаткан жүрүм-турумга карасак, биз анын өзүмчүлдүк жашоо образында жашап жаткан ишенгендерге кайрылып жатканын көрөбүз:

> “Эгерде жүрөгүңөрдө... өзүмчүлдүк бар болсо, анда мактанбагыла жана чындыкты бурмалабагыла. Бул асмандан келген акылмандык эмес, жердеги, табигый, шайтандан келген акылмандык. Анткени кайсы жерде ...өзүмчүлдүк бар болсо, ал жерде тартипсиздик жана ар кандай жаман нерселер бар. Ортоңордогу чыр-чатак, талаш-тартыш кайдан чыгат? Дене мүчөлөрүңөрдө согушуп жаткан кумарларыңардан эмеспи? Каалап жатасыңар, бирок ала албай жатасыңар; киши өлтүрүп, көрө албастык кылып жатасыңар, бирок эч нерсеге жете албай жатасыңар; талашып-тартышып, чатакташып жатасыңар, бирок ала албай жатасыңар, анткени сураган жоксуңар.Сурасаңар да, ала албай жатасыңар, анткени жакшы нерсе үчүн эмес, өзүңөрдүн кумарларыңарды канааттандыруу үчүн сурап жатасыңар. Бузуктук кылуучулар, бул дүйнө менен болгон достук Кудайга каршы кастык экенин билбейсиңерби? Бул дүйнө менен дос болууну каалаган адам Кудайдын душманы болуп калат” (Жкп. 3:14-16,4:1-4, CEV, англ. тилинен которулду).

Бул аяттарда өзүмчүлдүк деген сөз көп колдонулгандыгына көңүл бургула. Жакып аны колдонгондугунун себеби жүрүм-ту-

румдун эки түрү бар: берүү жана алуу. Үчүнчүнүн кереги жок. Алуу – демек, өзүнүкүн издөө, дүйнөдөгүлөрдөй жашоо, Кудайга ишенимсиз болуу. Мына ушундай жашоо образы менен жашаган ишенгендерди бузукулар же бузукулук кылуучулар д. а. Мында Ыйсанын парыздары жогорку артыкчылык болбой калат, тескерисинче өзүнүн жеке каалоосу жогорку артыкчылык болуп калат.

Өзүмчүлдүк адамды күнөөгө жетелейт. Адам өзү бир нерсеге ээ болуу үчүн уурдайт, өзүн коргоо үчүн же кандайдыр бир пайда үчүн алдайт. Адам өзүнүн аялы жана балдарын ойлонбостон, өзүнүн жеке кумарын ойлоп ойноштук кылат. Адам өзүн ойлоо менен киши өлтүрүүгө барат. Адам өзү жакшыраак билем дегендиктен жана өзү үчүн жакшы нерсени каалагандыктан, бийликке баш ийбейт. Адам өзүнүн ишенбестигин жана текебердигин канааттандыруу үчүн атак-даңкты издейт. Мен футболдук матчты көрүп жатканда, телевизорду өчүрүп жана сыйынуудан баш тартканым - ал өзүмдүн кызыкчылыгым үчүн болгон эле.

## Жаңы табият

Дүйнөнүн атуулдары мындай жүрүм-турумга айланып калган себептери, анткени аларды денелик (өзүмчүлдүк) жана табиттүү каалоолор жетектеп турат. Ишенүүчү алардын кулчулугунан эркин (Рим. 6:11-14тү карагыла). Уул бизди чындап эркин кылды!

Байыркы Келишим мезгилинде Кудайдын элине күнөө кылбоо буйругу берилген. Бирок, алар аны күнөөкөр табиятынын (өзүмчүлдүктүн) айынан аткарышкан эмес. Өз күчүнө ишенген адамдын жашоосу Кудайдын көз алдында жакшы көрүнбөстүгүн Байыркы келишим чечкиндүү далилдеген. Адамдар Кудайдын каалоосуна карабастан, өзүлөрүнүн табитине жана каалоолоруна байланган.

Биз жаңы жаралуулар жаңы табиятка ээбиз. Биз ичибизден тирүүбүз, Ыйсанын бейнеси боюнча кайра жаралганбыз, чыныгы жакшы жашоодо жашаганга ички жөндөмдүүлүгүбүз бар. Пабыл эмне деп жатканын карагылачы:

> "Ошондуктан Теңирдин атынан айтып эскертемин: мындан ары силер бутпарастарга окшоп куру кыял менен жашабагыла. Алардын акылы караңгылангандыктан, түркөйлүктөрүнүн жана жүрөктөрүнүн катууланганынын айынан Кудайдын жашоосунан четтеп калышкан. Ыйманынан ажырап калган алар ар кандай ыпылас иштерди тойбостук менен жасап, бузуктукка берилип кетишкен" (Эф. 4:17-19).

Ишенбеген адам өз денесинин табитине кул болуп калган. Анын руху өлүк – жансыз. Анын ичинде Кудай алдында таза абийир менен жашоо жөндөмдүлүгү жок. Эмне үчүн машайакчылар ишенбегендердин өзүлөрүнүн алып жүргөндөрүн карап таң калышканын түшүнө албайм. Алар кайра жаралбаган адам анын табиятына, анын күнөөсүнө ылайык эле болгон нерселерди жасап жаткандыгын түшүнүшпөйт. Ал өзүмчүл адам. Эгерде анын эрки күчтүү болсо, ал жакшы адам болуп жана өзүмчүл эмес адамдай болуп да көрүнүшү мүмкүн. Бирок адашпагыла, ал өз күнөөкөр табиятына байланган. Пабыл чыныгы ишенүүчүнүн белгилерин көрсөтүүнү улантат:

> "силер Ал жөнүндө уккансыңар жана Андан үйрөнгөнсүңөр, анткени чындык Ыйсада. Силер Андан алдамчы кумарлары менен чирип бара жаткан эски адамдын мурдагы жүрүм-турумун таштоо керек экендигин, акыл-оюңарды жаңыртып турушуңар керек экендигин, чыныгы адилдик жана ыйыктык менен Кудайдын бейнеси боюнча жаратылган жаңы адамды кийүү керек экендигин үйрөнгөнсүңөр" (Эф. 4:21-24).

Куткарылбаган адамдан айырмаланып, ишенген адамдын ичи жаңы табиятка ээ болуп калды. Бизге ошол жаңы табиятыбызга баш ийип, ыйык жашоого буйрук берилген. Машайакчыда тандоо бар, ал эми ишенбеген кишиде андай тандоо жок. Машайакчы ичиндеги күчтүү жаңы табиятка жол бериш керек, же өзүнүн денелик каалоолоруна баш ийгенди уланта бериш керек. Чечим өзүбүздөн.

## Позиция жана жүрүм-турум

Бул айрылыш жолдо тактыкты киргизүү мааниге ээ. Ыйыктыктын эки маанилүү аспекти бар, Жаңы Келишим алардын экөөсү

жөнүндө тең айтып жатат. Качан биз аларды аралаштыра баштаганыбызда чаташуу башталат.

Биринчи аспект биздин Машайактагы позициябызды билдирет. Пабыл минтип жазат: “Анын даңкы макталыш үчүн, Анын энчисине алынгандар куткарылышы үчүн, Ыйык Рух – биз ээ боло турган мурастын аманаты” (Эф. 1:4). Бул ыйыктык Ыйса биз үчүн эмне кылгандыгын жана биздин Машайактагы ордубуз тууралуу күбөлөндүрүп турат. Биз өз жүрүм-турумубуз менен эч качан бул позицияга татыктуу болмок эмеспиз, бул Анын бизге берген белеги.

Лиза менин жубайым болгон кезде ал өзүнүн жубайлык ордун иштеп тапкан жок, мен ага жүрөгүмдү арнагандыктан, ал өзүнүн ордун ээледи. Биздин келишимде ал дагы мен үчүн ошону кылды. Чекит.

Ыйыктыктын экинчи аспектиси – бул, позициядан кийинки жүрүм-турум. Лиза менин аялым болуп калгандыктан, анын жүрүм-турумунан мага болгон ишенимдүүлүгү чагылып турчу. Эми ал башка эркектерге кылыктанбай, алар менен мамиле издебей калды. Анын аракеттери аялдын күйөөсүнө болгон туура мамилесине ылайык келип турду. Мен да күйөө катары дал эле ушундай кылдым.

Бул китепте мен Кудай менен болгон так ушул аспекти сүрөттөйм. Петр айтат:

> “Билбестиктен баткан мурунку кумарларыңарга кайрадан ык албагыла, тескерисинче, тил алуу үчүн тандалган балдар катары бардык жүрүш-турушуңар ыйык болсун, анткени силерди чакырып алган Кудай ыйык. Себеби Ыйык Жазууда: “Ыйык болгула, анткени Мен ыйыкмын”, – деп жазылган. Ар бир адамды ишине жараша бет карамалык кылбастан соттоочу Кудайды Ата деп жатсаңар, анда келгин катары жашап жаткан убактыңарды коркунуч менен өткөргүлө” (1 Пет. 1:14-17, NLT, англ. тилинен алынды).

Пабыл күнөөкөрлөргө эмес, Кудайдын балдарына кайрылгандыгы көрүнүп турат. Кудай бизди Машайактагы позициябызга карата эмес, биздин иштерибизге жана жүрүм-турумубузга карата сыйлап же соттоору тууралуу жазылган. Ыйсанын каны бизди, биздин күнөөлөрдү кечиргени менен, бирок Кудайдын балдарын алардын кылган иштерине карата соттой турган белгилүү бир сот бар.

Муну Пабыл Корунттуктарга жазылган экинчи Катында бекемдейт (5:9-11). Өз тандоосу боюнча тил албастыкта жашаган – бул жөн эле нерсе эмес. Эгерде биз чынында эле Кудайга тиешелүү болсок, анда бизде күнөөлүү жашоодо жашап, Анын жүрөгүн кейитпейин деген каалоо жалындап турушу керек.

Пабыл менен Жакып сыяктуу эле Петр да, биздин эски жашоо образыбыз өзүмчүлдүк каалоолорго толгондугун айтып, биз аткарган иштердин баарында ыйык болууга чакырат. Мен дагы бул ойду кайталагым келип турат: ал машайактагы позиция тууралуу эмес, жүрүм-турум жана жашоо образы тууралуу айтып жатат. Ошол эле үзүндүдөгү башка котормодо да биз "бардык жүрүм-турумубузда жана жашоо образыбызда ыйык болушубуз керектиги" тууралуу айтылат (15-аят, англ. тилиндеги кеңири котормо). Петрдин сөзү аларда кандай маани жаткандыгы тууралуу шектенүүгө эч кандай көлөкө да калтырбайт. Петр Пабыл менен макул болуп, эгерде биз ырайым менен куткарылган болсок, анда дүйнө жашагандай эмес, ыйыктыкта жашоо үчүн, бизге берилген жаңы табияттагы күчкө ээ экендигибизди айтат.

Эврейлерге жазылган Каттын (12:14) автору бизди кантип ыйыктыкка чакыргандыгын эстегиле. Жаканда мен ушул аят боюнча Чарльз Сперджендин насаатын уктум, ал менин көңүлүмдү өзүнө бурду. Кийинки үзүндүдө эмне үчүн мындай болгонун түшүнөсүңөр.

> "Кээ бир антиномисттер (Эски Осуяттын мыйзамдарына кайдыгер карагандар) Ыйык Рухтун бизге берген чакырыгын [ыйыктыкка умтулууну] четке какканга мүмкүн болушунча аракетенишет. Алардын айтуусу боюнча, бул Машайактын ыйыктыгына алмашылган. Алар ушундай ачык туура эмес сөздөрү аркылуу калп айтып жаткандыктарын билишпейби?.. Биз ыйыктыктын артынан ээрчишибиз керек, бул ыпластыктын карама-каршысы, иш жүзүндөгү ыйыктык болушу керек, "Кудай бизди ыпластыкка эмес, ыйыктыкка чакырган" деп жазылып турат. Бул ыйыктыктын башкача түрү. Чындыгын айтканда, бул Ыйык Жазуу бизди чакырып жаткан тирүү ыйыктык. Бул Кудайдын парыздарына тил алчаак болууга жана Кудайдын эркине ылайык келет".

Мына сага! Демек, жыйын ыйыктыкты кысымга алуу менен биринчи жолу кезиккен жери жок, анткени Сперджен бул тууралуу 1800-жылдарда эле жазган. Эгерде биз Жазууну өзүбүздүн негизибиз катары эсептесек, анда ыйыктык биздин Теңирдеги табиятыбызга жана Анын атынан кантип жашаганыбызга да тиешелүү экендигин көрөбүз.

Маанилүүсү, биздин Машайактагы позициябыз да, биздин жүрүм-турумубуз да кылган иштерибизге, талантыбызга жана ээ болууларыбызга эч нерсеси менен милдеттүү эместиги. Позициябыз да, жүрүм-турумубуз да – бизге бекер жана биротоло берилген белектин натыйжасы. Ошого карабастан, мындан ары жаңыча жашоо үчүн, жакшы жүрүм-турумубузду көргөзүү үчүн, биз өзүбүздүн жаңы табиятыбыз менен кызматташуубуз керек, биз ага жол беришибиз керек.

## Ыйыктыктын дагы бир аныктамасы

Эми биз ыйыктык Ага таандык болгондон да көбүрөөк экендигин түшүнгөндөн кийин, ал адеп-ахлак жагынан Кудайга жаккандай жүрүм-турумду билдирет. Биз анын кезектеги аныктамасына өтө алабыз. Гректин hagios сөзү “таза, күнөөсүз, адилеттүү жүрүм-турум” дегенди да билдирет. Бул сөздүн мааниси кээ бир адамдарды чоочутат Мен өзүмдүн бала чагымдагы бир окуяны айтып берүү аркылуу муну түшүндүрө алам.

Мен үй-бүлөдөгү алты баланын ичинен жалгыз уул элем, ошондуктан короодогу бардык иштер: машинаны жуугандык, чөптөрдү тегиздөө, жалбырактарды чогултуу, карды күрөө ж.б.у.с. баары менин милдетиме кирчү. Биз досторубуз менен спортту абдан сүйгөндүктөн, оюнга убакыт артышы үчүн үйдөгү иштерибизди бат-баттан бүтүрүп койгубуз келчү.

Жаз келип, узакка созулган кыштан кийин дагы чөптөр өсүп калыптыр. Мектептен кийин адатта балдар менен топ ойночубуз. Мен газонду карасам, чөптөр өсүп калган экен. Мага эртеси эле баарынан мурда газонду тегиздеп, анан гана ойногонго барышым ке-

рек болчу, ал ишти атам жумуштан кайтып келгенче бүтүп коюшум керек эле.

Мектептен кийин мен үйгө шашып барып, кийимимди которуп, анан өмүрүмдө биринчи жолу чөп тегиздегичти алып чыктым. Шашылышым керек болчу, анткени досторум мына жакында ойногонго чыгышмак. Мен от алдыруучу педальды бир нече жолу бассам да, эмнегедир ал от албай коду.

Эки жолу карбюраторго май берүүнү күчөтүү үчүн кнопканы бастым. Педалды басып жаттым, бирок, натыйжа жок.

Мен: "карбюратор суу болуп калса керек, ал кургаш керек" деп ойлодум.

Бир аз убакытка чейин күтүп туруп, майын карап, анан баары ордунда жана иштегенге даярбы деп, бардык жандыргычтарын текшерип чыктым. Баары эле ордунда сыяктуу көрүнгөн, болгону бир аз мүнөт күтө туруш керек болчу. Мен ошондой кылдым, анан дагы жүргүзүүгө аракеттендим, бирок баягыдай эле болуп, чөп тегиздегич от албай койду.

Бул жолу мен абдан тынчсыздана баштадым, анткени от ала турган жерин да булганбады бекен деп текшерип чыккан элем. Ал жер да эң сонун болуп турган. "Эмне болуп атат?" деп ойлодум. Мүнөт сайын ачуум көбөйүп жатты. Эгерде чөп тегиздегич от албай калса, анда мен атамды капа кылам жана досторум менен да ойнобой калам.

"Эмне кылуу керек, - деп ойлондум. – Эгерде косилканы оңдотуучу жайга алып барсам, анда ал оңдоп бүткөнчө караңгы кирип калат да, мен ойной албай калам. Бизде эки орок боло турган, бирок алар менен орсом анда караңгыга чейин ором, андан да газон өйдө –ылдый болуп, бир кызыктай көрүнүп калышы мүмкүн. Бул дагы жакшы жол эмес.

Мен бул темирдин кесиндисине каардандым. Ал мени бугүнкү күндүн кубанычынан кур калтырып жатат деп ойлодум. Косилка сынып калыптыр, мен аны билдим. Айласыз абалга дуушар болдум. Мен чөптү да тегиздей албай, досторум менен да ойной албай турдум.

Биз менен кошо ойногонго бара турган досум келип калды: “Джон, сен даярсыңбы?” деди ал.

Мен: “Жок. Атам мени чөптү тегиздеп туруп гана ойнойсуң деген болчу. Чөп тегиздегич болсо от албай жатат. Менде аны оңдотууга да, бирөөдөн сурап турууга да, же колум менен оруп-тегиздеп чыгууга да убакыт жок. Ошондуктан, бүгүн ойной албайм” дедим.

Менин досум, мага караганда акылдуураак болчу. Анан ал: “Көрсөтчү” деди. “Албетте карап көр” дедим мен кабагымды бүркөп.

Ал биринчи эле май куюлган бакты ачып карады. Ал ичин карап туруп, күлүп койду да: “Джон, мына сенин көйгөйүң эмнеде жатат? Бензин жок турбайбы” деди.

Мен шашып калдым, ошол эле учурда кубанып да кеттим. “Карасаң. Биринчи кезекте ошону карашым керек болчу да”. Мен ошол замат бакты толтурдум, косилкам дароо иштей баштады. Мен бат-батта чөптү тегиздеп койдум да, оюнга жөнөдүк.

Мунун ыйыктыкка кандай тиешеси бар? Биз “ыйыктык” деген сөздүн аныктамасын – таза, күнөөсүз же адилет дегенди окуганыбызда капа болуп: “Бул мүмкүн эмес” дейбиз. Анткени, биз ошондой жашоого өзүбүздүн күчүбүз менен жетчүдөй болобуз. Бул газонду бир заматта гана тегиздеп коё салып, анан оюнга да жетишсем деген менен барабар. Бирок, бул таптакыр мүмкүн эмес! Силер кичинекей эле жерди бүткүчөңөр караңгы кирип кетет.

Бирок, бизде газон тегиздегич сыяктуу болгон жаңы табиятыбыз бар да. Анын үстүнө бакта бензин болмоюнча, косилкасы жок сыяктуу эле, эч нерсеге жете албайбыз. Аны ордунан жылдыруу үчүн, бензин керек.

Эмки бөлүмдө биздин Кудай алдында таза жүрүшүбүз үчүн жөндөмдүүлүк бере турган жаңы табиятыбыз тууралуу сөз кылабыз.

10

# КҮЙҮҮЧҮ МАЙ

Бир туугандар, силерди Кудайдын Македониядагы
Жыйындарга көрсөткөн ырайымы жөнүндө
кабардар кылабыз.
Баштарына оор сыноолор келгенине карабастан,
алардын кубанычы чоң – мен күбөмүн...
— 2 Корунттуктарга 8:1-3

...Жеткилеңдикке чакыруу – бул мүмкүн болбогон нерсени
ишке ашырууга чакырган буйрук эмес. (Кудай) бизден ушул
келишимге тил алчаак болгон жаңы жаралуу жасайт.
— К. С. Льюис.

Ыйыктыкка умтулуу – бул, акыркы максат эмес, бул Ыйса менен чогуу болуу дегендик. Устат бизге ачык-айкын эле минтип айткан: "Ким Менин осуяттарымды билсе жана аткарса, ал (чынында эле) Мени сүйөт... Аны Мен да сүйөм жана ага Өзүмдү ачып (ачам, көргөзөм) берем (Мен ага Өзүмдү даана көргөзөм жана ал үчүн реалдуу кылам) (Жкн. 14:21, англ. тилинен кеңири которулган). Качан биз Анын Сөзүн сактаганыбызда жана аткарганыбызда, Устатты жакындан тааныйбыз.

Эврейлерге жазылган Каттын автору муну тастыктайт: "Бардык адамдар менен тынчтыкта болууга жана ыйык болууга умтулгула, ыйык болмоюнча, эч ким Теңирди көрбөйт" (Эвр. 12:14). Бардыгы жөнөкөй эле: ыйыктык жок болсо, Ыйсаны көрө албайсың – Анын жанына кире албайсың!

Ыйыктык деген толугу менен Ага тиешелүү болуу дегендик, ал үчүн бөлүнүү дегендик. Андан тышкары бул "таза, күнөөсүз, ади-

лет" болуу дегендик. Эки аныктама тең бири-бири менен тыгыз байланышта. Ага тиешелүү болуу деген. Демек, Ал үчүн жашоо, Ага өз жүрүм-турумуң менен жагуу дегендик. Колостуктарга жазылган Катта биз "Кудайга бардык жактан жагуу менен, Ага татыктуу болуп жашай билүүбүз керек" деп жазылган (1:10). Акыр аягында Ал даңктуу жыйынына кайтып келет. "Тагы, кемчилиги же ушул сыяктуу бир нерсеси жок, ыйык жана кемчиликсиз кылып, Өзүнүн алдына даңктуу кылып коюу үчүн Өзүн берген" (Эф. 5:27).

Бул жерде белгилей кете турган жалгыз гана нерсе, Ал кимдер үчүн келээри. Ойлоп көргүлөчү, Жазуу Анын Колуктусун күчтүү, заманбап, уюшкан, кыйын башкарган лидерлери бар, жакшы байланыштары бар, табынган жана кубанычтуу деп айтып жаткан жок. Бул көрүнүштөрдүн баары жакшы, бирок эң негизгиси Ал Өз Колуктусун – ыйык жана таза көргүсү келет.

Дагы бир кызыктуу далил, Ыйыктык Кудай Өзү тууралуу сүрөттөп айткан жактарынын негизги көрүнүшү. Ышайа пайгамбар менен апостол Жакан өзүлөрүнүн Кудайдын тагын кандайча көргөндүктөрүн сүрөттөшкөн. Алар экөө тең Кудайды канча кылымдардан бери кудуреттүү периштелер курчап жана даңктап турганын байкашкан: "Ыйык, ыйык, ыйык" (Ыш. 6:3 жана Аян 4:8ди карагыла) дешип. Алар "ишенимдүү", "сүйгөн", "кең пейил" же "жоомарт" деп айтып жатышкан жок. Бирок, Ал ушул керемет сапаттардын баарына ээ болгону менен, ыйыктык мунун баарынан жогору турат.

## Эки вариант

Тазалыкка, аруулукка жана адилеттикке курчалуу мурдагы маселени көтөрөт: "Биз кантип ушундай жашайбыз?" Биз аракеттендик, бирок өз күчүбүз менен эч нерсеге жете алган жокпуз. Биз абийирибизди камчылап, Кудайдын мыйзамына тил алчаак болууга аракеттендик (Рим. 2:14, 15ти карагыла).

Бирок, андан кийин ырайым келди. Биз аны жакшы жүрүм-турумубуз менен тапкан жокпуз жана мурдагыдай эле, антүү колубуздан да келбейт. Биз аны жакшы иштерибиз менен да тапкан жокпуз, дагы деле таба албайбыз. Кудайдын белеги бизди толугу

менен кечирет жана биз күнөө кылып жаткан кезде деле ал аракеттене берет. Биз өз күнөөлөрүбүздөн куткарылганбыз!

Биз бул кереметтүү жаңылыкты билгендигибизге карабай, Анын айткандарын аткара албай жатабыз деп кейий беребиз. Эмне үчүн бизде ушундай күрөштөр болот? Биз жогорудан төрөлгөнбүз, жаңы табиятка ээбиз, анан эмнеге кайра-кайра эле кулай беребиз?

Ушул учурда бизде чыгуу жолун көргөзө турган тандоо бар деп ойлойбуз. Ыйыктык биздин Машайактагы позициябызга гана тиешелүү экендигин окуп, бизди айыптоого түшүп кетпеш үчүн, Библиядагы жүрүм-турумубузда да ыйыктыктын болушуна чакырган жерлерин өткөрүп жиберебиз. Биз өзүбүздүн жаңылана албаганыбызды, "биз адамбыз да, ошондуктан, дайыма ката кетиребиз" деген шылтоо менен жабабыз. Биз ырайымдын кыскартылган доктринасына – биздин мурдагы, азыркы жана келечектеги күнөөлөрүбүз кечирилген дегенге жамынып алабыз. Эгерде, биз ушул гана бөлүкчөнү окуп жана ушуга гана ишенип ала турган болсок, анда коопсуздуктун калп сезимине келебиз да, өз абийирибизди басып коёбуз. Бирок, эгерде өз жүрөгүбүздү жакшылап тыңдай турган болсок, анда ал кантип чакырып жатканын уга алабыз: "Кандайдыр бир чоңураак нерсе болушу керек!"

Тилекке каршы, көпчүлүгүбүз ушул тандоого ыктап алабыз да натыйжада, бизди такыбаа жашоого чакырып жаткан Жаңы Осуяттын салмактуу бөлүгүнө маани бербей коёбуз. Мен бул темага Ыйык Жазуудан көп аяттарды жаза алмакмын, бирок бирөөсүнөн баштоого уруксаат бергиле:

> "Балдарым, мен муну силерге күнөө кылбасын деп жазып жатам. Эгерде ким күнөө кылса, Атанын алдында адил Арачыбыз Ыйса Машайак бар. Осуяттарын аткарганыбыздан улам, Аны таанып билгенибизди билебиз. Ким: "Мен Кудайды таанып билдим", – десе, бирок Анын осуяттарын аткарбаса, ал жалганчы, анын ичинде чындык жок. Ал эми ким Анын сөздөрүн аткарып жатса, ал адамда Кудайдын жеткилең сүйүүсү бар. Машайактын ичинде экенибизди ушундан билебиз. "Машайактын ичиндемин" деген адам Машайак кандай жашаса, ошондой жашашы керек" (1 Жкн. 2:1,3-6. орусча жаңы котормо).

Жакан: “Күнөө кылсаңар, ойлонбогула, анткени, акыр –аягы биз баарыбыз эле адамбыз да” деп жазган эмес да. Ал ачык эле “биз күнөө кетирбешибиз керек” деп жазып жатат. Бул биздин максатыбыз болуш керек. Эгерде биз ага туш келбесек, анда Ыйсанын Каны бизди тазалайт. Биздин максатыбыз Ыйса сыяктуу жашоого камтылган. Ыйык Жазууга ылайык, бул аткарса боло турган максат. Ошондуктан, бизди чалындырып жаткан күнөөгө кенебестик кылуу менен, аны “адамдык табият” деп түшүндүрүү менен, биз Ыйсанын Сөзүн ж. б. көптөгөн Библиялык аяттарды кабыл албай жаткан болобуз.

Бизге бир нерсе жетишпей калышы мүмкүнбү? Кудай алдын ала биздин чиеленген абалыбызды көрбөй калышы жана анын чечилиши үчүн Өз планын даярдабай калышы мүмкүнбү? Албетте, Ал баарын алдын ала билген. Бул тууралуу аз айтылат, бирок Жаңы Осуятта Анын планы эң сонун көрүнүп турат. Көпчүлүгүбүз эле биле бербеген ырайымдын бул бөлүгү – биздин жаңы табиятыбызга күч берип турган май (күйүүчү зат сыяктуу). Б.а. ырайым бизге такыбаа жашоо үчүн күч берет.

## Ырайымдын белгисиз чындыгы

2009 – жылы бүткүл Америка боюнча миндеген машайакчылардын арасында сурамжылоо жүргүзүлгөн. Сурамжылоого катышкандар жогорудан төрөлгөн, ар кандай жыйындардан, Библияга ишенген адамдар болгон. Ошол сурамжылоонун ичинде мындай суроолор да бар эле: “Кудайдын ырайымын эки-үч аныктама менен сүрөттөп бергиле”. Жооптордун көпчүлүгү мындай болду: куткарылуу, татыксыз белек жана күнөөлөрдүн кечирилиши.

Америкадагы машайакчылардын өзүлөрүнүн куткарылышы ырайым аркылуу гана болоорун билгендиктери жакшы. Куткарылуу суу чачыратуу, бир жыйынга мүчө болуу, диндин мыйзамдарын аткаруу, жакшы иштердин жаман иштердин болушу ж.б.у.с. аркылуу берилбейт. Америкадагы ишенүүчүлөрдүн көпчүлүгү Кудайдын ырайымынын фундаменталдык чындыгына жакшы орношкон. Анткени, бул жөнүндө насааттарда көп айтылат, бул болсо Кудайды кубандырат деп ойлойм.

Ошого карабастан, бул жердеги кейиштүү нерсе сурамжыланган миңдеген машайакчылардын ичинен 2 гана пайызы, ырайым бул – Кудайдын күчү менен жалгануу деп айтышкан. Бирок, Өз ырайымын Кудай так ушундайча аныктайт жана сүрөттөйт. Ал минтип айтат:

> “Менин сага болгон ырайымым - жетиштүү. Сага керек болгондун бардыгы ошол, анткени Менин күчүм алсыздыкта жеткилең болот” (2 Кор. 12:9, TEV жана NLT, англ. тилинен которулган).

Кудай Өзүнүн ырайымы жөнүндө бизге күч берген сыяктуу айтып жатат. “Алсыздык” деген сөз, “жөндөмсүздүк” дегенди билдирет. Кудай: “Менин ырайымым сени күчкө толтурат, сенин жөндөмдүүлүгүңдөн жогору болуп кеткен кырдаалдарда ал сени чыйралтат”.

Кудайдын ырайымы жөнүндөгү дал эле ушундай аныктаманы элчи Петр берет, ал минтип жазган: “Кудайды жана Теңирибиз Ыйсаны таанып билүү аркылуу Кудай силерге ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин!... Кудайдын кудайлык күчү [ырайымы] бизге жашоо, такыбаа жашоо үчүн зарыл болгон нерселердин баарын берген... (2 Пет. 1:2,3). Бул жерде дагы ырайым тууралуу ал “Кудайдын күчү сыяктуу” айтылып жатат. Петр такыбаалыгыбыз үчүн зарыл болгон ар бир жөндөмдүүлүк жана булак бизге ырайым аркылуу гана берилет” деп айткан.

Бирок, бул тууралуу Америкадагы ишенген машайакчылардын эки гана пайызы билишсе, анда көйгөй бар экен да. Түшүндүргөнгө уруксат эткиле. Биз Кудайдан бир нерсе алуу үчүн, ишенишибиз керек. Мына ошондуктан да, Жаңы Осуяттын тексттери “ишинимдин сөзү” д. а. (Рим. 10:8ди карагыла). Жөнөкөйлөштүрүп айтканда, эгерде биз ишенбесек, анда ала албайбыз.

Бир негизги мисалды келтирип көрөйүн. Ыйса бүткүл дүйнөнүн күнөөсү үчүн өлгөн. Бирок, Ага ишенгенде гана куткарылышат. Ушул жактан чоң бир көйгөй пайда болот: биз билбеген нерсеге ишене албайбыз да. Эгерде 98% машайакчылар Кудайдын ырайымы бизге берилген Кудайдын күчү экендигин билишпесе, демек, 98% ишенгендер өзүлөрүнүн жеке күчү аркылуу ыйык жашоого аракеттенишет экен да. Бирок, ал аракет акыры барып, көңүл калуу жана жеңилүүлөргө алып келет. Алардын жаңы табияты күчкө толтурулган эмес, б.а. алардын багы бензинге толгон эмес!

Келгиле, грек тилине кайрылып көрөлү. Жаңы Келишимде "ырайым" дегендин маанисинде көбүнчө charis деген сөз колдонулат. Бул Стронгдун сөздүгү боюнча (Strong's Exhaustive Concordance) "белек, жакшылык, мээримдүүлүк жана эркиндик" дегенди түшүндүрөт.

Эгерде ушул баштапкы аныктаманы алып туруп жана аны Римдиктерге, Галаттыктарга жана Эфестиктерге жазылган Каттардагы тандалган аяттар менен бириктирип көрсөңөр, ошондо силер Америкалыктардын көпчүлүгү билген ырайымдын аныктамасын көрсөткөн болот элеңер. Анткен менен, Стронгдун сөздүгүндө бул аныктаманын уландысы да бар: "жүрөккө болгон кудайлык таасир жана анын жашоодон чагылып турушу". Биз бул жерден жүрөктө эмне болуп жаткан болсо, ошонун сырттан чагылып турушун көрүп жатабыз, б. а. ырайымдын күчүн".

Элчилердин иштеринде Варнава кантип Антиохиядагы жыйынга келгени жана ал жакта "Кудайдын ырайымын көргөнү" айтылат (Элч. Ишт. 11:23). Ал ырайым тууралуу уккан жок, анын өзүн көрдү. Адамдардын сырткы көрүнүшү эле, чынында алардын жүрөгүндө ырайымдын бар экендигин көргөздү.

Мына эмне үчүн апостол Жакып минтип жазып жатат: "...Мага ишсиз ишенимиңди [ырайымды] көрсөт, мен болсо сага иштерим аркылуу ишенимимди [ырайымды] көрсөтөйүн" (Жкп. 2:18). Мен "ырайым" деген тырмакчага алынган сөздү "ишеним" деген сөздүн жанына койдум, анткени ишеним менен (Кудайдын Сөзүнө ишенүү менен) биз Кудайдын ырайымына жол табабыз: "Ыйсага ишенүү аркылуу бизге бул ырайымга жол ачылды..." (Рим 5:2). "Ишенимсиз (көз жетмейинче) күч жок (ырайым жок). Жакып белгилеп жатат: "Мага күчтүн далилин көрсөт". Бул биз ишеним менен ырайымды алганыбыздын көрсөткүчү.

Ырайым – бул белек. Келгиле, эми өзүбүздүн билим областыбызды кеңейтебиз. Куткарылуу – бул ырайымдын белеги. Кечирим – бул ырайымдын белеги. Айыгуу – бул ырайымдын белеги. Камсыз болуу – бул ырайымдын белеги. Кудайдын табияты – бул дагы ырайымдын белеги. Күч - бул дагы ырайымдын белеги. Мунун бардыгы биздин жашообузга Кудайдын кылган жакшылыгы. Анын ар бирине биз татыктуу эмеспиз.

Күчкө келе турган болсок, ырайым бизге адамдык күчүбүздөн дагы жогору болгон нерселерди кылууга жөндөмдүүлүк берет. Биздин өзүбүздү тозоктон куткаруу жөндөмдүүлүгүбүз болгон эмес. Ырайым муну ишке ашырды.

Биз эркиндикте жашабашыбыз керек, бирок ырайым аны бизге тартуу кылды. Биз өз табиятыбызды өзгөртө алмак эмеспиз, бирок ырайым аны ишке ашырды. Бизде ыйык жашоого өз күчүбүз жетпейт, бирок ырайым аны ишке ашырды. Биз аны суктанарлык деп аташыбыз таң каларлык эмес.

## Ойлонууга мажбурлаган суроо

Жакында эле сыйынуу учурунда Теңир менден сурады: "Уулум, Мен Өзүмдүн Китебимде, Жаңы Келишимде ырайымды кантип түшүндүрөм?" деп.

Ондогон китептердин автору болгон мен үчүн бул суроо чоң мааниге ээ. Силерге түшүндүрүп берүүгө уруксат берсеңер. Өз китептеримде көп адамдар тааныш болбогон жаңы терминди колдонордо мен дайыма эң алгач ага аныктама берем. Андан кийин гана анын башка маанилери тууралуу айтам. Ошондутан, автордун китебинде жаңы термин пайда болсо, анда ал башкы маанини алып жүрөт деп болжойм.

Кудайдын суроосуна: "Мен билбейм" деп жооп бердим.

Мен токтолбостон туруп эле Симфонияны алып, Жаңы Осуяттагы ырайымдын маанисин түшүндүргөн баракты ачып кирдим. Мына, ал жактан мен эмнени таптым: "Андагы толуктуктан барды-гыбыз ырайым үстүнө ырайым кабыл алдык" (Жкн. 1:16).

Көңүл бурсаңар: "ырайым үстүнө ырайым" деп айтылып жатат. Менин Грецияда, Афинада жашаган досум бар. Ал ошол жакта туулган, анын эне тили-грек тили. Андан дагы кызыгы, ал байыркы грек тилин да үйрөнгөн. Менде грек тили боюнча суроолор пайда болгондо, мен эң биринчи ага кайрылам. Ал, апостол бизге Кудай тарабынан "ырайымдын мол төгүлүшү" тууралуу айтып жатат деп түшүндүрдү. Б.а. апостол Жакан ырайымдын ашып-ташкан агымында бизге Ыйса Машайактагы толуктукту бергендигин баса

белгилеген! Силер угуп жатасыңарбы? Ыйса Машайактын Өзүнүн толуктугу! Бул мага айрыкча табиятка, жөндөмдүүлүккө, күчкө байланышкан жакта көп нерсени айтат!

Келгиле, ушул бекемдөөлөрдүн улуулугун мисалдар менен белгилеп көрөлү. Мисалы, мен баскетбол ойноп жаткан жогорку класстын окуучусуна кайрылып жатам дейли. Ал негизги бөлүккө кошулбай, оюн бүтөрүнө 2 гана мүнөт калганча, анын командасы жыйырма упай менен же уттуруп, же ута турган маалга чейин отургучта эле отурган.

Мен аны четке чакырып, анан минттим: “Азыркы илимдин ойлоп чыккандарынын жардамы менен биз сага Леброн Джеймстин толуктугун жайгаштыра алабыз” (ал америкалык мыкты баскетболисттердин бири).

Силер кандайча ойлойсуңар? Ал: Албетте! Келгиле! Мен ал үчүн эмне кылышым керек?” дейт беле?

Биз ошентер менен, эмне болорун айткылачы. Ал бала анда мектеп командасынын эле жылдызы болуп калбастан, ага өлкөнүн чемпионатында да жеңип чыгууга жардам бермек, университеттен толтура стипендия алмак, акыр аягында NBA драфтасында негизги жаңы адам болуп калмак.

Же болбосо, мен бизнеси начар жүрүп жаткан бизнесменге кайрылып, анан минтип айтайын дейли: “Азыркы илимий ыкмалардын жардамы менен биз силерге Дональд Трамптын, Стив Джобстун жана Билл Гейтстин баарын бириктиргендеги толуктугун жайгаштырабыз”. Кандай дейсиңер, ал эмне демек? “Албетте, келгиле ошенткиле!” – деп, бизнесмен катуу кыйкырып жибермек. Ошол адамдардын баарынын жөндөмдүүлүгүн чогултуп алып, ал эмне кылмак? Ал мурда такыр шек да санабаган өз каражаттарын кайда сарптаары тууралуу ойлонмок, анан абдан ийгиликтүү адам болуп калмак.

Ырайым бизге Леброн Джеймстин, Стив Джобстун, Дональд Трамптын, Билл Гейтстин, Альберт Эйнштейндин, Иоганн Себостиан Бахтын, Роджер Федерердин же ар кандай эле тарыхта калган эркек, аялдардын толуктугун берет. Ал бизге Ыйса Машайактын Өзүнүн толуктугун берет! Силер ушул улуулукту түшүнөсүңөрбү?

Балким, силер таң калаттырсыңар, бирок Жаңы Келишимде Кудай ырайымды бекер белек, куткарылуу же күнөөлөрдүн кечирилиши деп айтып жаткан жок! Түшүндүрүп берейин. Мен бул таң калыштуу мээримдүүлүккө кылымдар бою таң калышым мүмкүн, бирок ал тууралуу Жаңы Келишимде кийинчерээк айтылат. Алгач Кудай бизге ырайымды Ыйса Машайактын толуктугуна курчалуу катары ачып берет, б. а. бул жерде Анын күчү жана табиятына ээ болуу жөнүндө сөз болуп жатат! Мына эмне үчүн Жакан ишенимдүү түрдө минтип бекемдеп жатат: "Анткени Ал [Ыйса] кандай болсо, биз да бул дүйнөдө ошондойбуз" (1 Жкн. 4:17, жаңы орусча котормо).

Силер качандыр бир убакта кызматчылардын: "Биз дагы башкалардай эле күнөөкөр адамдарбыз. Болгону кечирилгендербиз", же: "Биз эч нерсеге турбаган курттарбыз да", "Биз күнөөгө байланышкан, күнөөкөр табияты бар адамдарбыз" деп айтканын уктуңар беле? Кантип Библияны окуган адамдар ушундай десин? Ал тургай дүйнө мындан жакшыраак окутат.

Силер качандыр бир убакта арстан тыйын чычкан тууганын уктуңар беле? Силер англиялык таза кандуу жылкы куртту тууганын уктуңар беле? Ал эми, Жазуу бизди Анын сөөгүнөн алынган сөөк, этинен алынган эт деп айтып жатат (Эф. 5:30). Жазылып турат: "Сүйүктүүлөрүм! Биз эми Кудайдын балдарыбыз..." (1 Жкн. 3:2). Биз анан, асманга барганда эмес, азыр Кудайдын уулдары жана кыздарыбыз. Кантип анан Кудай татыксыз курттарды төрөсүн? Биз Кудайдан төрөлгөндөрбүз, биздин ичибизде Кудайдын үрөнү, Анын Кудайлык табияты. Ал кандай болсо, биз дагы бул дүйнөдө ошондойбуз! Эмки жашообузда эмес, азыр ушул жерде!

Кайрадан Петрдин суроосуна карап көрөлү:

> "...Кудай силерге ырайымын төгүп, тынчтыгын бере берсин! Бизди чакырып алган даңктуу, жеткилең Кудайдын кудайлык күчү [ырайымы] бизге жашоо, такыбаа жашоо үчүн зарыл болгон нерселердин баарын берген..." (2 Пет. 1:2,3).

Ал эми ырайымдын күчүнө келе турган болсок, анда ырайым белеги – бул куткарылуу убагында эле ишке аша турган бир жолку аракет эмес. Бул бизге дайыма керек боло тура нерсе, зарыл нерсе, бизге ырай-

ымдын көбөйүшү керек. Ошондуктан жазылып турат: “Ошол себептен жардам керек болгон убакта Анын мээримин көрүп, Андан ырайым табыш үчүн, ырайым тактысына кайраттуулук менен жакындайлы” (Эв. 4:16). Мына, биздин бактар үчүн зарыл болгон күйүүчү май!

Эми Жакып ишенгендерди алардын өзүмчүлдүгү, бузуктук жашоо образы тууралуу ашкерелегенден кийин, аларга эмне деп жаткандыгын угуп көрөлү:

> “Бузуктук кылуучулар, бул дүйнө менен болгон достук Кудайга каршы кастык экенин билбейсиңерби? Бул дүйнө менен дос болууну каалаган адам Кудайдын душманы болуп калат. Бирок Ал көп биздин ушул жаман каалоолорго каршы турушубуз үчүн ырайым кылат, ошондуктан Кудайдын алдында баш ийгиле” (Жкп. 4:4,6, NLT, анг. тилинен которулган).

Бул сөздөрдү кунт коюу менен окуп чыгалы: “Бирок Ал биздин ушул жаман каалоолорго каршы турушубуз үчүн көп ырайым кылат”. Библиянын кеңири түрдөгү котормосу минтип айтып жатат: “Ал бизге уламдан улам көбүрөөк ырайым берип жатат” (англ. тилинен которулду). Ушул биз иштеп таппаган күч бизди бизде мурда болуп көрбөгөн жөндөмдүүлүктөргө толтурат, ыйык жашоодо жашоо жөндөмдүүлүгүн берет.

Бул ырайым Анын Сөзүнө ишенип, баш ийгендерге жайылтылып, Анын Кудайлык табиятынын күчүн, биздин табиятыбызга өткөрөт. Текеберлер өз жөндөмдүүлүктөрүнө таянышат, ал эми момундар Кудайдын күчүнө көз каранды. Дөөттүн улуу агасы Елиав Кудайдын күчүнөн көз каранды болбогон жана дөө Голиавка өз күчүнө таянып жолугууга чыккан текебер адам болгон (1 Жылн. 16,17 бөлүмдөрдү карагыла). Дөөт Кудайдын күчүнө таянып, Голиав менен күрөшүүгө чыккан момун адам болгон. Бул эки кырдаалдагы чыгуулардын натыйжасы кандай болгонун билебиз.

Ыйса Кудайдын ырайымынан көз каранды болууну Өзүнүн мисалы менен көргөзө алган. Гефсиман бакчасында Ал чоң күрөшкө түшкөн. Анын денеси Ата сураган нерседен качып кеткиси келген, бирок Ал шакирттери уктап жатканда Өзүн сыйынууда баш ийдирди. Ал өзүн өзү сүйүүгө каршы болгон улуу салгылашта жеңиш-

ке жетүү үчүн, жардам (күйүүчү зат) сурады. Бул муктаж болгон убакыт эле. Ал Кудай бере турган ырайымды Атадан тайманбастан сурап, ошол салгылашта жеңип чыкты. “Азгырылып кетпеш үчүн, сергек болгула жана сыйынгыла, анткени рух сергек, дене алсыз” (Мат. 26:41) ушинтип эскерткенден кийин да мындай кылуу шакирттеринин колунан келген жок.

Менин таржымалымда болсо – газонду тегиздеп жана топ ойногонго шашкан кезимде, газон тегиздегичти да, бензинди да сатып алган эмесмин жана алууга да татыксыз элем. Тигинисин да, мунусун да мага атам берген. Тегиздегичти биздин жаңы табиятыбыз менен салыштырууга болот эле, аны бир гана жолу алууга болот. Менде тегиздегич болгондуктан, чөптү тегиздей алдым. Бензинди ырайымдын күчү менен салыштырсак болот. Бул бир эле жолу берилип коюлуучу белек эмес. Ал мага чөптөрдү оруу керек болгон учурда дайыма керек.

Биз куткарылган кезде ырайымды бизге Анын табияты берген. Бирок, биз Ыйсадай жашай алышыбыз үчүн, биздин табиятыбызды күчкө толтурууга жөндөмдүү болуш үчүн, бизге ырайым улам көбүрөөк керек болот.

## Кандай кылуу керек жана кандай кылбоо керек

Келгиле, Пабылдын Эфестиктерге жазган Катын дагы бир жолу окуп көрөбүз. Алар биздин талкуубуздан кийин ого бетер мааниге ээ болуп калат.

> “Ошондуктан Теңирдин атынан айтып эскертемин: мындан ары силер бутпарастарга окшоп куру кыял менен жашабагыла. Ыймандынан ажырап калган алар ар кандай ыпылас иштерди тойбостук менен жасап, бузуктукка берилип кетишкен. Чыныгы адилдик жана ыйыктык менен Кудайдын бейнеси боюнча жаратылган жаңы адамды кийүү керек экендигин үйрөнгөнсүңөр.” (Эф. 4:17,19,24, NTL, англ. тилинен которулду).

Күнөөкөрлөр менен ишенгендердин ортосундагы айырма ишеним жаатында гана эмес, жашоо образыбызда да жаңы табият ачык-айкын көрүнүп турушу керек, бирок ал үчүн аны кийүү керек. Б.а. биз өзүбүздү ага баш ийдирүү менен ырайымдын күчүнө ишенишибиз

керек. Келгиле, мисалдарды карап көрөлү. Атам мага чөп оргуч машинени берген менен, ага май – бензин куймайынча, аны жүргүзүп жана колдоно баштамайынча андан эч кандай майнап чыккан жок. Жаңы табиятты кийүү деген ушундай. Аны пайдалануу керек!

Пабыл бул маанини иш жүзүндө түшүндүрүп берүүнү улантып, мындай дейт:

> "Мына ошондуктан жалгандан баш тартып, ар киминер жакыныңарга чындыкты айткыла, себеби биз бири-бирибизге мүчөбүз. Ачуулантганыңарда күнөө кетирбегиле: күн батканча, ачууңарды баскыла, шайтанга орун бербегиле. Ким уурулук кылып жүрсө, мындан ары уурулук кылбасын, тескерисинче, эмгектенип, муктаж болгон адамга бир нерсе бере алгыдай болуш үчүн, өз колу менен пайдалуу нерсе жасасын. Оозуңардан эч кандай жаман сөз чыкпасын, тескерисинче, уккандарга пайдалуу боло турган, ишенимди бекемдей турган жакшы сөздөрдү сүйлөгүлө" (Эф. 4:25-29, орусча жаңы котормо).

Мен кээ бир адамдардын минтип айткандарына күбө болуп калып жүрөм: "Байыркы Осуят жалаң эле үйрөтүүлөргө толгон – андай кылба, мындай кылба деген, ал эми Жаңы Осуятта болсо жалаң эле ырайым". Азыр конференцияларда жана жыйындарда Кудайдын ырайымы бизди парыздардан бошотту деп окутушат, анан көптөгөн адамдар буга бекем ишенип алышкан. Бирок, Ыйса Анын парыздарын угуп жана аткаргандар гана Аны көрө алышат деген. Бул окутуучулар аудиторияга эркиндик бердик деп ойлошот, бирок чындыгында алар адамдарды Кудайга келгенден алыстатып баратышат. Бул жүрөктү жаралайт.

Ыйса бизге парыздарды берип жатат, аны талаша албайбыз. Ал бизге: "Баргыла да, бардык элдерди Мага шакирт кылгыла... Силерге буйругандарымдын бардыгын аткарууну аларга үйрөткүлө..." (Мат. 28:19,20) деп айткан. Ал: "Мунун баарын Мен силерге сунуш кылам" деген эмес.

Азыркы учурда көптөгөн адамдарга анын көз каранды эместик тууралуу айткандары жагат, бирок ал адамдар Анын такыбаа жашоону буйруп айткан сөздөрүнө жеңилдик менен карашат. Кудай чынында эле эркиндиктин Кудайы. Бирок, биз адам ээ болгон тан-

доо эркиндигин түшүнө билбесек, анда биз Анын такыбаа жашоо жөнүндөгү буйругун сунуш катары гана кабыл алып баштайбыз.

## Парыздар

Апостолдор бизге Ыйсанын буйруктарын беришти. Жакандын сөзүн эстейли: "Осуяттарын аткарганыбыздан улам, Аны таанып билгенибизди билебиз" (1 Жкн. 2:3). Ал андан ары минтип айтат: "Кудайды сүйүү деген – Анын осуяттарын аткаруу. Анын осуяттарын аткаруу кыйын эмес" (1 Жкн. 5:3).

Пабыл минтип жазат: Силерге Теңирибиз Ыйсанын атынан кандай осуяттарды бергенибизди билесиңер" (1 Тес. 4:2). Андан кийин ал мындай дейт: "Кудайдын каалоосу – силердин ыйыкталышыңар" (1 Тес. 4:3, орусча жаңы котормо). Биз ыйык жашашыбыз үчүн, Ыйсанын парыздарын аткаруубуз керек.

Петр бизге абдан ачык парызды берип жатат – ыйык жашоо деген. Ал акыркы күндөрү адамдар ишенимден таяры тууралуу кайгылуу чындыкты көрсөтөт. Ал, алардын "өздөрүнө берилген ыйык осуяттан баш тартышары" тууралуу айткан (2 Пет. 2:21, NLT, англ. тилинен которулган). Жаңы Осуятта парыздар эле эмес, "ыйыктыкта жаша" деген так эле буйрук айтылып жатат.

Эгерде биз апостол Пабылдын Эфестиктерге жазылган Катындагы сөздөрдү карап көрө турган болсок (4:25-29), андан ыйык жашоо жөнүндөгү түз эле айтылган буйруктарды көрөбүз.

Калп айтпагыла.

Каардануудa күнөө кылбагыла.

Уурдабагыла.

Жаман жана кордогон сөздөрдү айтпагыла.

Жаңы Осуятта тыюу салуулар жок деп айтууга болобу анан?

Жогоруда келтирилген көрсөтмөлөр анык эле тыюу салуу болуп эле көрүнүп турбайбы. Силер минтип эсептебейсиңерби?

Бала чагымда мага атам минтип айткан: "Уулум, эки жагыңды тең карамайынча жолго топту кууп чуркап чыкпагын". Бул менин атамдын тыюу салуусу эле, бирок ал мени урушуу же жазалоо үчүн

айтылган эмес. Ал менин машинанын астында калбашым жана узак жашашым үчүн - мени сактоо үчүн ушундай буйрукту берген.

Кудай бизге бир нерсени кылба деп жаткан болсо, биздин узак жана берекелүү жашашыбыз үчүн гана айтат. Бирок, андан башка да буйрукту аткаруу үчүн бизде кудайлык табият жана күйүүчү май – ырайым бар.

## Калп айтууну токтоткула

Келгиле, жогоруда саналып айтылган тыюулардын ар бирин карап көрөбүз.

Өз кызматымда мен машайакчылардын арасында калптын калтырган кайгылуу жана ачуу издерин көп эле көрүп жүрөм. Жакында эле мен он беш бизнесменди инктердин издери боюча Мачу Пикчуга 4 күндүк жүрүшкө алып барып келдим. Биз анча-мынча эмгектенүүдө, кызматта тамшанаарлык ырахаттарга бөлөнүп, убакытты эң сонун өткөрдүк.

Алардын ар бири менен өзүнчө бир нече сааттарды өткөрүү менен алардын иш тажрыйбасынын тарыхынан машайакчы-бизнесмендер менен болгон кайталанып жаткан таржымалдар тууралуу уктум. Эптеп эле келишим түзүү үчүн же өз товарын сатуу үчүн калп айткандар болот экен. Куру убадалар менен аткарылбаган милдеттенмелер ишенген бир туугандардын ортосундагы адатка айланып бараткан иштей болуп көрүндү. Мага машайакчылар төмөнкү сапаттагы каражаттарды колдонушаарын, мыйзамды бузушаарын, милдеттенмелерди аткарышпастыгын, сапатка туура келбеген кызматтарды сунушташаарын, кепилдик берчү убакытка маани беришпестигин айтып беришти.

Ошол эркектердин бирөөсү мага курулуш иштери менен алектенген бир досунун таржымалы тууралуу айтып берди. Алар экөө тең бир шааарчада үйлөрдү курушкан. Ал “бурадар” башка кишинин жер тилкесинен чуңкур казып алып, ал жакка курулуштан чыккан акыр-чикирлерди төгө баштаган. Андан кийин ал, издерди байкатпай шыпырып салган, анткени ал курулуш калдыктарынын

утилизациясы үчүн төлөөнү каалаган эмес. Бул жүрүштө мен мындан башка да көп таржымалдарды уктум, бирок ушул таржымал өзгөчө эсимде калыптыр. Анткени, ал бурадар райондогу бир даңктоо тобунун кызматчысы экен.

Базар экономикасы жаатында эле эмес, өкмөттө да, билим берүүдө да, медицинада да, кызматта да, ал тургай үй-бүлөдө, достор арасында да калп айтышат. Биз өзүбүздү каалаган орунга жеткирүү үчүн же бир нерсебизди каалагандай аяктоо үчүн, жүзүмдү көөлөп албайын, кадыр-баркымды түшүрүп албайын деп коркуп-үркүп жашайбыз. Калп адамды тартып кетет: ал Кудайга ишенип бере турган нерсени алуу процессин тездетип жибериши мүмкүн.

Биз дагы көбүнчө адамдарга "сыйынабыз" дейбиз да, бирок аны көбүнчө эле аткарбайбыз. Биз балдарыбызга да бир нерселерди убада кылып, бирок аткарбай коёбуз. Биз сөз берип койгондон кийин деле, баш тартып, анан жолугушууну башка күнгө жылдырабыз. Биз кээде өзүбүздүкүндө бекем туруу үчүн апыртабыз. Мунун бардыгы башка адамдарга зыянын тийгизүүчү калп болуп саналат.

Эң бир маанилүү учурду көрсөтүүгө уруксат эткиле: Ыйсанын парыздарын аткаруу – Анын болушунун убадаланышы. Забурду ырдоочу бул чындыкты мындай суроо менен бекемдеген: "Теңирим! Ким Сенин үйүңдө боло алат?.." (Заб. 14:1). Анан ал жооп берет: "Кудайдан баш тартканды жек көргөн, ал эми Кудайдан корккондорду сыйлаган, зыян тартып каларына карабай, берген антынан танбаган" (Заб. 14:4 жаңы орусча котормо). Ал эми, англис тилиндеги The Message котормосунда: "Өзүңө зыян келтирсе да, айткан убадаңды аткар" деп жазылып турат.

Эгерде калп айтпоо жөнүндөгү Пабылдын Эфестиктерге айткан сөзү бизге жетишсиз болсо, келгиле анда Жакыптын: "...мактанбагыла жана чындыкты бурмалабагыла" (Жкп. 3:14тү NLT, англ. тилинен которулган) деген сөзүн карайлы. Ушуга эле окшош парызды Пабыл колостуктарга да айткан: "Бири-бириңерге жалган айтпагыла," (3:9). Элестетип көрсөңөр! Бизге ырайым жөнүндөгү улуу ачылышты берүүдө Кудай колдонгон Пабыл, бизге бирдеменидир кылбоо тууралуу парыз да берип жатат.

Эгерде Жаңы Осуятта Пабыл жана башка пайгамбарлар айткан кээ бир сөздөрдү бөлүп алып карай турган болсок, анда биз аларды ырайымга каршы болуп атышат деп айыпташыбыз да мүмкүн эле. Бирок, чынында андай эмес.

Эгерде сөздүн баары бизди жаап турган ырайым тууралуу гана айтыла бере турган болсо, анда анан ишегендерге ал кандай күчкө ээ экендиги тууралуу эч нерсе айтылбаса, анда биз өз кызыкчылыгы үчүн ар кандай жүрүм-турумду актап коё ала турган жыйынга келип калган болобуз дегеним туура эле болот. Эгерде биз ырайым ансыз деле берилет деген бир беткей эле насааттарды айта берсек, ырайымды ала алабызбы? Жазуу бизди өз абийириңерге көңүлкоштук менен эле мамиле кыла бергиле деген жок да?

## Каардануу силерди көзөмөлдөп алышына жол бербегиле

Тизме боюнча кийинки пункт: каарданып атып күнөө кетирип албагыла. Мен каардуу күйөө же аял менен жашоого аргасыз болгон эркек же аялдарды жакшы эле элестетип турам. Өзүлөрүн ишенүүчүмүн деп атаган адамдар каарданганда үйдө кандай тири укмуш нерселер болору тууралуу көп уккам.

Ал эми ата-энелеринин сабаганынан, орой мамиле кылгандыктарынан улам азап чеккен балдарчы? Буюм-тайымдардын талкаланышы, денедеги жарааттын тактары каардануунун натыйжасы болот. Курмандыктар мындай адамдын кезектеги каарынан коркуп жашашат. Каар тынчтыктын аралы болучу үйдөгү атмосфераны бузуп салат. Жекшемби күнү жыйында үй-бүлө баары жайында дегендей түр көгөзүшкөнү менен, мунун баары калп. Тилекке каршы, биз бул парызга анча көңүл бурбайбыз же такыр эле четке кагабыз.

Бул каар тууралуу айтылган бир гана жер эмес. Жаңы Осуятта башка эскерүүлөр да бар. Пабыл дагы да тагыраак, түз жазган мында: “Кыжырдан, ачуудан, каардан, кыйкырыктан, заар тилден жана бардык жаман нерселерден арылгыла” (Эф. 4: 31, жаңы орусча котормо). Жакып бизге минтип айткан: “Силерден эч ким...

ачууга алдырбасын. Анткени ачууланган адам Кудайга жаккан ишти жасабайт" (Жкп. 1:19,20, NLT, англ. тилинен которулган). Колостуктарга жазылган Катта Пабыл кайрадан минтип жазат: "Азыр болсо силер мунун баарын: ачууну, каарды, жамандыкты, заар тилди, адепсиз сөздөрдү таштагыла" (3:8, жаңы орусча котормо).

Келгиле, кайрадан суроо берип көрөлү: чын эле Кудайдын ырайымы жөнүндө аян алган адамдар ушул тыюу салынган иштерди кылып жатышабы?

## Уурдабагыла

Уурдаганды токтоткула. Көбүнчө биз бирөөлөрдөн акча алабыз да, аны кайра бербейбиз. Көбүнчө биз чектен аша карыз болуп калабыз. Биз Кудайдын батасы бир күн бизге келерин билебиз, бирок акылмандуулукту четке кагып, кайрадан эле карызга чырмалып алабыз. Акыр аягында өзүбүздү жолу болбогон адам деп баалап алабыз да, анан карызга алган нерсебизди кайруунун зарылдыгы жоктой сезебиз.

Көбүнчө компаниянын каражаттарын жеке кызыкчылыктарыбызга пайдаланабыз. Бул бөтөн каражатты ээлеп алуу деп аталат. Биз ишенимдүү түрдө: "Мен Кудайдын ырайымы менен куткарылган машайакчымын" деп айтабыз, бирок Ыйсанын апостолдору аркылуу бизге берген парыздарын аткарбайбыз.

Мен бир пастор менен иштечүмүн. Ал дайыма Кудайдын кызматына келчү, кереметтердин болгонун көрчү, анан орозо мезгилинде ага сыйынуу кандай гана жеңил экенин айтып мактанчу. Бирок, ал ошол мезгилдердин баарында жыйындан өзүнө миң доллар алчу экен. Акыр аягында ал колго түштү. Бул машайакчылар кантип уурдагандыгы жана өзүлөрүнүн ушундай иштерин кантип актагандыгы тууралуу бир гана мисал.

Кимдер белгилүү кирешени жашырып, салык төлөөдөн качып жүрүшөт? Мындай учурда биз Пабылдын дагы бир насаатын кенебей жаткан болобуз: "Өз салыгыңарды төлөгүлө" деген (Рим. 13:6, NLT, англ. тилинен которулган). Биз өз уурулугубузду жетекчилердин жаман иштерине байланыштырабыз. Бирок, жамандык жакшылыкка алып келбестигин качан түшүнөбүз?

## Жаман, кордогон сөздөрдү сүйлөбөгүлө

Библиянын кеңири котормосу мындай парызды сунуш кылат: "Оозуңардан эч кандай жаман сөз (эч качан) чыкпасын, тескерисинче, уккандарга пайдалуу боло турган, ишенимди бекемдей турган жакшы сөздөрдү сүйлөгүлө" (Эф. 4:9, англ. тилинен которулган). Мен башка машайакчылардын кордоп айткан, тилип кеткендей тийген сөздөрүнөн терең жараат алган көптөгөн адамдарга кызмат кылгам. Алардын жан дүйнөсү жараланып калган, эми алардын айыгуусу үчүн убакыт талап кылынат.

Мен көбүнчө ишенгендердин арасында да бекер эле, маанисиз сөздөрдүн сүйлөнүп жатканын, ал тургай кызматчылардын офисиндеги маанисиз таржымалдар менен тамашалардын айтылып жатканына күбө болуп калам. Кээ бирөөлөрү кафедрадан туруп сүйлөп калышат.

Мен жакында эле эң сонун жыйында кызмат кылышкан жаш түгөйлөр менен бир столдо отуруп калдым. Алар өзүлөрү ошондой болуу максатта үлгү туткулары келген бир эл аралык кызмат аларды абдан шыктандырат экен. Бир жолу алар ошол уюмдун жетекчилеринин бири менен чогуу түштөнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп калышыптыр. Түштөнүү мезгилинде ал кызматчы ушунчалык маданиятсыз сөздөрдү бир нече жолу колдонуптур, бир ай өтсө да бул түгөйлөр анын жүрүм-турумун эстегенде дал болуп калышууда.

## Биз ырайымдын баркын билбейбиз

Эмне болду? Биз өзүбүздүн такыбаа жүрүм-турумубузду да унуткандай укмуш болуп кеттикпи? Заманбап көрүнүш үчүн өз күбөлүктөрүбүздү курмандыкка чалып койдукпу? Биз заманбап, прогрессивдүү, ой жүгүртүүдө акылдуу-сергек болуу керек дегенди 100% колдойм, бирок алар Кудайдын Сөзүнө компромисске баруунун эсебинен болбош керек.

Биз өзүбүзгө мындай суроо берип көрүшүбүз керек: апостолдор бизди такыбаа жүрүм-турумга багыттаган насааттын зарылдыгын түшүнүшкөн, эмне үчүн биз алар жөнүндө айтпайбыз? Кантип эле биз апостолдордон акылдуубуз? Кантип эле биз Ыйсадан акылдуубуз?

Душман бизди да Обону азгыргандай кылып азгырып алган болушу мүмкүнбү? Ал бирок, бизде бир топ башкачараак аракеттенген. Обо жакшылык менен жамандыкты билдирген түшүмдөн жебеш керек деген парызды жакшы билген. Душманга Кудайдын Сөзүнө түздөн түз каршы чыгууга өзүн тобокелге салып жатып барууга туура келген. Ал өзүнө тобокелдүү тапшырманы алган.

Биз болсо ага жолду жеңилдетип бердик. Биз өзүбүздүн жеке кызыкчылыгыбыз үчүн Кудайдын сөздөрүнүн кээ бирлерин ыргытып салдык. Кудай эмне деп парыз кылгандыгын эстегиле: "Анан Кудай-Теңир адамга мындай деп осуят кылды: "Бактагы ар кандай дарактын жемишинен жесең болот, бирок жакшылык менен жамандыкты таанытып билдире турган дарактын жемишинен жебе..." (Башт. 2:16, 17). Бүгүнкү күндө кээ бир адамдар такыр эле тескерисинче айтышат: "Бактагы ар кандай дарактын жемишинен жесең болот". Чекит. Тарых аягына чыкты. Алар "жебе" деген бөлүкчөнү алып таштащат, "антпе" деген сөз такыбаа эмес жүрүм-турум тууралуу айтылып жатат.

Биз Кудайдын ырайымын баалабайбыз. Ырайым бизди куткарат, кечирет, ал Анын бизге болгон сүйүүсүнүн белеги деп туура айтабыз. Анткен менен, биз: "ал биздин табиятыбыздын өзүн өзгөртөт, бизге мурдагыдай эмес, жаңыча жашаганга күч берет" деп айтпайбыз. Биз адамдарга эми аларда кудайсыз жүрүм-турумду таштоого күчү бар экендиктери тууралуу айтууга батынбайбыз. Ушинтип унчукпай коюу менен, ишенгендер такыбаалыкты четке кагышып жана Кудайдын өзүлөрү менен бирге болушун жоготушат.

## Биздин кылгандарыбыз маанилүү

Жакында мен адаттагыдай эле Библия окуп жаткам. План боюнча мен бир нече забурларды окуп, анан Эврейлерге жазылган Каттан үзүндү окушум керек эле. Забурду окуп бүтүп жана Эврейлерге өтөйүн деп жаткам, анан капысынан эле Ыйык Рух мага: "Эврейлерге жазылганды окуба. Аянды оку" дегенин сездим.

Мындан бир нече жума мурда дагы мен Ыйык Рухтун жетекчилиги астында Аян китебин окуп жаткан болчумун. Мен алгачкы эки

бөлүмдү окудум, бирок тилекке каршы, андан ары окууга болгон кызыкчылык жоголуп кеткенин мойнума алышым керек. Кийинки күнү Библияны окуу боюнча мен өзүмдүн мурдакы планыма кайттым. Эми эки жума өткөндөн кийин мен токтоп калган жериме – үчүнчү бөлүмгө кайрадан келдим. Анда Ыйса Сардистеги жыйынга кайрылат:

> “Мен сенин иштериңди билем. Сен тирүү болуп аталып жүргөнүң менен өлүксүң” (Аян 3:1, жаңы орусча котормо).

Биринчиден, Ыйса айтып жаткан нерселерге көңүл буралы: “Мен сенин иштериңди билем” же “Мен сенин ниетиңди билем). Башка котормодо болсо, бул минтип айтылат: “Мен сенин эмне кылып жаткандыктарыңдын баарын билем”. Бул жерде Ал жыйындын адилеттик позициясы тууралуу айтып жатпагандыгы түшүнүктүү, бирок Ал анын тышкы ыйыктыгы тууралуу – иштери, ал-акыбалы жана чечимдери ж.б. тууралуу айтып жатат.

Ал бул жыйын тууралуу тирүү жыйын катары кадыр-баркка ээ болгон жыйын катары айтып жатат. Эмне үчүн мындай пикир чыгып жатат? Балким, жыйындагы өсүү жана атактуулук, же балким, эң сонун Кудайга кызмат кылуу жана керемет атмосферадыр? Эсиңерде болсун, биз өзүбүз байкабай туруп эле атмосфераны Кудайдын катышуусу катары кабыл алып алышыбыз мүмкүн. Кандайдыр бир атактуу аткаруучунун концертине келгенде, силер көптөгөн адамдарды, абдан жогорку маанайды жана керемет кечеден көп нерсени күтүүнү көрө аласыңар, бирок ушул шоунун баары Кудайдын жүрөгүнө ылайык келеби?

Жыйындын тирүү же өлүк экендигин аныктоо үчүн төмөнкү маанилүү суроону берүү керек: биз Ыйсанын сөзүнө тил алчаакпызбы же Анын Осуяттарынан алыс болгон ынтымактуу коомчулукту түзүп жатабызбы? Андан тышкары биз дагы бир суроону беришибиз керек: Биздин жүрөгүбүздүн абалын көрсөткөн жана жүрүм-турумубузду өзгөртүүгө алып келген чындыктарды жарыялайбызбы же эмоцияга таасир эткен жана акыл-эсти активдештирген сөздөрдү айтып жатабызбы?

Бул түз кайрылуудан кийин Ыйса минтип айтып жатат:

> “Сергек бол, өлүм алдында турган нерселериңди бекемде, анткени Мен сенин иштериңди Кудайымдын алдында жеткилең деп таппадым” (Аян 3: 2, жаңы орусча котормо).

Ыйса кайрадан эле алардын ишенимине эмес, иштерине карап жатат. Жогоруда айтылгандай, Жаңы Осуяттагы бул “ооба” же “жок” деген сөздөр, бул осуяттар биздин кылган ишибизди көргөзөт. Ыйсанын сөзү боюнча бул жыйын ыйык жашоого умтулган жери жок. Андан ары Ыйса дагы улантат:

> “Эмнени кабыл алганыңды, эмнени укканыңды эстеп, ошону сакта, тобо кыл. Эгерде сен сергек болбосоң, анда Мен сага ууру сыяктуу келем, Менин кайсы саатта келеримди билбей каласың” (Аян 3:3 NLT, англ. тилинен которулган).

Ыйса Сардис шаарына эмес, жыйынга кайрылып жаткандыгы эсиңерде болсун. Бирок, эгерде Анын сөзү ошол тарыхый жыйынга тиешелүү болгон болсо, анда ал Библияга кирмек эмес. Эгерде биздин Жазууда алар болуп жаткан болсо, демек алар бүгүнкү күндө пайгамбарчылык мааниге ээ. Алар мурда биринчи жолу кандай айтылган болсо, азыр дагы ишенгендерге ошондой эле тиешеси бар. Бул кайрылуу сөздөрү биз үчүн, аткени Кудайдын Сөзү тирүү. Ошондуктан, мен ушул контексттеги Ыйсанын кайрылуусун келтирип жатам.

Андан ары минтип улантат:

> “Бирок сенин Сардесте бир нече кишиң бар, алар кийимдерин кирдетишкен жок. Алар ак кийимдерин кийип, Мени менен жүрүшөт, анткени алар ошого татыктуу” (Аян 3:4).

“Кийимиңерди булгабагыла” деген сөзгө көңүл бургула. Пабылдын Кудайдын катышуусуна кантип кирүү керектиги тууралуу айткан сөздөрүнө көңүл бургула: “Сүйүктүү бир туугандарым, Кудай бизге ушундай убадаларды бергендиктен, денебизди жана рухубузду булгаган ар кандай ыпыластыктан арылалы, Кудайдан коркуу менен, ыйыктыкка умтулалы” (2 Кор. 7:1). Ыйса жыйындын курсун ыйык жашо-

ого кайрылгыла деген чакырык менен оңдоп жатат. Дененин кийимин да булгабаш керек, рухту да такыбаа жашабагандык менен булгабоо керек. Бул бизди Аны менен болууга даяр абалда кантип кармап турса, Анын экинчи жолу келишине да ошондой эле даярдыкта кармап турат, анткени кийинчерээк Ал минтип айтат: "...Сергек жүргөн жана жылаңач калып уят болбош үчүн, өзүнүн кийимдерин сактап жүргөн адам бактылуу" (Аян 16:15). Аягында Ыйса минтип айтат:

> "Жеңген адам ак кийим киет. Мен анын ысымын өмүр китебинен өчүрбөйм, анын ысымын Атамдын алдында жана Анын периштелеринин алдында ачык тааныйм. Кимдин кулагы бар болсо, ал Рухтун Жыйындарга эмне деп айтып жатканын уксун" (Аян 3:5,6).

Сенин атың өмүр китебинен өчүп кеткен дегенди угуу-бул өтө олуттуу нерсе. Анын үстүнө бул сөздөр түз эле Куткаруучунун оозунан чыгып жатат. Кудайдын Руху Кудайдын Сөзү аркылуу эмне деп айтып жатканына көңүл буруу, бул өтө маанилүү. Бул нерсеге маани бербей койбош керек, анткени бул бизди мурда үйрөтүп койгон нерсеге, биз ишенип келген нерсеге дал келбей калышы мүмкүн.

Кудай бизди адилеттүү кылып койду, бирок биз Машайактагы бул позицияны ээлөө үчүн эч нерсе кыла алмак эмеспиз. Анткен менен, ыйык жүрүм-турум жана талапка ылайык келген жашоо образы, Анын көз алдында өтө маанилүү.

Пабыл минтип жазган: "Анткени Кудайдын бардык адамдарды куткара турган ырайымы айкын болду. Бул ырайым бизди кудайсыздык менен бул дүйнөнүн кумарларын четке кагууга, азыркы мезгилде адеп-ахлактуулук менен, адилеттүү жана такыбаа жашоого үйрөтүп жатат" (Тит. 2:11,12, жаңы орусча котормо). Бул ачык-айкын көрсөтмө. Эмне үчүн бул чындыкты сахнадан айтпайбыз?

Келгиле, биз иштерибиз менен Кудайдын кечиримине, куткаруусуна, жакшылыгына ээ боло албастыгыбыз тууралуу окутууну токтопойлу. Келгиле, ушул Жакшы Кабар тууралуу кыйкыралы. Анын ыйрайымын баалабай коюуну токтотолу. Келгиле, чындыкты бүтүн бойдон айталы.

11

# ЖАКШЫБЫ ЖЕ ПАЙДАЛУУБУ?

“Мага баарын кылууга болот” деп айтасыңар,
Бирок баары эле пайдалуу эмес..
— 1 Корунттуктарга 10:23, жаңы орусча котормо.

Бүт бойдон жарык болуу – бул асманга баруунун зарыл
жолу гана эмес, бирок ал жер үстүндө да машайакчылык
жашоого жетүүнүн жогорку натыйжасы.
— Дуган Кларк

Көбүнчө насаат кылган жана “берген” кызматчылар, өзгөчө Кудайдын башка аял, эркектеринин насааттарын сергилентишет. Жакында эле мен ушундай бир мүмкүнчүлүктөн ырахаттандым. Насаат айтып жаткан пастор биздин өлкөдө жакшы белгилүү болгон кызматчы эле. Ал чоң бир жыйынды башкарат жана жергиликтүү коомдун өнүгүшү тууралуу абдан күчтүү окутат. Анын айткандары кызык, шыктандырган жана ойгото турган сөздөр эле. Аудиториядагы миңдеген адамдар анын ар бир сөзүн кунт коюу менен угуп, кабыл алышчу.

Кандайдыр бир мезгилде ал жакшы, акылдуу жана жоош-момун сыяктуу сөздөрдү айтты, бирок алардын баары эле туура эмес болчу. Ал мындай деди: “Азыр мен айта турган нерсе, бир аз туура эместей сезилиши мүмкүн. Адатта мен ушинтип айпайм, анткени мен адамдарды өз насаатымда ашкерелебейм. Ашкерелөөнүн баарын мен Ыйык Рухка калтырам”.

Мен рухумда тынчтанганга аракеттендим, бирок колдон келбей койду. Мында сөздөрдү мен башка кызматчылардан да уккам. Логика туурадай эле сезилет бирок, бир нерсе мени тынчсыздан-

дырып жатты. Андан кийин мен апостол Пабылдын жаш окуучусу Тиметейге айткан сөздөрүн ойлодум. Кызматтан кийин мен бул аятты алып, кайрадан окуп чыктым.

> "Кудайдын сөзүн айт, аны ыңгайы келсе да, ыңгайы келбесе да айтууга даяр бол, ашкереле, тыюу сал, акыл-насаат айт..." (2 Тим. 4:2)

Биринчиден, бул аяттын контекстин тартуу кылганга уруксат эткиле. Пабыл ушул Катты жазып жаткан кезде, Тиметей Эфестеги чоң жыйындын пастору эле. Бул бөлүмдө апастол Пабылдын акыркы Жаңы Осуятта жазылган кайрылуусу бир гана жаш шакиртине эмес, ошондой эле биздин баарыбызга айтылган. Менин оюмча, анын бул айткандары акыркы сөздөрү экендигин ал өзү сезгендей, ошондуктан теманы да, сөздөрдү да абдан дыкаттык менен тандаган болушу керек.

Мен Пабыл өзүнүн ашкерелеген, ал айткан жана тыюу салган сөздөрүндө эмнени айткысы келгендигин тереңирээк билгим келди. Ошондуктан, мен жеке изилдөөмдү баштадым. Алгач жакшы түшүнүп алуум үчүн Библиянын кеңири котормосун ачтым. Бирок, андан ушул аятты окуурдан мурда, мен андан мурдакы аяттарга көңүл бурдум:

> "Ошондуктан Кудайдын алдында жана Өзүнүн падышачылык бийлиги менен кайтып келип, тирүүлөрдү да, өлгөндөрдү да соттой турган Ыйса Машайактын алдында мен сага БУЙРУК КЫЛАМЫН" (2 Тим. 4:1).

Ошентип, бул буйрук кыламын деген сөз бүт баш тамгалар менен жазылып турат, мен аны атайын ушинтип жаздым. Баш тамгалар бул жерде бекер жеринен, жазылган жок. Мен өзүмдүн досум Рик Реннерге, канча жылдан берки грек тили боюнча адиске кайрылып көрдүм: бул эмнени түшүндүрөт деп суранып көрдүм. Ал минтип жооп берди:

> "БУЙРУК КЫЛАМЫН" деген сөз грек тилиндеги diamarturomai деген сөз. Бул сөз адам коомдук бир жумушка туруп жатканда айтылган убада болгон. Аны ошол чинге кабыл алып аткан адам бардык кудайларды күбө катары чакырган (болуп аткан нерсенин чоң мааниге ээ экендигин көрсөтүп) жана ал өтө жооптуу ишти кылып жаткандыгын айтып, бардык кудайлар аны карап, көзөмөлдөп тургандыгын эскерткен. Тиметейге жазылган Каттын контекстинде Пабыл буларды айткан: "Мен сага айткыны

> жаткан сөздөрдү кабыл алып жатканыңа, Кудайды күбөгө чакырам...". Бул өтө эбегейсиз салтанаттуу сөз болгон, ал сөз Тиметейди угуп жаткан сөзүн абдан олуттуулук менен кабыл алууну эскерткен, анткени Кудай Өзү карап жана угуп турат, ошондуктан да бул аяттын калган бөлүктөрү сот жөнүндө айтат... Пабыл анын айтканы жаткан сөздөрүнүн канчалык олуттуу экендигин Тиметей түшүнүшүн каалаган. Гректин "ант берем" деген сөзү угуп жаткандарга да салмактуу жоопкерчиликти жүктөгөн.

Пабыл жаш пастор Тиметейге карата (бизге да) абдан олуттуу болгон, аны менен ал анын айтып жаткан парыздарын башкы мааниге ээ катары кабыл алуусу үчүн аракттенген. Рик айткандай, Пабыл өзүнүн суранычында Кудай жана Ыйса Машайак кошо катышып жаткандай элестеткен. Б. а. эгерде ушул мандатты аткарбай коё турган болсо, анда башка кызматчылар сыяктуу эле, Кудай Тиметейди да соттойт. Ал мандат мындайча айтылат:

> "Кудайдын сөзүн айт! Аны ыңгайы келсе да, ыңгайы келбесе да айтууга даяр бол (жанында бол, даярдыкта бол), ашкереле, тыюу сал, акыл-насаат айт, чыдамдуулук менен үйрөт. (Ыңгайлуу кезде да, ыңгайсыз кезде да, күтүп жатышканда да, күтпөгөн кезде да айт, сен Сөздү насааттоочу адам катары алар туура эмес жашап жатышканын айт)" (2 Тим. 4:2, англ. тилиндеги кеңири котормо).

Жакшы Кабардын кызматчылары адамдарга "алар кайсы жерде туура эмес жашап жатышкандыгын көргөзүшү керек" жана андан оолактабаш керек.

Мен дароо пастордун бул сөздөрүн эстедим: "Алар мага ишенимсиз көрүнүшкөнү таң калыштуу эмес". Жакшы болуп көрүнгөн бардык нерсе эле, чындык эмес эле.

Ал билип туруппу же билбей туруппу Кудайды эмес жакшы нерсени тандаган. Ал жоопкерчиликти Ыйык Рухка жүктөп койгон болчу, бирок Пабыл бардык жоопкерчилик бизде экендигин түшүнүктүү эле айтып жатат.

Жакында эле бир абдан белгилүү пастор аялы менен бирге эл аралык жаңылыктар программасына интервью беришти. Корреспондент комдогу сексуалдык башаламандык тууралуу суроону козгогондо: "Адамдарга кантип жашоону айтуу биздин ишибиз эмес" деп жооп беришти.

Мен билем, бул жубайлар адамдарды сүйүшөт. Алар күнөөкөрлөр Жакшы Кабарды угуу менен, Ыйсага келишин көргүсү келет. Аларда ушунчалык улуу аян бар – эгерде бардык кызматчылар өзүлөрүнүн чакырыгына ушундай жигердүүлүк менен карашса эң жакшы болмок. Анын үстүнө биз Кудайдын “адамдар кайсы жерден туура эмес жашап жаткандыктарын көргөзгүлө” деген сөзүн өзгөртө алабызбы жана аны өзүбүздүн “адамдарга кантип жашоону айтпашыбыз керек” деген жакшы философиябыз менен алмаштыра алабызбы?

Апостолдор ушундай кылышты беле? Бир жолу Пабыл куткарылбаган падышага өз стратегиясын көргөзгөн:

> “Ошон үчүн, Агрипа падыша, мен асмандан болгон ошол көрүнүшкө каршы чыккан жокмун. Тескерисинче, адегенде Дамасктын жана Иерусалимдин тургундарына, андан кийин бүтүндөй Жүйүт аймагына жана бутпарастарга: “Тобо кылгыла, Кудайга кайрылгыла, тобо кылганыңарга ылайык иштерди кылгыла”, – деп насааттап жүрдүм” (Элч. ишт. 26:19, 20).

Куткарыла элек адамга өзүнүн күнөөлөрү үчүн тобо кылууга чакыруу, кайрылгандан кийин алардын тобо кылууга ылайык келген иштерди кылуусун , мына ушул кантип жашоону ачык көргөзүү болот. Тилекке каршы, Пабылдын евангелиялык философиясы менен тигил жубайлардын интервьюсу толугу менен эки ача болуп жатат. Бирөөсү Кудайдан, бирөөсү – жакшы.

Ал көтөрүп жаткан маселелерде анын тактикасын карап көргүлө:

> “Бир нече күндөн кийин Феликс өзүнүн жүйүт аялы Друзила менен келди да, Пабылды чакыртып алып, Машайак Ыйсага болгон ишеним тууралуу укту. Пабыл адилеттик, өзүн өзү тыюу жана келечектеги сот тууралуу айта баштаганда, Феликсти коркунуч басты. Ошондуктан ал: “Азыр бара бер, убакыт болгондо өзүм чакыртып алам”, – деди” (Элч. ишт. 24:24, 25).

Феликс Пабылга адам жөнөтүп чакырткан, анткени ал аялы экөө тең Пабылдын катындагы түбөлүк өмүргө кызыгышкан. Ал бул куткарыла элек түгөйлөр менен сүйлөшкөндө эки негизги теманы көтөргөн – адептүүлүк эрежелери жана боло турган сот тууралуу. Пабылдын сөздөрү ушунчалык күчтүү болгондуктан, алар өзүн ыңгайсыз сезишкен. Бул азыркы күндөгү биз күнөөкөрлөргө кылып жаткан кызматыбыз менен кантип айкалышат? Кээ бир лидерлердин

негизги максаты эмки жекшембиде Кудайды издегендерди жоготуп койбоо. Балким, адамдарды ар бир кийинки жекшембиде жыйынга келүүгө мажбурлоо керектир, бирок негизги максат мында эмес. Пабыл адамдарда эмки кызматка да келүү каалоосун ойготууга гана эмес, ал баарынан мурда чындыкты айтууга аракеттенген.

Мен жакында эле бир белгилүү жаш пастор насаат айткан жерде болуп келдим. Ал Кудайдын сүйүүсүн айтуу менен, адамдарга жол салып жатты. Аны угуу үчүн анча чоң эмес залда миңдей адам чогулган. Атмосфера абдан кызуу абалда болуп турду, адамдар бул жаш лидердин насаатын тамшануу менен күтүп жатышты. Ал сүйлөөрдөн мурда адамдарга эки жолу: алгач ошол лидердин менеджери, андан кийин өзү бул кечте жалаң гана “Жакшы Кабар” гана айтылаарын жана бир дагы “жаман сөз” айтылбастыгын маалымдашты. “Жакшы Кабар” бардык “жаман нерселердин” карама-каршысы катары көргөзүлдү. Ошентсе да, Жакшы Кабар башында биз үчүн жамандай сезилет, айрыкча, биздин жашообузга оңдоп-түздөөлөрдү киргизип жаткан болсо. Бирок, бул оңдоолор өлүмгө алып бара жаткан жолдон куткарып кала турган болсо, анда буга кантип караш керек?

Сахнадан туруп ал пастор жеңил тамашалар аркылуу аудитория менен байланыш түздү, ал алгачкы жыйырма мүнөттү ээледи. Андан кийин ал Ыйсанын бизге болгон жигердүү сүйүүсү менен бөлүштү. Бул насаат жүрөктөн чыгып жана толук колдоого ээ болду. Андан кийин ал куткарылуу мүмкүнчүлгүн сунуш кылды, бирок ал изденгендерге өз жашоолорунда эмнелерди өзгөртүүгө туура келерин жана дүйнөгө болгон кызыкчылыктарын, Кудайды укпай коюуну ташташ керектигин айткан жок. Ал куткарылуунун эң негизги шарты болгон күнөөлөрүнөн тобо кылуу тууралуу бир да сөз айткан жок (Эвр. 6:1ди карагыла). Ошол кечте көптөгөн адамдар анын чакырыгына жооп беришти.

Бул насаатчынын айткандары Пабылдын Агриппага, Феликске жана Друзилла падышаларга айткандарындай болду беле? Анын айткандары Петрдин куткарылууну каалагандарга кескин түрдө айткан сөздөрү менен дал келдиби: “Ошондуктан күнөөлөрүңөрдүн кечирилиши үчүн, тобо кылгыла, Кудайга кайрылгыла” (Элч ишти. 3:19, NLT, англ. тилинен которулду). Ошол кечтеги изденгендер чынында эле куткарылып кетиштиби?

## Акыркы чектер

Келгиле, кайрадан суроо берип көрөлү. Эмне үчүн биз таптакыр карама-каршы жакка – биз үчүн ушунчалык жек көрүндү болгон легализмге карай оңой эле ооп кеттик, муну менен биз Жакшы Кабардын маңыздуу элементтерин колдон чыгардык.

Бүгүнкү күндөгү көптөгөн лидерлер адамдардын тарбиясында калыптанып калышкан, азыркы кезде ал адамдарды жыйындын каардуу аталары деп аташат. Жыйырманчы кылымда ал аталар конфрантацияга барuudан жана күнөөнү жылаңачтоодон коркушкан эмес, алар бизди ыйык жашоого чакырышкан. Ал мезгилде бүгүнкү күндөгүдөй өтө чоң жыйындар болгон эмес. Жазуудан алынган катуу ашкерелеген сөздөр, олуттуу изденбегендерди жыйындан оолактатып салган.

Кийинчерээк стратегиялык төңкөрүш болуп өткөн. Кээ бир лидерлер эгерде жалаң гана позитивдүү жана шыктандыра турган сөздөрдү айтуу менен жыйындарда көбүрөөк адамдарды чогултса болорлугун чечишти. Биз эптеп эле шыктандыруучу сөздөрдү айтуу үчүн Библиядагы ашкерелеген жана оңолуу керек деген сөздөрдү алып салдык. Биз адамдарга алардын жашоосунда Кудайдын Сөзүнө болгон тил алчаактык жок экендигин айтпай калдык. Биз жыйырма биринчи кылымда ушундай стратегияны тандап алдык. Ошентсе да, Пабыл Тиметейди кантип багыттап жаткандыгын окуп көргүлө:

> “...[Сен Кудайдын Сөзүн насааттоочу катары, адамдарга алар кайсы жерде туура эмес жашап жатышкандыктарын көрсөтүшүң керек] Аларды ашкереле, тыюу сал, акыл-насаат айт, чыдамдуулук менен үйрөт” (2 Тим. 4:2, англ. тилиндеги кеңири котормо).

Демек, бул үзүндүдөгү гректин elegcho, epitimao, parakaleo деген сөздөрү эмнени түшүндүрөт. Стронгдун сөздүгү боюнча elegcho деген сөз “ашкерелөө, кемчилдигин айтуу, күнөөлөө, оңдоп-түздөө” дегенди түшүндүрөт. “Сөздү окуп-үйрөнүүнүн толук сөздүгүндө” (The Complete World Study Dictionary) дагы да тагыраак аныктама берилет: “Жаңы Осуятта адам туура эмес кылып жатканын ашкерелеп жана далилдөө менен аны уяткаргыла” деген. Өтө күчтүү айтылган!

Экинчи epitimao деген сөз “айыптоо, күнөөлөө (түздөн-түз)” дегенди билдирет. Эң так түздүк! Үчүнчү parakaleo деген сөз, “сооротуу, шыктандыруу” дегенди түшүндүрөт. Адамды көтөрмөлөө да зарыл.

Баштапкы эки сөзгө көңүл бурган Пабыл кызматчылардан ашкерелеген, айыптаган, оңдогон, кемчилдиктерин көргөзгөн, адамдын туура эмес жактарын далилдеген, оңдогон насааттарды айтууну талап кылган. Ушул сөздөрдүн аныктамаларынын фонунда алып караганда, азыркы Батыш жыйындарынын парадигмасына күмөн санап калабыз. Азыркы стратегия бул, Кудайдын акылмандуулугубу же жакшылыктын акылмандуулугубу? Жыйырма жылдык кызматымда, конференцияларда жана ар түрдүү жыйындарда болуу менен мен ачык эле айта турган нерсе, биздин жакшылык тарапка ооп кеткендигибизди айтам.

Мен буга байланыштуу толтура таржымалдарды айтып бермекмин, бирок ошолордун бирөөсүн гана айтууга уруксат эткиле. Менден АКШнын Түндүк - Батыш жагындагы бир жыйында насаат айтууну сурашты. Мен ал жыйындын лидеринин иштерине тамшана кызыкчумун. Ошондуктан, мен ал жана анын аялы, о.э. анын лидерлик командасы жана жыйыны менен таанышууну чыдамсыздык менен күтүп жаттым.

Жолугууга бир нече жума убакыт калганда мен пастордон электрондук кат алдым. Ана мындай деп айтылган эле: “Джон, биз сенин келишиңди жана биздин жыйындын жашоосуна карата айтчу сөзүңдү чыдамсыздык менен күтүп жатабыз. Азыр сен сөзгө даярданып жаткан кезиңде, биздин маданият туурауу эки ооз сөздү айтып койгонум сага пайдалуу болот дейм. Биз позитивдүү жыйынбыз, биздин адамдар жаман сөздөрдү угууга көнүшкөн эмес. Ошондуктан, сен сөз айтып жатканыңда, сөздөрүң адамдарды шыктандыруу рухунда болуп, адамдарды позитивге багыттагандай болуш керек”.

Кайрадан эле суроо пайда болот: “Бул акылмандуулук Пабыл Тиметейден талап кылган нерсеге кантип ылайык келет?

Мен түп нускада айтылган “позитивдүү”белгилерди жана азыркы мезгилде “негативдүү” деп аталып калган башка белгилерди салыштыруу үчүн санап өтөйүн:

**Позитивдүү:** 1) parakaleo: сооротуу, шыктандыруу;

**Негативдүү:** 1) elegcho: ашкерелөө, кемчилдиктерин көргөзүү, айыптоо, түздөө; адам туура эмес кылып жатканын далилдөө;

2) Epitimao: талап кылуу, айыптоо (түздөн түз).

Пабыл бизге үч талапты коёт. Алардын экөө “негативдүү” бирөө гана “позитивдүү”. Башкача айтканда, 67 пайызы оңдой турган, 33 гана пайызы шыктандыра турган. Мен биздин кабардын 67 пайызы оңдоочу болсун деп айтып жаткан жерим жок. Ошентсе да, биз балансты бузуп жаткан жокпузбу деген суроону өзүбүзгө берип көрүшүбүз керек. Эгерде биздин жыйындарда 100% көтөрмөлөөчү жана шыктандыруучу кабарларды гана камтыган насааттар айтылса, анда анын жыйынтыгында бизге Кудайдын эркин аткарып жатабыз деп ишенген адамдар келе баштайт, бирок чындыгында Кудайдын катышуусунан жана анын мүнөзүнөн алыс тургандар болот.

## Талаптын маңызы

Эврейлерге жазылган Каттын автору муну билдирет:

> “Убагында ар бир жаза кубанычтай эмес, кайгыдай туюлат. Бирок ал аркылуу тарбиялангандан кийин, ал адилеттиктин тынчтык берүүчү жемишин берет” (Эв. 12:11, жаңы орус котормосу).

Бул жерде биз эки маанилүү аспекти көрүп турабыз. Биринчиден, жаза жараат алып келет! Шыктандыруу жараат алып келбейт, жемелөө, оңдоо жана айыптоо жараат алып келет. Экинчиден, Эврейлерге жазылган Каттын автору жазгандай, жаза – бул, ыйык жашоо үчүн машыгуу.

Биз өзүбүзгө Кудай бизди кантип машыктырып жатат деген суроону беришибиз керек. Пабылдын Тиметейге жазган сөздөрүн окуп көрөлү:

> “Ыйык Жазуунун бардыгы Кудайдын Рухунун жетеги менен жазылган жана үйрөтүү үчүн, ашкерелөө үчүн, оңдоо үчүн, (жана) адилеттүүлүктө машыгуу үчүн (ыйык жашоодо, ойдо, максатта жана жүрүм-турумда Кудайдын эркине ылайык келүүдө) болууга тарбиялоо үчүн пайдалуу. Кудайдын адамы жеткилең жана тажрыйбалуу, ошондой эле ар кандай жакшы иште (сага) тирүүлөрдү жана өлгөндөрдү соттоо үчүн келе турган Кудайдын жана Ыйса Машайактын көзүнчө БУЙРУК БЕРЕМ, Анын келишин жана Анын Падышачылыгын айт, аны ыңгайы келсе да, ыңгайы келбесе да айтууга даяр бол, ашкереле, тыюу сал, акыл-насаат айт, чыдамдуулук менен үйрөт” (2 Тим. 3:16-4:2, англ тилиндеги кеңири котормо).

Жемелөө, күнөө үчүн ашкерелөө, каталарды оңдоо жана тил алчаактыктагы тартип деген сөздөрдү байкадыңарбы? Жазуу бизди ыйык жашоого машыктырып жатканына жана Пабыл Сөздү (Жазууну) насааттоону Тиметейге айткандай эле, бизге да айтып жатканына көңүл бурдуңарбы? Бардыгын бириктирүү аркылуу, биз анын талабынын маңызын алабыз:

*Тиметей жана Жакшы Кабардын ар кандай кызматчысы, бул факт: Кудайдын тартиби катуу тийиши мүмкүн, бирок ал бизди ыйык жашоого машыктырат. Кудай бул тартипти (машыктырууну) Анын жетеги менен жазылган Жазуу аркылуу өткөрөт. Ошондой эле, ал Жазуу Ал тууралуу айтканга чакырылгандарды куралдандырат. Ошондуктан, Ыйык Жазууну – Сөздү насаатта. Анткени, биз Кудайдын элчилери катары алардын жашоосу туура эмес экендигин айтышыбыз керек. Буга күнөөнү ашкерелөө, сүйүү рухунда жемелөө, насааттоо, оңдоо, тил алчаактык тартипте жана шыктандырууда Жазууну туура пайдалануу менен жете алабыз. Бул угуучуларды ыйык жашоого тарбиялоочу Кудайдын машыктыруу процесси.*

Бул жыйырма биринчи кылымдагы жыйындардын маданиятына ылайык келбеген, көптөрүн таң калтырышы мүмкүн болгон процесс. Бирок, биз кандай жыйынга ээ болгубуз келет: адашканбы же күчтүүбү? Биз кандай адамдарды өстүрүшүбүз керек, алданганбы же сергекпи? Бул насыяттар бизге өзүбүз байкабай туруп, Кудайдын жүрөгүнөн алыстап кетпешибиз үчүн берилген. Эгерде биз ишенимдүү түрдө Ыйса менен болгубуз келсе, анда Жазууга тамырлашыбыз керек. Азыркы маданиятты Жаңы Осуяттын насыяттары менен жалгаштырганга болбойт. Келгиле, өзгөртүү киргизебиз да, сергек жыйындын пайда болушунун күбөлөрү болуп калабыз.

## Каалагандайбы же пайдалуубу?

Пабыл Ыйык Рухтун аянынын жардамы менен, кызматчылар жана жыйынга келип жүргөн адамдар бул насыяттарды унутушарын жана кулоо болоорун айткан:

> “Анткени адамдар туура окутууну кабыл албай, кошомат кылып сүйлөй турган окутуучуларды өз каалоолору боюнча тандап кала турган убак келет” (2 Тим. 4:3, англ тилинен кеңири котормо).

Мына ушундай мезгилге кош келгиле! Келгиле, мындай суроого жооп берип көрөлү: биз көбүрөөк эмнени каалайбыз – шыктандыруучу, кубанычтуу, позитивдүү, жеңил кабардыбы же эскертүүлөрдү, жемелөөлөрдү, ондоолорду жана катачылыктар менен ашкерелерге түздөн түз берилген көрсөтмөлөрдүбү?

Ар бир адам эле, анын ичинде мен дагы жеңил жана жагымдуу нерсенин айтылышын каалайбыз. Мен позитивдүү адаммын, ошондуктан оптимисттик кабарлар тарапка оогум келет. Ар бир эле катардагы адам мени менен макул болсо керек.

Эгерде катарлаш турган эки жыйын болсо, бирөөнөн силер өз күнөөңөр үчүн дайыма жемелөөнү, ал эми экинчисинен жалаң гана кубанычтуу, шыктандырган сөздөрдү угаарыңар тууралуу таптак билип турсаңар, анда экинчисине барышыңар мүмкүн болчу да. Пабыл алдын ала дал ошону айткан – адамдар Кудайды эмес, жакшы жерди тандап калышат. Ошентсе да, эмне пайдалуу деген суроону коюу керек, эмнени каалап жатабыз дегенди эмес.

Келгиле чынчыл болобуз. Көптөгөн адамдар бул эки башка түрдөгү кабар тууралуу өзгөчө маанилүү тандоо тууралуу уккусу келбейт. Бирок, “рак” деген диаогноз коюлган Стив деген кишин элестетип көрөлү. Шишик өнүгүүнүн алгачкы этабында жана аны хирургиялык жол менен алып салса, анда бул коркунчту бат эле токтотуп койсо болот. Доктор минтип айтат: “Биз жөнөкөй эле операциянын жолу менен шишикти алып сала алабыз”.

Стив дагы бир доктордун оюн уккусу келет. Башка доктур студент кезинде эле билген медициналык анализдерге жана инструкцияларга маани бурбайт. Ага жөн гана доктур болуп, адамдарга жардам берүү жагат. Ал Стивди тынчсызданбашын, баары жакшы болоорун өтүнүп, алдыда эң сонун жашоо күтүп турганын айтат. Бул врач пациентин жигердүүлүк менен ишендирип: “Стив, сиздин ден соолууңуз эң жакшы” деп айтат.

Стив жеңилденүү менен экинчи врачтын кабинетин калтырат. Ал: “Кандай жакшы доктор. Мен жөнүндө ушундай жакшы айтты.

Мени абдан шыктандырды" деп ойлойт. Аны болгону анын ден соолугу тууралуу биринчи врачтын айткандары бир аз кейитип турду. Ал врачтын айтканы боюнча операция жасатуу керек, ал ыңгайсыздык, оору алып келет, анан да акча коройт. Ал Стивге анын абалынын олуттуулугун жашырган эмес. Ал пациентти шыктандырып гана коюуну каалаган эмес, ал ачыгын айткан.

Экинчи врачтын оюн уккан ал тынчсыздана турган эч нерсе жок деп ойлойт. Ошентип, эки жыл өткөндөн кийин Стив олутту ооруп калды. Ага жарыкчылыкта жашаганга бир нече апта гана убакыт калды. Анткени, кичинекей эле шишик чоң өлчөмгө жетип, өмүргө коркунуч туудуруп калган. Ал жашоо үчүн маанилүү болгон бир нече органдарды жабыркаткан. Эми Стивге эч кандай дарылоо жардам бере албайт эле.

Эки жыл мурда позитивдүү докторду уккан жеңил болчу. Бирок, ал кезде эмне керектүүрөөк эле: чындыкпы же сооротуубу, оңдоочу чара көрүүбү же позитивдүү сүйлөшүүлөрбү? Стивге ден соолугуң жакшы деп коюшту, чынында андай эмес болсо дагы. Эми такыр эле кеч болуп калды. Ал мурда эле чындыкты укканда болмок деп калды.

Балким, биз – Батыштын лидерлери жана жыйынга келип жүргөндөр так ушундай абалда турушубуз мүмкүндүр?

Ысрайылдын тарыхында позитивдүү гана кызматтарга киришкендиги белгилүү. Алар конфрантациядан качып жана оптимисттик гана гана сөздөрдү айтышкан. Кудай бул катка Өз көзүн салган: "Менин элимдин кызынын жараатын "Тынчтык, тынчтык!" – деп, жеңил ойлуулук менен дарылап жатышат, бирок тынчтык жок" (Жер. 8:11 жаңы орусча котормо).

Кызык, алардын айткан сөзү Стивенге экинчи доктурдун айткан сөзүнөн айырмасы жок.

## "Мага анын насааттары жакпайт!"

Чындыкты оңдоо катары кабыл албастык – көйгөй, дүйнө сяктуу эски. Бир тарыхый эпохада Ысрайылдын падышасы бир ишкананы пландаштырыптыр, анан жүздөгөн рухаий кеңешчилерди ал ийгиликтүү болоор бекен деп сураганы чакырган. Бул кеңешчилерге па-

дышага чындыкты айтуунун улуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн, бирок алар биринин артынан бир: “ооба, сен ийгиликке ээ болосуң” деп жатышты. Андан кийин ал ошол ишинен эмне пайда көрөрүн айтышты.

Жүйүттөрдүн падышасы да ошол жерде болчу, бирок анын жүрөгү Кудайга тартылып турган. Анын жүрөгү чындыкка суусап турган, ошондуктан ал чындыкты айырмалай алган. Бардык руханий кеңешчилер бирдей эле айтып жатышкандыктарына карабай, ал Кудайдын үнүн уга албады. Ал анын сезимтал жүрөгү белги берген сөздү издөөнү улантып жатты.

Акырында Жүйүттөрдүн падышасы Ысрайылдын падышасынан сурады: “Бул жерде тактап айта турган башка кеңешчилер жокпу?” Ысрайылдын падышасы минтип жооп берди: “Негизи дагы бир киши бар. Бирок мен аны жек көрөм. Ал эч качан жакшы нерсени айтпат, жалаң эле айыптоону айта берет” (1 Пад. 22:8, The Message, англ. тилинен которулган). Ошого карабастан, өзүнүн башкарып турган өкүмдарын тынчтандыруу үчүн Ысрайыл падышасы бул “негативдүү” пайгамбарды падышалык кеңешке алдырууну талап кылды. Пайгамбарды Михей деп аташчу. Падышанын элчиси Михейди таап, мындай деди: “Мына, пайгамбарлардын баары бир добуштан падышага жакшы кабар айтышты. Сенин сөзүң да алардын сөзү менен бирдей болсун, сен да жакшы кабар айт”, – деди” (1 Пад. 22:13, жаңы орусча котормо).

Бирок Михей минтип айтты: “Теңир тирүү! Теңир мага эмне деп айтса, мен ошону айтам, – деди” (1 Пад. 22:14, жаңы орусча котормо). Ал ачууланып, жаткан падышанын сөзүн оңдоо менен, так ошондой кылды. Бирок, позитивдүү кеңешчилердин баарынын айтканындай болбой, Михейдин айтканы туура болуп чыкты.

Азыркы күндө Михей сыяктуу кеңешчилер жана кызматчылар барбы? Эмне үүн бизди көбүнчө коргоп калууга жөндөмдүү болгон, алардын ашкерелөөсүн жана эскертүүсүн укпайбыз? Эмне үчүн бизди ыйыктыкка чакырган алардын китептери бестселлерлерге айланбайт? Эмне үчүн алар коференцияларда эң бир көрүнүктүү спикерлер эмес? Эмне үчүн аларды интернеттен көп көрүшпөйт?

Кудай апостол Пабыл аркылуу Жыйынга түшүнүктүү көрсөтмө берген, бирок ошого карабастан, биз таптакыр башка нерселерди

окутабыз. Бир жолу түштөнүү учурунда мага бир белгилүү пастор мындай деди: “Джон, эгерде биздин өлкөдөгү ийгиликтүү жыйындарды башкарган көптөгөн пасторлорго карасаң, анда сен алардын үмүт, ырайым жана шыктандыруу тууралуу насаатташканын көрөсүң”. Анын жардамчыларынын бири минтип кошумчалады: “Джон, балким сен, өзүңдүн ырайым тууралуу окутууңа кайрадан баа берип көрөрсүң?” Адамга жаңылануууга күч бере турган ырайымды кабыл алуу ага оор болгон.

Бизге чынында эле үмүт менен шыктандыруу керек, бирок мындан тышкары оңолуу, тартип жана ашкерелөө дагы керек. Пабыл да Тиметейге ошону айткысы келген. Эмне үчүн баары болуш керек же эч нерсе болбош керек? Эмне үчүн маятникти карама-каршы жакка түртүү керек? Келгиле, Пабыл Тиметейге айткандарынын баарын сунуштайбыз.

## Негизги ингредиент

Силерге дагы бир нерсени мисалга келтирип көрөйүн. Митайым жана буйтаңдаган эски машинелердин сатуучусу силерге өзүңөр уккуңар келген сөздү айтат. Ал жылмайып, силер менен тамашалашып, силер ушунчалык керемет жана акылдуу адам экениңерди, өзүңөрдүн ушундай артыкчылыгыңардан улам гана ушунча автомобилдин арасынан эң мыктысын тандагандыгыңарды айтат.

Силер болсо “Мына сага! Ал тургай, аялым да ушунчалык мени мактабайт!” деп ойлойсунар. Аялыңар силерге андай сөздөрдү айтпайт, анткени силерди сүйөт. Ал эми бул сатуучу болсо, силердин акчаңарды алыш үчүн эле калп айтып жатат. Бул жерден биз мындай сөздөрдөн эң негизги индириентти: сүйүүнү көрөбүз. Биздин Машайактын Денесиндеги насааттарыбыз сүйүүгө оролуп жана кам көргөн, жан тарткан жүрөктөн чыгышы керек.

Бир жолу кызматтан кийин мага бир жаш жигит келди. Ал жылмайып туруп, мындай деди: “Мен дагы сиз сыяктуу эле пайгамбарчылык сөздөрдү айтуу жана жыйынга оңдоо киргизүү үчүн чакырылгам”.

Анын сөздөрүнүн айтылышы мени тынчсыздандырды. Мен ал адамдардын жашоосу үчүн чын жүрөктөн кам көрбөй эле, аларды урушууга болгон каалоого жетеленип алгандыгын сезип турдум.

Мен андан сурадым: "Пайгамбарчылыкты кантип айтуунун сырын билгиңер келеби?"

Ал ийгиликтүү кызмат кылуунун жаңы бир сырын айтып берет экен деп күткөндүктөн кубанып кетти. "Адамга ар дайым оңолуу жөнүндө сөз айканыңызда жана оңолууга чакырганыңызда, сиз аны чексиз сүйүшүңүз керек" дедим.

Ал таң калуу менен мага карап, анан бир аз паузадан кийин минтип айтты: "Менин оюмча Кудай менин ичимде бирдеме кылуусу керек". Ал муну моюнга алгандыгы үчүн, мен сыймыктана түштүм.

Кээде мен өзүм да каршылыкты чакырган сөздөрдү айтууга бир топ кыйынчылык менен даярданам. Мен чын жүрөгүм менен адамдарды, жыйынды жана Кудайдын лидерлерин сүйөм. Азыр оңолуунун зарылдыгы тууралуу ачык айтып бул китепти жазып жатканда да, менин жүрөгүм онтоп турат, анткени адамдарды бекемдеп жана шыктандыргым келет. Бирок, башка жагынан алып караганда, чыныгы сүйүү калп айтпайт, ал адилеттүү. Ал укандарга айыгуу алып келиш үчүн, керектүү болгонду гана айтат. Пабыл биз сүйүүдө чындыкты айтышыбыз керек дейт, мындай кылуу менен биз өз угармандарыбызды Машайактагы өсүүгө жана жеткилеңдикке алып келебиз (Эф. 4:15ти карагыла).

Оңолуу жөнүндө сүйлөп жатып, ыйыктык дегенди ачууланган үн менен айткан кызматчылар да бар. Аларда адамдарга болгон камкордук бир аз эле бар же такыр эле жок. Бул өтө кайгылуу жана жогорку бааны талап кылат. Биз баарыбыз бизди угуп турган адамдарга карата болгон сүйүү менен кыймылга келип жана ага байланган болушубуз керек. Биздин негизги ниетибиз сүйүү болуш керек, болбосо унчукпай гана койгонубуз туура. Баарынан дагы биз адамдарга жигерденген жакшылыкты каалашыбыз керек. Адамдарга: "Мен сенден жакшыраак билем", "Мен сага айтпадым беле", "Мен сенден көбүрөөк билем" деп айткан туура эмес. Биз адамдарга эң жакшы нерени каалап, жылуу сөздөрдү тандашыбыз керек. Биз аудиторияда кимдер болгонуна карабай, адамдары баалай билишибиз керек жана аларды өзүбүздөн жогору коюшубуз керек. Кудайдын, Ыйса Машайактын жана Ыйык Рухтун жүрөгү ушундай.

12

# ЫЙЫК ЖАШООНУН КОУЧИНГИ

Сүйгөн адамдын жемеси, душмандын көптөгөн өбүүсүнөн жакшы.
— Накыл. 27: (NLT, англ. тилинен которулган).

Кудайдын сүйүүсүнө жалган көз караш менен караган, ыйыктыкты жок кылган бардык нерсе, Кудайдын Ыйса Машайак аркылуу берген аянына ылайык келбейт.
— Освальд Чемберс

Коучер - өз клиентинин жашоосун жакшыртуу үчүн иштеген адам. Апостол Пабыл бизди кандайдыр бир деңгээлде руханий коучер болгула деп айтып атат. Кудай жазган жол менен жүрүү аркылуу, биз өз жашообузду гана жакшыртпай, биздин кол алдыбыздагы адамдардын да жашоосун жакшырткан болобуз.

Кудайдын жолдорун жакшыртууга мүмкүн эмес. Адам менен Обо кайгылуу жеңилүүгө дуушар болушкан. Алар биринчи болуп ушул аңга дуушар болушкан. Ошондуктан, биз коучерлер катары багыттап гана тим болбостон, эскертебиз жана оңдоп-түздөйбүз. Эгерде биз оңдоп-түздөп турбасак, анда бизге ишенген адамдардын көңүл калуу жана өзүн жоготуу жолунда төмөн карай кулашына жол берген болобуз. Ушул себептен улам, Пабыл Тиметейден сурайт: “Сен Сөздү насааттоочу катары, адамдарга кайсы жерде алар туура эмес жашап жатышкандыгын көрсөт” (2 Тим. 4:2, англ тилинен кеңири котомо).

Эфестеги жыйынга жазган катында Пабыл ырайымдын күчүнүн таасири астындагы адамдын жаңы табияты тууралуу жазган. Ушул эки мүнөздөмөгө ылайык, адам Машайак менен чогуу өзгөрүү жана окшошуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, зыяндуу жолдордон алыс кармана алышат.

Андан кийин ушундай адамдын жашоосун аныктаган парыздардын тизмесин берет. Алар оор эмес жана Байыркы Осуяттан айырмаланып, ишке ашырууга боло турган парыздар. Алар бизден талап кылынган жүрүм-турум жөнүндө айтып жатышат, анткени эми бизде жаңы табиятыбыз бар.

Келгиле, ошол тизмени эсибизге салалы:

> "Араңарда ойноштук, ар кандай ыпыластык жана дүнүйөкорлук жөнүндө сөз да болбошу керек, себеби ыйыктарга мындай кылуу жарабайт. Ошондой эле уятсыз, маңызсыз жана маскаралаган сөздөрдү сүйлөбөгүлө, мындай кылуу жарабайт, анын ордуна ыраазычылык билдиргиле. Шарап ичип мас болбогула..." (Эф. 5:3,4,18, жаңы орусча котормо).

Кайра эле тыюу салынган тизмеге окшоп кетти. Буларды сактаган шартта бизди сактап калчу парыздардын тизмеси эмес экендигин кайталайм. Бул тизме баарынан мурда Ыйсанын биз менен катышуусунда болуп, дүйнө менен болгон бузуктук мамиледен бизди сактоого жөндөмдүү болгон тизме. Мага кайсылар күнөөкөр жүрүм-турум деп аталаарын санап кетүүгө уруксат бергиле.

Биз мурдагы бөлүмдөрдө айтып кеткендей**:**

- Калпты айтпоо.
- Каарданууда күнөө кетирбөө.
- Уурдабоо.
- Ачуу-жаман сөздөрдү айтпоо.
- Сексуалдык жактан бузукулук кылбоо.

Калган парыздар мындай:

- Ыпластыкта болбоо.
- Сараң болбоо.
- Адепсиз сөздөрдү сүйлөбөө.
- Орунсуз тамашаларды айтпоо.

Жаңы Осуят - бул ырайымдын Кабары. Бирок, бул кабар көпчүлүктүн сөзү менен айтканда, эч кандай көрсөтмө бербеген, эч нерсеге тыюу салбаган кабар үчүн бул жогорудагы тизме Жаңы Осуяттагы жыйырма жети китептен да жогору болуп кеткедей! Андан да таң калыштуусу, бул тизмени ырайым тууралуу терең аян-ачылышка ээ болгон апостол Пабыл түзгөн! Биз бул парыздарды четке кагабызбы же олуттуулук менен кабыл алабызбы?

## Сексуалдык жактан ыплас болбоо керек

Биздин тизмедеги биринчи пункт – Сексуалдык жактан ыплас болбоо керек. Кудайдын уулдары, кыздары катары биз ойноштук кылбашыбыз керек, бачабаздыкка, никеге чейин жыныстык байланыштарга барбашыбыз керек.

Өзүлөрүн машайакчыларбыз деп атап, бирок никесиз чогуу жашаган адамдарды көп жолуктурам. Бул жыйында да кадыресе эле көрүнүш болуп бараткандай. Көптөгөн ушундай жуптар жыйынга келип жүрүшөт, анан ыйык ишеним жөнүндө ачык айтышат жана “алардын жашоосунда Кудай эмнелерди кылып жатканы” менен эргип бөлүшүшөт. Ашкерелөө да, жемелөө да, өкүнүү да жоктой. Алар никеге чейинки чогуу жашоо – туура эмес экендигине ишенишпейт. Эмне үчүн? Балким, алар кафедрадан кабарларды, Пабылдын, Петрдин, Жакыптын, Жакандын, Жүйүттүн айткандарын, акылдуу, такыбаа жашоого чакыргандарын угушат. Жекшемби күндөгү алардын пасторлору айткан насааттар аларды шыктандырып, көтөрмөлөйттүр, бирок аларга чындыкты айтышпайт, ашкерелешпейт. Бул адамдар адептүү ыйык жашоого ээ эмес.

Азыркы коомдо никеге чейин эле жыныстык байланышта болуу, бачабаздык туурадай кабыл алынып калды. Тилекке каршы, биз Жакшы Кабар таратуучу машайакчылар, Ыйык Жазуу тууралуу абдан эле үстүртөдөн болгон билимге гана ээбиз. Кудайдын Сөзүн толук окуп, түшүнбөй туруп эле кээ бирөөбүз азыркы маданияттын баалуулуктарын кабыл алдык. Биз коомчулуктун көз карашы менен баратабыз: “Эгерде биз бири-бирибизди сүйсөк, эмне үчүн чогуу жашаганга болбосун?”

Бачабаздыкка кандай карайбыз? Ал дагы бир топ адамдарды кучагына алып бараткандай, анан да кейиштүүсү жыйындын босогосун аттай электерди гана эмес. Жакында эле мага мурда бир машайакчылык уюмдун жетекчиси болгон бир аялды Фейсбуктун беттеринен көрсөтүштү. Эми ал бир аялды сүйүп алыптыр, анан эми экөө никеге турганы атыптыр. Мен алардын помолвкаларын (күйөө-кыздын үйлөнүүгө убадалашкан ырым-жырымы) жана ынактык сүрөттөрүн кайгыруу менен көрдүм.

Өткөн жылы Кудайдан баш тартып кеткендер Аны менен мамилелерин жоготуп коюшканын билишти. Анткен менен, ал аял Кудайдын сүйүүсү тууралуу ушунчалык тамшануу менен кеп кылып, өзүн Ага арнагандыгын айтчу. Ыйса ачык-айкын эле:

"...Жаратуучу эң башында эле адамдарды эркек-аял кылып жаратканын окуган жок белеңер? Кудай эки жыныстагы бул органикалык союзду жараткан соң, адам Анын шедеврин булгабасын" (Мат. 19:4,6, The Message, англ. тилинен которулган) деп жатса, ал кантип анан аял киши менен никеге турат? Ыйса нике эки башка жыныстагы эркек жана аял үчүн деп айтып жатат. Ал аял Анын институтун булгап жаткандыгын кантип билбейт? Ага кафедрадан муну ачык-айкын айтышкан эмес беле?

Коомчулук Кудайдын нике жөнүндөгү түп нускасынан алыстап бараткананын түшүнөм. Анткени куткарыла электер күнөөкөр табиятка ээ эмеспи. Жоголуп бараткан эркектер менен аялдар бул дуйнөдө Кудайсыз жашап жатышат, анан алар чындыгында эмне жакшы же жаман экендиги жөнүндө чектелген билимге ээ. Алардын жүргөн-турганы биздин көңүлүбүздү калтырбаш керек, анткени аларды алардын табияты жетектейт. Ишенүүчүлөрдүн дүйнө жакшы деп эсептеген нерселерди Кудай да каалайт дегендери кейиштүү. Статистикага карай турган болсок, жыйындарда да бачабаздык жашоо образын жана бачабаздардын никесин колдоолор болууда. Жыйындар сөздөрү менен эле эмес, иштери менен да ушундайларды колдогондору кантип жакшы болсун. Бул сөздөрдү кунт коюп, угуп көрсөңөр:

"Эгерде адил адам өзүнүн адилдигинен четтеп, мыйзамсыздык кылса, анда Мен анын алдына тоскоолдук коём, ошондо ал

> өлөт. Сен аны алдын ала эскертпеген болсоң, ал өзүнүн күнөөсү үчүн өлөт, анын адил иштери эске алынбайт. Анын канынын кунун Мен сага төлөтөм" (Ыш. 3:20, англ. тилинен которулган).

Бул жерде ишенген адамдын – адилеттүүнүн этиет болуусу, сергек болуусу тууралуу айтылып жатат. Эгерде биз ишенгендерди абайлатпасак, алардын күнөөлөрүн ачып көрсөтпөсөк, анда өтө олуттуу, өкүнөөрлүк натыйжалар болушу мүмкүн.

Силер: "Бирок Джон, бул Байыркы Осуят эмес да. Кантип Жаңы Осуяттын кызматчысынан кан үчүн жоопкерчилик талап кылынсын?" деп айтышыңар мүмкүн.

Бир жолу лидерлердин конференциясында бир пастор мага басып келип, ушул маселеде мени менен талаша баштады. Ал ачууланып, мындай сөздөрдү айтты: "Кантип сен башка адамдардын канын бизге жүктөйсүң? Бул сага Байыркы Келишим эмес да".

Мен ага минтип жооп бердим: "Элчилердин иштериндеги 20-бөлүмдү ач, анан жыйырма алтынчы жана жыйырма жетинчи аяттарды үнүңдү чыгарып оку". Пастор окуп чыкты: "Мен тазамын, жана эч кимдин каны менен күнөөкөр да эмесмин. Анткени, мен Кудайдын эркин жана планын, бүткүл оюн силерге айтууда эч нерсени жашырган да эмесмин, кыскарткан да эмесмин". Пастор таң калды, ал мага карап мындай деди: "Джон, мен бул жерди мурда окугам. Бирок, эч качан минтип кабыл алган жок элем. Биздин сөзүбүздүн аягында ал мага минтип айтты: "Мен өкүнөм, ушул маселеде сени айыптаганым үчүн". Мен анын чынчылдыгына кубандым.

Бул абзацта мен жыйындын лидерлерине түптүз кайрылгым келип турат. Пабыл бул сөздөрдү Эфестиктерге айткан, бирок биз окутуучулар, насаатчылар болсок, Кудайдын элге айткан сөздөрүнүн баарын жеткирбесек, анда биз да күнөөкөр болобуз. Эгерде биз жалаң эле шыктандыруучу сөздөрдү айта берсек, демек анда, Кудайдын эркинин маанилүү бөлүгүн адамдардан жашырып койгон болобуз. Ошондо биздин адамдар акырындык менен дүйнө жакшы деген нерселерге карай оой берет. Алар адептүү эмес, өз башынча балдар болуп калат. Натыйжада: алардын каны биздин мойнубузда.

Би мисал келтирейин. Интернеттен мен бир мега жыйындын кызматын көрүп калдым. Ал жерде анын пастору баарына өзүнүн бачабаз экендигин жарыялады. Ал жашырынуудан чарчагандыгын айтты, анан да ушундай жашоодо өмүр сүрүп жаткандар ашкерелерден азап чегүүлөрүн каалабастыгын айтты (Ал мунун “айыптоо” деп атады).

Ал Ыйык Жазуудагы бачабаздыкка карата көз караштар камтылган бардык аяттарды санап чыкты дагы, аны менен өз көз карашын актагысы келди. Андан кийин ал адамдардын баарына тайманбастан туруп эле: “Апостол Пабыл биз Машайакта ким экенибизди” жакшы билген, бирок ал адамдык өз ара мамилелерди абдан начар түшүнгөн”, - деп, муну менен ал Пабылдын сексуалдык мамилелер тууралуу айткандарын жымсалдап салды. Андан кийин кайтаруучу Пабыл Римдиктерге жазган Катынын биринчи бөлүгүндө, эгерде биз Кудайга баш ийбесек, бачабаздар болуп калабыз деп божомолдоп, баарын алмаштырып салды деп сөзүн улантты (Рим. 1:21-27ни карагыла). Бул пастордун айтуусу боюнча Пабыл адашып жаткандай. Анткени, (анын сөзүнөн айтайын) “Америкадагы табынуучу кызматчылардын жарымысы – бачабаздар”. (Мен мындай статистика кайдан деп ойлодум) Бул кишинин сөзүн угуп жатып, залда бир нече жолу дүркүрөгөн кол чабуулар болгонун байкадым.

Мен ушул ыпластыкты угуп жатканымда Кудай мага кайрылып, мындай деди: “Римдиктердин 1-бөлүмүн окуп чык).

> “Ошондуктан Кудай алардын ыпылас кумарга батуусуна жол берип койду, анткени алардын аялдары да табигый жыныстык байланышты табигый эмес байланышка алмаштырышты. Ошондой эле эркектер да аялдар менен болгон табигый жыныстык байланышты таштап, бири-бирине кумарын арттырышты. Эркектер бири-бири менен ыпылас ишке барышты. Адашкандыктары үчүн алардын денеси жазаланды. Алар Кудайдын адилет сотун, ушундай кылуучулар өлүмгө татыктуу экенин билип туруп, ушуларды жасашат. Жасап эле тим болбостон, ушундай кылгандарды кубатташат” (Рим. 1:26,27,32).

Кантип бул кызматчы бачабаздык “уят” нерсе деп айтып жаткан Ыйык Жазуунун танат? Бачабаздык жүрүм –турум табийгый эмес экендигин билүү үчүн, руханий билимдин деле кереги жок. Ал тургай, айбанаттарга деле ал ылайык келбейт. Анан эмне үчүн Кудай буга көзүн жаап койду же мындайды колдойт деп ойлойбуз?

Булкайтаруучуну угуп жаткан, өзүнүн дене кумарын жеңе албай, күнөөгө баш ийүүгө даяр жүргөн адамдар эмне болоорун ойлосоңор. Алардын абийири: “Кудайдын балдары ушинтишкени туура эмес” деп айтышат. Бирок, тилекке каршы, бул кайтаруучунун сөзү алардын тандоосуна таасирин тийгизет. Ал өзүнө эле жаза тилеп алып жаткан жок, башкаларды да ага кириптер кылып жатат.

Ал эми, жыйындагы кол чаба кубаттоолорго кандай карайбыз? Библиянын кеңири котормосунда, ким “ушундай кылуучуларды” кол чаба колдосо, алар сотко берилет деп айтып жатат.

Апостол Пабылдын сөзү боюнча биз кандай кылабыз?

> “Же эмне, адилетсиздердин Кудайдын Падышачылыгын мурастабай тургандыгын билбейсиңерби? Алданбагыла! Ойноштук кылуучулар да, бутка табынуучулар да, нике бузуучулар да, аял жандуулар да, бачабаздар да, уурулар да, дүнүйөкорлор да, аракечтер да, ушакчылар да, талап-тоноочулар да Кудайдын Падышачылыгын мурасташпайт” (1 Кор. 6:9,10, NLT, англ. тилинен которулган).

Башка дагы зыяндуу күнөөлөр бар. Бирок, биз сексуалдык жүрүм-турумдагы ыпластыктар тууралуу айтылган сөздөрдү четке какпашыбыз керек. Жакшылап түшүндүрүп айтылбаса, адамдар такыбаа өмүр кечирүү эмне экендигин билбей жашай беришет, анан душманга алданып калышат. Алар дүйнө жакшы деп эсептеген нерсе менен макулдашышат дагы, ал тургай, муну Кудай жактайт деп калышат.

## Ыпластык

Кийинки сөз кыла турган нерсе – ыпластык. Биз порнографиянын бардык формаларынан, ыплас кинолордон, кумарлуу ойлордон алыс болушубуз керек. Ыйса минтип айтат: “Мен болсо силерге

мындай деп айтамын: аял кишиге кумарлануу менен караган адам өз жүрөгүндө ойноштук кылган болот" (Мат. 5:28). Забурчу болсо минтип жазат: "Мен өзүмдүн көз алдыма кереги жок буюмдарды койбойм. Кылмыш ишти жек көрөм, ал мага жабышпайт" (Заб. 100:3).

Порнография кыска мөөтөттүү гана дүүлүгүүнү жана ырахатты сунуш кылат, бирок ал Кудай жана жубайың менен болгон жакындыкты булгап салат. Акыр аягында, ал жубайыңдан жана өзүңдөн канааттанбагандыкка алып келет. Парнографияны учкундан жалын тутантат деп ойлошот. Бирок, чынында ал биликти гана күйгүзөт, ал болсо акыр аягында жарылууга – күнөөлүү сезимге, уятка, өзүнө ишенбестикке, жана дүрбөлөңгө алып келет.

Жакынкы эле учурларда порно сайттар интернеттеги эң бир популярдуу сайттардан болчу, кийинчерээк аларды кысмакка алып коюшту. Болгон сайттардын ар бир онунчусу порнографиялык маанидеги сайттардан эле. Америкалыктардын кырк миллиондон ашыкчараагы бул сайттарга туруктуулук менен киришет, интернет колдонуучулардын 28,258и интернеттен порно көрүшө**.**

Бул эркектерге эле тиешелүү эмес. Ар бир бешинчи аял онлайндан жума сайын порнография көрүшөт, көптөгөн адамдар мастурбациясыз жашай алышпагандыктарын да айтыша Андан тышкары көптөгөн эркектер жана аялдар өзүлөрүн эротикалык журналдар жана китептер менен азыктандырышат, айрыкча аялдар мындай китептерге көп кызыгыша**.**

Жыйындарда эмне болуп атат? "Бүгүнкү күндөгү машайакчылык" деген журнал пасторлордун арасында быйылкы жылдын эсебинен порно сайт көрдүңүзбү деп сурамжылоо жүргүзүшкөн. Алардын 44% "ооба" деп жооп беришкен. Булар биздин жыйындардын лидерлери! Башка статистика боюнча болсо, евангелиялык эркектердин 50% порнографиядан көз каранды деп айтыша. CNN каналынын коомчулуктун пикирин сурамжылоосунун жыйынтыгында машайакчы эркектердин 70% порнографияга болгон тартылуу менен күрөшүүдө жүрүшөт эке**.**

Ошентип, биз өзүбүзгө суроо берип көрсөк болот: бүгүнкү күндөгү эң бийик деңгээлге жеткен ушул эпидемияга биздин кафедра-

дан шыктандыруу менен айткан сөздөрүбүз артыкчылык катары жооп болуп бере алабы?

Мен порнографияга болгон тартылуу менен жыйырма жети жашыма чейин, кызматымдын алгачкы жылдарына чейин күрөшкөм. Мен жакшынакай кызга үйлөнүп алаарым менен, өзүнөн өзү эле күнөө жоголуп кетет деп ойлогом, бирок андай болгон жок, тескерисинче ал күнөө улам тереңдеп баратты. Ал күнөө мени менен Лизанын ортосуна дубал тургузуп койду. Мен андан 1984-жылы гана, ал тууралуу бир, Кудайдын уулуна айтып, анан андан мындай жооп алгандан кийин гана бошогом: "Токтот муну!" Ал мени олтуттуу түрдө жемеледи. Мен андан шыктандыруучу сөздөрдү уккан жокмун! Мен катуу эскертүү жана түптүз багытттоо алдым, ал менин жашоомо Кудайдан болгон эң сонун коркунучту берди.

Бул кызматчынын сөзү мени Кудайды издеп баштоого мажбурлады. Он айдан кийин мен ал көз карандылыктан бошондум жана ушул күнгө чейин андан бошмун. Мен Кудайдын ырайымы абдан күчтүү экенин көрдүм! Ал он бир жашынан порнографияга байланып калган адамды да бошото алат экен. Эмне үчүн кызматчылар Кудайдын ырайымынын толук пайдалуулугу тууралуу ойлонбойт деп кейигенимдин бир себеби да ушунда. Эгерде мен ырайымды бекер белек катары гана, күнөөлөрдөн бошонуу катары гана көрбөй, адамдын табийгый жөндөмдүүлүгүнөн өйдө турган, жашоо үчүн Кудайдын күчү катары көрбөгөн болсом, анда азыркыга чейин эле күнөөгө чырмалган бойдон жүрө бермекмин.

## Сараң болбош керек

Сараңдык деген "көшөкөрдүк жана өзүмчүлдүк менен бир нерсеге ээ болуу, өзгөчө бийликке, байлыкка, тамак-ашка дегендик". Көбүнчө ишенгендер Кудайдын бизге жардам берүүгө, баталоого, ийгилик жана гүлдөп өсүү берүүгө болгон убадаларын сараңдыкка айлантып салат. Алар башкаларга кызмат кылуу жана берүүгө караганда "өзүлөрүнө" көбүрөөк кызыгышат. Сараңдык жана ач көздүк – бул, бутка табынуучулук (Кол. 3:5ти карагыла). Сараңды-

ктын айынан өз каалоолорубузду, кумарларыбызды, табитибизди, даңкыбызды, статусубузду, белгилүүлүгүбүздү акчалай байлыгыбызды Кудай менен адамдардан өйдө коюп коёбуз.

Ишенген адамдардын сараңдыгы тууралуу да көптөгөн таржымалдар бар. Ушунун айынан Билам Кудай менен болгон мамилесин жок кылып алган, Каин, Корей ж.б. көптөгөн адамдар да мурдагы Кудай менен болгон катнаштарын ушинтип жоготушкан. Көпчүлүгү ач көз болуп алышкан, анткени эч ким аларды эскертишкен эмес. Насааттарда жана окутууларда эскертүү деген – демек, жалаң эле шыктандырган жана позитивдүү насааттарды айта бербөө дегендик. Машайактагы жеткилеңдикке жетиш үчүн биз адамдарды окутуп гана койбостон, аларга эскертишибиз дагы керек (Кол. 1:28).

Бала чагымда мени ата-энем эмнеге үйрөтсө, ошол мага абдан жакчу, бирок алардын эскетүүсү анчалык де көрүнчү эмес. Ошого карабастан, мен кийинчерээк билгендей, так ошол алардын эскертүүсү менин жашоомду сактап калды. Эгерде менин атам мага отвертканы алып туруп, аны разеткага сайып жибербеш керектиги тууралуу эскертпеген болсо, анда мен аны сөзсүз ага тыгып жиберип, электрошокту башыман өткөрмөкмүн.

Пабыл өзү сүйгөн жыйындардын бирине мындай деп айткан: “Ошондуктан сергек болгула, көз жашымды төгүп, ар бириңерди үч жыл бою күн-түн дебей, тынымсыз окутканымды эсиңерден чыгарбагыла” (Элч. Ишт. 20:31). Ар күн, ар түн сайын, үч жыл бою! Жаш төгүп! Биз адмдарды эскертип атабызбы? Күн сайын эскертип атабызбы? Же болбосо, биздин шыктандыруучу насааттарыбыз адамдарды ач көздүктөн сактап калат деп ишенип жүрө беребизби? Биз аларга кам көрүп атабызбы? Мен ушунча жылдан бери бир да жолу сараңдыктан сактануу керек деген насаатты уга элекмин!

Пабыл ырайым тууралуу насааттаган, ошого карабастан, ал Эфестеги жыйынга жана бизге: “Сараңдыктан сактангыла” деп айтып жатат. Апостол Жакыптын сөзүн да окуп көрөлү:

> “Ортоңордогу чыр-чатак, талаш-тартыш кайдан чыгат? Дене мүчөлөрүңөрдө согушуп жаткан кумарларыңардан эмеспи? Ка-

> алап жатасыңар, бирок ала албай жатасыңар; киши өлтүрүп, көрө албастык кылып жатасыңар, бирок эч нерсеге жете албай жатасыңар; талашып-тартышып, чатакташып жатасыңар, бирок ала албай жатасыңар, анткени сураган жоксуңар. Сурасаңар да, ала албай жатасыңар, анткени жакшы нерсе үчүн эмес, өзүңөрдүн кумарларыңарды канааттандыруу үчүн сурап жатасыңар. Бузуктук кылуучулар, бул дүйнө менен болгон достук Кудайга каршы кастык экенин билбейсиңерби? Бул дүйнө менен дос болууну каалаган адам Кудайдын душманы болуп калат" (Жкп. 4:1-4, NLT, англ. тилинен которулган).

Койчу эми, Жакып, эмнеге ушундай негативдер! Апостол кырс, орой, саран болгондугу үчүн ушинтип айтты беле? Же ушул катты жазуу менен адамдарды сүйдү беле кантсе да? Ошондуктан да, ал шыктандырып, белгилиүү бир сөздөрдү айтуунун ордуна ачуу чындыкты айтып жаткандыр? Кудай ошол мезгилдин бир шыктандыруучу спикерин эмес, так ошол Жакыпты Жаңы Келишимдин авторлорунун бири болуп калышына жол бербеди беле?

## Адепсиз сөздөрдү сүйлөбөгүлө

Тизме боюнча кийинки сөз кыла турган маселе: жаман сөздөрдү сүйлөбөш керек, орой сөздөрдү, адепсиз анекдотторду айтпаш керек. Ушул сыяктуу видеороликтерди, музыкаларды, жана аудиофайлдарды угуп, көрбөш керек.

Мага кызматчылардын командасындагы жаш адмдарга кызмат кылууну суранып калышты. Анткени алардын жетекчилери туура эмес анекдотторду айтышып, өз сөздөрүндө дүйнөдөн эч нерсе менен айырмаланышпайт экен. Эмне үчүн лидерлер минтишет? Балким биз лидерлерге жана адамдарга: "Мындай жүрүм-турум Падышачылыктын атуулдарына жарашпайт" деп айтышыбыз керектир?

Пабыл колостуктарга минтип жазган: "Сөзүңөр түз менен татытылгандай, дайыма жагымдуу болсун, ар бир адамга жооп бере билгиле" (Кол. 4:6). Биздин сөздөрүбүз ырайымга толуп турушу керек.

## Ичкилик ичип, мас болбогула

Кийинки маселе ичкилик ичип мас болбогула – пиво да, вино да, эч кандай ичкилик ичпегиле. (Ошол эле кезде баңги заттарын колдонуу да, ал тургай курамында ошондой баңги заттар болгон нерселерди колдонуу да жарабайт). Биз кайрадан эле “жок” деген тангыч сөздү көрүп жатабыз.

Ичкилик – азгырган нерсе. (Накыл 23:31-33тү карагыла) Ага оңой эле азгырылып, өлчөмүн унутуп коюуга болот. Ичимдик сергек ой жүгүртүүнү азайтып, ал тургай жок кылып да коё алат. Анын таасири астындагы адам ар кандай тоскоолдуктарды көрбөй калат, албетте жүрөктүн жана мээнин коргоочу функциялары иштебей калат да. Бул - көздү уялткан күн нурунда коргоочу көз айнекти чечип салгандай эле кеп. Биз багытыбызды (ориентацияны) жоготуп коёбуз да, өзүбүздү кыйраткыч ойлордун жетегине таштап беребиз. Чынында, ичимдик биздин мээбиздин коопсуздук системасын өчүрүп салат. Ал тургай, токтотушубуз керек болуп жаткан учур келгенин билсек да, биз башкаларды да ошого түртүп, өзүбүз да кыянаттык менен ичкиликке улам ыктай беребиз. Мен силерге бир таржымалды айтып берейин.

Бир жыйындын башкы пастору өз шаарындагы ресторанда ичип калат. Жакында эле тобо кылган, ошол жыйындын бир мүчөсү ошол ресторандан түштөнүп калат. Бул куткарылганга чейин алькоголго көз карандылык менен күрөшкөн бай бизнесмен болот. Ишенип калгандан кийин ал ичкиликти таштап жана “эми гана калп менен жашаган адамдардан арыла баштаган болчу” (2 Пет. 2:18, азыркы орус котормосу CEV).

Ал өзүнүн пастору ресторанда ичкенин көргөндөн кийин көп өтпөй эле, 3 күн көзү ачылбай арак ичип кеткен. Үч күндүн ичинде ал бир нече алаңгазарлык – алды-артын ойлонбогон чечимдерди кабыл алып, натыйжада, бардык активдерин жоготуп алган. Баарынан да кайгылуусу анын никеси да бузулган. Кийинчерээк андан эмнеге көз ачпай ичкенге түштүң дешкенде, ал мындай деген: “Мен пастордун ичип отурганын көрдүм, анан: “Эгерде ал ичип жатса, демек, мен да ичсем болот да” деп ойлодум”.

Балким, бул адам өзүнүн туура эмес иштери үчүн өзү жооптуудур, бирок ушундай окуя кантип биздин айланадагы адамдарга таасирибиз тийиши тууралуу ойлонтпосун?

Акыркы мезгилде көптөгөн кызматчылар ичкенге жол беришүдө. Жазууда алардын буга укугу бар экендиги тууралуу аят да бар. Тиметейге жазылган биринчи Катта (3:3) Пабыл Тиметейге жыйындын кызматчылары аракеч болбош керектиги тууралуу айтып жатат. Грек тилинде paroinnou деген сөз колдонулат. “Сөздү үйрөнүүнүн толук словарынын” аныктамасы боюнча, бул: “Шарапка абдан тартылуу, ичкич дегенди билдирет. Бул сөздүн ичине жоопкерчилик менен жана чени менен ичүү деген нерсе камтылган жок, ал дайыма колдонуу, кыянаттык максатта колдонуу дегенди түшүндүрөт. Аны элестүү түрдө сүрөттөй турган болсок – бул, дайыма столунун үстүндө бутылка турган адам, демек ал анын көз карандылыгын көрсөтөт”. “Библиянын “Жаңы тирүү котормосунда” жыйындын лидерлери “ичкилик ичпеген” адам болушу керек деп жазылып турат (1 Тим. 3:3, NLT, англ. тилинен которулган).

Башка жеринде болсо Пабыл Тиметейге минтип кеңеш берет: “Мындан ары суу эле иче бербе, ашказаның менен тез-тез кармаган ооруларың үчүн аз-аздан шарап да ичип тур” (1 Тим. 5:23). Тиметей аткарган кызматы боюнча улуу пасторго тең болчу Эфесте. Бүгүнкү күндө көптөгөн кызматчылар минтип ойлошот: “Эгерде назареттиктин убадасына ылайык жыйындын жетекчисине шарап ичүү тыюу салынса, анда Пабыл кайтаруучу Тиметейге ден-соолугунун саламаттыгы үчүн да ичсе болот деп айтмак эмес”.

Шарап жөнүндө сөз болгондо көбүнчө Ыйсанын сууну шарапка айланткан жери эскерилет (Жкн. 2:1-11ди карагыла), “Эгерде ичкенге болбосо, Ыйса сууну шарапка айландырат беле?” деп айтышат.

Эгерде ушул үзүндүлөрдү гана эске ала турган болсок, анда элдин көзүнчө ичип жаткан кайтаруучуну ал үчүн уяткаруунун кереги деле жок да. Анткен менен, биз аракечтик көйгөйү абдан күчөгөн коомдо жашап жатпайбызбы. Америка Кошмо Штаттарында жыл сайы аракечтиктен 88 миң адам өлөт экен. Өлүм алып кел-

ген себептердин тизмесинде аракечтик үчүнчү орунду ээлейт эке. 2007-жылы Washington Post гезити ар бир үчүнчү адам аракечтиктин кулчулугунда же болгон деп жазды. Америкадагы "Ичкиликти ашыкча пайдалануу жана аракечтик" институтунунун билдиргенине караганда, 2012-жылы он сегиз жана андан жогорку жаш курактагы адамдардын 25 пайызы өткөн айда көзү ачылбай ичүүдө болгондугун аныкташт. Дүркүрөтчү сан – бир эле айда, ар бир 4 - адам! Мен көптөгөн статистикалык маалыматтарды бере алмакмын, бирок бул жерде америкалыктардын ичкиликти ашыкча колдонуп жаткандыктары маани бере турган нерсе.

Бул оору бир гана Кошмо Штаттарда кеңири жайылган жери жок. 2012-жылы дүйнө жүзү боюнча өлүмдүн 6 пайызы (3,3миллион) ичимдикти ашыкча колдонуунун айынан болгон. Дүйнө жүзү боюнча ичкиликти ашыкча ичүү - бул эрте өлүмдүн жана ишке жөндөмсүз болуп калуунун бешинчи фактору. Ал эми он беш жаштан кырк тогуз жашка чейинки адамдардын арасында ал биринчи орунду ээлей

Мына ушул глобалдуу кырсыктын (эпидемиянын) болушун көрүп туруп, жоопкер ишенгендер катары Пабылдын буркандарга арналган эттерди жеген жөнүндө айткандарын кененирээк түшүнүүгө аракеттенишибиз керек. Башкача айтканда: "Эгерде мен жеп жаткан тамак бир тууганымдын азгырылышына түрткү болсо, бир тууганым азгырылбашы үчүн, мен этти эч качан оозума албайм" (1 Кор. 8:13). Апостол ачык эле айтып жаткандай, бурканга арналган этти да жесе болот. Бирок, ал айтып жатат: эгерде алсыз бир тууган аны көрүп туруп азгырылса же чалына турган болсо, анда аны да жебей коюуга даяр.

Бир аз гана ичсе боло тургандыгы тууралуу да аргументти келтирсек болот. Бирок, биз ишенгендер, айрыкча жыйындын лидерлери чалынуучу таш болгубуз келеби, адамдар аракечтиктин кулчулугунан араң дегенде бошонуп атышканда, кайрадан алардын күнөөгө кириптер болушун каалайбызбы? Айрыкча бул кыянаттыкка алып келген нерсе өзгөчө күчөп, жайылып, жугуштуу болуп турган коомдо жашап жатып, ушуга барабызбы? Эгерде ресторан-

да ичип жаткан кайтаруучуда ушул акылмандуулук болгондо, анда бизнесмен үч күндүк көз ачпай ичүүгө түшпөс беле?

Биз масчылыктын ар кандай түрлөрүнөн качышыбыз керек. Кудайдын балдарына мындай жүрүм-турум жарашпайт жана бул майда нерсе эмес. Бизге абдан маани бере турган эскертүү берилип жатат: "Же эмне, адилетсиздердин Кудайдын Падышачылыгын мурастабай тургандыгын билбейсиңерби? Алданбагыла! Ойноштук кылуучулар да, бутка табынуучулар да, нике бузуучулар да, аял жандуулар да, бачабаздар да, уурулар да, дүнүйөкорлор да, аракечтер да, ушакчылар да, талап-тоноочулар да Кудайдын Падышачылыгын мурасташпайт" (NLT, англ. тилинен которулган).

Бул жерде дагы бир маанилүү факторду эске алуу керек. Биз руханий чуркоодо баратабыз, анан биздин Тренер бизден буларды таштоону талап кылып жатат: "...ар кандай түйшүктөн жана оңой эле чырмап алчу ар кандай күнөөдөн арылып, алдыбыздагы жарыштын аягына чыдамдуулук менен чыгалы" (Эвр. 12:1, жаңы орусча котормо). Кээ бир күнөөлөр бизди башкаларга салыштырганда оңой эле азгырып кетет – жогорудагы статистикаларда көргөзүлгөндөй, ичкиликке берилүү да ошолордун катарына кирет. Эгерде ал ушунча кайгыны алып келген болсо, эмнеге биз аны ардактамыш боло беришибиз керек?

Аягында өзүбүзгө суроо берип көрөлүчү: эмнеге биз, адамдар Рухка толуунун чыныгы тажрыйбасына ээ болуп туруп, анан тынчтануу жана эс алуу үчүн мындай жасалма каражаттарды колдонушубуз керек? Же биз Рухка иш жүзүндө эмес, болгону сөз жүзүндө гана толобузбу, ошондуктан да башка жактан жардам издейбизби?

## Алданбагыла

Биз Эфестиктерге жазылган Каттын бир гана бөлүмүн карадык. Жаңы Келишимде башка дагы көптөгөн парыздар бар. Дагы да эсиңерде болсун, бул куткарылуу үчүн керек болгон иштердин же аткаруу керек болгон милдеттердин тизмеси эмес, бул – Кудайдын катышуусунда болуп жүргөн адамдын жашоо образы.

Пабыл өзүнүн тыюу салынган иштердин тизмесин кантип бүткөндүгүн угуп көргүлө:

> "Эч ким силерди маңызсыз сөздөр менен алдабасын. Ошондой кылган баш ийбес адамдар Кудайдын каарына калышат. Ошондуктан аларга шерик болбогула. Кудайга эмне жагарын ажырата билгиле. Караңгылыктын жемишсиз иштерине аралашпагыла, тескерисинче, аларды ашкере кылгыла, анткени алардын жашыруун кылып жаткандарын айтканга ооз да барбайт. Анткени ашкереленген нерсенин баары жарык аркылуу ашкереленет, ачыкка чыккан нерсенин баары – жарык. Ошентип, кандай жашап жатканыңарга көңүл коюп карап, акылсыздардай эмес, акылдуулардай жашагыла" (Эф. 5:6,7,10-12,15, NLT, англ. тилинен которулган).

Бул күнөөлөрдөн актангысы келгендер алдай берсин. Аягы эң эле жагымсыз болот. Биз жашообуздун кайсы жактары Кудайга жагаары тууралуу үстүртөдөн эмес, дыкаттык менен карашыбыз керек. Биздин да көпчүлүгүбүз өзүлөрүн оюн аянтында жүргөндөй сезишет, бирок биз согуш талаасындабыз. Биз согуштабыз жана башыбыз канжыгага байланган. Душман чарчап калган жок, ал бизди катардан чыгаруу үчүн аракеттенип жатат. Бирок, биз жарыкта кала бере турган болсок, анда ал жеңилет, анткени Кудайдын ырайымы биздин жашообузда.

Мен силерди чакырып кетким келет: жогорку жашоого умтулгула. Биздин күнөөгө толгон, бузулган дүйнөнүн арасында күнөө кылбай жана такыбаа жашагыла. Силерге зарыл болгон нерселердин баары бар, анткени Кудай Өзүнүн кудайлык табиятын бекер эле тартуулады. Кудайдын улуу ырайымын куру бекерге жок кылбагыла.

13

# БИЗДИН МОТИВАЦИЯБЫЗ

Силер муну билсеңер да, чыныгы чындык менен бекемделсеңер да, бул жөнүндө силердин эсиңерге салып турууну эч качан токтотпойм. Көзүм тирүү турганда, эсиңерге салуу менен силерди ойготуп турууну туура таптым. Анткени жакында көз жумарымды билем, Теңирибиз Ыйса Машайак муну мага Өзү билдирген. Силер муну менин көзүм өтүп кеткенден кийин да, эсиңерден чыгарбашыңар үчүн аракет кыламын.
— 2 Пет. 1:12-15 (NLT англ тилинен которулду)

...Кудай менен болгон достуктан кол үзүп калууну жалгыз гана капаланткан нерсе деп, Кудайдын досу болуп калууну болсо жалгыз гана намыс жана каалоо деп эсептейбиз.
— Григорий Нисский

Ыйык жашоого болгон чакырык бул сунуш же рекомендация эмес. Биз ыйык жашоого кандайдыр бир кол жеткис нерседей умтулбайбыз. Бул биздин аткаруубузду күткөн буйрук.

Бизге Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу берилген парыздар менен маанилүү чындыктын кайталанып жатышы жашоого зарыл болгон нерсе экендигин апостол Петр ачык эле айтып көргөздү. Жогоруда келтирилген 4 аятта үч жолу адамдарга кайра – кайра эстетип туруу керек деп айтылган. Петр кат жазган адамдар анын катында эмне жөнүндө айтыларын адын ала эле билишкен, анын үстүнө Петр асманга кеткенден кийин деле, окурмандар ушул маанилүү чындыкты дайыма кайталап туруштары керек болчу. Бизге

да ушул кабар маанилүүлүгүнө көбүрөөк көңүл коюшубуз керектиги чындык эмеспи?

Өзүнүн алгачкы эки катында Петр мындай деп жазат: “бардык жүрүш-турушуңар ыйык болсун, анткени силерди чакырып алган Кудай ыйык” (1 Пет. 1:15, NLT, агл. котормо). Жазуудагы парыздар көбүнчө эки ыкма менен берилет: аракеттенгиле жана болгула. Эгерде биз алдыдагы аракеттенгиле дегенди аткарсак, анда акылдуубуз. Эгерде биз болгула дегенден башталганды аткарбасак, анда биз анкообуз. Петрдин чакыруусу болгула деген сөздөн башталат.

Апостол биздин жашоо образыбыз тууралуу ачык айткан. Бул бизди кордоп, коркутуп жана басмырлабаш керек. Бизде убада бар: “Кудайды сүйүү деген – Анын осуяттарын аткаруу. Анын осуяттарын аткаруу кыйын эмес” (1 Жкн. 5:3). Бул демек, ага жетсе болот жана ал чындык дегендик.

Петр өзүнүн биринчи катынын калган бөлүгүндө бул теманын өнүгүшүн улантат, андан ары экинчи катында ал иш жүзүндө ыйык жашоодо жашоо эмне экендигин түшүндүрөт. Ал бизге мындай парызды берген: “Сүйүктүү бир туугандар, силер бул дүйнөдө жолоочу жана келгинсиңер, ошондуктан силерден өтүнөрүм, жаныңарга каршы күрөшкөн дене кумарларынан качкыла” (1 Пет. 2:11 NlT, агл тилинен котормо).

Салгылаш талаасы – бул, биздин акыл-эсибиз. Бул биздин дайыма көзөмөлдөп турушубуз керек болгон ойлорубуз, эмоцияларыбыз жана эркибиз. Бардык күнөөлөр ушул жерден башталат. Салгылашуу адатта биз күтпөй турган кезде башталат, эгерде биз ишенбегендер менен же анча бекем ишенбегендер менен убакыт өткөрүп жатканда көбүнчө салгылаш талаасына түшүп калабыз. Петр мунун опурталдуулугун тактап айткан: “Бутпарастардын арасында таза жашагыла. Алар силерди жаман иштерди кылуучулар деп жамандашса да, жакшы иштериңерди көрүп, Кудай өздөрүнө келген күнү Аны даңкташсын” (1 Пет. 2:12 NLT, англ. тилинен которулду).

Ишенгендерди өкмөткө, жумушка, никеге ж.б. өз ара мамилелерге карата ыйык жүрүм-туруму эмне экендигин апостол тактап

көргөзгөн. Ал алардын ар бири жөнүндө тактап айтат, бирок биз күбөлүк кыла турган эң чоң мүмкүнчүлүк такыбаа эмес кошуналардын, кызматчылардын, курсташтардын, өзгөчө биз Машайакка келгенге чейин ким менен тааныш болсок, ошолордун арасында болот. Ал мындай дейт:

> “Бутпарастар менен кошо бузуктук кылбай калганыңарга таң калып, алар силерди жамандап жатышат. Алар өлгөндөрдү жана тирүүлөрдү соттоого даяр турган Сот алдында жооп беришет” (1 Пет. 4:4,5 The Message, англ. тилинен которулган).

Экинчи каттын башында Петр мындай деп багыттайт: “Мына ошондуктан, бир туугандар, чакырылганыңарды жана тандалгандыгыңарды уламдан-улам бекемдөөгө аракеттенгиле. Анткени ушундай кылсаңар, эч качан мүдүрүлбөйсүңөр” (2 Пет. 1:10 NLT, англ. тилинен котормо).

Өзүбүздүн далилдеп көрсөтө турган иштерибиздин арасында: адептүүлүктүн жогорку көрсөткүчү, өзүн көзөмөлдөө, чыдамкайлык, туруктуулук, такыбаалык, кең пейилдик жана сүйүү болушу керек. Бул биз ишеним менен өстүрө турган ыйыктыктын жемиштери. Эгерде биз мунун баарын аткара турган болсок, анда бизге “Теңирибиз жана Куткаруучубуз Ыйса Машайактын түбөлүк падышачылыгынын эшиги кенен ачылат” (11-аят NLT, англ. тилинен которулган).

Андан ары Петр жалган окутуучулар пайда болорун эскертип жана алар “...өздөрүнө эрте өлүм тилеп алышат” (2 Пет. 2:1, орусча жаны котормо). Алар чоң аудиторияларды өзүнө тартат: “Көп адамдар алардын бузуктук жолу менен кетишет, ошолордун айынан чындык жолу жаманатты болот” (2-аят, NLT, англ. тилинен которулду). The Message котормосунда жалган окутуучулар тууралуу минтип айтылган: “Алар өздөрүн куткарган Эгедерден баш тартышып, кыйратуучу жалган окутууларды жайылтышып, өздөрүнө эрте өлүм тилеп алышат. Бирок кулаганга чейин алар жакшыны жамандан айырмалай албаган, жол таппай жүргөн, жолдоочуларды өзүлөрүнө тартышат. Алар чындык жолду туура эмес дешет” (1,2 – аяттар, англ. тилинен которулду).

Бул окутуучулар биздин арабызда: конференцияларда, жыйындарда жана үй группаларында пайда болот. Бизге эскертүү берилген: “Мындайлар силердин сүйүү кечиңерде азгырык болушат. Силер менен тойлоп, өздөрүн коркпостон семиртишет. Алар – шамал айдаган суусуз булуттар. Алар – тамыры менен жулунган, эки жолу өлгөн, жемишсиз күзгү дарактар” (Жүйүт 12, NLT, англ. тилинен которулган; о.э. 2 Пет. 2:13тү карагыла). Өз окутууларында алар чындыкты жетиштүү түрдө көрсөтө алышат. Ошондуктан, эки таасирдин калганын көрө алабыз.

Биринчиден, адамдар жакшыны жамандан айырмалоону токтотушат. Бизди Кудайдын жүрөгүнөн алыстатып кетип жаткан жүрүм-турумдар боло бере турган нерседей, ал тургай кээде жакшы нерседей көрүнөт. Кудайдын Сөзүн так аткаруу жана жарыялоону мыйзамчылдык жана айыптоо деп санашат.

“Машайакчылык” жашоо образын жоготуу менен, жалган окутуулар адамдын айырмалай билүү жөндөмдүүлүгүн өчүрөт. Адамдарды адашууга ээрчитип бараткан кызматчылар өзгөчө ораторлор болушат, алар көптөргө таасир этип жана көптөрдү туткунга алышат. Кудайдын Сөзүн насааттагандарды эң жогорку стандарт деп кабыл албаганда, ишегендердин көпчүлү жалган окутуулардын жетегинде болуп калышып, анан тил албастыктарга барышат.

Экинчиден, жалган окутуунун экинчи бир жаман таасири Евангелия жаманатты болуп калат. Бул нерсе, жалган окутуучулар чындык менен макулдашкан сөздөрдү пайдаланышкан учурда гана болот:

> “Түз жолдон чыккан алар арам акчаны жакшы көргөн Босордун уулу Биламдын жолуна түшүп, адашып калышты” (2 Пет. 2:15).

Бул лидерлер өзүлөрүнүн жолдорун Машайактын такыбаа жолдоочулары катары башташкан, бирок анда тура алышкан эмес. Ошондуктан да, алар машайакчылыктын тилин билишет, бирок өзүлөрүнүн ар - намысына компремисске барышат.

Эгерде биз ыйык жашоого умтула турган болсок, эч качан бул жалган окутуучулардын таасири астында калбастыгыбызды жана кулабастыгыбызды Петр көргөзүп жатат. Биздин коопсуздугубуз ыйык жашоодо. Андан кийин ал ушул таасирдүү адамдардын оку-

тууларына кызыккандардын курмандык болгондуктары жөнүндө түздөн түз эле жазып көрсөтөт:

> "Себеби алар Теңир жана Куткаруучу Ыйса Машайакты таанып билүү аркылуу бул дүйнөнүн ыпыластыктарынан качып кутулгандан кийин, кайрадан аларга тутулуп, жеңилип калышса, анда алардын кийинки абалы мурунку абалынан да жаман болот. Чындык жолун таанып билип туруп, өздөрүнө берилген ыйык осуяттан баш тарткандан көрө, алар үчүн бул чындык жолун таанып билбей эле койгон жакшы болмок" (2 Пет. 2:20,21, жаңы орусча котормо).

Бул эстен тандыргандай маалыматты арадан гана зорго элестетүүгө болот, анан ал албетте аны кайта-кайта кайталоого туура келет. Улуу апостол Ыйса Машайакты кабыл алуу менен, адамдар күнөөнүн чеңгелинен бошонушкандыгы жөнүндө айтып жатат. Бирок, алар туура эмес окутууну угушкандыктан, туура эмес ишенишет жана айырмалоо жөндөмдүүлүгүн жоготуп коюшкандыктан адашууга дуушар болушат. Эми алардын абалы Ыйсаны кабыл алганга чейинкисине карагада да жаманыраак болуп калат. Андан көрө алар эч качан чындыктын жолун билбей эле калышса болмок. Бул кандай кайгылуу!

Биз кайрадан эле ыйык жашоо – бул, маанилүү парыз экендигин билебиз.

## Жеңилбес эки күч

Теңирдин парыздары оор эмес, анткени ырайымдын күчу менен бирге биздин жаңы табиятыбыз бизге аларды сактаганга күч берет. Бирок келгиле, чындыкка карайлы. Биз ушул жөндөмдүүлүккө ээ боло алат экенбиз, бирок салгылаштын арасында ыйык жашооун парыздарын сактоого бизди эмне багыттайт. Жооп: жеңилбеген эки күч.

Биринчи күч эмнеде экендигин бир таржымалды мисал келтирүү менен жооп берүүгө мага уруксат эткиле. Мен жаштардын пастору болуп жүргөн кезимде 1980-жылдары жума сайын боло турган насаат сөзгө даярданып жаткам, анан Кудай мени менен сүйлөшкүсү келип жатканын сездим да, тынчтанып ойлорумду жыйнап отурдум, жүрөгүмдө: "Жакан 14:15ти оку" деди.

Мен Жкн. 14:15те эмне жазылганын билчү эмесмин, ошондуктан Библиямды алып, ачып көрдүм да ал жер менин Библиямда жаңы параграфтан башталганын көрдүм. Мен андан Ыйсанын мындай деген сөздөрүн окудум: “Эгерде Мени сүйсөңөр, анда парыздарымды сактагыла...”

Андан кийин мен 15-аяттан баштап 24-аятка чейин окуп чыктым. Мына ушул 10 аяттын баары тең 15-аятка тиешелүү эле. Бул үзүндүнүн темасы – Ыйсанын сөздөрүн сактоо эле. Бул аяттардан мен жөнөкөй гана бир ойду түшүндүм: “Менин парыздарымды сактоо менен, силер өзүңөрдүн Мага болгон суйүүңөрдү далилдейсиңер”. Мен акыркы аятты окуп бүткөндө, Теңир мага минтип айтты: “Сен түшүнбөдүң. Кайра окуп чык” деди.

Мен бардык он аятты кайрадан окуп чыктым. Кайра эле ошол маанини таптым: “Менин парыздарымды сактоо менен, силер өзүңөрдүн Мага болгон суйүүңөрдү далилдейсиңер”. Кайрадан мен Кудайдын үнүн уктум: “Сен түшүнбөдүң. Кайра окуп чык” деди. Менин кызыгуум күчөдү. Мен кайра эле Кудайдын ошол Сөздөрүн угуш үчүн, он аяттын баарын кайра бир жолу окуп чыктым: “Дагы окуп чык”. Акыр –аягында ал үзүндүнү 7-8 жолу окуп чыккан соң, көнүлүм чөктү.

Мен акырын окуп чыгайын дедим да, эми бул он парызды музообаштын ылдамдыгы менен окуп чыктым. Мен “Эгерде” деген сөздү окуп, токтодум да, аны үнүмдү чыгара айттым дагы ойлонуп жаттым. Андан кийин мен “силер” деген сөздү окудум да, анан дагы ошону эле кайталадым. Ошентип атып, мен бардык Катты окуп чыктым, көп убакыт сарптадым. Акыры 15 мүнөттөн кийин окуп бүтүп, ошол замат Ыйык Рух мага эмне дегенин уктум: “Сен түшүнбөдүң. Кайра окуп чык” деди.

Көңүлүм чөгүп, мен кыйкырып жибердим: “Теңир, менин түркөйлүгүмдү кечир! Мен аңкоо болсом керек. Сен эмне деп атканыңды көрүү үчүн көздөрүмдү аччы!”

Мен кайра 15-аятты окудум: “Эгерде Мени сүйсөңөр, Менин парыздарымды аткаргыла”. “Сактагыла” деген сөздүн алдынан мен жылдызчаны көрдүм. Мен ссылкага карап туруп, анан тагыраак котормосу бар экенин көрүп туруп окудум, анда: “Силер сактайсыңар”.

Маанилүү-негизги фразага жаңы көз караш менен карап, кайра окуп көрдүм: Эгерде силер Мени сүйсөңөр, анда Менин парыздарымды сактайсыңар". Мен ошол сөздөрдү окуганымда, ичимде бир нерсе жарылып кеткендей болду. Акыр-аягында мен түшүндүм.

Ошондо Кудай мага: "Джон, эгерде сен Менин парыздарымды сактасаң, анда Мени сүйгөнүңдү далилдей аласың деп айткан жокмун. Мен сенин сүйөр, сүйбөсүңдү билем! Эгерде сен мени катуу сүйсөң, анда Менин парыздарымды сактаганды каалаайсың!" Башында мен мыйзамдын көз карашы менен карапмын. Мага жаңы көз караш башкысын көрсөттү – бул, мотивациянын ачкычы болгон сүйүүдөгү өз ара мамиле.

## Кумарланган сүйүү

Мисал келтиргенге уруксат эткиле. Силер качандыр бир кезде сүйүп көрдүңөр беле? Мен өз аялым Лизага сөйкө салгандан кийин ага ушунчалык кумарланган сүйүүдө элем. Мен ал жөнүндө гана ойлончумун. Мен эптеп эле аны менен болуу үчүн, бардыгына барганга даяр элем. Эсимде, бир жолу ал экөөбүз бир нече сааттарды чогуу өткөргөнбүз. Акыры, биз коштоштук, анан бир аздан кийин эле Лиза мага чалып: "Джон, сен меникинде курткаңды калтырып кетипсиң" деди. Мен курткамды унутуп калганым үчүн абдан кубанып кеттим, анткени кайрадан аны менен көрүшкөнгө мүмкүнчүлүк болду.

Анан мен: "Аны алыш үчүн азыр эле кайра барышым керек деп ойлоп атам" дедим. Биз экөөбүз тен күлүп жибердик. Бул дагы бир нече сааттарды чогуу өткөрүүгө шылтоо болуп калды.

Эгерде Лизага бирдеме керек болсо, мен аны кантип болсо да алып берүүгө даяр элем. Эгерде ал мага түн ортосунда: "Балмуздак жегим келип жатат" деп чалса, мен ага: "Кандай балмуздак жейсиң, азыр 5 мүнөттө болуп калам!" демекмин. Мен анын ар кандай каалоосун же суроосун аткаруу үчүн баарына даяр элем. Себеби анын каалоосу мен үчүн таптаттуу парыз болчу.

Менин Лизага болгон кармана албаган сүйүүмдүн айынан, анын ар кандай каалоолорун аткарууга болгон мүмкүнчүлүк менен куба-

нат элем. Ал менден эмнени сурабасын, аны аткаруу мен үчүн оор жүк эмес эле. Мен анын суранычтарына өз сүйүүмдү далилдеш үчүн эмес, өзүм сүйгөндүктөн макул болчумун!

Бул Ыйса бизге айтып жаткан нерсеге карата эң сонун иллюстрация болот. Ага болгон бекем сүйүүбүздүн айынан, биз анын каалоолорун аткаруудан кубаныч алабыз. Анын Сөзү бизди чектебейт да, оор жүк болбойт, бирок ал биз үчүн баарын жалмап кеткен кумар болуп калат.

Келгиле, карап көрөлү, менин никем бир нече жыл өткөндөн кийин кандай болуп калды экен. Мен жыйынга ушунчалык көп кызмат кылгандыктан, Лизага болгон сүйүүм канчалык алсырап баратканын байкабай да калыптырмын. Анын каалоолору мен үчүн мыйзам болбой калды жана мен үчүн ыңгайсыз, андан да оор жүк катары болуп калды. Мен ага таптакыр башкача мамиледе кызмат кыла баштадым. Мен анын каалоолорун үйлөнөр кездегидей кубаыч менен аткарбай калдым. Мен: “Сен кандай балмуздакты каалайсын? Мен бир бутум менен сеникиндемин!” дебей калдым. Эми мен: “Сен чын эле айтып жатасынбы? Кымбаттуум, башка иштерим толуп жатат!” Мен аны менен чогуу убакыт өткөргөнгө мүмкүнчүлүк издебей калдым. Мен ал керек болгондо гана аны менен убакыт өткөрүп калдым. Менин кумарым – менин жумушум болуп калды.

Ыйса Жыйынга эмне деп атканын угуп көргүлө:

> “Мен сенин иштериңди, эмгегиңди, чыдамкайлыгыңды,.. билем. Бирок Менин сага айта турган бир наразычылыгым бар: сен биринчи сүйүүңдү таштап койгонсуң. Ошондуктан кайсы жерден жыгылганыңды эстеп, тобо кыл да, мурун жасап жүргөн иштериңди жасай бер...” (Аян 2:2,4,5).

Ыйсанын айтканына кайрадан карап көргүлө: Мен сенин иштериңди билем: “Мен сенин иштериңди...билем... чарчаган жоксуң. мурун жасап жүргөн иштериңди жасай бер...”. Азыр сөз болуп жаткан эки иш бар. Биринчиси Жыйынга, Ыйсага болгон кумарлуу сүйүүгө шыктанган иш, менин: “Кандай балмуздак жейсин? Сеникинде 5 мүнөттө болуп калам дегениме окшош. Эми бол-

со, жыйын милдеттин айынан гана эмгектенип жатты, б.а. менин: “Чын эле айтасыңбы? Кымбаттуум, менин ишим толтура” дегенимдей. Ыйсага карата болгон мамиле да, ушуга окшош болуп калат: качан биз сүйүп калганыбызда, Ал үчүн баарын жасоого даярбыз. Андан кийин кумарлануубуз басаңдайт дагы, Ага тил алчаак болуу милдеттей сезилип калат.

Ушул жетишпестикти кантип оңдосок болот? Аны менен чогуу сыйынууда, Сөздө жана табынууда болуу аркылуу. Ойлорбузду жыйынга, таңкы сыйнууга жана Жазууну окууга эле багыттабай, Ага багытташыбыз керек, күнү бою Анын катышуусу болушуна багытташыбыз керек. Биз ошондой эле, Ыйык Рухтан, биздин туруктуу Компанионубуздан күн сайын жүрөгүбүздү Кудайдын сүйүүсүнө толтуруп коюуну суранышыбыз керек (Рим. 5:5ти карагыла).

Аны дароо эле катуу сүйүп кетүүгө мүмкүн эмес, Ага болгон сүйүү жана кумар өсүп отурат. Унутпагыла: “Сүйүү эч качан токтоп калбайт...” (1 Кор. 13:8).

## Ыйык коркунуч

Дагы бир мотивациялык күч – бул такыбаа коркунуч. Бизди ыйыктыктын жолунда кармап калыш үчун, Пабыл бул жакшы иш тууралуу ачык эле айтып атат:

> “... денебизди жана рухубузду булгаган ар кандай ыпыластыктан арылалы, Кудайдан коркуу менен, ыйыктыкка умтулалы” (2 Кор. 7:1).

Ыйыктык Кудайдын коркунучу астында өсүп отурат. Бул жалгыз чындык Жаңы Осуяттын башынан аягына чейин көрүнүп турат.

Пабыл башка бир жыйынга айтып жатат: “...куткарылууңарды коркуу жана титирөө менен жүзөгө ашыргыла” (Флп. 2:12). Кудайдын Осуятын тил алчаактык менен аткаруу үчүн, кадырлоо, кылдаттык жана ыйык коркунуч керек. Парыздарды аткаруу жана ыйык жашоо жөнүндө Петр минтип жазат: “...анда келгин катары жашап жаткан убактыңарды коркунуч менен өткөргүлө” (1 Пет. 1:17, азыркы орус котормосу).

Эврейлерге жазылган Каттын автору бизди ыйыктыкка умтулууга мындай сөздөр менен чакырат: “Ошондуктан солкулдабаган Падышачылыкты кабыл алган биз Кудайга ыраазычылык билдирели, коркуу жана урмат көрсөтүү менен, Ага жаккандай кызмат кылалы” (Эвр. 12:28). Кудайдан болгон коркунуч, Ага кызмат кылууда колдон келе турган ыкма.

Көпчүлүгүн Кудайдын коркунучуна ээ болуу дүрбөлөңгө салат. Эмне биз, коркунучтан бошонбодук беле. Биздин лексиконубузда бул сөз эми кандай орунду ээлеп турат?

Кудай – Өзү Сүйүү, Ал – биздин Атабыз. Ошентсе да, коркунуч тууралуу улам-улам айтып туруу керек, анткени ал тууралуу Жаңы Осуятта көп айтылат.

Кээ бир адамдар: “Бул Кудайга табынууну гана билдирет” деп айтуу менен анын маанисин кыскартып же бузуп алышат. Муну мага мен Түштүк Африкадагы Улуттук конференцияда насаат айтканы даярданып жатканда бүткүл дүйнөгө белгилүү окутуучу болгон бир адам айткан. Мен анын Кудайдын коркунучу тууралуу айтканына жооп кылып, андан минтип сурадым: “Эгерде сөз табынуу тууралуу болуп жатса, анда эмнеге Пабыл Жңы Осуятта коркунуч жана кылдаттык тууралуу төрт жолу эскертти экен?” Кылдаттык – табынууга караганда бир топ чоң нерсе.

Гректин tromos (дирилдеген) деген сөзүнүн (кылдаттыктын) жалгыз гана аныктамасы, Стронгдун сөздүгү боюнча – “коркунучтуу дирилдөө” деген. Ушинтип, биз өзүбүздүн куткарылуубузду, коркунучтуу дирилдөө менен ишке ашырыбыз керек. Бул сөздө о.э. терең урматтоонун жана, сергек үрөй учуунун нотасы жатат – биздин адаттагы табынуудан чоңураак нерсе жатат.

Бул сөздүн маниси тууралуу силер мындай дешиңер мүмкүн: бул Байыркы Келишим мезгилиндеги окутуу. Биз Кудайдан эмнеге коркобуз, анткени Ал бизге коркунучтун рухун эмес, бирок сүйүүнүн рухун берди”. Ушундай сөздөрдү айткан адамдар коркунучтун руху менен Кудайдын алдындагы коркунучту алмаштарып алышат.

Муса Ысрайылды Синайга алып келгенде, Кудай Өзү чогуу болгондо, ысрайыл эли артка качып, Кудай Өзүнүн улуулугун көрсөт-

пөсүн деп суранчы деп Мусага кыйкырышкан. Муса элге эмне деп жооп бергенин карап көргүлө:

> “Муса элге кайрылып: “Коркпогула, Кудай силерди сыноо үчүн, Андан коркушуңар үчүн, күнөөгө батпашыңар үчүн келди”, – деди” (Чыг. 20:20).

Муса өзүнө өзү каршы чыгып жаткандай болуп угулат: “Коркпогула... Кудай силердин Андан коркушуңар үчүн, күнөөгө батпашыңар үчүн келди”. Бирок Ал Кудайдан коркуу менен Теңирдин алдындагы дирилдеген коркунучту айырмалай билген. Булардын ортосунда чоң айырмачылык бар. Кудай эмне үчүн биз Андан коркуп турушубузду каалаган? Коркуп турган адамың менен жакын мамиледе болуу мүмкүн эмес, Кудай болсо биз менен жакын болууну абдан каалайт.

Кудайдан корккон адамда жашыра турган бирдеме бар, ошондуктан да, ал Андан коркот. Адам менен Обонун күнөө кылгандан кийинки эң биринчи аракети Кудайдын көзүнөн жашынган (Башт. 3:8ди карагыла). Башка жагынан алып караганда, Кудайдын коркунучу бар адамда жашыра турган эч нерсе жок, ал тескерисинче Кудайдан бөлүнүүдөн коркот.

Ошондуктан, Теңирден коркуу дегендин эң биринчи аныктамасы – Кудайдан алыстап калуудан үрөйү учканча коркуу. Биз Аны кимдир бирөөгө же кандайдыр бир нерселерге караганда чексиз сыйлайбыз, урматтайбыз, баалайбыз, кадырлайбыз.

Ыйык коркунуч Кудайга Ал татыктуу болгон даңкты берет. Биз Анын алдында терең урматтоо менен дирилдеп турабыз. Биз баардык каалоолорду, анын ичинде өзүбүздүкүн да четке калтырып, Анын каалоолорун аткаруу менен, Анын жүрөгүнө бекем байланабыз. Биз Ал сүйгөн нерсени сүйөбүз, Ал жек көргөн нерсени жек көрөбүз. Ал үчүн маанилүү болгон нерсе, биз үчүн да мааинлүү болуп баштайт. Мына ошондуктан дагы, минтип жазылган: “Теңирден коркуу – жамандыкты жек көрүү...” (Накыл. 8:13, NLT, англ. тилинен которулду).

Чыгуу Китебинде (20:20) такыбаалыктагы коркунуч бизди күнөөдөн сактап турат. Ушуну эле толуктап, Накыл Сөздөр Ките-

бинде: "...Кудайдын коркунучу жамандыктан алыстатат" (Накыл. 16:6). Пабыл дагы Кудайдын коркуу бизди күнөөдөн оолактатуучу күч деп жазат (2 Кор. 7:1ди карагыла).

Мен белгилүү бир теледен Жакшы Кабар таратуучуга түрмөгө барган кезимде библиялык бул цитаталар мен үчүн реалдуу нерсе болуп калды. 1980-жылдары ал дүйнө жүзүндөгү эң бир белгилүү кызматчы болгон. Анын күнөөсү биздин мамлекеттин өкмөтүнө каршы кылмыштарды кылгандыгында жана ойноштук кылгандыгында эле.

Бул адам дээрлик беш жылды түрмөдө өткөргөн, бирок ал өз мөөнөтүн өтөөнүн башында түрмө камерасында Ыйса менен жолугушууну башынан өткөргөн, бул болсо анын жашоосун түп-тамыры менен өзгөрткөн. Ал менин китептеримин бирөөсүнөн абдан таасирленгендиктен, менин ага жолугуп кетүүмдү суранган.

Биздин түрмөдө болгон жолугушуубузду эч качан унутпайм. Ал мени жашка толгон көзү менен кучагынан чыгарбай бир мүнөттөй турду. Анан ал менин ийинимден мыкчый кармап туруп, жан талаша минтип сурады: "Сен бул китепти өзүң жаздыңбы же сенин атың менен эле чыгып калдыбы?"

Ал толкундана: "Экөөбүз сүйлөшө турган нерселер абдан эле көп, бирок бизге токсон эле мүнөт берилди"деди. Ал шарт отурду да, өз таржымалын айтты.

Ал буларды айтты: "Джон, мен бул түрмөгө Кудайдын сотунун айынан түшкөн жокмун. Мен бул жерде Анын ырайымы мененмин. Анткени мурдагыдай эле жашоону уланта берсем, анда түбөлүккө тозокко түшүп калмак экем". Мени анын түз айткан сөздөрү жана чын жүрөктөн чыккан момундугу таң калтырды.

Анын сүйлөй баштаганынан жыйырма мүнөттөй убакыт өткөндөн кийин, мен ага мени кыйнап турган суроомду бердим. Ал өзүнүн кызматынын башында Ыйсаны ысык сүйгөндүгүн жана Кудай үчүн күйүп-жангандыгын билгем. Мен ал ушул жигерин кантип жоготуп алгандыгын билгим келди.

Акыры мен минтип сурадым: "Ыйсага болгон сүйүүңдү качан жоготтуңң, кайсы учурда?" Мен кызматчы катары андан өзгөчө

салкындоонун жана Теңирге болгон сүйүүнүн жоголушунун белгилерин издеп жаттым. Ал: "Мен аны жоготкон эмесмин" деп ишенимдүүлүк менен жооп берди. Мен анын жообун угуп, таң калдым жана түшүнбөдүм. Ал кантип ушинтип айта алат?

Мен ага дароо жооп бердим: Сен эмне дегиң келип турат? Сен ойноштук кылдың, алдамчылык кылдың, түрмөгө түштүң. Сен анан кантип, эч качан Ыйсаны сүйүүнү токтотподум деп айта аласың?"

Ал кайрадан менин көзүмө тике карап туруп, кичине да солкулдап койбостон: "Джон, бул убактардын баарында мен Ыйсаны сүйүп эле тургам" деди.

Мен унчукпадым. Менин жүзүмдөн абдан тынчсыздануу көрүнүп турганына ишенип турдум. Андан кийин ал минтип айтты: "Джон, мен Ыйсаны сүйчүмүн, бирок Андан корккон эмесмин".

Бир нече көз ирмемдер бою тынчтык өкүм сүрдү. Ал өзүнүн сөздөрү орун алсын үчүн бир аз паузаны кармады. Мени болсо эмоция толтуруп жатты. Андан соң ал тынчтыкты бузуп, кайгыруу менен минтип айтты: "Джон, миллиондогон америкалыктар так эле мен сыяктуу болуп жашап жүрүшөт. Алар Ыйсаны сүйүшөт, бирок Кудайдан коркушпайт".

## Ойдон чыгарылган Ыйса

Мен үчүн жашоодо бекемделе турган учур келди. Антени, бул жолугушуу менде дагы да көбүрөөк жооп алууга болгон ачкачылыкты пайда кылды. Кудайды сүйгөн киши кантип дайыма эле күнөө кыла берсин, болгондо да тереңдеп кеткен күнөөнү? Кантип миллиондогон адамдар Кудайды сүйүп жана Кудайсыздай жашай берсин? Алар Кудайды данкташат, жыйындын иштерине активдүүлүк менен катышышат, Кудайдагы бардык нерселерди ушунчалык каалашат, анан ошол эле убакта тартипсиз жашоодо жашашат, порнографияларды көрүшөт, дайыма калп айтышат, ашыкча ичкилик ичишет, Жазууга ылайык келбеген себептерсиз эле ажырашышат, бул тизме дагы узара бермекчи. Алар бул кызматчы сүйгөндөй эле Ыйсаны сүйүшөт, бирок Ыйсанын сөзүн аткарышпайт, сакташпайт.

Ыйса айткандай, эгерде биз Аны сүйгөн болсок, анда Аны сүйүүчү күчкө да ээ болмокпуз. Бул жерде эмне жетишпейт?

Балким, алар чынында өзүлөрү билбеген эле бирөөнү сүйүшөрү жөнүндө өзүлөрүн ишендиришип жатышкандыр? Балким, бул кызматчы жана бул насаат айтып жүргөн адамдар чыныгы Ыйсага жакындашпаган, өзүлөрүнүн түшүнүгүндөгү Ыйсаны жасап алышкандыр? Балким, ошол ойлонулуп чыгарылган Ыйса алардын денелик табиятына, алар суусап жаткан нерсени берип жаткандыр? Элестетип көрсөңөр, биздин өлкөдө белгилүү спортсмендердин жана Голливуд жылдыздарынын жашоосун абдан кызыгуу менен байкап тургандар көп. Алардын аттары баарынын кулагында. Көптөгөн теле интервьюлар, гезит-журналдардагы макалалар аркылуу ММК алардын жашоосун бар тараптан ачыкка чыгарып турат. Мен алардын күйөрмандарынын ошол жылдыздар тууралуу эң жакшы достору болгонсуп сүйлөп жатышканын угуп калам. Мен адамдардын алардын үй-бүлөлүк көйгөйлөрүн да өз жүрөктөрүнө жакын кабыл алгандыктарын жана ал тургай, алардын кайгысына да өз башынына өткөрүп жаткандай кайгырышарын көрдүм.

Ошого карабастан, эгерде капысынан бул фанаттар өз жылдыз “досторун” көчөдө жолуктуруп калышса, ал аларга саламдашуу катары баш ийкеп да койбошу мүмкүн эле. Эгерде алар өз досун токтотууга батына турган болушса, ошондо ал достору алар элестетип жүргөндөн такыр башкача экендигине күбө болушмак. Жыйынтык: “Бул ойлонулуп чыгарылган мамиле”.

Ысрайыл Өзүнүн Мисирден кетип калышынан кийин ушундай кылган эле. Муса тоого чыкканда, ал жакта кырк күн жана кырк түн өзү жалгыз болгондо, Кудай Муса үчүн эмес, бирок эл үчүн унчуккан эмес. Ошол унчукпоо мезгилде Кудайдан алыс аралыкта турган Арон жана башка жетекчилер өзүлөрүнүн дене кумарларынын каалоосуна ылайык келген “кудайды” көтөрүүгө киришип калышкан.

Ушунча жылдан бери мен бул окуядан кандайдыр бир маанилүү нерсени деле көргөн эмесмин, анткени мен иврит тилинде окубайм. Арон алар жасашкан музоону Йхвх, же Жахаба деп атаган,

б.а. Кудайдын аты менен (Чыг. 32:5ти карагыла). Библиянын башка бир дагы жеринде бул ат жалган кудайларга же буркандарга карата айтылган эмес. Бул ат ушунчалык ыйык болгондуктан, эврей авторлору аны жалаң гана үнсүз тамгалар менен жазышат (Биз болсо, Яхве деп жазып, айтабыз).

Арон эле эмес. "Мына ... сени Мисир жеринен алып чыккан кудайың ушул!" (Чыг. 32:4,8ди карагыла) деп бул музоону эл дагы жарыялады. Бул эврей сөзү Башталыш Китебинин биринчи бөлүмүндө эле отуз эки жолу колдонулат. Библиянын биринчи аятында: "Башында Элохим асман менен жерди жаратты" деп айтылган.

Яхведен айырмаланып, токсон пайыздан ашык учурда бул сөз Кудай Кудуреттүү деген мааниде колдонулган. Калган он пайызында бул жалган кудайды сүрөттөө үчүн колдонулган. Арон музоону Яхве деп атагандыктан, биз тайманбай туруп эле адамдар бир эле нерсе жөнүндө аны экиге бөлбөстөн айтып жаткандыгын божомолдой алабыз.

Кептин баары ушунда да, бүт эл Яхве аларды куткарып, кулчулуктан бошотуп, камсыздаганын мойнуна алышкан. Анткен менен алар, Муса менен тоодо сүйлөшкөн чыныгы Кудайдан абдан эле айырмаланган, б.а. ойдон чыгарылган Яхвени жаратып алышты.

Жазылып турат: "Акылмандыктын башталышы – Теңирден коркуу..." (Накыл. 1:7, азыркы орус котормосу CEV).

Мындай суроо беришибиз керек: кандай таанып-билүү? Жазууну таанып-билүү эмес, анткени фарисейлер Ыйык Жазууну жакшы билишкен, бирок алар Кудайдын болуусунан таптакыр алыс болушкан жана Кудайга жагынышкан эмес. Бизге кандай таанып-билүү керек? Буга жоопту Накыл Сөздөрдөн табабыз (2:5): "Теңирден коркуу деген эмне экенин түшүнөсүң, Кудай жөнүндөгү билимге жетесиң".

Мага муну айтууга уруксат бергиле: Туура коркунуч аркылуу силер Кудайды жакындан таанып-билесиңер. Силер ойлоп чыгарылган эмес, чыныгы Кудайды – чыныгы Ыйсаны тааныйсынар. Пабыл Корунттуктарга минтип айтат: "Анткени бирөө келип, силерге биз жарыялагандан башка Ыйсаны, силер алгандан башка рухту, силер кабыл алгандан башка Жакшы Кабарды жарыяласа, силер ага чыдайсыңар" (2 Кор. 11:4, NTL, англ. тилинен которулган).

Мен жазган, теледен Жакшы Кабар тараткан кызматчы жана ал айтып жаткан көптөгөн адамдар Атанын оң жагында отурган Ыйсаны сүйүшкөн эмес. Алар ойлоп чыгарылган, алардын жанына жаккандай жашоо образына көңүл бурбаган Ыйсаны сүйүшөт. Алар же Аны эч качан билишкен эмес, же Аны менен болгон мамиледен четтеп кетишкен. Четтеп кетишкендигин муну менен салыштырууга болот: жашоодо эки башка жолду тадап алган эки дос, бир нече жыл өткөндөн кийин, алар таптакыр бири-бирине окшошпой калгандыктарын, мурдагыдай эместиктерин байкашат. Ойлонулуп чыгарылган Ыйсага болгон сүйүү, чыныгы Ыйса Машайактын айткан сөздөрүн аткарууга бизге күч бере албайт. Чынында кимди жакшы билбесең, аны сүйүү кыйынга турат.

Кудайдын ыйык коркунучу болмоюнча, биз чыныгы Кудайды таанып-биле албайбыз. Муса аны жакындан тааныган. Ал Кудайдын үнүн ачык уккан жана Анын жолдорун түшүнгөн. Ысрайыл Кудайды болгону Анын иштери жана алардын сыйынууларына берген жооптору аркылуу гана билишкен. Ысрайыл үчүн Кудайдын үнү күндүн күркүрөөсүндөй болгон. Мусага болсо, Ага жакын болууга уруксат берилген. Ысрайылга болсо, артка өзүлөрүнүн чатырына кайтуу айтылган (Мыйзам. 5:29,30).

## Биз кантип Ыйык коркунучка толобуз?

Абдан маанилүү суроо пайда болот: биз кантип Кудайдын ыйык коркунучу менен толобуз? Жөн гана Андан сурашыбыз керек, бирок анын баарын чын жүрөктөн кылуу керек. Ыйса минтип айтат: “Демек, силер жаман болуп туруп, балдарыңарга жакшы нерселерди бергенди билсеңер, анда Асмандагы Атаңар Өзүнөн сурагандарга Ыйык Рухту берери анык” (Лук. 11:13). Силер: “Ыйса Кудайдын коркунучу тууралуу айтып жатканда, Ыйык Рух жөнүндө айтып жаткан жокпу?” деп сурашыңар мүмкүн. Ышайа Ыйса жана Ыйык Рух тууралуу эмне деп айтып жатканын угуп көргүлө:

> “Жышайдын тамырынан бутак чыгат, анын тамырынан жаш бутак өсүп чыгат. Анын үстүнө Теңирдин Руху, даанышмандык жана акылмандык руху, кеңеш жана күч руху, билим жана Теңирден

> коркуу руху түшөт. Ал Теңирден коркуу рухуна толот, Өзүнүн көзү менен көргөнү боюнча соттобойт, Өзүнүн кулагы менен укканы боюнча иш чечпейт" (Ыш. 11:1-3, жаңы орусча котормо).

Бул тизмеде Кудайдын Рухунун акыркы көрүнүшү - Теңирден коркуу руху..." Бул биз сурай турган эң бир маанилүү аспект экенине ишенем. Мен буга эки себептен улам ишенем. Биринчиден, Бизге Кудайдан коркуу – акылмандыктын, акылдын кеңештин, күчтүн башталышы деп айтылган (Заб. 110:10; Накыл. 1:7,8 жана 9 ду карагыла). Экинчиден, Теңирдин алдындагы коркунуч, бул Ыйсага кубаныч. Ага кубаныч алып келген нерсе. Бизге да кубаныч алып келиши керек эмеспи? Чынында эле жазылып турат, Ыйса Өзүнүн такыбаа коркунучу менен угулган (Эвр. 5:7). Сыйынуу бир тең, угулуу өзүнчө мааниге ээ.

Бирок, Теңирдин алдындагы коркунуч жана Кудайдын сүйүүсү – бул, биргеликтеги нерсе, анткени Пабыл минтип жазат: "...Ал эми үмүт уят кылбайт, анткени Кудайдын сүйүүсү бизге берилген Ыйык Рух аркылуу жүрөгүбүзгө төгүлгөн" (Рим. 5:5). Мен силерди ыйык рухтун коркунучуна жана Кудайдын ысык сүйүүсүнүн отуна толууга чакырам.

## Кир идиштер

Эми биз абдан кеңири жайылган кризиске келип калдык. Жыйырма биринчи кылымдын жыйынында олуттуу кемчилдик бар. Анда идиштер жетишпейт, жөн эле идиштер эмес, таза идиштер, Кудай Өзүнүн Рухун төгө турган идиштер жок. Келгиле, Пабыл жерде жүргөндө жазган акыркы сөзгө кайрылып көрөлү. Ал таймanбастан туруп минтип билдирет:

> "Бирок Кудайдын бекем негизи бек турат, анын төмөнкүдөй мөөрү бар: "Теңир Өзүнө тиешелүүлөрдү билет" жана "Теңирдин ысымын оозуна алган ар бир адам адилетсиздиктен четтесин" (2 Тим. 2:19, жаңы орусча котормо).

Бизди жыйын катары жана өзүнчө адамдар катары эмне солкулдагыс кыла алат деп жатат Пабыл. Ал биздин негизибизде жазылган эки бекемдөөнү бөлүп карайт. Библиянын англисче King James

Version котормосунда “мөөр” деген сөз колдонулат, ал The Message котормосу боюнча “гравировка” дегенди билдирет.

Биринчиден Теңир, Ага тиешелүүлөрдү билет. Бул сооротот. Биз өзүбүздү Ага толугу менен бере турган болсок, Ал бизди унутпайт. Биз Анын көзүнүн карегинде болобуз.

Экинчи, оюп түшүрүлгөн жазуу мунун негизинде: “Теңирдин атын чакырган ар ким, жамандыктан оолак болушу керек”. Бул жерде биз “болушу керек” деген сөздү көрүп турабыз, “колунан келбейт”, бирок “кылышы керек”. Бул өтө күчтүү сөз, таза эмес жашоодон бошонуу керек деген өз айтылып жатат. Эмне үчүн? Буга жоопту кийинки эки аяттан табабыз:

> “Бир чоң үйдө алтын жана күмүш идиштер гана эмес, жыгачтан жана чоподон жасалган идиштер да бар. Бирөөлөрү сыйга урунулат, бирөөлөрү күндө урунулат. Ошондуктан, ким өзүн ушулардан тазаласа, ал сыйга урунула турган, ыйыкталган, Кожоюндун керегине жарай турган жана бардык жакшы иштерге даярдалган идиш болот” (2 Тим. 2:20,21, жаңы орусча котормосу CEV).

Гректин “идиш” деген сөзү жөн эле кадимки идишти түшүндүрөт. Эгерде биз таза идиштей болсок, анда биз Кожоюндун колдонушу үчүн жарайбыз. Биз анын күчтүү катышуусуна, толушуна даярбыз.

Мен дүйнөнүн кайсы шаарында жүрсөм дагы ар күнү эрте менен ошол эле тамакты жейм. Алгач мен лимон салынган жылуу суу ичем, андан кийин жасмин менен бир чөйчөк ак чай ичем. Он беш мүнөттөн кийин мен бир табак сулудан жасалып, кункараманын даны, бадам сүтү менен аралашылган буламыкты жейм. Эрте мененки тамак үчүн мага идиш керек, чай үчүн кружка, суу үчүн стакан жана чуңкур табак. Мен эч качан таза эмес идиштерди колдонбойм. Эгерде идиш кир боло турган болсо, биз ага эмнени салсак да, эң жакшы нерсени да бузуп салат. Эмне анан Кудай Өз Ыйык Рухунан кир идишке куймак беле?

Пабылдын айтымына караганда, биз өзүбүздү өзүбүз тазалап турушубуз керек. Ал бизге: Ыйсанын Каны бизди ар кандай өткөн, азыркы жана келечектеги күнөөлөрүбүздөн тазалап турат, ошондуктан азыр сен жашап жаткан, сени чалынтып жаткан күнөөлөр ту-

ралуу ойлонбой эле кой, анткени сен коргоо астында турасың" деп айтып жаткан жок да. Жок. Ал минтип айтууда: "Ошондуктан ким өзүн ушулардан тазаласа (ар кандай жаман жана таза эмес нерселерден, буза турган таасирлерден жана жаман нерселердин жугушунан өзүн таза алып жүрсө), ал (өзү) сыйга урунула турган, ыйыкталган, Кожоюндун керегине жарай турган жана бардык жакшы иштерге даярдалган идиш болот" (21-аят, англ. тилинен кеңири которулган).

Биз өзүбүздү тазалашыбыз керек. Чекит. Бул учурда Пабыл Анын айынан биз ээ болгон, Машайактагы биздин позициябыз тууралуу айтып жаткан жери жок. Бул сөздөрдү кайрадан окуп чыккыла: "...ким өзүн тазаласа... сыйга урунула турган, ...идиш болот".

Биз кайрадан эле бул жерден Кудай таза жерге келерин, Кудайдын Руху таза идиштерге гана куяларын көрүп атабыз.

## Натыйжа

Бизге мыйзамсыздык – бул сыр, жана ал биздин коомдо аракеттенет. Бирок, Аны оздуктоого болорлугу тууралуу Жакшы Кабар бар:

> "Анткени мыйзамсыздыктын жашыруун сыры азыр аракетте, бирок токтотуп туруучу алынмайынча, ал ачыкка чыкпайт" (2 Тес. 2:7, англ. тилинен которулган).

Биз ошол мыйзамсыздыкты оздуктай турган, Ал Ким, мына ошону биз билишибиз керек. Бир гана жооп бар: же Ыйык Рух, же Машайактын Денеси. Котормочулар Ыйык Рух деп ойлошкондугу көрүнүп турат, анткени чоң тамга менен жазышыптыр. Алардыкы туура деп эсептейли.

Азыр менин жашым элүүдөн ашып калды, мен бүткүл өмүрүмдө биздин өлкөдө мыйзамсыздыктын ушунчалык өскөндүгүн көргөн эмесмин. Мен буга чейин ММК, өкмөт жана коом туура эмес жүрүм-турумдарды ушунчалык көшөкөрлүк менен туура деп айтышканын көргөн эмесмин. Мунун себептери бар. Оздуктоочу күч – Ыйык Рух – бүгүнкү күндө коомчулукта басымдуулук кылып жаткан жок. Жыйырма биринчи кылымдын биринчи жарымында Батышта Кудайдын катышуусу абдан азайып барууда.

Бул эмнеден улам болууда? Эгерде биз алмашууну көрсөтпөгөн Жакшы Кабарды жарыялай турган болсок, анда биз таза идиштердин таңсыктыгын көрөбүз. Ал таңсыктык Кудайдын жер үстүндө болушунун жетишерлик эместигине алып барат. Эсиңердеби, Ыйса айкаш жыгачта өлгөн кезде, ыйбадатканадагы көшөгө жогорудан төмөн карай толугу менен айрылып кеткен. Ошол көз ирмемде Кудайдын катышуусу адамдын колунан жасалган нерседен чыгып, анан ал кол менен жасалбаган идиштерге – эркектердин жана аялдардын жүрөгүнө төгүлүшү керек эле.

Кудайдын Руху ыйбадаткандан күндүн батышына, бактарга, кооз пейзажга, ырга, киного, ж.б. ар кандай маалымат жеткирүүчү каражаттарга өтүп кеткен жок. Ал кандан жана денеден турган идишке өттү. Эгерде ал идиштер кир боло турган болсо, анда коомдо Кудайдын катышуусу азаят жана натыйжада, мыйзамсыздыкка жол берилип калат.

Биз бат эле начарлоого жүткүнүп бара жаткан бул нерсени өкмөткө жакшы талапкерлер үчүн добуш берүү менен, медиа корпорацияларынын кызматчыларын жумуштан кетирүү менен, абортко каршы чыгуу менен, же ж.б ар кандай каражаттар менен өзгөртө албайбыз. Биздин мыйзамсыздык менен чындап күрөшө турган жалгыз гана ыкмабыз – Кудайдын ырайымынын күчүнө баш ийүү жана такыбаа жашоодо жашоо. Мына ушундайда Ыйык Рухтун үнү жана таасири биздин коомдо күчтүүрөөк болот.

Чыныгы ыйыктык жөнүндөгү насааттардын жетишпестиги жеке биз үчүн да, биздин өлкөбүзгө да, жана жалпы коомубузга да кымбатка турду. Биз муну өзгөртө алабыз! Пасторлор, жетекчилер жана Кудайдын бардык эли, келгиле, Ыйык Китептен Кудайдын Сөзүн жарыялоодо чогуу бекем турабыз. Биз таасир тийгизип жаткан адамдардын жашоосунда күчтүү негизди жана чектерди курабыз. Келгиле, Кудайдын Падышачылыгына жандардын түшүмүн алып келүүчү, Ыйык Рухтун кармап туруучу күчүнө ылайык, биздин коомдо мыйзамсыздыктарга карата жолдун тосулганын көрөбүз.

14

# БИЗДИН ПАРАМЕТРЛЕР

Анткени кимде бар болсо, ага дагы берилет,
аныкы мол болот. Ал эми кимде жок болсо, андан
колунда болгон нерсеси да тартылып алынат.
— Матай 25:20 (NLT, англ. тилинен которулган).

Негизгиси – менин жөндөмдүүлүгүм эмес,
бирок Кудайдын жөндөмдүүлүгүнө
карата менин жообум.
— Кори Тен Бум

Келгиле, анда үй курулушунун сүрөттөлүшүнө кайрылалы. Башында биз үйдүн пайдубалын түптөө, башкача айтканда, биздин турмушубузда Ыйсанын катышуусун бекемдөө канчалык маанилүү экенин талдаганбыз. Кийинки кадамыбыз үйдүн дубалдары, же үйдүн түзүлүшү башкача айтканда, биздин сыйынуубуз болот. Эми курулуштун акыркы, жыйынтыктоочу баскычына өтөлү. Ал биздин ишибиздин бөтөнчө экендигин аныктайт. Ал өз ичине жемиштүүлүктү, кыялдарды, пландарды, стратегияларды жана турмуштук чечимдерди камтыйт.

Пабыл минтип жазат:

> “Анткени бизди Ал жараткан, Кудай алдын ала белгилеп койгон жакшы иштерди аткарышыбыз үчүн, биз Машайак Ыйса аркылуу жаратылганбыз” (Эф. 2:10, жаңы орусча котормо).

Биз Кудайдын гана балдары болуш үчүн эмес, ошону менен бирге Падышачылыктын пайдалуу жарандары болуш үчүн Ыйсаны кабыл алдык.

Үй куруунун ушул жүрүшүндө эшиктерди салуу, шкафтарды коюу, паркет тизүү, плиткаларды, мрамор такталарын чаптоо, акырында люстраларды орнотуп, сырдоо менен курулуш бүтөт. Бирок, эгерде курулуштун алгачкы эки баскычы сапаттуу жасалган болсо, бул баскычтардын натыйжасы жакшы болот жана көпкө чыдайт.

Биз турмушубузда көп учурда өзүбүзгө жакшыдай сезилген нерселерге кол сунабыз, бирок, көп учурда алар Кудайда биз үчүн болгон нерседен жакшы эмес болуп чыгат. Биздин тандообуздун чектелүү экендигин көп сезебиз. Ыбрайым аялы Саранын үй кызматчысы Ажар менен жатып, андан балалуу болуудан башка арга жоктой сезилгени үчүн, Ыбрайым менен Сара ушундай чечимге келишет. Натыйжада, Ысмайыл төрөлөт. Ошого карабастан, Кудайдын Сөзүндө "...күң аялдын баласы эркин аялдын баласы менен бирге мураскор болбойт" (Гал. 4:30) деп ачык айтылган. Ыбрайым менен Саранын бул тандоосун Кудай актаган, бирок бул Ал дайыма эле ушундай кыла берет дегендикке жатпайт. Көп учурда мындай калпыс чечим жана жаздым кадам бизди күч-кубатыбыздан ажыратып коёт.

Эски Осуятта буга келтире турган далилдер көп, алардын бири - Шабыл. Ал бирөөнүн шыкагы менен Шемуел келгенче курмандык чалууну чечет. Мындай учурда анын тандоосу акталбай, ал падышачылыктан чыгарылган (1 Пад. 13). Мисал келтирүү менен, маанилүү чечимдерди кантип кабыл алуу керектигин карап көрөлү. Силер саякатка чыктыңар дейли, анан туристтердин көпчүлүгү кетип бараткан чыйыр жолду көрдүңөр, эркиңерден тышкары силер да ошол тарапка жөнөйсүңөр. Эгерде силердин жаныңарда тажрыйбалуу коштоочу болсо, мүмкүн ал өзү жакшы билген башка жол, кооз жерлер менен алып кетип, барчу жерге тез жетесиңер. Коштоочу силерге жакшы жолду тандап алууга жардам берет. Библияда: "Сенин сөзүң – бутума шам, жолума жарык" (Заб. 118:105) деп жазылган.

Эгерде силер Кудай Сөзүн жүрөгүңөргө жакшы сиңирип алган болсоңор, ошол сөз жолуңарга жарык чачып, акыл-эстүү чечим кабыл алууга чоң өбөлгө болот. Жогоруда Ыбрайым менен Сара, көп учурда болуп жүргөндөй, Кудайдын катышуусун чектеп, өздөрүнө

ыңгайлуу болгон чечимди кабыл алышкан. Келгиле, туура жолду тандап алууга багыт берүү үчүн Кудайдын Сөзүн изилдеп көрөлү.

## "Сенин үйүң үчүн ылайыксыз"

Биз Лиза экөөбүз үйлөнгөн алгычкы жылдары Даллас менен Орландо шаарларында жашадык. Алгачкы эки үйүбүздү алууга араңдан зорго каражат чогулттук. Ага чейин өзүбүз үй сатып алууга акчабыз жок болгондуктан, бир нече жыл батирде турдук. Биз кыялданып коюу үчүн гана дайыма ар түрдүү үйлөрдү кыдыра берчүбүз.

Качан үй сатып алууга каражат табылганда, адеп ошол акчага келе турган үйдү караштырдык. Сатыла турган үйлөрдүн көпчүлүгү кымбат эле, аларга акчабыз жете бербеди. Анда мен Далластагы жумушумдан жылына 18 миң, ал эми Орландодон 27 миң доллар алчумун. Батирде жашоого мындан ары болбойт эле, анткени биз эки балалуу болуп калганбыз, балдар ойной турган короосу бар үй керек болучу. Эки шаардан жыйынга жана ишибизге машина менен жетип баргандай жерден эки жума бою ылайыктуу үй издедик. Эки шаардан тең эң арзан үй - эконом-варианттагы типтүү үйдү сатып алуу оң экенин көрдүк. Эки үйдүн тең куруучулары өзүнүн арзан вариантын сунуш кылышты. Биз болсо дайыма эң арзанын тандап токтолчубуз.

Үйдүн ички жасалгасын тандоого убакыт келгенде, биз абдан кубандык. Сатып алуу боюнча менеджер көз тайгылткан материалдар толгон дүкөнгө ээрчитип келди. Анда дубалга чаптай турган мрамор жана ар түрдүү плиткалар, полго төшөлчү түркүн материалдар, кооз шкафтар, заманбап килемдер, шыпты жана каминди жасалгалай турган сейрек буюмдар бар эле.

Менеджер биз тандап алуучу буюм-тайымдарды көрсөттү. Бул залда мрамор жана акиташ плиткалар жок болучу. Клен, дуб жана сосна жыгачтарынан жасалган шкафтар да жок эле. Тандоого коюлган шыпты, каминди жана полго төшөлчү буюмдар да жок болучу. Болгону арзан килемчелер, линеолиум жана апилкеден жасалган шкафтар турган.

Биз башка, жакшыраак буюм-тайымдарды көрсөтүүнү өтүнгөнүбүздө ал: "Бул сиздин үйүңүз үчүн өтө кымбат турат", же: "Са-

паттуулугу үчүн кошумча төлөшүңүз керек" деп жооп берип жатты. Алардын баасын сураганыбызда, каражатыбыз жетпеген бааны айтты. Дүкөндөн Лиза экөөбүз шылкыйып, көңүлүбүз чөгүп чыктык, бирок, бири-бирибиздин көңүлүбүздү көтөрүүгө аракет кылдык.

## Жасоого жөндөмдүү

Биз ошол курулуш фирмасынын сатуу залын элестеткен дүйнөдө жашап жатабыз. Адамдарга көп учурларда: "Муну сен жасай албайсың", "Мынчалык кыялданбай эле кой", "Сен өтө көптү каалап жатасың", "Башыңды көтөрө бербей, башкалардай бол", "Жылкыңа карап ышкыр" деп айтышат. Мындай акыл айтуулардын чеги жок. Кээде булардын да туура жагы бардай сезилет, бирок эмнеси туура?

> "Биздин ичибизде күчү менен аракеттенип жаткан, сураганыбыздан да же ойлогонубуздан да артык кыла ала турган Кудай" (Эф. 3:20, заманбап орус котормосу CEV).

Бул аят биз тигил залдан сезип чыккан нерседен такыр башка маалымат берет. Кудай бизге чектелген өлчөмдөрдү бербейт. Анын чеги биз көргөндөн, кыялдангандан, ишенген жана сураган нерсебизден алда канча алыс, кенен.

Жөндөмдүү - сөз ачкычы ушул. Сиздерге мындай бир мисал келтирейин. Мультимиллиардер үч жаш ишкерге төмөндөгүдөй сунуш менен кайрылат: "Мен силердин кыялыңардагы бизнести каржылагым келет. Мага эч нерсе кайтарып берүүнүн зарылдыгы жок, мен болгону силердин турмушуңардагы ийгилигиңерди көргүм келет. Силердин ишиңерди баштоо үчүн канча каражат керек болсо, ошончо каражат берүүгө мүмкүнчүлүгүм бар".

Адеп кондитер ишканасын ачууну көздөгөн аял тигил кишиден жардам алат. Ага витрина, эки меш, көмөштан, идиш-аяктар, кассалык аппарат, таттуу тамактарды даярдоого керектүү нерселерди жана башка буюм-тайымдарды сатып алуу керек эле. Ал өзүнүн эсеп-кысап менен даярдалган планын алып келип, миллиардерге берип, 100 миң доллар сурайт. Тигил дароо аялдын банктагы эсебине которот.

Андан кийин жаш жигит келет. Ал бир нече үй курмак болгон экен. Ал бир нече жер тилкесин, курулуш материалдарын, жүк ташыган машина сатып алып, кеңсе үчүн чакан имаратты ижарага алгысы келгенин айтып, бизнес-планын сунат да, 250 миң доллар сурайт. Миллиардер анын банк эсебине ошончо акчаны которуп берет.

Эми үчүнчү ишкер - жаш келин келет, ал соода борборуна жакын бизнес-борборун жана оюн-зоок багын курууну болжогонун айтат. Шаардын четке белинен сатыла турган 400 гектарга жакын жер аянтын табат, ал жер сатууга коюлган тилкенин мыктысы эле, ошондуктан аны сатып алууга көп кишилердин мүмкүнчүлүгү жетпейт болучу. Ишкер аял ошол жерди сатып алууга макулдук алат. Максатын жүзөгө ашыруу үчүн долбоор иштеп чыгууга архитекторлордун тобун чакырат. Аларга бири-бирине жакын жайгашкан эки кеңсенин имаратынын, ички короосунун кандай болушу керектиги жөнүндө баяндайт. Белгиленген жердин экинчи бөлүгүнө заманбап соода бөлмөлөрү жана жакшы ресторандары бар көркөм соода борборун кургусу келгенин айтат. Дүкөндөрдүн үстүңкү кабаттарында мыкты турак үйлөр болот. Анын ортосунда беш жылдыздуу керемет мейманкана курулат. Калган жерге классикалык оюн-зоок сейил-багы болот. Буларды бойлой кеткен жол боюна сонун көчөттөрдү отургузуп, велосипед үчүн атайын жол салынып, акырында соода борборун курчай кооз көчөттөр отургузулат.

Анын ою боюнча бай ишкерлер, үйлөрдүн жашоочулары жана мейманкана коноктору ошол паркта эс алышат. Аларга жакшы соода бөлмөлөрүн, тынч жайларды, сонун ресторандарды, парктагы бөтөнчө кызык оюн-зоокторду сунуш кылат. Бизнесмендер, меймандар үчүн мейманканалардын сонун бөлмөлөрү болот. Мындан ташкары, комплекс туристтерди да өзүнө тартып турмакчы. Өлкөнүн чар-тарабынан келген эл эс алып, соода-сатык кылып, сейил-бакта басып, эксклюзивдүү мейманканада ыңгайлуу жайгашышат, ал ушундай болоруна үмүт кылат.

Аял бардыгын кынтыксыз бүткөрүү үчүн долбоор үстүндө архитекторлор менен бирге иштеди, чынында эле ал шедеврге айла-

нып баратты. Анан ал өзүнүн планын миллиардерге көрсөтүп, 245 миллион доллар сурайт. Мурдагыдай эле ал ошончо суммадагы каражатты дароо которуп берет.

Үч жылдан кийин баягы миллиардер үч ишкерди өзүнө чакырат. Алардын иштери кандай жүрүп жатканын билгиси келет. Биринин артынан бири өз иштери боюнча айтып беришет. Кондитер ишканасы айына эки миң доллар таза киреше берип атыптыр. Үй куруучу төрт имарат куруп, аларды сатып, үч жылдын ичинде 200 миңден ашык доллар тапкан.

Үчүнчү ишкер келин өзүнүн соода комплекси жөнүндө айта баштайт. Ал кезде анын мейманканасы 90 пайызга толуп калган, кеңсе имараттары 87 пайызга ээленген. Соода борбору 98 пайызга жакшынакай бөлмөлөр жана ресторандар менен толтурулган. Булардан түшкөн таза киреше айына эки миллион доллар эле. Шаардын бир нече областтарынын эстетикалык көркүнүн жакшырышына, жумушчу орундардын көбөйүшүнө, туристтердин арбын келишине, салык жыйымынын жогорулашына кошкон салымы үчүн анын комплекси Ардак грамота менен сыйланаары жөнүндө билдирүү келгенин айтты. Кирешеден түшкөн акчанын эсебинен шаардагы жакыр адамдар жашаган көчөлөрдө бекер тамак берүүчү ашкаларды да каржылап жүргөн. Мындан тышкары, көп миллион доллардан турган кирешенин белгилүү пайызын ушундай комплекстен башка да үч шаарга жарым жылдын аралыгында куруп бүтүү планы жөнүндө билдирди. Жаңы комплекстерди жетектей турган менеджерлердин үч тобун түзүп, аларды окутууга киришти. Кийинки беш айдын кирешеси башка негизги шаарларга жаңы беш комплекс курууга жетет деген үмүттө эле.

Бул аялдын баянын угуп отурушкан берки экөөнүн ындыны өчүп, жер карап калышты. Муну байкаган миллиардер эмне үчүн алардын көңүлү чөгө түшкөнүн сурады.

Кондитердик ишканасы бар келин озунуп сөз баштады: “Албетте, мырза, бул айым бизге караганда сизден көп акча сураган, ошондуктан биздикине салыштырганда мунун иши жакшы жүрүп жатат. Сиз каражатты көп бергендиктен, мунун мүмкүнчүлүгү да жогору”.

Миллиардер жаш куруучуга карап: “Сиз бул айымдын айтканына макулсузбу?” деп сурайт.

Жаш жигит: “Чынын айтсам, мырза, макулмун. Анын мүмкүнчүлүгү кыйла жогору эле” дейт.

Миллиардердин жардамчысы бар эле, ал булардын биринчи жолку жолугушуусу тууралуу журналга жазып койгон. Ошол журналды алып келди, меценат жардамчысына кайрылат: “Бул үч ишкерге мындан үч жыл мурда айткан сөздөрүмдү окуп бериңизчи”.

Жардамчы кыз: ““Мен силердин кыялыңардагы бизнести каржылагым келет. Силердин ишиңерди баштоо үчүн канча каражат керек болсо, ошончо каражат берүүгө мүмкүнчүлүгүм бар” деп окуйт.

Миллиардер жер карап отурган эки ишкерге көз чаптырып, алардан: “Силер бул айымдын көп каражат алганына эмне үчүн ич күйдүлүк кылып жатасыңар? Эмне үчүн мунун артыкчылыгы бар деп ойлойсуңар? Мен башында ар бириңерге максатыңарды жүзөгө ашырууга жете турган каражат берем дебедим беле. Мен силерге чек койгон жокмун, чынында силер сураган каражатты бердим. Эмне үчүн силер чоң пландарды көздөгөн жоксуңар?”

Анан миллиардер кондитердик ишканасы бар аялга кайрылды: “Эмне үчүн сиз чоң көлөмдөгү кондитер ишканасын пландаган жоксуз? Мен ошого жеткидей каражат бермекмин. Эмне үчүн кирешеси жогору турган маркетинг курганга каражат сураган жоксуз? Адамдарга сиз чыгарган продукция жагат, демек сизге көп киреше түшмөк. Анан да сизге негизги суроону бергим келет: эмне үчүн сиз планыңызга бүтүндөй шаар боюнча кондитердик тармактарды ачууну киргизбедиңиз, бул кийин бүтүндөй өлкө боюнча сиздин бизнесиңизге жол ачмак?”

Андан соң жаш жигитке кайрылып, ошол эле суроону берет: “Жылына бир гана үйдү куруп, аны сатуунун ордуна жыйырма үйдү куруп, сатуу үчүн эмнеге сиз бир нече адистерди окутуп жана субподрядчиктерди жалдап алган жоксуз? Сиз көптөгөн жумушчу орундарды түзө алмаксыз. Эмне үчүн чоң жер тилкесин сатып албадыңыз? Башка штаттарда да келишкен үйлөрдү салыш үчүн

эмнеге бул штатта жаңы кеңселерди уюштурбадыңыз? Мен сиздин бардык пландарыңыздын жүзөгө ашышына каражат бөлмөкмүн, анткени анын аркасы менен шаардагы жана бүтүндөй штаттагы үй-бүлөлөргө жардам бермексиз. Сиз ишиңиздин келечегин алысыраак көрө албагандыктан улам, жетишкен ийгилигиңиз да чектелип калды”.

## Молчулук

Биз машайакчылар катары, сезим түпкүрүндө анчалык көп нерсеге ээ болбошубуз керек деп ойлойбуз. Бирок, мындай ой жоруу Кудайдын Сөзүндө чагылдырылабы? Ыйса мындай дейт:

> “Анткени кимде бар болсо, ага дагы берилет, аныкы мол болот” (Мат. 25:29, NLT, англ. тилинен которулган).

Кудайда молчулук жаатында эч кандай көйгөй жок. Ал кайра бардарчылык бизди басып алышына каршы. Айырмасы эмнеде? Бардар адам өз коломтосуна гана күл тартып, болгон сайын болсом экен, жеткен сайын жетсем экен деген мүдөөгө берилип калат. Болбосо, коркунучтан улам көр дүйнөнү чогултууга умтулат.

Жыйырманчы кылымдын акырындагы гүлдөп-өнүгүү жөнүндөгү дарсты угушкан адамдардын көпчүлүгү дал ушундай сезим менен алып-жулуп калууну көздөшкөн. Ушул себептен улам көптөгөн лидерлер жана ишенүүчүлөр Кудайдын молчулук жөнүндөгү чындыгын айтпай калышкан. Көптөгөн адамдар гүлдөп-өнүгүү деген сөздү жек көрө башташкан. Бирок, Падышачылык үчүн адамдардын турмуш-шартын жакшыртуу менен дагы масштабдуу жана жемиштүү иштеш үчүн молчулуктун зарыл экендиги чындык. Балким, ошондуктан да Кудайдын: “Сүйүктүүм, рухий жашооңдо ийгиликке жетишкендей эле, калган бардык нерседе ийгиликке жетип, сак-саламат болушуң үчүн сыйынам” (3 Жкн. 2) деп айтып жаткандыр.

Мисалда көрсөтүлгөндөй, мультимиллиардер бир аялга бергендей, 245 миллион долларды калган экөөнө берген жок. Үч адамдын алдыга койгон ой-максаттарына жараша каражат бөлүп берди. Эгер-

де биз Ыйсанын бардарчылык жөнүндө айткан притчаны иликтеп көрсөк, адегенде үчөөнүн алган акчасы ар башка болгонун көрөбүз. “Ар бирөөнүн алына жараша: бирине беш, бирине эки, бирине бир талант берип, жолго чыгат” (Мат. 25:15). Алардын жөндөмдүүлүктөрү канчалык алысты көрө билгендерине байланыштуу эле.

Келтирилген мисалда биринчи аялдын кыялында кичинекей кондитердик ишкана гана болгон. Жаш жигит жылына бир нече үй курууну көздөгөн. Үчүнчү аялдын (ал келечекти алда канча жакшы көрө билген) мүмкүнчүлүгү кыйла жогору эле.

Болгон күчтү жакшы пайдалана билүү - демек үйлөрдү куруу, Падышачылыкты куруу үчүн пайдалануу дегендик. Эгерде бул үлгүлүү ңгемеге дагы жакыныраак үңүлө турган болсок, кызыктуу фактыны көрө алабыз. Бир кожоюндун эки кызматчысы бар эле. Алар өздөрүнө берилген нерсени жоготпостон, кайра көбөйтүп турушту. (Жогорудагы үч ишкер жөнүндөгү мисалда бирөө гана кирешесин көбөйтө алган). Ыйсанын үлгүлүү аңге (Мат. 25:21, 23т карагыла).

Ага ишенип берилген нерселерди сактап койгон кызматкер жалкоо деп сыпатталган. Ал кожоюнга кайрып берген кумуш молчулукта жашаган адамга кошулуп берилген. Ал дамдын он мушөк алытынын кожоюн он бир үшөк кылып берген. Чындыгын айтканда, мындай кадам социалисттик түзүлүштөн алыс, турган кадам, бул капиталисттик кадам.

Биз жакшы машайакчы “коргоно билет” деп ойлойбуз. Башкача айтканда, колунда болгон аз нерсесине каниет кылган адам болот, бирок чыныгы турмушта ал жалкоо деп эсептелет. Адамга берилген Кудайдын биринчи осуятында: “тукумдагылаө жана көбөйгүлө” (Башт. 1:22) деп айтылган. Мында Кудай балдар жөнүндө гана айткан эмес. Ал минтип жарыялаган: “Мен силерге бергендердин бардыгын көбөйтөсүңөр жана Мага кайтарып бересиңер деп күтөм”.

Кудай мага адамдарды окутуу жөндөмүн ишенип берген. Анын бул батасы (биздин команданын, өнөктөштөрдүн, аялымдын жана менин ичимдеги аракеттегеи күч) менен көбөйөт жана бүткүл дүй-

нө боюнча окуулар, китептер, социалдык тармактар, дүйнөдөгү пасторлордун жана лидерлердин арасында миллиондогон материалдарды таратуу, башка окутуучуларга жардам берүү аркылуу Ага кайтарылат. Бүгүнкү күндө Ал менин жаш кезимде элестеткенимден да алда канча көптү жасады. Бирок, булардын бардыгына менин бере турган эки жообум бар.

Биринчиден, мен Аны бир нерседен чектеп койгон жокмунбу? Экинчиден, Ал эмнеге жөндөмдүү экенин билгенимде абдан кубанам! Бул эки нерсе бирдей эле убакта мендеги момундукту жана дилгирликти жаратат.

## Биздин контейнер

Ар бирибизге Ал алда канча көп нерсени бере алар эле. Муну түшүнсөңөр да, түшүнбөсөңөр да биз өзүбүзгө өзүбүз чектөө коюп койгонбуз. Эфестиктерге жазган катта (3:20) бул чектөө адамдарга жардам берүүнү каалоо менен "сурануубуз жана ойлообуз" аркылуу белгиленет. Кудайдын бизге жиберген: "Менин сага берген жыргалчылыгым сен койгон чектен алда канча ашып кетиши мүмкүн" деген осуяты бизге түшүнүктүү. Ыйса: "...ишенген адамга бардыгы мүмкүн" (Мк. 9:23) деген.

Биздин чегибизди биз чексиз булакка канчалык жакындаганыбыз чечет. Менин миллиардер жана үч ишкер жөнүндөгү таржымалымда: биринчи ишкердин контейнерине 100 миң доллар, экинчисине 250 миң доллар, үчүнчүсүнө болсо – 245- миллион доллар керек болгондугу аян болуп калды.

Чынын айтсам, Кудайды биздин "контейнерлерибиздин" көлөмү чектеп турат. "Эмне үчүн силер эптеп-септеп жашаганга жетерлик гана оокат болсо деп ойлойсуңар? Эмне силер бир гана өзүңөр жана үй-бүлөңөр жөнүндө ойлойсуңар? Эмне үчүн силер Мен силерге берген потенциалдын баарынан сузуп албайсыңар? Менимче, бул жаман иш. Бул жалкоолук" деп Кудай бизден сурашы мүмкүнбү?

Мына ушундан улам Пабыл биздин билишибиз жана түшүнүшүбүз үчүн ынтызарлык менен сыйынат:

> “...ишенген биздин ичибизде аракеттенип жаткан Анын кудурети канчалык ченемсиз экендигин таанып билишиңер үчүн” (Эф. 1:19, англ. тилинен кеңири котормо).

Бул аяттагы мен белгилеген сөздөргө көңүл буруп, карап көргүлөчү. Ар бир сөзгө назар салып, мааниси жөнүндө ой жүгүрткүлө. Чексиз - демек, ченөөгө болбойт. Өлчөөсүз - демек, өлчөөгө болбойт. Эң сонун - ааламда андан башка күч жок.

Бардык күч биздин ичибизде экенине көңүл бургула. Бул тактын залынан мезгили мезгили менен алып жаткан күч эмес. Бул эми биздин ичибизде да болгон Анын күчү.

Аны баарыбызга жетет, аны баарыбыз ала алабыз. Ал биздин көбөйүшүбүзгө мүмкүнчүлүк берет. Биздин ийгиликтерибиздин жаралышына жардам берет. Ал башкаларга жардам беришибизге түрткү болот. Анын шарапаты менен жүзүбүз жарык болот.

## Жашоодогу падышачылык

Кудайдын ырайымына чек жок. Бул куткарылуунун, кечирүүнүн бекер белеги, татыктуу өмүр үчүн жаңы жаратылыш жана күч. Ошондой эле, Ал биздин көбөйүшүбүзгө, иштиктүү болушубузга жана турмушубузду башкара билүүбүзгө мүмкүндүк берет. Кудайдын ырайымы чынында эле керемет! Пабылдын төмөнкү сөздөрүн кунт коюп окуп чыккыла:

> “...ким белек кылынган адилеттиктин жана ырайымдын байлыгын кабыл аласа...Ыйса Машайак аркылуу өмүргө бийлик жүргүзүшөрү да анык” (Рим. 5:17, жаңы орусча котормо).

Бул аныктоонун шаңдуулугу чындыкка коошпогондой сезилет, анткени аны колдонуу кереметке окшойт. Балким, ушундан улам болсо керек, көп адамдар буга көңүл бура беришпейт. Кудайдын ырайымы менен биз жашоодо бийлик жүргүшүзүбүз керек. Бизге кандай тоскоолдуктарды жаратса да, бизге аларды жарып өтүүгө күч берилген. Бул жердеги жашоо биздеги жакшы нерселердин бардыгын сыгып албашы керек, биз мында бийлик жүргүзүү үчүн

келгенбиз. Бизге таасир этүү сферабызга бөтөнчө өзгөртүүлөрдү киргизүү мүмкүндүгү берилген. Бул биздин мандатыбыз.

Бул иш жүзүндө кандай көрүнөт? Биз чектен ашып өтүү үчүн бул статус-кводон чыгып кетүүгө тийишпиз. Биз таасир этүүгө - аягында эмес, башында болууга, төмөндө эмес, жогоруда болууга чакырылганбыз (Мыйзам. 28:13тү карагыла). Биз өз жашообуздун кыйын-кезең учурларын жеңип өтүүгө гана эмес, кабарсыз болгон адамдарга Кудайдын осуяттарын жайылтууга тийишпиз. Биз Кудай жөнүндө кабары жок дүйнөдө лидер болууга тийишпиз. Адатта баш багытты, курсту, жолду көрсөтөт, а куйрук болсо аны ээрчийт. Биз бирөөнүн ишин улантуучу эмес, коомдун бардык тармактарындагы лидерлерден болушубуз керек. А турмушта ушундайбы? Же биз Кудай жакшы деп эмнени атаганын түшүнбөйбүзбү?

Түшүнүктүүрөөк айтканга аракет кылайын. Эгерде силер медицина тармагында иштеген болсоңор, анда Кудайдын ырайымы менен силерде оорулууну дарылоонун жаңы-инновациялык жөндөмдүүлүктөрү ачылат. Силердин ийгиликтериңер кесиптештериңиз суктанып, таң калышы керек жана силердин ишиңер аларды шыктандырышы керек. Силердин жаңылыктарыңызга жана акылмандыгыңызды карап туруп, алар: “Бул мындай идеяны кайдан алып жатат?” деп кежигелерин кашыйт. Мындай учурда силер кубанып гана тим болбой, бул багытта дагы жаңы жеңиштерге умтуласыңар. Башкалар да шыктанып, силерди ээрчишет, алар силердин жөндөмүңөрдүн булагын табууга аракеттенишет.

Эгерде силер интернет-сайттын дизайнери болсоңор, башка адамдар да силерден шыктанышы үчүн ишиңер заманбап ыкма, жаңылык менен коштолушу керек. Бул багыттагы силер жана башка ишенүүчүлөр, коомчулук артыңардан ээрчий тургандай жол салышыңар керек. Ошондо силер өзүңөрдүн жаңылыгыңар, ийгиликтериңер менен дайыма керек болосуңар. Силер дайыма бир кадам алдыда жүрөсүңөр, андыктан башкалар таң калышып: “Бул мынчалык чыгармачылык шыкты кайдан табат?” деп шыпшынышат. Силер өз билимиңерди башкаларга таратуу менен Падышачылыкты байытып жана өзүңөрдүн тармагыңарды кеңейтип, көбөйөсүңөр.

Эгерде силер жалпы билим берүүчү мектептин мугалими болсоңор, анда ичиңерде жүргөн Кудайдын ырайым күчү менен билим берүүнүн жаңы, чыгармачылык жана өзгөчө ыкмасын өнүктүргүлө, анын маанисин жана алгылыктуулугун өз окуучуларыңарга жеткиргиле. Мунун аркасында окуучулардын билим деңгээлин көтөрүп, башкалардын оозун ачырасыңар. Сизлердин кесиптештериңер өз ара: “Бул мындай идеяларды кайдан алат?” деп таң калышат. Силер окуучуларыңардын жөндөмдөрүн өркүндөтүү жана башка мугалимдердин тажрыйбасын жогорулатуу аркылуу көбөйө аласыңар.

Эгерде силер ишкер болсоңор, анда башкалардан артыкчылык кыла турган продуктыларды жана техникаларды сатуунун жаңы жолдорун ойлоп таба аласыңар. Башкалардан кыйла өзгөчөлөнгөн маркетингдик стратегияны колдоносуңар. Эмне пайдалуу жана эмне пайдасыз экенин жеңил түшүнүп каласыңар. Качан сатып алуу, качан сатуу, качан кирүү жана качан чыгуу керектигин билесиңер. Башка ишкерлер силердин ийгилигиңердин сырын биле албай, желкелерин кашыйт. Силер жаш ишкерлердин иштерин өркүндөтүү жана Падышачылыктын курулушуна көп каражат бөлүү менен сиз көбөйөсүңөр.

Эгерде силер музыкант, тергөөчү, спортсмен, окумуштуу, полицейский, стюардесса, үй кызматчысы, медия тармагынын, аскер кызматкери же башка багыттагы кызматкер болсоңор да ушул принципти кармансаңар болот. Мына ушулардын бардыгы биздин мандатыбызга мисал болуп бере алат.

Ар бирибиз коомдун ар кандай тармактарында эмгек кылууга чакырылганбыз. Биз кай жерде болбойлу, бийлик жүргүзүүгө жана лидер болууга тийишпиз. Башкалар кыйынчылыкка туш болуп жаткан күндө да, биздин ишибиз натыйжа берип турушу керек. Биздин аймак кыйла коопсуз болуп, жагымдуу жана өнүгүп турушу керек. Биздин жумушчу орундарыбыз көбөйүшү зарыл. Музыкабыз башкалар суктанып, бизди туурап киргендей жаңы, оригиналдуу болушу керек. Биздин графикабыздын, видео жана архитектурабыздын дизайндары да ушундай болушу шарт. Биздин чыгармачылык кайсы деңгээлде болбосун шыктандырып турсун.

Спортто, оюн-зоок индустриясында, искусстводо, ММКда же бардык тармактарда биздин жетишкендигибиз айырмаланып турушу керек. Такыбаа адамдар башкарган шаарлар, аймактар жана мамлекеттер өнүгүп турат. Биз окутуп, жетектеген мектептер мыкты болууга тийиш. Ишенүүчүлөр иш баштаганда чыгармачылык, жаңычылдык, жемиштүүлүк, токтоолук, ынтызарлык жана чындык ашыгы менен өкүм сүрөт. Биз Ыйсанын шакирттери катары караңгы дүйнөдө шамчырак болушубуз керек. Ошондуктан, чындап келгенде, Кудайдын ырайымы менен караңгы коомдун ортосунда өзгөчөлөнүп турууга тийишпиз.

## Нормадан тышкары

Даниел жөнүндөгү күбөлүктү окуп көрсөңөр:

> "Даниел башка төрөлөрдөн, дубан башчыларынан жогору эле, анткени анда күчтүү рух бар эле. Падыша аны бүт падышачылыктын үстүнөн коюуну ойлоду" (Дан. 6:3. NIV, англ. Тилинен которулган).

Бул өзүнчө керемет. Биринчиден, Даниелдин айырмаланып турганына көңүл бургула. Бул жерде Кудай Даниелди айырмалады деп айтылган жок. Библиянын бардык котормолорунда Даниел айырмаланды деп айтылат. Те Message котормосунда ал башка төрөлөрдөн: "толугу менен айырмаланды" деп айтылат.

Буга Даниел кантип жетти? Ал Кудайдын ырайымына татыган адам эле, андыктан бөтөнчө сапаттарга ээ болгон. Ичибизде Кудайдын Руху бар ар кимибиз ошондой болууга тийишпиз.

Ыйык Жазуунун америкалык Жаңы үлгүлүү котормосунда: "Даниел айырмалана баштады... анткени анда ашып-ташкан рух бар эле" деп айтылат. Ашып-ташкан деген сөз "статус-квону бузуп кете турган, жалпы өлчөмдөн артыкчылык кылган эң жогорку чек" деген маанини билдирет. Кээде сөздүн карама-каршы маанисин, башкача айтканда, антонимин иликтеп көргөндө түшүнүктүүрөк болот. Ашып-ташкан деген сөздүн мисалында айтканда - кадимки, айыр-

маланбаган, кадыресе деген маани келип чыгат. Жөнөкөй жашоонун карама-каршысы - ашып-ташкан экстраординардык рух бар жашоо.

Даниелде ушундай рух болгон. Эгерде бизде экстраординардык рух болсо, анда денебиз да, жаныбыз да ошого баш ийиши керек. Андай болбосо, анда биздеги чыгармачылык, гениалдуулук, акылмандык, билимдүүлүк жана турмушубуздагы башка аспектилер башка нукта өнүгөт. Эгерде чындыгында бизде жана биз үчүн Кудайдын ырайымы бар экенин түшүнсөк - анда алдыбыздагы чектөөлөр жок болот.

Кудайдын керемети жөнүндөгү ичибиздеги өлчөмсүз, чектөөсүз жана ажайып сөздү унутпайлы. Даниел Кудай менен болгон байланышты бекем чыңдап алган. Ал аягында эмес, башында болуу керек деген Кудуреттүүнүн осуятын билген. Биздин Кудай менен болгон келишим Даниелдин Аны менен болгон келишиминен да алда канча күчтүү.

Ушул абалды кунт коюу менен карап көрөлүчү. Ал кичинекей Израилден үч досу менен колго түшүп, дүйнөдөгү эң күчтүү мамлекетке жеткирилет. Эгерде сиз америкалык болуп, өткөн кылымда биздин мамлекетибиз эң күчтүү болгон деп ойлосоңуз - жаңылышасыз, анткени ал Вавилонго да теңтайлаша алган эмес. Вавилондуктар бүткүл дүйнөнү башкарышкан. Алар экономикада, саясатта, аскер искусствосунда, социалдык, илимий, билим берүү жана көркөм тармактарда биринчи катарда болушкан.

Вавилон эли бардык жагынан дүйнөдөгү эң алдыңкы эл болушкан. Ошондой болсо да, Даниел жана анын достору жөнүндө төмөндөгүдөй жазышкан: “Падыша алардан эмне жөнүндө гана сурабасын, алар бардык нерседе терең акылмандык көрсөтүштү. Ошондо падыша алардын өзүнүн бүт падышачылыгындагы жашыруун сырларды билүүчүлөр менен сыйкырчылардан он эсе жогору турарын билди” (Дан. 1:20). Башка котормолордо он эсе жакшы, он эсе акылду жана он эсе көп түшүнгөндөрү жөнүндө айтылат. Алар бул өлкөнүн акылмандарынын түшүнө да кирбеген идеяларды ойлоп табышкан жана алар иштеген. Чындыгында, алардын чыгармачылы-

ктары, жаңы табылгалары жана түшүнүктөрү Кудайдын Рухуна ээ болбогон башка жетекчилерге караганда, он эсе күчтүү болгон.

## Даниелден да көбүрөөк

Эми булардын бардыгын түшүнүү менен, Ыйсанын төмөнкү сөзүн окуйлу: "...аялзатынан төрөлгөндөрдүн ичинен чөмүлдүрүүчү Жакандан чоң бир да пайгамбар жок" (Лк. 7:28). Бул демек, Жакан чөмүлдүрүүчү Даниелден жогору экендиги айкын дегендик. Ал экөөнү иштери боюнча салыштырууга аракет кылбагыла. Жакан рухий кызматта, ал эми Даниел жарандык мамлекетте кызматта болушкан. Бирок, Ыйса Жакандын андан жогору турарын айтат. Бирок, кийин Ал минтип кошумчалайт:

> "...бирок Кудайдын Падышачылыгындагылардын эң кичинеси андан чоң" (Лк. 7:28).

Эмне үчүн Падышачылыкта кичине Жакандан чоң? Ыйса адамзатты бошотуу үчүн айкаш жыгачка кадала электе Жакан жогорку рухка ээ боло элек болучу. Жакан жөнүндө: "Бул дүйнөдө Ыйса кандай болсо, Жакан чөмүлдүрүүчү да ошондой" (1 Жкн. 4:17) деп айтууга болбойт. Бирок, минтип биз жөнүндө айтылган! Жакан кайра тирилген эмес жана Ыйса менен бирге асмандагы такка отургузулган эмес (Эф. 2:6), булардын баары бүгүн бизге тиешелүү. Мына ошондуктан, Падышачылыктагы эң кичинекей нерсе азыр Жакандан чоң. Биз ушуну түшүнө алабызбы*?*

Айрым окумуштуулар Ыйса жерде кайра тирилгенден тартып бүгүнкү күнгө чейин эки миллиард машайакчы жашап өткөнүн белгилеп жүрүшөт. Мына ошол эки миллиард адамдын ичинен сизди эң кичинеси дегенге болбойт, бирок ошондой болсо да, бары бир сиз Жакан чөмүлдүрүүчүдөн чоңсуз! Бул сиздин Даниелден чоң экениңизди билдирет*!*

Эми мындай суроо пайда болот: "Сиз өзүңүздүн ким экендигиңизди, чынында, билесизби? Башкалардан айырмалана аласызбы? Сиз он эсе эстүүсүзбү, акылдуусузбу, же жакшысызбы? Ыйса

аркылуу Кудайдын осуятын кабылдабай туруп, өзүңүздүн кесиптештериңизден он эсе тапкыч, оригиналдуу, табышкер боло аласызбы? Боло албасаңыз, эмне үчүн? Биз Кудайдын чексиз ырайымына ишене албашыбыз мүмкүнбү?

Келгиле, дагы бир аз ойлонуп көрөлү. Ыйса биздин бул "дүйнөгө жарык" (Мф. 5:14) экенибизди айтат. Жаңы Осуятта бизге, Анын балдарына, жазылган аяттарда караңгынын арасындагы жарык катары көп жолу белгиленет (Мат. 5:14-16; Жкн. 8:12; Элч. Ишт. 13:47; Рим. 13:2; Эф. 5:8,14; Кол. 1:2; Флп. 2:15; 1 Тес. 5:5; 1 Жкн. 1:7,2:9,10). Караңгы дүйнөдө жарык болуу - биздин Машайак менен болгон жашообуздун башкы темасы.

Дүйнөгө жарык болуу деген эмне? Көп адамдар муну өзүн жакшы алып жүрүү, боорукер, жакшы адам болуу жана Жакандын 3:16 осуятынан жатка билүү деп эсептешет. Эгерде Даниел да ушул осуяттын маанисине ошондой караса эмне болмок? Эгерде ал Вавилондун өкмөт үйүнүн коридорунда баратып, күн сайын адамдарга жакшы мамиле кылуу максатын коюп, өз кесиптештерине: "Эй, вавилондук акылмандар, 22-Забурда: "Теңир - менин Кайтаруучум, мен эч нерсеге муктаж эмесмин" деп жазылып турат" деп айтып турса эмне болот эле?

Эгерде Даниел күн сайын кеңседен сыйынуу үчүн (ал күндө сыйынып турган) чыгып баратса, аны көргөн төрөлөр жана сарай кызматчылары эмне дешмек? Алар: "Ушул фанатиктин кеткени ырас болбодубу. Күн батканча сыйынса керек. Бул өзүнчө бир кызык неме!" дешкенине ишенип турам.

Алар эмне үчүн Даниел сыйына албагандай мыйзам ойлоп табышты (Дан. 6;6-8ди карагыла)? Аларга караганда Даниел он эсе эстүү, акылдуу, он эсе билимдүү, чечимдерди кабыл алууда тапкычтыгы жана чыгармачылыгы менен өзгөчөлөнүп турчу, балким, ушундан уламдыр. Аны дайыма кызматынан жогорулатып турушкан, акыры бардыгына башчы кылып дайындашты, балким, ушул себептен ич күйдүлүк кылышкандыр.

Бул кишилер аны түшүнө албай, балким, өз ара: "Түшүнбөйбүз! Бизди бул дүйнөдөгү эң мыкты, эң акылдуу мугалимдер, оку-

муштуулар окутушту. Бул жигит кайсы бир кичинекей, түнт мамлекеттен келген. Өзүнүн идеяларын кайдан алат болду экен? Бизден жакшы болууга кантип жетишип жатат? Балким, кептин сыры күнүнө үч маал сыйынып жүргөнүндө болуп жүрбөсүн. Келгиле, мындан ары айырмалана албай жана бизден жогору боло албай калсын үчүн анын сыйынышына каршы мыйзам ойлоп табалы!" (албетте, алар башка да максаттарына – Даниелдин камалып калышына жетишти), деп шыбырашышкандыр.

Даниел шам чырактай жадырап жүрө берди, анткени ал бөтөнчө адам эле. Өзүнүн эң мыкты адамдык сапаттарынын аркасында өзүнүн замандаштарына жарык жүз менен көрүнгөн. Ич күйдүлүктөн анын ийгилигин көрө алышкан эмес. Бирок, падышанын өзү да, башка көптөгөн адамдар да Даниелдин жөндөмүнөн улам Кудайдын тирүү рухунун күбөсүн көрүштү деп ойлойм. Анын артыкчылыгы алардын көңүлүн буруп, Даниел ишенген Кудайды урматтоого мажбур кылды. Башка адамдар анын Кудайдын Сөзүн жакшы билип, күнүнө үч жолудан сыйынганы үчүн гана байкашкан жок, өз ишин башкалардан алда канча мыкты жасагандыгы жана такыбаа, момун мүнөзү үчүн байкашты. Анын ички негизи, түзүлүшү жана башка сапаттары эң сонун эле.

## Менин жашоомдогу далил

Кудайдын ырайым күчүнө өз турмушумда күбө болгом. Мен үчүн мектеп сабактарынын ичинен англис тили жана сочинение жазуу эң оор эле. Үч беттен турган сочинение жазууга тапшырма берилгенде мага тозок көрүнө түшкөндөй сезилчү. Бир нече саат отурсам да, жанымды кыйнап атып, араң дегенде жарым барак толтурчумун. Чиймеленген барактардын улам бирин бырыштырып ыргыта берчүмүн. Бүтүрүү экзаменинде англис тилинин оозеки сабагынан 800 баллдан араңдан зорго 370 балл алгам. Мунун канчалык төмөнкү баа экенин түшүнсөңүздөр керек.

1991-жылы сыйынуу учурунда Кудай менин китеп жазышымды каалап жатканы жөнүндө аян алдым, ошондо Ал мени башка бирөө

менен алмаштырып алды го деген ойго кеттим. Ыйык Жазуудагы Саара сыяктуу, каткырып күлүп алдым. Бүтүндөй китеп түгүл, анын кичинекей бөлүгүн да жаза алмак эмесмин. Ал кезде менде Кудайдын чексиз жана эң сонун ырайымы бар экенин көңүлүмө албаптырмын.

"Китеп жазуу" тууралуу Кудайдан аян алганыма тогуз ай өтүп кетти. Бул мезгилдин аралыгында ар кайсы штаттан эки аял эки башка мезгилде келип: "Джон, сенин жазышыңды Кудай каалап жатат. Эгерде сен каалабасаң, анда Ал бул тапшырманы башка бирөөгө берет" дешти. Ушундан кийин Кудайдын каалоосу менен болуп, Анын ырайымынан толугу менен көз каранды экендигимди моюнга алдым. Бул баяндын уландысын кийинки бөлүмдөрдө айтып берем. Азыр болсо, буга чейин он тогуз китеп жазып, алар миллиондогон нуска менен чыгып, дүйнөнүн токсондон ашык тилине которулганын гана белгилей кетмекчимин.

Анын ырайымы мага жазууга гана эмес, сүйлөөгө да мүмкүндүк берди. Үйлөнгөндөн кийинки менин биринчи насаат сөзүмдү алдыңкы катарда угуп отурган Лиза уктап калды. Анткени, менин насаатым жакшы чыкпады. Анын жанында жакшы курбуларынын бири отурган, ал ушунчалык катуу уктагандыктан, анын чоң ачылып калган оозунан шилекейи куюлуп калганын көрдүм. Мени ушинтип колдошкон! Азыр адамдар антип укташпайт. Мурда мен өз күчүмө таянып насаат айтсам, азыр Анын ырайымына ишенип, ага баш ийгенди үйрөндүм.

Ушул эки жакта өз күчүм менен эч нерсени жасай албадым. Бирок, Кудай мага миллиондогон адамдарга кызмат кылууга артыкчылык берип келет.

## Чыныгы жакшы жашоо

Эми такыба жашоо үчүн жүрүп жаткан өзүбүздүн баяныбызды жыйынтыктап көрөлү. Эгерде сиз ишене алсаңыз, анда сиз үчүн мүмкүн болбогон эч нерсе жок. Анткени, Ал силер сурагандан же үмүт эткенден алда канча көп берип, силер аркылуу түшүнөргө кирбеген нерсени жасап коё алат. Ал берген ички күч - өлчөмсүз,

чексиз жана бардыгынан ашып түшөт. Силердин жашооңор Лиза экөөбүз жаңы үйүбүздү жасалгалоого материал издеп кыйналгандагыдай болбошу керек. Силердин алдыңарда чек жок, анткени силердин ким экениңер жана эмне жасап жатасыңар - мунун бардыгы Кудайдын ырайымы! Өз түшүнүгүңөрдү кеңитүүгө Ыйык Рухка мүмкүндүк бергиле. Чоң нерселерге кыялдангыла, ишенгиле жана алга умтулгула.

Бул бөлүмдө айтылгандарды жүзөгө ашыруу үчүн маанилүү себеп бар. Бул чекке түшүнө албай, көп мезгилде көңүлүбүздү чөгөрүп, ал тургай ийгиликке жана көбөйүүгө бараткан жолдо адашып да кетишибиз мүмкүн. Кийинки бөлүмдө айырмачылык деп аталган бул чекти талкуулайбыз.

# 15

# АЙЫРМАЛОО

Күчтүү тамак болсо акыл-сезими
жаман-жакшыны айырмалай билүүгө
көнүккөн жеткилең адамдар үчүн.
— Эврейлерге 5:14

Ыйыктык – бул тандалгандар үчүн ашкере
байлык эмес, бул- мен жана сен үчүн
аткара турган милдет.
— Тереза Апа

Толук жашка келген адамдар - физикалык жагынан эмес, бирок рух жагынан жетилген адамдар. Биз ымыркай болуп төрөлөбүз да, анан өсүп-чоңоюп отуруп, бойго жетебиз. Ошол сыңары эле, рух жагынан да ымыркай болуп төрөлүп, анан Ыйса жеткен чекке чейин толук өсүп жетилишибиз керек. Ушул эки жаш курактын ортосунда белгилүү бир айырма бар. Физикалык жактан жетилүү - мезгилге байланыштуу. Сиз эки жаштагы баланын боюнун алты фут болгонун качандыр бир кезде көрдүңүз беле? Мындай бойго он беш, жыйырма жаштагылар гана жетет. Бирок, рухий өсүү мезгил өтүү менен пайда болбойт. Сиз качандыр бир кезде Ыйсада бир жыл болгон ишенүүчү адамдын жыйырма жыл мурда куткарылган адамдарга караганда кыйла жетилгенин көрдүңүз беле?

Эврейлерге жазган Катта (5:14) айтылгандай, жетилүү белгиси – бул, ички туюм аркылуу чыныгы жакшылык деген эмне жана жамандык деген эмне экенин так ажырата билүү жөндөмдүүлүгү.

Дал денеңиздегидей эле, жүрөгүңүздүн да беш сезүү жөндөмдүүлүгү бар экенин белгилеп кетүү маанилүү. Бул Жазуунун

бардык жеринен көрүнүп турат. “Татып көргүлө, ошондо Теңирдин кандай жакшы экенин көрөсүңөр!..” (Забур 33:9). Бир аятта дароо эки сезим жөнүндө айтылат.

Ыйса бир жолу көптөгөн адамдарга: “Кимдин кулагы бар болсо, ал уксун!” (Мат. 11:15) деп айткан. Аны угуп отурган адамдардын бардыгынын кулактары жакшы уккан, бирок Ал ички, жан-дүйнөнүн кулагы жөнүндө айткан.

Пабыл Кудайдын Ысрайыл элине болгон кайрылуусунан келтирген: “...арам нерселерге жолобогула, ошондо Мен силерди кабыл алам” (2 Кор. 6:17). Ошол эле апостол: “...Өзүн таанып билүүнүн жагымдуу жытын ар кайсы жерде биз аркылуу таратып жаткан...” (2 Кор. 2:14) Кудай экенин айткан.

Сезүү органдарынан бешөөсү тең ушул төрт аятта гана саналып өтөт!

## Айырмалоо

Биз өзүбүздү жакшылык менен жамандыкты чаташтырып алуудан кантип сакташыбыз керек, айрыкча жалган күч алган кезде? Жаман нерсе жакшы, жагымдуу жана акылдуу болушу мүмкүн деп ишенип, алдамчылыкка кабылып калган Обо сыяктанып, канткенде биз алдамчылыкка кабылбай калабыз? Жообу – айырмалай билүү аркылуу. Аны өзүбүздө кантип өнүктүрө алабыз? Чыныгы такыбаалык коркунуч аркылуу.

Пайгамбар Малахия акыркы мезгилде ишенүүчүлөрдүн - Кудайдан корккон жана коркпогон эки тобу пайда болорун алдын ала айткан. Кудайдан коркпогон адамдар кыйын күндөргө туш болушканда даттанып, күңкүлдөп жана өздөрүн башкаларга салыштыра беришет. Аларга Кудайга кызмат кылуу жакпайт, ошол эле учурда куугунтуктоодон, ар кандай кырсыктан коркушат, анан да Кудайга ишенбеген, адилетсиз адамдардын дуулдап жашап жаткандарына наалышат.

Кудайдан корккондор деле ошондой кыйынчылыктан өтүшөт, бирок башкача. Алар Кудайдын ырайымына таянышат. Алар Анын кыйын-кезең ал-ахыбалдары жөнүндө кам көрөрүнө ишенишет.

Ошондуктан, өздөрүнүн убактылуу ыңгайсыз жашоолоруна эмес, Кудайдын каалоолоруна, Падышачылыктын планына көп көңүл бөлүшөт. Анын ишенимдүүлүгүн билишет, алар ошону менен калыптанышкан. Алардын мамилелери төмөнкүдөй болот:

> “Анжыр гүлдөбөй калса да, жүзүм сабагы мөмө бербей калса да, зайтун дарагы жемиш бербей калса да, эгин талаасы аштык бербей калса да, короодо майда мал калбай калса да, акырларда байланган бодо мал калбай калса да, мен Теңирим менен кубанам, мени куткарган Кудайым менен шаттанам. Кудай-Теңир менин күчүм, Ал менин буттарымды бугунун буттарындай кылат, мени өзүмдүн бийик жерлериме чыгарат!” (Хаб. 3:17-19, The Message, англ. тилинен которулган).

Кудай Малахия пайгамбар аркылуу Ысрайыл элин Өзүнүн бөтөнчө кенчи кылаарын айткан. (Пабылдын “өзгөчө идиш” жөнүндө айтканы эсиңердеби, 2 Тим. 2:21). Малахия Кудайдан корккон адамдар үчүн эң сонун артыкчылыктар болорун эскерткен: “Ошондо адил адам менен ыймансыз адамдын, Кудайга кызмат кылган адам менен кызмат кылбаган адамдын ортосундагы айырманы көрөсүңөр” (Мал. 3:18). Башкача айтканда, ал ишенүүчүлөр жакшы эмес нерсе менен жакшылыкты чаташтырышпайт.

Биз мурунку бөлүмдө Кудайдын бере турган жакшылыктарынын параметрин аныктаганбыз – биз сурагандан, кыялдангандан алда канча ашыгы менен берет. Бир адам үчүн мындай ашык дөөлөт жаман нерсеге алып келиши мүмкүн, а башка бирөөнө - зор мүмкүнчүлүккө жол ачышы ыктымал. Эгерде бардарчылык сиз үчүн негизги максат болсо, анда Обо, Кабыл, Вилам, Корей, Гиезий, Жүйүт, дарыгер-Александр, Лаодикий ийбадатканасы сыяктанып, кылтакка түшүп калышыңар шексиз. Эгерде Кудайга жагуу - силердин башкы максатыңар болсо, анда жамандык менен жакшылыктын ортосундагы айырманы билүү жөндөмүңөр болот, ошол ашып-ташкан дөөлөтүңөрдү туура жумшаганга акыл-эсиңер жетет.

Айырмалоодо бир сыр катылган, ал - биздеги Кудайга карата болгон коркунучтун даражасына жараша айырмалай алуу жөндөмү. Бизде ошол коркунуч канчалык көп болсо, ошончолук

акыл-эстүүлүк менен айырмалай алаарыбызды белгилеп кетким келет. Сулайман падышалык такка отурган алгачкы күнүндө: "...жаман-жакшыны ажырата билүүгө Өз кулуңа акылдуу жүрөк бер..." (1 Пад. 3:9) деп жалынган.

Сулайман өз элин керемет акылмандык менен башкарган. Ошол мезгилде ал минтип жазган: "билимди чакырсаң, акылга кайрылсаң, аны күмүш менен кенчти издегендей издесең, Теңирден коркуу деген эмне экенин түшүнөсүң, Кудай жөнүндөгү билимге жетесиң" (Накыл. 2:3-5).

Бирок Сулайман Кудайдан коркпой калгандан тартып, пейили бузулуп, жамандык менен жакшылыкты ажырата албай калды. Ал үчүн бардыгы "убаракерчилик", "жандын азаптанышы" болуп калды. Насаатчынын бүтүндөй китебинде - Кудайга болгон коркунучун жоготкон, кысылган, эмне кыларын билбеген, акырында жамандык менен жакшылыкты айырмалай албай калган адамдын баяны айтылат. Ал акыл-эсин жоготуп койгон ахыбалга чейин жеткен. Кызмат кылып жүргөн мезгилимде менин көз алдымда алдамчылыкка азгырылып, Кудайга болгон коркунучтарын жоготуп, айырмалоо жөндөмүнөн ажырап калган лидерлерди көргөндө жүрөгүм сыздап кетчү.

Жогору жакта айтылгандай, өзүбүздү арамдыктан тазалоо үчүн такыба коркунуч бизди Кудайдын ырайымына бөлөйт. Биздин айырмалоо жөндөмүбүз такыбалык турмушбузга байланыштуу экендиги кызык. Антсе да, биз ыйыктыкты карьера болобу, өз ара мамиле, финансылык иштер, социалдык мүмкүнчүлүктөр, же башка сферадагы турмуштук маселелерди колдогон структура катары көрөбүз.

Биз баарынан мурда, чын дилибиз менен Кудайдан коркуу сезимине ээ болушубуз керек. Эгерде ал биздин артыкчылыгыбыз болуп калса, анда молчулук бизди алдабайт. "Байлыгына таянган адам кулайт... (Накыл. 11:28). Ошол эле жерде: "...Мен акылмын... акыл-эсмин... байлык жана даңк менде" (Накыл. 8:14,18) деп жазылган. Дагы мындай жазылган: "Моюн сунуудан кийин, Теңирден коркуу, байлык, атак-даңк жана өмүр келет" (Накыл. 22:4). Чыныгы байлык – бул, Кудай бизди эмнеге койсо, ошону аткарууга болгон ресурстар. Ал сөзсүз башка адамдарга да таасир этүүнү да өз ичине камтыйт, башкача айтканда, ушунун өзү Анын Падышачылыгын куруу дегендик.

Ар күнү эртең менен турганда: мен бүгүн Кудайдын коркунучу менен жүрөмбү, же молчулукка умтуламбы, деген суроону ар ким өз алдына койгону абдан маанилүү. Эгерде силердин сезимиңерде такыбалык коркунучу турса, анда ал силерди кандайдыр бир жакшы нерсени алсам деген азгырыктан сактайт.

Тактап кетким келет: каражат, байлык, жыргалчылык жана молчулук – мунун баары жакшы. Эгерде булардын бардыгы негизги максатыңарга айлана турган болсо, анда жакшыга жетүү үчүн, ошолор жаман каражаттар болгон жокпу дегенди көрүүнү айырмалай алуу жетишпей калат. Бирок, Ыйык китептеги тарых булардын кантип иштээрин түшүнүүгө жардам берет.

Ысрайылда пайгамбарга курмандык чалуу же белек берүү салты болгон. Болочок падыша Саул жаш кезинде кызматчысы экөө атасынын жоголгон эшегин издеп чыгышат. Чарчап-чаалыккан Саулга кызматчысы коңшулаш жайгашкан шаарда жашаган Самуил аттуу пайгамбарга баралы, эшегибизди табууга жардам бере алат, деп кеңеш берет. Саул дароо: "...ал кишиге биз эмне алып барабыз? Анткени баштыгыбыздагы наныбыз түгөндү, Кудайдын кишисине алып барчу белегибиз да жок. Эмнебиз бар? – деди" (1 Шем. 9:7). Адатта пайгамбарга баратканда ушинтип сүйлөшүшкөн деп жооп берет. Пайгамбарга келатышып, ушундай сүйлөшүштү.

Ысрайылдын башка мезгилдеги тарыхын карап көрөлү. Сирия армиясынын башчысы Нааман аттуу адам Элиша пайгамбардын үйүнө келет. Ага эмне кылуу керектигин айтат, ал макул болуп, пес дартынан толугу менен айыгат. Ошондон кийин ал Элишага ыраазылыгын билдирип, белек-бечкек берүү үчүн кайра келет. Пайгамбар ага: "...Мен алдында турган Теңир тирүү! Белегиңди албайм", – деди" (2 Пад. 5:16) дейт. Нааман белектерин алдырууга абдан аракет кылды, бирок, Элиша андар баш тартты.

Пайгамбардын жеке жардамчысы Гиезий болуп жаткан окуяга күбө болуп турду. Ал пайгамбарга берем деп алып келген белек-бечкектерин көтөрүп алып, Нааманды кетип баратканын таң калып карап турду. Узап кеткенден кийин, Гиезий Нааманды аркасынан чуркады. Аскербашы жүк артылган унааларды токтотуп, эмне болуп кетти дегендей карап калды.

Кызматчы бардыгы жакшы экенине ишендирип келип, анан капысынан Элишанын муктаж болуп калганы жөнүндө калп айтты. Ал: "...Мага азыр Эпрайым тоосунан, пайгамбар уулдарынан эки жаш жигит келди. Аларга бир талант күмүш жана эки сыйра кийим бер, – деди" (2 Пад. 5:22) деди.

Нааман ал сурагандан эки эсе көп берди. Алар коштошуп, эки жакка кетишти, Гиезий үйүнө келип, белек-бечкектерди бекем катып койду.

Ал келгенде Элиша анын кайда барганын сурады, ал эч жакка барбаганын билдирип, калп айтты. Ошондо Элиша:

> "Элиша ага: "Эмне, жанагы киши майдан арабасынан түшүп, сени утурлап чыкканда, жүрөгүм сенин жанында эмес беле? Азыр күмүш, кийим, зайтун бак, жүзүмзар, майда жана бодо мал, күң жана кул ала турган убакпы? Наамандын пес оорусу сенден жана сенин тукумуңдан түбөлүккө кетпесин", – деди (2 Пад. 5:26,27) деп айтты.

Гиезийге такыбаалык коркунуч (демек, айырмалай алуу жөндөмү) жетишкен эмес. Ал учуру келбесе деле, бир нерсе алып калуу керек деп ойлогон. Атайын алып келген белек-бечкектерди кожоюн албай койгон соң, ал үчүн алып койсо болот, алууга татыктуумун деген пикирде болгон. Ал деле Элиша сыяктуу Кудайдын кызматын кылууда өз өмүрүн да аяган эмес. Кудай кантип эле анын жыргалчылыгын каалабасын? Мына, акыры буркандарга табынган бай адам келди. Арамза адамдардын байлыгы такыбаа адамдар үчүн чогултулуп жаткан жокпу? Элиша өзүнүн кылган кызматы үчүн алып келинген татыктуу байлыкты албай коюп эссиздик кылды.

Ошондуктан, Гиезийдин ою боюнча, ал байлык өзүнө да тиешелүү эле. Бирок, анда айырмалай алуу жөндөмү жетишсиз болучу, ал жамандыкты жакшылык катары кабылдады да, өзүнүн бул тил албастыгы үчүн кымбатка түштү.

## Максат каражатты актайт

Мен силерге бул дүйнөнүн байлыгы Кудайга болгон коркунучту жок кылып, жыйынга келип жүргөндөрдү жана кызматчыларды жол-

дон адаштырып келаткан көп мисалдарды айтып бере алар элем. Мен кызмат кылган мезгилдин аралыгында алардын көпчүлүгү ошо адашуунун кандай запкысын тарткандарын көрдүм. Бир нерсени алуу адегенде кызыктуу, жакшы нерседей сезилет. Ар бир жасаган эмгектин артында жемиш, ийгилик тургандай болот. Бара-бара бардыгы жаман жакка өзгөрүп отуруп, акыры кайгылуу натыйжага келип такаласың. Ажырашкан жубайларды, кылган кызматтарын таштап койгон, соода-сатыктары чыгашага учурап, каатчылык баскан, ден соолугунан ажырап калган адамдарды, мамилелердин бузулушун көп көрдүм. Мындан тышкары, адамдар жалганчыларга айланып, туугандары жана жакындары ага болгон ишенимдерин жоготушту.

Бизнесмендерге байланышкан жагымсыз окуяларды көп уктум, биздин туугандар иштеринде кандай гана жаман нерселерге кабылышпады. Өзүмчүлдүк, алдамчылык, уурулук, ич күйдүлүк, көз боёмочулук, паракорлук. Булардын бардыгы кайдан чыккан? Жообу эң жөнөкөй: жакшы сыяктанган максат, ага жетүүгө жумшалган каражаттын таза эместиги. Адамдар: “Кудай менин ийгиликке жетишимди, көп акчалуу болуп жана кадыр-барктын таттуу даамын татышымды каалайт” деген ой менен актанышат. Бирок, алар өздөрүнүн турмуш жолдорун Кудайдын Сөзү аркылуу текшеришпейт. Көп учурларда компромисс көздөгөн максатка жеткире турган жападан жалгыз жол болуп сезилет. “Эгерде биз күч-аракетибизди жумшабасак, биздин кайыгыбыз жөн гана агым менен кете берет. Биз эң чоң мүмкүнчүлүктү жана батаны колдон чыгарып жиберебиз”. Кудайдын камкордугун күтүү үчүн калыптанган мүнөз талап кылынат.

Ыйса Кудайга кызмат кыла баштаганда шайтан өзүнө кызмат кылуу сунуш кылган. Ал Ыйсаны дүйнө падышачылыгын орнотууга (Ыйса жерге ушул максатта келген оңой жана кыска жолду көрсөтүп берем, эгерде мага баш ийсең деп азгырган. Мүмкүн бул Ыйса үчүн ыңгайлуу көрүнгөндүр. Эгерде ибилистин айтканына макул болгондо, анда Өзүнүн кызматын кыйынчылыксыз жана азап тартуусуз жүзөгө ашырмак. Болгону ибилиске жүгүнүп, табынуу жетиштүү болмок.

Шайтан көбүнчө Кудай жүрөгүбүзгө салган нерсени ишке ашыруу үчүн сунуштарды киргизет, бирок биз өз чынчылдыгыбыз, мүнөзүбүз жана тил алчаактыгыбыз менен компромисске барбашыбыз керек да.

Табынуу - бул накыл сөздөргө толгон ырдалуучу ыр эмес. Ал табынуучу нерсеге болгон гана биздин баш ийүүбүз. Жыйында сезим козгогон ырларды ырдоого болот, бирок анда караңгылыкка табынган, өз жашоосу жөнүндө врдан да катуураак айткан нерсе болуп калат.

Жогору жакта көпчүлүк авторлор китеп бетине жаңы жазылган бейтааныш сөздүн маанисин ачып беришери тууралу айтып өттүм. Эгерде силер Библиядагы "табынуу" деген сөздү биринчи жолу көрүп жаткан болсоңор, анда мунун эмне маани берерин чындап билесиңер. Бул сөз биринчи жолу Кудай Ыбрайымга себебин түшүндүрбөй туруп эле, эң жакын адамын курмандыкка чалууну айткан жеринде кезигет.

Ыбрайым уулу Ыскак үч күн жүрүп отуруп, Моап тоосунун этегине келишет. Ал малайларына: "..."Силер бул жерде эшек менен калгыла. Ал эми уулум экөөбүз тигил жакка барып, сыйынып, анан силерге кайтып келебиз", – деди" (Башт. 22:5) дейт. Ал тоону беттеп, Кудайга жагымдуу ыр ырдоо үчүн бараткан жок. Ал Жаратканга тил алчаактыктан өзүнүн эң кымбат "буюмун" өлүмгө алып бараткан. Ал үчүн табынуу - ишеним деген менен бирдей эле.

Ошондуктан да, Кудай бир жолу Өз элине: "Ырларыңдын үнүн Менден алыс кыл, анткени Мен сенин арфаларыңдын үнүн укпайм. Акыйкаттык суудай, чындык - тынбай аккан дарыядай агып турсун!"Деп айткандыр (Амос 5:23,24, жаңы орус котормосу) айтып жүргөн болбосун. Мага "чындык - шар аккан дарыядай" деген сөз абдан жагат. Аны мен өзгөрүлбөгөн моюн сунуу деп айтам.

Амос пайгамбардын мезгилинде адамдардын жашоосу Кудайдын Сөзү менен байланышпаган эле, бирок алар табынуу ырларын жазып, чогулуп алып ырдаганды уланта беришкен. Чыныгы табынуу биздин ырдаганыбызда эмес, моюн сунуубуздун объектисинде ачылат.

## Жакшы нерселерди Кудайдан жогору коюу

Бир жолу өзүмдүн моюн сунуум менен компромисске келем деп, бекем кылтакка түшүп калганымды айтып берейин. Биздин кызматыбыздын башталганына эки жылга чукулдап калган. Менин милдетим жүзгө жакын, же андан да аз эл чогулган жыйындарды кыдыруу эле. Көпчүлүк учурда биз "хонда цивик" машинеси менен эки балабызды

арткы орундукка салып алып жүрчүбүз. Калган орунга биз кийим-кечебизди жана жыйындарда таратып жүрүүчү эки куту видеокассетаны салчу элек. Мурда айткандай, бир жолу эртең менен Кудай жүрөгүмө китеп жаза башта деген ойду салды. Мен Кудайга моюн сунбай, бул ишти кийинкиге калтыра бердим. Буга эки себеп бар эле: бириичиден, мектепте окуп жүргөнүмдө эле жазуу ишинен абдан кыйналчумун, ошондуктан андай сабактан дайыма эң төмөнкү бааларды алчумун. Экинчиден, аты белгисиз болгон китепти ким эле басып чыгаргысы келсин? Бирок акырында, мен моюн сундум да, жазууга кириштим.

Китепти бир жыл бою жаздым, күнүнө бир нече сааттарга чейин чымыркаnып иштедим. Анан “Чөлдөгү жеңиш” аттуу кол жазмамды эки басмага сунуш кылдым. Алардын бири: “абдан эле насаатка жакын жазылыптыр” деп жооп берди. Экинчиси жооп да берген жок. Менин ындыным өчүп калды. Акыры Лиза экөөбүз өз каражатыбызга чыгарууну чечтик, бул жападан жалгыз мүмкүнчүлүк эле. Акча чогултуп, бир нече миң нуска китеп бастырдык да, анан өзүм насаат айткан чакан жыйындарга келгендерге саттык. Китеп адамдарга жагып калды, кийинки жылы дагы бир китеп жаздым. Аны да өз каражатыма чыгаруудан башка арга жок эле.

Ошол китеп жарык көргөндөн бир нече айдан кийин Америкадагы эң чоң басмалардын биринин жооптуу редактору телефон чалды. Ал мага кайрылган себебин түшүндүрүп келип: “Джон, мага сиздин “Чөлдөгү жеңиш” деген китебиңизди окуп чыгууга беришкен. Биздин басма кызматкерлерине сиздин үгүт-насаат китебңиз жагып калды. Андыктан, аны окурмандардын кеңири чөйрөсүнө таратууга жардам бергибиз келет” деди. Экөөбүз бир нече мүнөт сүйлөштүк. Ал китептерди таратуунун ар кандай жолдору бар экенин көбүрүп-жабыра айтып, өздөрүнүн маркетинг жана жарнама бөлүмдөрүнүн мыкты иштери менен мактанып өттү. Кулакка жагымдуу угулганы менен, китеп бүткүл Америкага тарайт дегени чындыкка коошпогонсуп турду.

Сүйлөшүп бүтүп, трубканы өз ордуна койгондон кийин, кандайдыр бир коркунучту сездим. Бул сүйлөшүү менин сезимиме жукпай турду. Эртеси эртең менен сыйынып атканымда Кудайдын: “макул болбо” дегенин даана сездим.

Бул жөнүндө Лизага айтып бердим. Ал бир азга ойлонуп турду да, айтылган сунуштун кызыктуу экенине карабастан, эмнегедир күмөн болуп турганын билдирди.

Ошол эле күнү, бир кыйла убакыттан кийин Лиза: “Кымбатым, мен бул жөнүндө сыйынганымда макул болбош керек экенин сездим” деп айтты. Ушундан соң, ал сунуштан баш тартуу керектигине биротоло ишендим.

Эртеси редактор дагы телефон чалды. Бул маселе боюнча мен Кудайдын эркин билгем, ошентсе да анын эмне айтарын уккум келди. Ошол учурда бул тууралуу сүйлөшүүнү улантуу көйгөйдөн кабар берип тургандыгын ал кезде түшүнгөн жокмун. Эмне үчүн менде жөнөкөй гана моюн сунуу жетишпеди экен? Эмне үчүн мен анын басмасынын жардамы менен китебимди чыгарууга болгон аргументтерин угуп отурдум экен? Балким, алар менин жүрөгүмдүн каалоосун азыктандырып жатышкандыктандыр. Балким, булменин бул менин өзүмчүлдүгүмө жагып жаткандыр?

Менин китебимди бардык басмалар басып чыгарууну самап жатышканын көтөрүңкү маанай менен айтып өттү. Кудай жөнүндө жазылган мындай китеп биздин өлкөдө көп адамдарга абдан керек экенин, китепти басып чыгарып, өлкөнүн бардык дүкөндөрүнө таркатууга мүмкүнчүлүк бар экенин, бул үчүн эң мыкты дистрибюторлор иштеп жатышканын айтып, мени ынандырууга тырышып жатты. Сөз арасында өздөрү басып чыгарган белгисиз авторлордун үгүт-насаат китептеринин бүтүндөй Америкага тараганы жөнүндө да айтып өттү. Ал авторлор конференциялардын белгилүү сикерлеринен болуп калышканын, мунун бардыгы анын басмасынын таасири астында болгондугун да айтууну унуткан жок.

Мен “жок” деп айтпагандыктан, кийинки бир жуманын аралыгында ал киши мага күн сайын чарчабастан телефон чалып турду. Анткен сайын китепти анын басмасында чыгаруу керек деген ой басымдуулук кылып баратты. Жүрөгүмдөгү коркунуч сезими акыры биротоло жоголуп кеткен учур келди. Ичимдеги Ыйык Рух да тынчып калды. Кудайдын көрсөтмөсүн көшөкөрдүк жана адамдык ченем менен бастырып салдым. Башкача айтканда, менин айырмалоо жөндөмүм жоголду.

Чыгуу китебинде: "Пара албагыла: ал көздүү адамды сокур кылат" (23:8, жаңы орусча котормо) деп жазылган. Көшөкөрдүк - пара алуунун бир түрү, мен ушуга азгырылдым. Кудайга болгон коркунучтун ордуна көп мүмкүнчүлүк менен бардарчылыкты тандап алдым.

Аялымдын катуу каршылыгына карабастан, биз келишимге кол коюштук. Ушундан тартып, ар кандай тоскоолдуктар чыга баштады.

Ал учурда Лиза экөөбүздүн үйлөнгөнүбүзгө он бир жыл болуп калган. Ал кез-кезде: "Сенин ден соолугуң чың, дээрлик эч качан оорубайсың!" деп калчу. Чынында эле ошондой болучу, кокустан бир жерим ооруй калса, бир суткадан кийин куландан соо болуп калчумун. Эми бир дарт жабышты да, андан ажырай албай жүрдүм.

Ал суук тийүүдөн башталды, өмүрүмдө экинчи жолу суукка урунушум эле. Андан жакшы болуп калганымда, кандайдыр бир вирус жуктуруп алдым. Лиза экөөбүз үйлөнгөн күнүбүздү белгилейли деп, шаардын четине чыкканбыз. Күнү бою ысытмалап, табым айнып турду. Отпускам бүткөндөн кийин да, бир жума бою калчылдап, оңоло албадым. Жыйындагы ишимден соң, төшөк оронуп, жылынып алуу үчүн мейманканага чуркачумун.

Температурамдын үч жумага чейин төмөндөбөгөнү таң калыштуу болду. Мен эч качан мындай ооруп көргөн эмес элем. Акыры, күчтүү дарылардын таасири тийип, жакшы болуп калдым. Бирок, дарыны токтотуп койгондон кийин кайра суукка урунуп алдым. Тамагым ооруп, башым салмактанып, өзүмдү өтө жаман сезип аттым. Көпкө чейин бул абалдан кутула албадым.

Бул дарттан арылганыма эки жумага жакындап калган. Күтпөгөн жерден тиземди кокустатып алдым. Бир нече жума бою балдак менен аксаңдап басып жүрдүм. Бир жерим айыкса, дагы бир жерим чикерттеп атып, үч ай азап тарттым. Бул мезгилдин ичинде Лиза бир жолу да оорудум деген жок.

Ооpу-сыркоодон кыйналганым аздык кылгансып, басма менен болгон сүйлөшүүлөрүбүз да кыйчалыштай баштады. Бир пикирге келе албай жаттык. Мамилебиздин ортосунда жарака пайда болгондой, биздин долбоор ордунан жылбады. Окшошконго мушташкан дегендей, биздин турмушубузда чечилгистей маселелер чыга баштады. Ошол үч айдын аралыгында сөз менен жеткире алгыс

кыйынчылык башыбызга түштү. Дөөт ушундай кырдаалдан улам: "Азап тартканга чейин, мен адашып жүргөм, азыр болсо Сенин сөзүңдү сактап жүрөм" (Забур 118:67) деп айткандыр.

Мындай абалда Кудай мага боорукерлик кылды. Ал менин жаңылыштыгымды көрүүгө мүмкүндүк берди. Өз жыргалчылыгымды Ага моюн сунуудан жогору коюптурмун. Кудайдын жана аялымдын алдында кетирген каталыгымды мойнума алдым. Кудай мени кечирди жана күнөөмдөн тазалады. Анын ырайымына чек жок!

Ошондой болсо да, мен өзүм түшкөн кылтактан толук кутула элек элем. Тигил басма менен түзгөн келишимди жокко чыгаруу үчүн бир керемет керек эле. Лиза экөөбүз кол кармашып алып, ушул балээден куткарышын Кудайдан тилендик.

Эки жумадан кийин басмадан келишимдин жокко чыгарылгандыгын билдиришти. Бул үчүн мен 4 миң доллар төлөшүм керек эле. Ишти жаңыдан баштаган адам үчүн бул аябагандай көп акча эле. Буга карабастан мен жеңилдеп калдым.

## Кудайдан болгон мүмкүнчүлүк

Бир нече айдан кийин менин Скотт аттуу бир досум түшкү тамакка чакырып, "Джон, сени бир жолдошум менен тааныштыргым келип атат" деп калды. Мен макул болдум.

Ресторандан ал аты уйкаш Джон деген жолдошу менен тааныштырды. Ал белгилүү бир басманын жетекчиси болуп чыкты. Сөз арасында ал учурда эмне жазып жатканымды сурады. Ушул суроодон кийин тамагыма эч нерсе өтпөй калгансыды.

Анан өзүмдүн көйгөйүмдү айтып кирдим. Эч нерсени калтырган жок окшойм. Бир маалда Джон тына калганымдан пайдаланып, мындай деди: "Биз жылына жыйырма төрт гана мыкты авторлордун жана кайтаруучулуардын китептерин чыгарабыз, андыктан сенин китебиңди чыгарып бере албайбыз, муну сен билип койсун деп эле айтып жатам", деди.

"Мен китебимди чыгарып бер деп суранып атканым жок. Сенин сурооңо гана жооп берип жатам", дедим мен.

"Албетте. Уланта бер", деди ал.

Мен дагы он, же он беш мүнөткө чейин өзүмдүн азгырыкка берилип, кылтакка түшүп калганымды божурап отурдум. Токтоп калганымда Джон: “Кол жазмаңды көрсөм болобу?”, деп сурады.

Шашып кеткенимден улам: “Сен басып бере албайбыз деп айттың го”, дедим.

“Бул кабарды баспай коюшка болбойт, ошондуктан мен аны басманын жетекчисине берейин деп турам”, деди.

Жетекчилик ал кол жазманы кабыл алды да, “Приманка сатаны” деген ат менен басып чыгарышты. Көп өтпөй ал эл аралык бестселлерге айланып кетти. Азыр, ушул китепти жазып жаткан мезгилде, аталган китеп дүйнөнүн алтымыштан ашык тилине которулуп, миллион нускадан көбүрөөк сатылды.

Мага дагы бир басмадан чалып, кол жазмамды сөзсүз түрдө баса турганын, кол коюш үчүн келишимди азыр жиберерин айтышкан күндү эч качан унутпайм. Мен телефон трубкасын коюп, сыйына баштадым. Ошол замат Кудайдан келген аян жүрөгүмө жетти: “Биринчи басма сенин оюң болучу. Бул жолку басма - Менин идеям”.

Ушул окуя мага жакшы нерсе менен Кудайдын ортосундагы айырманы ачык көрсөттү. Көпчүлүк учурда болуп жүргөндөй, жакшы мүмкүнчүлүк биринчи келди. Андан кийинкиси Кудайдан болду. Дал ушундай окуя Ыбрайым менен Саранын жашоосунда болгон: биринчи Ысмайыл, анан Ыскак төрөлгөн.

## Кудайдын коркунучунун далили

Биринчи басманын сунушун кабыл алууга мени эмне мажбур кылды? Чынын айтсам - Кудайдан коркуу эмес, көңүлүмдүн бардарчылыкка бурулганы (мен китеп массалык түрдө сатылып кетет деп ойлодум) болду. Бул менин жүрөгүмдөгү Кудайдын мага ачык айткан сөзүн боло турган ийгиликке бастырып, азгырыкка бурулганым болду.

Моюн сунуу - Теңирден чыныгы коркуунун сырткы далили. Кудайдан корккон босок, биз анда...

- Аны дароо угабыз.
- Эгерде мындан эч кандай маани көрбөсөк да, Аны угабыз.
- Эгерде оор болсо да, Аны угабыз.

• Эгерде биз өзүбүзгө пайда көрбөсөк да, Аны угабыз.

• Аны акырына чейин угабыз.

Ыбрайым басып өткөн сыноодо ушул пункттардын ар биринин аткарылганын далилдейт. Келгиле, ушул улуу тестти кайрадан эс тутумубузда жандандырабыз.

Бир жолу түн ичинде ал Кудайдан Ыскакты курмандыкка чал деген аян алды. Чын эле ушундай болдубу? Балким, болгону жаман түш көргөндүр? "Жок! Кантип ушундай болсун?! Мен баламды сүйөм. Мен Ыскакты өлтүрүрө албайм. Падышалар жана эл ушул баладан тарайт деп убада бербеди беле? Эгерде аны өлтүрүп койсом, ал убада кантип аткарылат?" деп ойлогон жокпу?

Анан Ыбрайым: "Эмне?! Муну Сен мага кантип айтып жатасың! Өзүң ушул баладан эл тарайт деп убада бербедиң беле!" деп кыйкырат. Буга эч кандай жооп ала албады, айлана жымжырт.

Ыбрайым деңиздей толкуп, өзүн-өзү токтото албай, чабалактайт. Мындай учурда ал түнү кайдан уктасын. Биздин ар бирибиз мындай өтүнүч жөнүндө бир нече жума, айлар, ал тургай жыл бою ойлоп, акыры мунун акылсыздык экенине өзүбүздү өзүбүз ишендире алабызбы?

Бирок, Ыбрайым башка чечим кабыл алды. Кудайдын Сөзүндө: "Ыбрайым эртең менен эрте туруп, эшегин токуп..." (Башт 22:3) деп жазылган. Ал дароо моюн сунду.

Өз таанышыңардан кайдыгер гана "Кудай мага бул жөнүндө бир нече айдан бери айтып келатат" деп тамашага чалып айтканын качандыр бир кездерде уктуңар беле? Бул өзү чоң кайгы, себеби адамдар Кудайдан коркпой тургандыгын мактануу менен айтышат.

Кудай Ыбрайымдын жашоосундагы эң кымбат убаданы берген, анын орундалышын жыйырма эки жылдан бери күтүп жүргөн эле. Эми Ал себебин түшүндүрбөй туруп эле, аны курмандыкка чалууну өтүнүп жатат. Ыбрайым Ысакты курмандыкка чалуунун маанисин көрө албаса да, бары бир моюн сунуп турду.

Өзүнүн жаш баласын курмандыкка чалуу - ал үчүн өтө оор эле. Көөдөнүн эзген ошол оор санаа үч күн аны таштабай, ээрчип кел-

ди. Адеп Кудайдын үнүн укканда жеңилдей эле сезилген, бирок күн өткөн сайын Кудайдын унчукпагандыгы ооруну кучөтүп жатты. Өзүнүн жандай көргөн уулу экөө курмандык чалуучу жайды даярдап жаткан учурда ага абдан эле оор болду. Ошого карабастан, Ыбрайым моюн сунуудан баш тартпады.

Кудай Ыбрайымга эгерде моюн сунган боюнча калса, анда баласынын ордуна башка курмандык берилерин айткан эмес. Азыр ар бирибиздин колубузда бул окуя эмне менен бүтөөрү жазылган Башталыш китеби бар, ал эми Ыбрайымда жок эле. Демек, ал мындай буйруктун эч кандай пайдалуу жагын көрбөсө да, моюн сунуп турган.

Бүгүн бардыгы башкача. Көптөгөн адамдар Кудайга моюн сунуудан мурда пайда көргүсү келет. Биз, мугалимдер, өзүбүздүн үгүт-насаат иштерибизде көп учурда эгерде угуучулар Кудайдын көрсөткөн жолу менен жүрүшкөн болсо, көп артыкчылыктарга ээ болорлугу жөнүндөгү убадага басым жасайбыз. Биз авторлор, китептин аталышына бул китептин кандай пайдасы бар экенин жазбаган болсок, анда сатылбай калат деп ойлойбуз.

Акырында, Ыбрайым тоонун ыңгайлуу жерине келип, курмандык чала турган жерди даярдайт да, Ыскакты таңып, жакшы көргөн баласынын жүрөгүнө бычакты матырып алууга даяр турат. Ал акырына чейин моюн сунат.

Бычак кармаган колу жогору көтөрүлүп, эми жүрөккө сайыларда капысынан периште пайда болот, ал: " "Балаңа кол көтөрбө, ага эч нерсе кылба, анткени Мен эми сенин Кудайдан коркоруңду,.. билдим", – деди (Башт. 22:12).

Периште Ыбрайымдын Кудайдан коркорун кайдан билген? Анткени, ал бул өтүнүчтүн мааниси жок экенин билсе да, эң оор болуп турса да, баласынын ордуна башка курмандык берилерин билбесе да, Ыбрайымдын дароо моюн сунганын, акырына чейин барганын көрдү. Ал кыйла бай адам болгон, бирок анын эң кымбат байлыгы, кенчи баласы эле. Бирок, байлык Ыбрайым үчүн жашоосунун негизги максаты эмес болучу. Жашоодогу таянган нерсеси - Кудайга моюн сунуу болгон.

Бардарчылыкка, кеңири мүмкүнчүлүккө жана байлыкка болгон азгырыктан сактануу үчүн бардыгыбызды такыбалык коркунуч зарыл нерселер менен камсыз кылат. Кудайдын Сөзүндө мындай деп жазылган: “Теңирдин батасы гана байытат, өзү менен кошо кайгы алып келбейт” (Накыл. 10:22).

## Акылсыз аракет

Ыйсанын шакирти Жүйүт менен Ыбрайымдын ортосундагы эбегейсиз чоң айырманы көрөбүз. Жүйүт өзүнө керек учурда чындык жөнүндө заматта унутуп калчу. Кызмат үчүн чогулган казынадагы акчаны өз пайдасына жумшаган, өзүнүн Устатына чыккынчылык кылган, жакырларга кам көргөн эмес, ал алдамчы, эки жүздүү киши болгон. (Мат. 26:25, 49 жана Жкн. 12:6; 13:2). Ал айыпталууга татыктуу эле, анткени Кудайга болгон коркунуч анда жетишсиз болгондуктан, жаман менен жакшынын, боорукерлик менен таш боордуктун айырмасын ажырата албай калган.

Бир жолу бир бай аял Ыйсага идиш толтура кымбат баадагы атыр жыттуу миро майын куюп жиберди. Жүйүт аны жактырбай, анын “акылсыз” жүрүм-турумуна наапазы болду. “Бул атыр жыттуу май бир жылдык маянага татыйт. Аны куюп жибергенден көрө сатып, акчасын жакырларга таратып берсе жакшы болмок” деди (Жкн. 12:5, NLT, англ. тилинен которулган). Анын сөзү туура жана ишенимдүүдөй чыгып, шакирттердин көңүлүн бурду. Алар да аялдын бул жоругун талкуулап киришти.

Ыйса Жүйүттү мындай деп оңдоду: “Аны жайына койгула, эмнеге аны оңтойсуздандырып жатасыңар? Ал Мен үчүн жакшы иш кылды... Бул аял эске алынып, анын кылганы жөнүндө да айтылат” (Мк. 14:6, 9, NLT, англ. тилинен которулган). Ыйса анын кылганын жакшылык жана көпкө эсте сактала турган иш экенин айтты. Жүйүт болсо аны айыптап, жаман жана өтүп кетүүчү иш катары белгиледи. Ал айырмалоо жөндөмүнөн ажырап бараткан. Ал Кудайдын жүрөгүнөн алыстап кеткен.

Төмөнкү аятты окуп көргүлө:

> "Он эки шакирттин бири Жүйүт Искариот Ыйсаны кармап берүү үчүн, башкы ыйык кызмат кылуучуларга барды" (Мк. 14:10).

Чыдамынын акыркы тамчылары идишти толтуруп-ашырып жиберди. Жүйүт Ыйсанын лидерлик кызматынан тажап, чарчады, чыдамы кетти. Ал Дөөттүн тактысына жаңыдан отурат деп күтүп, галилейлик Адамдын артынан ээрчиди. Ышайа пайгамбардын айтуусу боюнча, Мессия түбөлүк падышачылыкты алып келет. Үч жыл өттү, Ыйса эмнени күтүп жатат? Эгерде Ал падышачылыкты бекиткен болсо, анда Жүйүт Анын жакын шакирттеринин жана казына башчысы катары татыктуу орунду ээлеп, байлыкка да, бийликке да ээ болмок.

"Мен ишти илгерилетем. Күтүп жатып тажадым. Мен бийликке, атак-даңкка жана байлыкка ээ болгум келет. Лидерлер тарабынан шылдыңга бута болуп, куугунтуктан чарчап бүттүм. Мындан ары чыдай албайм, мага кем акыл сыяктуу карашканын каалабайм. Эгерде Аны ыйык кызмат кылуучуларга сатсам, анда Ал акыры Өз бийлигин көрсөтөт жана Өзүнүн падышачылыгын орнотот, ошондо мен атактуу болом" деп ойлоду.

Балким, сиздер Жүйүттүн аракетин түшүндүргөнүмө шектенип жаткан чыгарсыздар. Бирок, мен ал дал ушундай ойлогон деп эсептейм. Ал Ыйсанын оорулуу адамдарды айыктырганын, деңиз толкунун тынчтандырганын, өлгөндөрдү тирилткенин, анжыр дарагын каргыштаганын, сокурлардын көзүн, дүлөйлөрдүн кулагын ачканын, жана башка көптөгөн кереметтерди жасаганын дайыма көргөн. Ыйсанын Падышачылык жөнүндө көп айтканын уккан. Петр жана башкалар Аны Мессия катары үгүттөп, ал тургай куттук айтышканын да уккан. Ыйсанын бедели күн сайын артып баратканын өз көзү менен көргөн.

Бирок, Ыйса өлүмгө буйрулганда, Жүйүт абдан жаңылганын түшүндү. Болжогон максатына жете албады. Саткындык кылганына өкүнүп, акыры бакка асынып өлдү. Ыбрайым менен Жүйүттүн мисалы Кудайдан корккон жана коркпогон адамдардын айырмасын көрсөтүп турат. Бири такыбаа, экинчиси жалганчы эле. Алардын жеке тандоолору жүрөктөрүндө гана чагылат. Бул эки адамдын өлүмү такыр эки башка. Ал экөөнү эки башка себеп аркылуу эскеришет.

Биз түбөлүктүү жандык болгондуктан бардыгыбызды эскеришет, буга шек жок. Кеп төркүнү башкада, биз адамдардын эсинде кандай жагдайда калгыбыз келет? Сиздин Кудайдан коркушуңуз туура жооп берет.

## Бардыгынын маңызы

Эгерде биз ой-пикирибиз, түшүнүгүбүз ачык, кенен болушун каласак, жүрөгүбүз таза болушу керек. Ошондо тигил же бул идея Кудайданбы, же өзүбүздүн эле кандайдыр бир жакшылыкка багытталган оюбузбу - жаңылбай аныктай алабыз. Жубайыбызга, кесиптештерибизге, жакын досторубузга, карьерага, мүмкүнчүлүккө, инвестицияга, балдарды тарбиялоого, өзүбүз кызмат кылган жыйындарга, өзүбүз ала турган билимге, жашоодо тандап ала турган жана башка нерселерге карата акыл-эстүү, туура чечим кабыл ала алабыз.

Улуу даңазалуу өмүр менен жашап, андан артык даңаза менен өлгөн Сулайман падыша бул дүйнө менен коштошоордо: "Баарынын жыйынтыгын угалы: Кудайдан корк, Анын буйруктарын аткар, анткени бул адамга өтө керек. Анткени Кудай ар бир ишти соттойт, ар бир жашыруун ишти, ал жакшы иш болобу же жаман иш болобу, Кудай соттойт" (Нас. 12:13,14) деп айткан.

Сулайман акылынан айнып, чындыгында эмне жакшы, эмне жаман экенин ажыратуу жөндөмүн жоготуп койгон. Анын алжып калгандыгын Насаатчынын Китеби аркылуу көрсөтөт. Бирок, Сулаймандын мурдагы акыл-эсине кайтып келиши кубандырат. Ал бул жашоодо адил коркунучтан башка маанилүү эч нерсе жок экенин түшүндү. Анын сөзү боюнча "бардык нерсенин эң негизгиси ушул".

Ошентип, досум, эгерде сен дүйнөгө Кудайдын көзү менен карагың келсе, улуу тартипке салынган акылмандыгын таанып, аны кабыл алгың келсе, Теңирдин коркунучун танда. Мындан сен эч качан өкүнбөйсүң.

16

# ЧОҢ СҮРӨТ

Бир кадам артка чегинип, буткүл көрүнүшкө толугу менен көз чаптырып көрөлүчү. Кудай бизди терең жана абдан сүйөт. Ал бизге эң жакшыны гана каалайт. Кудай бергендердин бардыгы жакшы, бирок Кудайга багышталгандардын бардыгы эле жакшы эмес. Ошондуктан, бизди эң сонун нерселерден алып өтүп кете турган жакшы нерселер бар. Баарыбыз жакшы нерсеге умтулабыз, бирок ага алып баруучу жол дайыма эле ачык көрүнө бербейт. Бул үчүн айырмалоо жөндөмү болушу керек.

Биздин жердеги жашообузда Кудайдан башка да, бизге таасирин тийгизе турган шайтан бар. Анын негизги максаты - Жаратканды сүйгөн биздин жүрөгүбүздү талкалап, бизди жок кылгысы келет. Ыйык Сөздө ал жөнүндө: “өзүн Жарыктын Периштеси кылып көрсөтөт” деп жазылган. Андан кийинки аятта: “...шайтандын кызматчылары да өздөрүн чындыктын кызматчылары кылып көрсөтүшөт” (2 Кор. 11:14,15ти карагыла) деп жазылган.

Акыры жакшы сыяктанган көптөгөн жолдор бар, бирок анын акырында - кырсык, бактысыздык, жоготуу жана өлүм бар (Накыл. 14:12ни карагыла). Төмөнкү нерсе жөнүндө ойлоп көрөлү: биздин душман, анын кызматчылары, алардын максаты да - бардыгы бизди жок кылгысы келет. Алар кандайдыр бир жакшы нерсенин түсүнө жамынып алышат. Ошондуктан, кыраакы болгула: демейде бизге коркунуч туудура турган нерсе жакшы сыяктанып келет.

Машайакчылыктын алгачкы жылдарында биздин душман жыйындарды жок кылуу максатын койгон. Ишенүүчүлөр куугунтукталып, кыйналып, өлтүрүлгөн. Бирок, душман Кудайга ишен-

ген элди канчалык көп жоготууга тырышкан сайын, жыйындар ошончолук чыңалып жатты. Шайтан айлакер, куу болгондуктан ишенүүчүлөрдү жакшы жашоого жеткирүүгө убада берип, аларды Кудайдын акылмандыгынан ажыратып туруп, анан жок кылууну чечкен. Чындыгында, Эдем багында ушул айла-амалды колдонгон.

Шайтандын көп кылымдык айла-амалдуу иш-аракетинин канчалык натыйжалуу экенин, мүмкүн, эми биз жакшы түшүнүп калдык. Анткени, жакшы жана ыңгайлуу сезилген, бирок чыныгы адилдикти алмаштырган чындыктын көлөкөлөрүнө макул болобуз. Биз Ыйсанын ырайымы, Анын куткаруучулук (бул абсолюттук чындык) ролу жөнүндө көп кыйкырабыз. Бирок, биздин турмушубузга тийгизген Анын бийлигинин күчүн жана кенендигин кемитип жатабыз. Кудайдын суверенитетин жана Анын алдындагы өзүбүздүн такыбаалыгыбызды кабыл алабыз, бирок Анын көрсөтмөлөрүнүн ыйыктыгына ишенүүнү жана баш ийүүнү четке кагабыз. Биз тарабынан түзүлгөн "жакшы" доктриналардын себебинен биздин жүрүш-турушубуздун жана жашоо мүнөзүбүздүн тазалыгы көңүлгө толбой калды.

Машайак дүйнөсүнүн көптөгөн ишенүүчүлөрү өздөрүнүн катарын көбөйтүүгө умтулуунун ордуна, эптеп жашоо бардарчылыгын сактап калууга аракеттенишкен. Чындыгында, асманда биз ээ боло турган нерселер жөнүндө далилдеген башкы авторитет болгон. Кудайдын Сөзүнүн толуктугун кабыл алууну ордуна биз өзүбүздүн логикалык далилдерибизге негизделген жана Жазуудагы айрым бир аяттар менен бышыкталган Кудай Сөзүн калыптандырдык. Бул тенденцияны токтотуу керек. Чындыкты таанууда Ыйык Сөзгө кайрадан тереңдеп чөмүлүүгө жана Анын Ыйык Рухунан ээрчитүүнү чындап суранууга мезгил жетти. Биз Андан буга чейин билгендерибизди издөөнү токтотушубуз керек. Ага ачык жүрөгүбүз, жан-дүйнөбүз менен чындап кайрылып, анда жазылгандарга ишенүүгө мезгил жетти. Кудайдын Рухунан бизге ачылып беришин жана бардык болбогон иштерибизден жана жаңылышууларыбыздан арылтууну сурашыбыз керек.

Жыйындын лидери. Кудайдын Сөзүн бардык тереңдиги менен окутууну өтүнөм. Олчойгон убадаларды берүү менен алектенбеңиз. Койлорго жем берген сыяктуу, сиздин негизги максатыңыз - куткаруу жөнүндөгү библиялык жазуулардын толук маанисин күнөөлүүлөргө чындап жеткирүү экендигине ынаныңыз. Эгерде, сиздин башкы максатыңыз - кийинки жекшембиде жыйынга кайра келе турган элди чогултуу болсо, анда Кудайдын момундарына чындыкты жайылта баштоо үчүн Ыйык Рухтан кечирим жана башкы стратегияңызды башка нукка салып берүүнү сураңыз. Байыркы Осуятты заманбап, жаңы жана инновациялык ыкмалар менен үйрөтүңүз.

Ишенүүчү. Сиздин таасириңиз мектеп классында, лабораторияларда, кеңселерде, талаада, үйдө, соода түйүндөрүндө кандай экендигине карабастан, жүрөгүңүздө толгон сүйүү менен жашаңыз жана мамилелеш адамдардын бардыгына чындык жөнүндө айтыңыз. Алар таң калышсын жана сизди көрүп, Ыйсаны көргөндөй болушканын айтышсын. Өз жашоолорунда Анын жашап жатканын сезишсин. Эгерде сиз чыныгы ыйыктыкка умтулган болсоңуз, анда сиз Анын улуулугун изилдей баштайсыз.

Эгерде биз Ыйсанын осуяттары менен жашоодон баш тартсак, Аны жоготуп алабыз жана Анын жыйыны дүйнөгө Ыйсаны көрсөтпөйт. Чынын айтканда, биз мындан өзүбүз запкы тартып калабыз. Бизден тышкары, айлана-чөйрөбүздөгү адамдар да запкы тартышат. Биринчиден, Ыйса жөнүндөгү чындык айтылбай калгандыктан, күнөөлүүлөр өздөрүнүн рухий ачкалыктарын канааттандыра турган жападан жалгыз Анын күчүн сезбей калат. Экинчиден, Ыйсадагы биздин бир тууган ага-инилерибиз, эже-карындаштарыбыз Кудайдын катышуусунан ажыратып кете турган, кыйла күчтүү компромисс деп аталган дартка дайыма туш болушат.

Ыйса: "Алар үчүн Мен Өзүмдү арнайм..." (Жкн. 17:19) деп айткан. Анын мамилесине кирген адамдар үчүн, Ал Атасына моюн сунуу үчүн Өзүн бөлүп койгон. Бул аяттын экинчи бөлүмүндө "... алар дагы чындык менен жарык болсун үчүн", Ыйса Өзүнүн негизги моюн сунуу себебин ачып берет:

Анын кайра келишине чейин биз силер мененбиз - менен биргебиз, качандыр бир кезде дүйнө көрө ала турган жалгыз Ыйсабыз. Келгиле, дүйнөгө ойдон чыгарылган жана алсыз эмес, чыныгы Ыйсаны көрсөтөлү. Жакшы нерселерге гана канааттанып калбай, эң сонун нерселерге жетели. Келгиле, сүйүүдө жүзөгө ашкан чындыкты кабыл алалы жана кынтыксыз моюн сунуунун чыныгы жакшы жемишин жана натыйжасын көрөлү.

---

Узак жашагыла, ыйыктыкты издегиле жана өз ишиңерде ийгиликке жетишкиле. Ушул аркылуу силер айлана-чөйрөдөгү адамдардын жашоолорун өзгөртөсүңөр.

“Кылымдар мурда жана азыр,
түбөлүктөн түбөлүккө даңк, *улуулук*,
*кубат* жана бийлик силерди жыгылуудан сактай ал турган,
Өзүнүн даңкынын алдында кемчиликсиз кылып,
кубанычыңарды сактап тура ала турган,
биздин Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу
Куткаруучубуз болгон жалгыз, акылман Кудайыбыздыкы!
Оомийин” (Жүй. 24,25).

Кымбаттуу досум!

“Жакшылыкпы же Кудайбы?” - бул жөн гана китеп эмес. Бул элдерди ыйыктык кыймылына кошулууга шыктандыруучу кайрылуу. Эми сиз бул жашоодо молчулуктун Ыйсанын бийлигине жана Анын жашоодогу ырайымына кандай баш ийгенин билесиз. Мен сиздин ушул жаңылыкты өзүңүздүн таасир этүүчү дүйнөңүзгө алып кетишиңизди каалайм.

Сиз өзүңүз билген нерселерди айтуу менен досуңузду, үй-бүлөңүздү жана кошуна-колоңдоруңузду бул кыймылга тарта аласыз. Пабыл кичинекей мектепте бир нече адамдарга гана чындыкты үйрөткөн. Эки жылдан кийин бүтүндөй Азиянын жашоочулары алардын катарына кошулган! Алар Кудайдын катышуусунун идиши болуп калышкан (Элч. Ишт. 19: 1-10). Эгерде биз биримдикте Ага тартылып турсак, биз аркылуу Кудай эмне жасай алат? Сиздин күндөлүк турмушуңузда бул жаңылыкты башка адамдар менен бөлүшүүгө мүмкүнчүлүгүңүз бар. Сиз муну төмөнкүлөдө пайдалансаңыз да болот:

- үй-бүлөлүк топторго;
- жыйындагы кызматтарда;
- өзүңүздүн кеңсеңиздеги китеп клубунда;
- кызмат кылуу боюнча сабактарда;
- жана башка көптөгөн жерлерде.

Сиз бул идеяларды же өзүңүздүкүн пайдаланасызбы, ага карабастан менин тобум сизди колдоо үчүн иштей берет. Сиз үчүн ыңгайлуу болгон чечимдерди, маалымат булактарын түзүп, материалдарды жана көп нерселерди акысыз беребиз. Бул китептен тышкары, биз сиздин жүрөгүңүзгө жана айлана-чөйрөңүздөгү адамдарга жеткирүү үчүн “Жакшылыкпы же Кудайбы?” деген аудио жана видео сабактарды түздүк. Биз менен байланышыңыз, сизге эң керектүү болгон материалдарды жана ыкмаларды тандап алууга жардам беребиз.

Кудайдын Сөзүн бардык адамдарга таратууда биз менен бирге иштеп жаткандыгыңыз үчүн ырахмат!

Чын дилим менен силердин

Джон Бивериңер.

# ОКУУ ЖАНА ТАЛКУУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

**1-ЖУМА**

**1-3 бөлүмдөрдү окуп чыккыла**

*Ушул жумада 1-видео сабакты көргүлө*

## ТАЛКУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Обо тыюу салынган дарактын мөмөсүнөн даам татып көрүүнү чечкен, анткени ал ага жакшы, жагымдуу жана эңсеген нерседей көрүнгөн. Ушул жактарды түшүндүрүп көргүлө. Кандайдыр бир нерсенин жакшыдай көрүнгөнү, бул эмне? Качан бир нерсе жагымдуудай көрүнөт? Эңсегендей көрүнөт? Ушул үч нерсе кантип бизди Кудайга болгон тил алчаактыктан алыстатып кетет?
2. Эдемдеги бардык таржымал бир нерсе менен гана, Кудайдын тыюу салган бийлиги менен байланыштуу. Бул таржымал бизге адамдын ишеними жана табияты жөнүндө айтып жатат? Кантип Кудай бизге тыюу салып, чектеп койгон нерселерди издөөнүн тенденциясын токтотуп коё алабыз?
3. Бизге Кудай жөнүндө окуткан китептер, подкасталар, блоктор ж.б. жабдыктар – булар баалуу булактар. Бирок, качан силер ачык билим менен, бирөө аркылуу берилген билимдин айырмасын көргөн кезиңерде алар жөнүндөгү элестетүүңөр өзгөрөбү? Эгер “ооба” болгон болсо, анда кандайча?
4. Кудай жакшы деген нерсеге байланып калгандыгы менен Анын жакшылыгынын булагын таанып-билүүнүн ортосунда айырма бар экендигин биз жаш, бай жигит менен болгон таржымалдан улам билебиз. Кудай биз үчүн жакшылыктын булагы экендигине кантип ишенсек болот?
5. Библиянын тактыгы жана кадыр-баркы тууралуу эмне деп ойлойсуңар? 2 Тиметей 3:16ны кайрадан окуп чыккыла. Бул аят айтып жаткан нерсе менен силер ишенген нерсенин ортосунда айырма барбы? Аларды ушул жумада силер билип калган нерсенин жарыгында талкуулап көргүлөчү.

# ОКУТУУ

Теңир баарына ырайымдуу...
— Забур 144:9

Эдем багында шайтан Обону алдап кеткендиги жөнүндөгү тарых абдан кайгылуу. Обо эч кандай жоготууну баштан кечирип өксүбөсө да, катаал мамиленин айынан кыйналбаса да, Кудай андан жакшы бир нерсени жашырып жатат деген анын калпына ишенип калды. Ал толук жетишкен жашоодон жана Кудай менен баарлашуудан ырахат алып, идеалдуу шартта жашап жаткан.

Кудайды бардык жакшылыктын булагы катары кабыл алыш үчүн, Анын Өзүнүн жакшы экенине ишениш керек. Эдемде бул оңойго турган эмес. Бүгүнкү күндө Кудайдын жакшылыгына болгон ишенимди олку-солкулукка алып келе турган факторлор өтө көп.

Обого салыштырмалуу силер албетте өз жашооңордо көңүл калууну, жакындарыңарды жоготууну, кордоону, айласыздыкты, жетишпестикти жана ооруну баштан келчиргенсиңер. Алардын калтырган induced издери биз каалаган нерсе менен Кудайдын бизден аткарышыбызды сураган нерсенин ортосунда пикир келишпестик пайда болгончокту, кандайдыр бир убакытка чейин байкалбагандай болуп кала берет. Биз чечип албаган ар кандай шек саноолор, азгырыктар келгенде кулагыбызга шыбырай баштайт. Эгерде биз Кудай бизден бир нерсени жашырып жатат деп ойлосок, анда биз Ал каалаган нерсени кылганыбызда эч нерсе албайбыз деп шектене баштайбыз. Бирок, Накыл Сөздөр китебинде эмне деп жазылганын эстегилечи: “Адамга түз көрүнгөн жолдор бар, бирок алардын акыры – өлүмгө алып баруучу жол” (14:12). Канчалык жакшы көрүнгөнүнө карабай, Кудайдын эркинен башка эч нерсе бизди түбөлүк өмүргө, кубанычка, баталардан ырахаттанууга алып келе албайт.

Эмки жуманын ичинде Кудайдын кең пейилдигине карата мен силердин ишенимиңерди чындап баалоого шыктандырам. Ыйык Рухтан сурап көргүлө, Кудайга ишенүүгө жана Аны угууга силерге

тоскоол болуп аткан бир нерсе ичиңерде катылып жаткан жокпу? Андан соң, силер туш болгон кырдаалды ачып берүүчү Кудайдын чындыгын Библиялык аяттардан тапкыла да, аларды жарыялагыла. Анын Сөзү аркылуу силердин акылыңарды жаңыртуучу Кудайдын Рухун момундук менен чакыргыла. Анын чындыгы бизге эркиндик алып келет.

### ***Ой жүгүртүү***

"Теңирди даңктагыла, анткени Ал жакшы, анткени Анын ырайымы түбөлүктүү!" (Заб. 106:1, NLT, англ. тилинен которулган).

### ***Колдонуу***

Нундун уулу Жашыя жана ысрайыл эли баталуу жерге кирер алдында Иордан дарыясын кечип өткөнгө туура келген. Анда түшүм маалы болчу, анан дарыядагы суулар жээктен ашып турган. Бирок, Кудай Өзү кийлигишип, ысрайыл эли кургак түпкүрдөн өтүш үчүн суунун агымын токтоткон. Андан кийин Кудай Нундун уулу Жашыяга бардык элдер дарыяны кесип өткөн жеринен анчалык алыс эмес жерге алар дайыма Анын аларга эмне кылганын эстеп журүшү үчүн Ага арнап таштан эстелик коюусун айткан.

Көбүнчө, Кудай кылган жакшы иштерге караганда, жаман нерселерди эскерүү оңой болуп кетет. Ушул жумада силердин жашооңордо кылган иштери үчүн Кудайга эстелик куруп баштагыла. Күндөлүк сатып алгыла, телефонуңарга жаза баштагыла, үндөрдү жаздыргыла же болбосо, Кудайдын ишенимдүүлүгүн (чоң же кичине) көргөн учурду жазуу үчүн дагы башка ыкмаларды ойлоп тапкыла. Качан кыйынчылыктар менен шектенүүлөр силерди Кудай жакшы экендиги жөнүндөгү ишенимден ажыратууга аракет кылып жаткан кезде ушул эсте каларлык учурлар, силерге шыктанууну жана ишенимиңерди жылытууну алып келип, күбөлүк болуп калат.

**2-ЖУМА**

**4, 5 - бөлүмдөрдү окуп чыккыла**

*Бул жумада 2-видео сабакты көрүп чыккыла*

## ТАЛКУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Ыйсанын Теңир катары жана Куткаруучу катары айырмасын талкуулап көргүлө. Силер мурда угуп жүргөн нерселер менен бул канчалык дал келет? Бийлик кылуу тууралуу библиялык окутуудан айырмачылык болбосун үчүн силердин акыл-оюңарда жана жүрүм-турумуңарда бирдемени өзгөртүү керекпи?
2. Эгерде бизге бүгүн башка өлкөгө көчүп барып жашоо талап кылына турган болсо, анда бизге ал жактын мыйзамдары жана стандарттары менен макулдашууга туура келет. Кудай менен болгон мамилени да силер ушинтип түшүнөсүңөрбү? Эгерде “ооба” болсо, эмнеге? Эгерде “жок” болсо эмнеге андай?
3. Элестетип көрсөңөр, силер машайакчы болгусу клген киши менен сүйлөшүп жатканыңарды элсететкиле. Бүгүн алып жаткан билимиңердин негизинде силер ага эмне деп айтмаксынар?
4. Марктан Жакшы Кабарды (8:34,35ти) окуп көргүлө. Биз байкагандай өзүн четке кагуу деген өзүнөн баш тартуу дегендик эмес. Адамды Ыйсанын айтканы боюнча аракеттенгендин ордуна өзү каалаган нерсесине эмне жабыштырышы мүмкүн?
5. Келгиле анда Матайды окуп көрөлү (7:21). Ыйса ал тууралуу, Анын артынан ээрчибеген адамдар деле ээ болгон төрт сапат жөнүндө айтып кеткен: Анын окутуусуна болгон ишеним, эмоционалдык кызыгуу, Жакшы Кабарды насааттоо жана кызматка катышуу. Кудай бизди коркунучтан жана айыптоодон улам аракеттенишибизди каалабайт. Ушул аянга кандай жооп татыктуу болот деп ойлойсуңар?

# ОКУТУУ

Бирок биз Теңир Ыйса Машайак жашаган асмандын атуулдарыбыз.
— Филипиликтерге 3:20 (NLT, англ. тилинен которулду).

Жаңы Осуяттагы "Ыйса Теңир" деп жазылган сөз бүткүл машайакчылыктын маанисин көрсөтүп турат. Римдиктерге жазылган Катка ылайык (10:9), машайакчылык жашоо адам Ыйсаны Теңирим деп тааныган учурдан башталат. Бирок, биздин көпчүлүгүбүз үчүн "Ыйса Теңир" деген сөз көп мааниге ээ эмес. Балким, бул биз ырдаган жана сыйынган учурдагы жөн гана айтылган сөздүр. Бирок, биз Ыйсаны Теңир деп атоо – бул, жашообуздагы эң бир жогорку кадыр-барк экендигин унутуп калууга ыктуубуз.

Ишеним менен жашоого киргичекти биз, дүйнөнун атуулдары болчубуз. Биз өзүбүз үчүн Кудайдын эркин издеген эмеспиз жана ага эч кандай себеп да жок болчу. Бирок, эми биз дүйнөнүн жарандары эмеспиз. Биз Кудай Падышачылыгынын – Асман Падышачылыгынын жарандарыбыз. Биздин жашоодо болгон нерселердин баары ушул Падышачылыктын стандартына ылайык келиши керек жана анын суверенедүүлүгүнүн табиятын – Теңир Ыйса Машайакты чагылдырып турушу керек.

Анын табияты кандай? Муну билиш үчүн, келгиле анда Ыйсанын Гефсиманиядагы таржымалын, Марктан Жакшы Кабарда жазылган жерди (14:32-43) карап көрөлү. Бул таржымал Ыйсага чыккынчылык кылынып жана римдиктердин керип салуусуна берилгенге чейин болгон эле. 36-аяттын аягына көңүл бургула, анда Ыйса Өзүнүн Атасына: Бирок Менин каалаганым эмес, Сенин каалаганың болсун" деп айтат.

Айкашкан жыгачта кадалып өлүү – бул, тил алчаактыктын оор актысы, бирок чындык тил алчаактыктын актысынын жеңили болбогондугунда жатат. Тил алчаактык ыңгайсыздай жана белгисиздей көрүнгөн чакта жана компромисс анча маанилүү эместей сезилген чакта да Ыйсаны Теңирибиз деп сыйласак, Анын эркине баш иебиз. Биз: "Мен баарында Сенин эркиңди каалайм!" деп айтабыз.

Силер Ыйсаны ушул шартта кабыл алдыңар беле? Же силердин жашооңордо мурдагыдай эле бирдеме барбы, балким, силер дайыма эле кетирип жүргөн бир эле ошол күнөөдүр, же дайыма силер Кудайдын насаатынан жогору коюп жүргөн өзүмчүлдүк амбицияңардыр? Айыпталгандай же уялгандай сезип кереги жок. Бирок, жашоодо жаңы жолду издөөгө убакыт келип жетти. Сыйынууда Кудайга кайрылып жана Ыйык Рухтан Ыйсаны чындап Теңирим деп урматтаганга жардам беришин сурангыла. Качан силер Аны менен жана Анын Сөзүндө болгонуңарда, Ал силерди кантип Асман Падышачылыгынын атуулундай жүрүүгө үйрөтөт.

## *Ой жүгүртүү*

"...өзүңөрдү жана дене мүчөлөрүңөрдү Кудайга адилеттиктин куралы катары бергиле" (Рим. 6:13, The Message, англ. тилинен которулган).

## *Колдонуу*

Кийинчерээк Кудай бизге легализм менен уялчаактыкка багынбай, кантип тил алчаактыкта жашоого күч берерин талкуулайбыз. Бирок, бул жумада өзүңөргө чын жүрөктөн "Мен Ыйсанын башкаруусуна толугу менен баш ийип жатамбы?" деген суроону берип көргүлө деп шыктандырам.

Биз баарыбыз эле кандайдыр бир нерседен катачылык кетиребиз. Мен силерге өзүңөр сүйүп жана ишене алган адамды – аялыңар, (күйөөөр), жакын досуңар, же болбосо силерге ишенген жана силерге эң жакшы нерселерди каалаган лидерди тапкыла деп кеңеш берем. Аларга өзүңөр бул жумада башкаруу принциптери тууралуу эмнени билгениңерди айтып бергиле, анан алардан бул тууралуу алар эмнени ойлоорун сурагыла. Алар силердин жашооңордон кандайдыр бир байкалбаган компромиссти көрүп жатышабы?

Эгерде аларда бөлүшө турган бир нерсе бар болсо, анда жакшылап кулак төшөп, жүрөк төшөп уккула. Андан кийин өз жообуңарды сыйынууда Кудайга алып келгиле. Уккан нерселериңер жөнүндөгү чындыкты ачып берүүсүн Андан сурагыла. Мумундук – бул, алдамчылыкка каршы эң күчтү курал, ал силерди ушунчалык чоң өзгөрүүлөргө алып барат.

**3-ЖУМА**

**6,7-Бөлүмдөрдү окугула**

*Бул жумада 3-видеосабакты көргүлө*

## ТАЛКУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Биздин Кудайды билүүбүздү жана урматтообузду кысмакка алган ар кандай жакшы максат, опурталдуу болуп калат. Төмөнкү максаттарды талкуулап чыккыла. Алар эмнеси менен жакшы экен? Ошондой эле, тескерисинче, эгерде биз аларды жашообуздун негизги мааниси кылып ала турган болсок, алар бизди кантип чыныгы жолдон тайдырып кетер экен?
   - Финансылык коргонуу
   - Белгилүүлүк
   - Таасир
   - Марттык
   - Гуманитардык жетишкендиктер
   - Натыйжалуу кызматтар
2. Элестетип көрсөңөр, Кудай ысрайыл элине баталуу жерге барууну сунуштап жатканда силер Мусанын жанында экениңерди. Ошол мезгилде Муса кабыл алган чечимди силердин да кабыл алышынарга силерге эмне жардам бермек?
3. Адамдын Кудай менен болгон мамилесинде Ал кандай экендигине эмес, көбүнчө Ал эмне бере ала тургандыгына көңүл бурулуп калгандыгынын кандай белгилери бар?
4. Дүйнөнүн досу болбой туруп эле, дүйнөдө кантип эффективдүү жашаса болорлугу тууралуу өз көз карашыңар менен бөлүшкүлө. Эгерде ошол белгилер силердин Кудай менен болгон мамилеңерден көрүнүп жаткан болсо, кантип кырдаалды өзгөртө аласыңар?
5. Легализм - бул дүйнөдөгү жашоонун формаларынын бири. Силер кандай деп ойлойсуңар, Кудай менен болгон достукту динчилдикке кирип кетпей туруп эле, сактап калууга болобу?

## ОКУТУУ

...Сенин жаныңда толугу менен кубаныч...
— Забур (15:11 ESV, англ тил которулду.)

Ишенимдин эң чоң сыноолорунун бири – бул, кадимкидей эместей сезилген нерсе – оңой жол.

Муса чөлдө жүргөндө, анын оңой жол тандап алууга мүмкүнчүлүгү болгон. Ал дайыма даттанып жана ага каршы чыккан эл менен Мисирден Синай тоосуна бара жаткан, ага баталуу жерге кирүү мүмкүнчүлүгү абдан жагымдуу сезилиши керек эле. Бирок, Муса бул батага Кудайдын бирге болуусунун баасында гана макул болмокпу?

Миңдеген жылдар өткөн соң Ыйса дагы оңой жолду тандоо мүмкүнчүлүгүнүн алдында турган. Качан Ал эл алдындагы Өз кызматын баштардан мурун, шайтан ага сыноолорду башынан өткөрбөө мүмкүнчүлүгүн берген жана бардык кыйынчылыктарды аттап өтүп, дароо эле элдин үстүнөн бийлик кылууну сунуштаган. Ыйсанын жөн гана шайтанга баш ийүүсү керек эле. Кудай кыйынчылык менен даярдаган нерсени Ыйса жеңил эле алганга макул болмок беле?

Шайтан мындай ыкманы Кудайдын Уулуна колдонгондугу, ал ыкманын канчалык эффективдүү болору жөнүндө анын билгендигин түшүндүрөт.

Биз бул таржымалга дагы да кечирээк кайрылабыз; башкысы, шайтандын алдагандарына ишенбей, ийгиликтүү туруштук берген Ыйса гана болгон эмес. Муса бардык варианттарды таразалап көрүп: чөлдө Кудай менен калууну же баталуу жерге Ансыз кирүүнү тандаш керек болчу жана ал чөлдү тандап алды. Эмнеге? Анткени, ал Кудай жок жолду тандаганда эмнени жоготорун билген.

“Кудайдын жаныңарда болуусу силер үчүн эң жогорку максатпы?” деген суроого силер чын жүрөктөн “ооба” деп жооп беришиңерди каалар элем. Бирок, силердин жообуңар жөн гана интелектуалдуу көнүгүү болбос үчүн, силер баарынан мурда башка бир суроого жооп беришиңер керек: “Кудайдын биздин жаныбызда болуусу деген эмне экендигин билесиңерби?”

Досум, мен сенин Муса сыяктуу болуп Кудайдын кошо катышуусун сүйүшүңдү каалайм. Мен силердин башка жеңил жолду

издөөнү оюңарга да албагандай болуп, Аны менен ушунчалык ынактыктагы жакын мамилеге чаңкап турушунарды каалайт элем. Качан силер Кудайдын жаныңарда болгонун сезгениңерде гана ушундай ынтызарлык келет.

Жакып мындай деп айтат: "Кудайга жакындагыла, ошондо Кудай да силерге жакындайт" (4:8). Жакындоо деген – демек, сыйынуу, табынуу, Кудайдын Сөзүн окуу үчүн убакыт бөлүү. Бирок, бул аткарыш керек болгон милдет катары болбой, Инсан менен болгон мамилеге чаңкоо болуш керек. Азыр Кудайды издегениңер, келечектеги ар бир кесилиш жолдордо туура тандоо үчүн силерге жардам берет.

### *Ой жүгүртүү*

"Мени издейсиңер, эгерде Мени чын жүрөктөн издесеңер, табасыңар" (Жер. 29:13 NLT, англ. тилинен которулду).

### *Колдонуу*

Ар кандай өз ара мамилелерде эки тарап тең бири-бирине бир нерсени сунуш кылышат. Мисалы: шыктандыруу, кеңеш жана практикалык колдоо. Бирок, өз ара дурус мамиле, биз бирдемени алгыбыз келген жерде гана эмес, дурус мамиле – адамдар болгон жерде. Кээде биз Кудай менен болгон өз ара мамилебизде ушуну унутуп коёбуз. Кудай бардык бизге керектүү болгон нерселердин булагы болгон соң, биз ушунчалык Андан суранганга берилип кетебиз да, натыйжада Аны таанып – билүүнү унутуп коёбуз.

Кудай биздин Ага сураныччтарыбыз менен келгенибизди каалайт! Эгерде силер Аны менен болгонду өзүңөрдүн эң жогорку максатыңар кылып алган болсоңор, анда ушул жумада өзүңөрдүн Кудай менен боло турган убактыңарды Ага гана арноого аракеттенгиле. Анын мүнөзү тууралуу ой жүгүртүп көргүлө. Ага эмне кубаныч алып келерин билгиле. Жазуудагы кандайдыр бир таржымалды алып, андан Кудай жөнүндө эмне ачылганы тууралуу ойлонуп көргүлө. Мен ошол мезгилде өзүңөрдүн Жаратуучуңарды дагы да бекемирээк сүйүп калганга жөндөмдүү болгондой бирдемеге ээ болушаңарды каалайм.

**4 – ЖУМА**

**8 жана 9 – Бөлүмдөрдү окуп чыккыла**

*Бул жумада 4-видео сабакты көргүлө*

## ТАЛКУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Кээ бир адамдар алардын акыл-эси Кудайды таанып-билүүгө умтулуп жатат деп ойлошот. Бирок, убакыттын өтүшү менен кандайдыр бир башка нерсеге алаксып кеткендиктерин билишет. Өзүнүн акыл-эси эмнеге багытталгандыгын адам кантип түшүнүп-билсе болот?
2. Көптөгөн азыркы маданияттарда адамдар бир жагына такыр ооп кетишет. Алар сырткы көрүнүшү же жүрүм-туруму менен жылдыздарга жана белгилүү адамдарга окшошкусу келет же алар менен жакын болууга аракеттенишет, аларды тигилер таан響ыбаса деле ошентишет. Тескерисинче, Кудай Аны издегендер таба алаары тууралуу айткан. Эмне үчүн адамдар жашоо образында Кудайды таанып-билүүгө карата жөндөмдүү болгон өзгөрүүлөргө каршы болушуат, ал эми ошол эле мезгилде башка бир адамды таанып-билүү үчүн олуттуу өзгөрүүлөргө оңой эле бара алышат?
3. Силер жөн эле жакшы атмосфераны түзүп койбостон, чындап эле Кудайдын болушун издеп жатканыңарды кантип билүүгө болот? Жеке сыйынуу үчүн да, жалпы жыйын үчүн да сыйынуу үчүн идеяларды сунуштап көргүлө.
4. Ыйыктыкты мамиленин контекстинде кароо маанилүү, анткени, ыйыктыктын башкы маңызы – бул Кудайды таанып-билүү. Чыгуу китебинде (20:1-7) берилген он осуятты мамилелешүү көз карашынан көнүгүү катары карап чыксаңар болот. Ушул осуяттардын ар бири Кудай жөнүндө эмне деп айтып жатат?
5. Кудайдын көз карашы менен ыйыктык тууралуу ойлонуу өтө оңой эместир, бирок ага карабастан, өзүңөр жактан мүмкүн болгон нерсенин бардыгын кылгыла! Эми Кудайдын кандай экендигин жана биз үчүн эмнени каалаганын билгенден кийин, эмне үчүн Анын балдары өз позициясында жана жүрүм-турумунда ыйык болуусу маанилүү экендигин силер кантип ойлойсуңар?

## ОКУТУУ

...эми силер... ыйыктыкка алып бара турган
иштерди жасайсыңар...
— Римдиктерге 6:22 (NLT, англ. тилинен котор.)

Ыйыктыктын темасын изилдөө үчүн мен биздин окуу курсубузда ушул учурду күткөм, анткени кеп көзөмөлдөө, күнөөлүү сезим же адам ойлоп тапкан стандартка катышуучу болуу тууралуу болбостугун силер түшүнүп жатасыңар деп ишенгим келет. Эң башкысы – өз ара мамиле.

Элестетип көрсөңөр, үй - бүлөңөрдө силер жалындап жакшы көргөн бир адам бар, бирок ал силерди сыйлабайт, орой мамиле кылат жана силер ага ишене албайсыңар. Силер ал адамды жакшы көргөнүңөргө карабай, аны менен бирге болуудан ырахат алууңар кыйын экенин билип турам. Эгерде ал өзгөргөнгө даяр болбосо, анда силер аны менен болгон мамилеге чоң чек койгонго аргасыз болосуңар. Мүмкүн, өзүңөрдү аны күндө көрүү зарылдыгынан да арылтуу жөнүндө чечим чыгармаксыңар.

Мурунку жумада биз талкуулагандай, Кудай – бул биз катышуусун издеген Инсан. Бирок, мындан сырткары, Кудай толугу менен ыйык дагы. Мүмкүн, биз үчүн өзүн туура эмес алып жүргөн адамдын жанында болуу кыйын жана оордур, бирок, ыйык эместер Кудайдын катышуусунда такыр боло алышпайт. Мына дал ошон үчүн да, ыйыктык чоң мааниге ээ!

Еврейлерге жазылган катты (12:14) кайрадан окусаңар: “...ыйык болууга умтулгула, ыйык болмоюнча, эч ким Теңирди көрбөйт”. “Аракеттенгиле” деп берилип жаткан сөз тексттин түп нускасында “бир нерсени бар тараптан күч үрөө менен, белгилүү бир максатты беттеп кылуу керек. Бул билимдин эки көрүнүшүнө көңүл буруп көрөлү: бар тараптан күч үрөп жана белгилүү бир максат менен. Ал эми биздин максатыбыз блсо, буга чейин айтылып кеткендей – Кудай менен бирге болуу. Келгиле анда, ыйык жашоого күч үрөөгө умтулууга көңүлдүн борборун буруп көрөлү.

Ыйыктык деген мыйзамчылдыкка жана диний өлүк эрежелерге эч кандай тиешеси жок. Ошондуктан, ыйыктыкка умтулуу ар бирибизден эки нерсени талап кылат:

1. **Кудайдын Сөзүнүн** окуучусу болушубуз керек. Дүйнөдө адамдык акыл-эс жана коомчулук жакшы деп атаган көп нерсе бар, бирок Кудай жакшы деп атабайт аны. Ошондуктан, руханий болуп сезилген кээ бир чектөөлөр Библияда жок, алар маданият жана кооом тарабынан таңууланган нерселер. Биздин стандартбыз бул – Жазуу. Биз ыйык жашоо жөнүндөгү Кудайдын аныктамасын түшүнүү үчүн ага чумкуп киришибиз керек.
2. **Кудайдын Рухуна** сергек болушубуз керек. Кудай эч качан силерди Анын Сөзүнө карама-каршы келген нерсеге багыттабайт. Бирок, башка кимдир бирөөлөргө караганда силерди Ал жакшы билет. Ал силердин азгырылып кетүүгө жакын жагыңарды билет жана Ал гана силерге Ал силерден эмнени каалап жаткандыгы жана эмнени каалабай жаткандыгы тууралуу багытты бере алат.

Ушул эки булактан алган үйрөнүүңөр силерди жолуңарда сактап жүрөт!

***Ой жүгүртүү***

"Ушундай көп күбөлөрдүн курчоосундагы биз ар кандай түйшүктөн жана оңой эле чырмап алчу ар кандай күнөөдөн арылып, алдыбыздагы жарыштын аягына чыдамдуулук менен чыгалы" ( (Эвр. 12:1, NLT, англ. тилинен которулган).

***Колдонуу***

Пабыл Корунттук жыйындагыларга минтип айткан: "Мен Машайактан үлгү алгандай эле, силер да менден үлгү алгыла" (1 Кор. 11:1, жаңы орусча котормо).

Силердин жашооңордо Кудайдын Сөзүн билген жана Анын Руху менен жашаган адам барбы? Аны ушул жумада силер менен барлашууга чакыргыла. Андан Кудай менен болгон мамилеси тууралуу айтып берүүнү сурангыла. Ал Библияны түшүнүүдө жана Кудайдын үнүн угуп билүүдө кантип өсүп атыптыр? Бул аяндарды ал көп жылдардан бери чогулткандыр, ошондуктан аны кунт коюу менен уккула!

**5 - ЖУМА**

**10дон 12ге чейинки бөлүмдөрдү окуп чыккыла**

*Бул жумада 5-видео сабакты көргүлө*

## ТАЛКУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Библияга ылайык, Кудайдын жана Анын Жыйынынын негизги көрүнүштөрү - ыйыктык. Силер бул суроолорго киришкенге чейин, Кудайдын аныктоочу аныктамасы кайсылар деп ойлоп жүрдүңөр эле? Ушул жумада алган билимиңер силердин мурдагы көз караш – ишенимиңерди бузабы же силерди жаңы аян-ачылыштарга шыктандырабы?
2. Жиберилген ырайымдын кайсы бир бөлүктүк версиясы ырайымдын сапаттуулугун биздин катачылыктарыбызды жабууга гана жөндөмдүү кылат. Жаңы Осуятка ылайык, ырайым бизди кечирет дагы, ошондой эле ыйыктыкта жүрүү үчүн күч да берет. Түшүндүрүп көрсөңөр, эмне үчүн Жаңы Осуяттагы ырайым жакшыраак?
3. Накыл Сөздөр 27:6ны окуп чыккыла. Бул аятты биз эмнени негативдүүү түрдө окутпашыбыз жана насааттабашыбыз керек деген контекстте окуп чыккылачы.
4. Эгерде жиберилген сөз кызыктырарлык болсо эле, демек ал силер үчүн каалаган нерсе эмес. Чынында, чындык менен кездешүү көбүнчө ыңгайсыздык жана жараат алып келет, бирок алар көпкө созулган эркиндикти жана өзгөрүлүүнү алып келет. Качан силер үчүн бирдеме пайдалуу бирок, аны анча каалабагандай учурлар болду беле, өзүңөрдүн тажрыйбаңардан мисал келтирип көрсөңөр болот. Биз Кудайдын сөзүнө сүңгүп киришибиз керек деген жагынан алып караганда, силердин иллюстрацияңар эмнени көргөзүп жатат?
5. Адамдар дүйнөнү өзгөртүү керектиги тууралуу айтканда , алар мыйзам чыгаруу жана социалдык жааттардагы өзгөрүүлөрдү айтышат. Жеке ыйыктык өзүнүн кубаттуу күчү менен, коомдогу өзгөрүүлөр үчүн эмнелерди кыла алат?

## ОКУТУУ

...сага Кудай Ыйса Машайакта берген ырайымда күчтүү бол.
— 2 Тиметей 2:1 (NLT, англ. тилинен которулган).

Бүгүнкү күндө биз ырайым тууралуу уккан эки негизги катта ачык-айкын эле айырма бар. Аны жөнөкөй гана суроо менен көрсөтүүгө болот: силер өзүңөрдү жакшы сезгиңер келеби же жакшы болгуңар келеби? (Жакшы болгуңар деген сөз менен мен Кудайдыкы болгуңар дегенди айтып жатам).

Бул демек, биз Жаңы Осуяттагы катты кабыл алуу менен, биз бай-куштай бир жашоону тандап алабыз дегенди түшүндүрбөйт. Тескерисинче, Ыйса адамдардын арасындагы Өз миссиясын минтип сүрөттөгөн: "Ууру уурдоо, өлтүрүү жана жок кылуу үчүн гана келет. Мен адамдардын өмүргө, ашып-ташыган өмүргө ээ болушу үчүн келдим" (Жкн. 10:10 NLT, англ. тилинен которулган). Машайакта биз дайыма түбөлүк кубанычты таба алабыз. Маанилүүсү, биздин артыкчылыктарыбыз, асмандын артыкчылыктарын так ошондой кылып кайталашында. Кудай эч качан биздин ыңгайлуулугубузду, биздин жакшылыгыбыздан жогору койбойт. Биз дагы ушундай кылабызбы?

Биз ырайымдын кайсынысына ишенерибизди өзүбүз чечүүгө акыбыз бар? Кааласак, Жазууну окуп туруп, биздин оюбуздагы дал келгендери менен гана макулдашып коё алабыз. Кааласак, ыңгайсыз жерлеринен жүз буруп, биздин кулагыбызга жагымдуу болгон гана насаатчылардын сөзүн уга алабыз. Эки врачты тең угуп көргөн кишидей болуп, биз дагы абдан жагымдуу деп тапкан диагнозубуз менен жашай бергенди чече алабыз.

Эгерде биз ушул жолду тандай турган болсок, анда биз өзүбүздү жакшы сезебиз! Бирок, келгиле Ыйсанын белгилүү сөзун кайталап көрөлү: "Анткени адам бүт дүйнөгө ээ болуп, бирок өз жанына зыян келтирсе, андан ага кандай пайда?" (Мк. 8:36). Ошентип, биздин суроobузга кайрылабыз: силер өзүңөрдү жакшы сезгиңер келеби же жакшы болгуңар келеби?

Менин оюмча, ырайымды күч катары түшүнө баштадыңар – бул

абдан толкундатарлык жаңылык. Эгерде биз ырайым биздин каталарыбызды жаап коюучу гана нерсе деп ишене турган болсок, анда жашообузда токтоп калган болобуз, анда бизди чалындырган күнөөнүн туткунунда болуп калабыз жана коркунуч менен калпка чырмалып калабыз. Бирок, бизди күчкө толтурган ырайым менен курчалуу аркылуу, биз Ыйса жашагандай жашоого жөндөмдүү болуп калабыз: эркин, ишенимдүү, жигердүү, күчтүү жана баталуу болуп. Кудайдын ырайымы – бул, бизди ылдый тарткан жүк эмес. Апостол Жакан айткандай:

"Кудайды сүйүү деген – Анын осуяттарын аткаруу. Анын осуяттарын аткаруу кыйын эмес. Анткени Кудайдан туулган адам дүйнөнү жеңет. Дүйнөнүн үстүнөн жеңишке жеткирген нерсе – бул биздин ишенимибиз" (Жкн. 5:3,4).

Эгерде Кудай чын эле ырайымдуу болсо, чын эле Ал бизге эң жакшы нерсени кааласа, ага таң калуунун кереги жок. Анын парыздары – бул, биз үчүн эң жакшы жол! Биздин ичибизде аракеттенип жаткан Анын ырайымынын күчүнө ылайык, Анын парыздары бизди тушабай турганын көрө алабыз. Таң калыштуу!

### *Ой жүгүртүү*

"Эгерде мен силерди капа кылган болсом, капа болуп калган силерден башка мени ким кубантат?" (2 Кор. 12:9).

### *Колдонуу*

Кудайдын жолун тандап алуу үчүн, силерге жеңил жана ыңгайлуу сезилген нерсени таштоого даярсыңарбы? Эгерде "ооба" деп жооп бере турган болсоңор, анда бул жөнүндө сыйынууда Кудайга айткыла:

*Атаке, Сенин күч бере турган ырайымың үчүн ыраазычылыгымды билдирем. Мен аны бир гана күнөөлөрдүн кечирилиши деп кабыл албастан, эч качан өзүм аткара албай турган иштерди аткара ала турган күч деп кабыл алам. Мен ишенем, Сен жакшысың. Ошондуктан, Сенин парыздарыңды сүйүп аткаруу мага жалаң гана жакшылык алып келерин билем. Кудай, мен Сага даңк алып келгим келет! Мени өзгөрт, мени Сага көбүрөөк окшош кылып кой. Ыйсанын ысымынан. Оомийин.*

**6-ЖУМА**

**13 төн 16 га чейинки бөлүмдөрдү окугула**

*Бул жумада 6-видеосабакты көргүлө*

## ТАЛКУЛОО ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Адамдарды Кудай кыла ала тургандан аз нерсени күтүүгө эмне мажбурлайт? Эгерде силерге ушундай бир нерсени баштан кечирүүгө туура келсе, аны силер кантип өткөрмөксүңөр?
2. Үч ишкер менен миллиардердин таржымалы тууралуу ойлонуп көргүлө. Силер кандай ойлойсуңар, эмне үчүн үчүнчү кыздын аяны башкаларга караганда бир топ көп болгон? Элестетип көрсөңөр, анын мурдагыга карата мамилеси кандай болгон, келечекке карата кандай болгон? Ал инвесторлор менен жолугушууга кантип даярдангандыгы тууралуу көрүнүштү көз алдыңарга элестетип көргүлө. Ал эмне кылды эле? Силер өз жашооңорго Кудайдын планынын деңгээлин көтөрүү үчүн эмне кыла аласыңар?
3. Ушул курстан алган нерсеңерге негизденип түшүндүрүп көрсөңөр, дүйнөлүк түшүнүк менен ойлонгон адамдар менен Кудайдын жеткилең баласынын ортосундагы көз караштар канчалык айырмалуу болот экен? Машайакчынын жакшы айырмалашына кайсы куралдар менен схемалар жардам берет?
4. Кыйынчылыкты жеңип чыгууга карата бизге Кудайдын коркунучу кандай жардам берет? Басым күч алган кезде Кудайдын коркунучуна ээ болгон адамдар эмне дешет жана эмне кылышат? Эмне кылышпайт?
5. Ушул курсту бүтүп жатканда ар бирине жекече жана бүтүндөй гтопко тыянак чыгаргыла. Эми мындан ары силер күнүмдүк жашооңордо кандай принциптерди, сабактарды жана баалуулуктарды колдоносуңар? Бул кандайча көрүнөт? Силер алдыга карай ишенимдүү жылышыңар үчүн кадамдарыңар так жана таасын болсун ылайым!

## ОКУТУУ

Моюн сунуудан кийин, Теңирден коркуу, байлык,
атак-даңк жана өмүр келет.
— Накыл Сөздөр 24:4 (The Message, англ. тилинен которулган).

Ушул курс ичинде биз бир нече салмактуу жактарды карап чыктык. Башкаруу, ыйыктык жана ырайымдын чыныгы формасы – алардын кээ бирлери гана. Силер өзүңөрдүн көз карашыңар боюнча жана өз жашооңор боюнча кыйын суроолорго жооп бердиңер. Эми мен силердин көңүлүңөрдү кантип жашооңорго бургум келет.

Эфестиктерге жазылган Катта эмне жазылганын The Message котормосу аркылуу карап көргүлө:

Биздин ичибизде күчү менен аракеттенип жаткан, сураганыбыздан да же ойлогонубуздан да артык кыла ала турган Кудай (3:20).

Кудай бизди Өзүнө кайруу үчүн эч нерсени аяган эмес. Ал бизди эң жогорку баа менен сатып алды, биздин кунубузду Өзүнүн Уулунун өмүрү менен төлөдү. Бизде, балким эми Ал сараң болуп калабы деп ойлогонго эч кандай себебибиз жок.

Кудай Анда болгон бардык нерселерге ээ болуу үчүн зарыл болгон нерселердин баарын берген: Анын Сөзүндөгү чындыкты, Анын Рухунун багытын жана Анын ырайымынын күчүн. Ошого карабастан, жогорудагы Ыйык Жазуудан келтирилген үзүндүлөргө ылайык, Кудай бизди Анын ойлорунун өнөктөшү болууга мажбурлабайт. Ал бизди чара колдонууга, ажырата билүүгө жана эң бир жигердүү кыялдардан ашып түшкөн жашоону ачыш үчүн момун болууга чакырат.

Силерди эмне кармап турат? Силердин элесиңерди эмне чектеп жатат? Чексиз булактарды суроого мүмкүнчүлүк болуп жаткан кезде, анчалык деле көп эмес сумманы сураганга силерди эмне мажбурлап жатат?

Кудай менен чогуу кыялданууга убакыт келип жетпедиби. Эмнеликтен силер абдан азды күтүп жана абдан тар ишенимде болуп жатасыңар? Силерди кайсы убада чоочутуп жатат? Эмнеге? Ылайым Кудайдын жакшылыгы бизди шыктандырсын. Өзүңөр араң-араң ишене ала турган нерселерди сурап баштагыла. Ал биз элестете алгандан да жакшы нерсени бере алаары тууралуу убада кылган!

### *Ой жүгүртүү*

“Ыйык Жазууда жазылгандай, “Кудай Өзүн сүйгөндөргө көз көрбөгөн, кулак укпаган, адамдын оюна да келбеген нерсени даярдап койгон” (1 Кор. 2:9).

### *Колдонуу*

Биз кыялдар жана чектөөлөр тууралуу сүйлөштүк,келгиле эми ишке өтөлү. Ар бир жума сайын терең кыялданууга убакыт бөлгүлө. Алгач бир барак же электрондук жазчу жер тапкыла да, анан өз жашооңордун негизги жактарын жаза баштагыла. Балким, силердин тизмеңерге мындай областтар киреттир:

- Кудай менен болгон мамиле;
- адамдар менен болгон өз ара мамиле;
- нике жана үй-бүлө (азыркы же келечектеги);
- каржы;
- карьера;
- жергиликтүү жыйын жана кызмат;
- ачык-так жөндөмдүүлүктөр жана каалоолор.

Бул жазылгандардын ар биринин жанына өз кыялыңарды жазып койгула. Силердин жүрөгүңөр менен акылыңардагы көрүнбөгөн жашоо образыңар ушундай көрүнүштө болушу керек. Чынында эле, Кудай менен болгон мамилеңерден эмнени каалайсыңар? Өз каржыңар (финансы) үчүн кандай жакшы нерсени каалайсыңар? Өз үй-бүлөңөр үчүн?

Эми өз тизмеңерге сыйынуу менен кайра келгиле. Ыйык Рухтан Анын көз карашын жана убадаларын ачып беришин сурангыла. Силердин көз карашыңарды кайсы коркунуч тумандатып атат? Өткөндөгү жарааттар менен көңүл калуулар элестетүүңөрдү кантип чектеп жатат? Силердин көз карашыңарда Кудай Ал үчүн мааниге ээ эмес деп эмнени айтып жатат? Эсиңерде болсун, силердин аяныңар жөндөмүңөрдү аныктап турат. Кудай силердин жашооңордон чектөөнү алып салат. Силерге да ушундай кылууга убакыт жетти!

# НИКЕНИН ТАРЫХЫ ЖӨНҮНДӨ




Мына ушул жеткилең сүйүү тарыхы менен болгон байланышты кантип жоготуп койдук? Джон жана Лиза Биверлердин "Никенин тарыхы жөнүндө" китеби силерди Кудайдын бул туурасындагы эң алгачкы ойлорун ачып түшүнүүгө чакырат. Силер үйлөнгөн болсоңор да – үйлөнбөгөн болсоңор да, күйөөгө тийген болсоңор да – тийбеген болсоңор да, же сүйлөшүп жүргөн болсоңор да, силердин тарыхыңар – Анын тарыхынын бир бөлүгү.

Джон жана Лиза Биверлердин кыргыз тилиндеги ушул жана башка материалдарын төмөндөгү сайттан көчүрүп жүктөп алсаңар болот:
**www.CloudLibrary.org**

Көбүрөөктү каалап жатасыңарбы?
Сканировать этип алгыла.

## ЭГЕРДЕ БУЛ ЖАКШЫ БОЛСО, АНДА КУДАЙДАН БОЛУШ КЕРЕК ДА, ТУУРАБЫ?

Биздин күндөрдө «жакшы» деген сөз жана «Кудай» деген сөздөр синонимдер болуп эсептелет. Эгерде бир нерсе толугу менен жакшы деп эсептелсе, анда бул Кудайдын эркине ылайык келиши керек деп ишенебиз. Марттык, момундук, адилеттик – бул жакшы. Өзүмчүлдүк, бой көтөрүү, катаалдык – бул жаман. Аларды чектөө жөнөкөйдөй эле сезилет.

Бирок, кантип эле баары ушундай жөнөкөй болсун? Эгерде, жакшылык ушинтип ачык эле көрүнүп турса, анда эмне үчүн Библия бизге аны таанып-билүү үчүн, айырмалай билиш керек деп жатат?

«Жакшылыкпы же Кудайбы?» - бул жөн гана өз көйгөйлөрүн кантип чечиш керектиги үчүн жиберилген кезектеги кат эмес. Бул китеп силерден жүрүм - турумуңарды өзгөртүүнү сурангандан да көбүрөөктү кылат. Ал силерди Кудай менен ушундай бир деңгээлде жүрүү үчүн күчкө толтурат, анан ошол күч жашооңордун ар бир аспектин өзгөртөт.

## ЖУМА САЙЫН ОКУУНУ ЖАНА АЛТЫ ЖУМАЛЫК ТАЛКУУНУН СУРООЛОРУН КАМТЫЙТ

ДЖОН БИВЕР жана анын аялы Лиза – Messenger International кызматынын негиздөөчүлөрү. Бестселлерлердин автору жана кызматчы Джон кайраттуулук жана жигердүүлүк менен компромисси жок чындык жөнүндөгү насааттарды айтат. Анын жүрөгүндө жергиликтүү жыйындарды колдосом, лидерлерге алардын турган жерлерине жана финансылык абалына карабай, ресурстарды тартууласам деген каалоо жалындап турат. Азыркы кезде анын эмгектери дүйнөнүн 90 дон ашык тилдерине которулган жана алардын миллиондогон көчүрмөлөрү дүйнө жүзү боюнча пасторлорго жана лидерлерге таратылды. Үйүндө болсо, Джон Лизаны бир партия гольф ойногонго көндүрүүгө аракеттенет жана калган убактысын төрт уулу, келини, неберелери менен өткөрөт.



Ушул жана башка ресурстарды төмөнкү сайттан жүктөп алгыла:
**www.CloudLibrary.org**

Бул китеп - автордон белек катары тартууланган нуска.
Сатканга болбойт.

MESSENGER INTERNATIONAL
MessengerInternational.org

Көбүрөөктү каалап жатасыңарбы?
Сканировать этип алгыла.